**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# *О Р У С И Я   Т А Р Ы Х Ы:*

**(«Тарых» адистигинде окуган студенттер үчүн лекциялар курсу)**

Бишкек-2021

**УДК 94(47)**
**ББК 63.3(2Р)**
**Ч 97**

***Окуу куралы ОшМУнун тарых факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин, Ош мамлекеттик университетинин окуу- усулдук кеңешинин, Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2020- жылдын 10- июнундагы №9 жыйынынын чечими менен басмага сунушталган***

*Жооптуу редактор:* *тарых илимдеринин доктору,*
*профессор* ***Кененсариев Т. К.***

*Рецензенттер:* *тарых илимдеринин кандидаты,*
*доцент* ***Зулпуева Р. Ж.***
*тарых илимдеринин кандидаты,*
*доцент* ***Жумашова Г. С.***

**ЧЫНЫКЕЕВА Г. Э., СУЛАЙМАНОВ Э. Ж.**

**Ч-97** ***О Р У С И Я Т А Р Ы ХЫ:*** **(«Тарых» дистигинде окуган студенттер үчүн лекциялар курсу)**.- Б.: «Avrasya Press». 2021.- 430 б.

**ISBN 978-9967-475-94-6**

Орусия тарыхы боюнча лекциялар курсунда эң байыркы мезгилден азыркы күнгө чейинки саясий, экономикалык, социалдык жана маданий маселелер, орустун улуу инсандары, кызыктуу тарыхый окуялар баяндалат.

Окуу куралы тарыхчы- илимпоздорго, жаш окумуштууларга жана Орусия тарыхына кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсүнө сунушталат.

**ISBN 978-9967-475-94-6** **УДК 94(47)**
**ББК 63.3(2Р)**

# КИРИШҮҮ

Окуу куралы Кыргызстан жогорку окуу жайларында эмгектенген тарых предметинин окутуучулары тарабынан даярдалган. ЖОЖдордун тажрыйбалуу кызматкерлери – профессорлор, доценттер – объективдүүлүк, историзм, социалдык мамиле принциптерине таянып, тарых илиминде топтолгон соңку жаңы маалыматтарды эске алуу менен Россиянын өнүгүүсүнүн татаал, карама-каршылыктуу тарыхый процесстерине талдоо жүргүзүшкөн.

Китепте материалды даярдоонун хронологиялык принциби колдонулуп, ал түшүнүктүү жана жеткиликтүү берилген. Авторлор Россиянын эң байыркы убактардан XXI кылымдын башына чейинки тарыхый өнүгүүсүнүн негизги аспектилерин карап чыгышкан. Бул суроолорго жооптор орус тарыхындагы окуялар жана фактылар тууралуу маалыматтарды жана аларды баалоону чагылдырат. Ал негизги терминдерди, Россиянын тарыхынын этаптарын, мезгилдерин түшүндүрүп чечмелөө менен коштолгон.

Тарыхый процесстин мазмуну формациялык жана цивилизациялык мамилелерди айкалыштыруунун негизинде ачып көрсөтүлүп, Россиянын дүйнөлүк тарыхый процесстеги ордун чагылдырууга басым жасалган. ЖОЖдордогу окутуунун бардык формаларындагы студенттери үчүн окуу куралы катары сунушталат.

Россиянын дүйнөлүк цивилизациялардын арасындагы орду. XX кылымдын басымдуу бөлүгүндө Ата Мекендик (орусиялык) тарых илиминде формациялык мамиле деп аталган көз караш үстөмдүк кылган (формациялар теориясы К.Маркс тарабынан Европанын тарыхый жолун жалпылоо катары негизделген). Андыктан, Россиянын бүткүл дүйнөлүк

тарыхтагы орду дагы анын коомдук-экономикалык формациялардын бирине таандык болушу көз карашынан аныкталган.

Акыркы мезгилдерде, бөлөк, – цивилизациялык мамиле жигердүү колдонула баштады.

Цивилизациялар жөнүндөгү илим бүгүнкү күндө коомдук ой-пикирдин таанылган жана таасирдүү багыттарынын бири болуп саналат. Анын өнүгүшүнө коомдук-гуманитардык илимдердин көптөгөн көрүнүктүү өкүлдөрү: Н.Данилевский, М.Вебер, О.Шпенглер, П.Сорокин, А.Тойнби ж. б. салым кошушкан. Эки мамиле тең бири-бирин жокко чыгарбайт, анткени мезгилдик-тарыхый процесстин ар кандай тараптарын чагылдырышат.

Формация түшүнүгү анын мезгилдик үзүмүн чагылдырат, бул регионалдык эмес, стадиалдык түшүнүк (бир региондо бир нече формация алмашышы мүмкүн, ар кайсы региондордогу коомдор бир эле мезгилде бир формацияга таандык болушу мүмкүн).

Цивилизация түшүнүгү мезгилдик аспектини камтышы мүмкүн, бирок региондун алкагында гана (кайсы бир региондо бир цивилизация башкасын алмаштырышы мүмкүн); эң башкысы бул түшүнүк тарыхтын мейкиндик үзүмүн чагылдырат (ар түрдүү региондордо – ар түрдүү цивилизациялар). Бир формациянын алкагында бир эле учурда бир нече цивилизация болушу мүмкүн, экинчи жагынан, бир эле цивилизация бир нече формациялык стадиялардан өтүшү мүмкүн.

Мындан тышкары, формация жана цивилизация түшүнүктөрүнүн ортосунда башка функционалдык айырмачылык – коомдук турмуш чөйрөсүндө болушу мүмкүн. Формация түшүнүгү, биринчи кезекте коомдун социалдык-

экономикалык түзүлүшүн көрсөтсө (маданий кубулуштар, аларды формациялык бөлүнүш менен чектөө аракетине эч качан баш ийген эмес), ал эми цивилизация – эң башкысы, тарыхый-маданий феномен. Азыркы изилдөө иштеринде да, публицистикада да дайыма «орус цивилизациясы», жана «россиялык цивилизация» терминдери колдонулуп келген. Анткен менен, формациялык тартиптеги терминдер – «орус феодализми», «россиялык капитализм» терминдери керектөөдөн чыгып кеткен жок. Россиялык тарыхый процесстин дүйнөлүк тарыхтагы ордун аныктоо үчүн, эң оболу, цивилизациялар менен формациялардын принциптерин жана алардын өз ара байланыштарын тактоо зарыл.

Адамзаттын беш доордук – алгачкы общиналык түзүлүш, кул ээлөөчүлүк, феодализм, капитализм, коммунизм – формациялык өнүгүүсүнүн схемасына бүткүл дүйнөлүк тарых сыйбай калууда. Биринчиден, чыгыш коомдорунун европалык коомдорго салыштырмалуу бир топ айырмаланышы аныкталган. Эгерде Европанын тарыхында б. з. 1 миң жылдыгынын орто чени (Рим империясынын кыйрашы, Элдердин улуу көчү, орто кылымдардагы мамлекеттердин калыптанышы) өзгөчө хронологиялык чек болуп көрүнсө, ал эми Чыгышта мындай чек байкалбайт. Экинчиден, кулдардын эмгеги антикалык коомдо өндүрүштүн негизи болбогону аныкталды.

Илимде адамзаттын тарыхында кандай цивилизациялар болушу мүмкүн экендиги тууралуу бирдиктүү пикир жок. Бул көбүнчө цивилизациялардын классификациясында калыптанып калган салт менен байланышкан. Мындан көп деңгээлдик мамиленин зарылдыгы келип чыгат. Цивилизация түшүнүгү бүткүл дүйнөлүк, континенталдык, регионалдык, улуттук, локалдык цивилизациялар катары колдонулат.

Дүйнөлүк коомчулуктун курамында анын өнүгүшүнүн ар бир азыркы этабында реалдуу биримдик катары аракеттенген бир топ цивилизацияларды бөлүп көрсөтүүгө болот (П.Сорокин аларды «маданий суперсистемалар» деп да атаган). Алар сөзсүз эле мамлекет, улут же башка социалдык топ менен дал келе бербейт. Адатта цивилизациянын чек аралары улуттук, саясий же диний бирдиктердин географиялык чек аралары менен кайчылашат. Жалпысынан жана негизинен, цивилизациялардын ар бири өзүнүн өзгөчөлүгүн, жашоосунун айрым жактарына тиешелүү өзгөрүүлөргө карабастан өзүнүн өз алдынча окшоштугун сактайт. Цивилизациянын ичиндеги өзгөрүүлөр ар бир цивилизацияга мүнөздүү болгон өзүнүн мыйзамдарына ылайык, анын бардык маанилүү бөлүктөрүнүн биримдигин колдоосу менен жүрөт. Тышкы таасирлер цивилизациянын ички потенциалынын ачылышын тездетет же жайлатат, жеңилдетет же татаалдаштырат. Дүйнөлүк өнүгүүнүн жалпы тенденциялары ар бир цивилизациянын курамында өзүнчө багыт алат жана ошол цивилизация үчүн мүнөздүү болгон өзгөчө формада ишке ашат.

Локалдык цивилизацияларды жалпысынан негизги эки типке: батыш жана чыгыш типтерине бөлүшөт. Батыш цивилизацияларынын тарыхый өзөгү байыркы доордо, христиандыкта, индивидуализмде жана демократиялык салттарда жатат. Бул типке басып өткөн тарыхый жолундагы, маданиятындагы, менталитетиндеги ар кандай айырмачылыктарга карабай өнүккөн өлкөлөрдүн басымдуу бөлүгү кирет.

Кийинки тип – мусульманчылыктын, буддизмдин жана башка чыгыш диндеринин, өндүрүштүн азиаттык ыкмасынын, мамлекеттин күчтүү ролунун,жамааттык жана бюрократиялык

башталыштардын, инсандын укуктарынын үстөмдүк кылышынын таасиринде калыптанган чыгыш цивилизациялары, маданий-психологиялык түзүлүшү. Бул типке Азия, Түндүк Африка, Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш мамлекеттеринин көпчүлүгү кирет.

Россияны кайсы типке киргизебиз? Россиянын цивилизациясы канчалык кайталангыс ? Бул суроолорго жооптор тарыхчылар, публицисттер, коомдук ишмерлер тарабынан өз мезгилинин бийиктигинен, Россиянын мурунку бүт өнүгүүсүн эске алуу менен, ошондой эле өздөрүнүн идеялык-саясий көз караштарына ылайык берилген. Х1Х-ХХ кылымдардын тарыхнаамасында жана публицистикасында бул суроолордун полярдык чечимдери батышчылар менен славянофилдердин позицияларында чагылдырылган.

Батышчылар же «европеисттер» (В.Г.Белинский, Т.Н.Грановский, А.И.Герцен, Н.Г.Чернышевский ж.б.) Россияны Европанын бир бөлүгү, андан улам батыш цивилизациясынын ажырагыс бөлүгү катары кароону сунуш кылышкан.

Мындай көз карашка Россиянын тарыхынын көпчүлүк мүнөздөмөлөрү ылайык келет. Россиянын калкынын абсолюттук көпчүлүгү христиан динин тутунушат, жана ошондуктан, батыш цивилизациясынын негизинде жаткан баалуулуктар менен социалдык-психологиялык адаттарды карманышат. Көптөгөн мамлекеттик ишмерлердин – князь Владимир, Петр I, Екатерина II, Александр IIнин – реформатордук ишмердүүлүгү Россияны батыш цивилизациясына киргизүүгө багытталган.

Ошентип, европеисттер Батышты идеалдаштырып, Россиянын өнүгүү жолун батышты тууроо, ага жетүү менен байланыштырышкан.

Россиянын тарыхый жана коомдук окууларынын эң ири агымы болуп Россиянын кайталангыстыгын жактаган идеялык-теориялык агым эсептелет. Бул идеянын тарапкерлери болуп славянофилдер, евразиячылар, жана «патриоттук идеология» деп аталган агымдын көптөгөн башка өкүлдөрү саналган. Славянофилдер (А.С.Хомяков, К.С.Аксаков, Ф.Ф.Самарин, И.И.Киреевский ж. б.) Россиянын тарыхынын кайталангыстык идеясын Россиянын өнүгүүсүнүн өзгөчө жолу менен, андан улам, орус маданиятынын өзгөчөлүгү менен байланыштырышат. Славянофилдердин баштапкы тезиси - орус цивилизациясынын калыптанышы жана өнүгүшү үчүн православиенин чечүүчү ролун бекемдөөдө турат.

Орус цивилизациясына аскеттик дүйнө таанымга жана социалдык жашоонун жамааттык, общиналык түзүлүшүнө негизделген жогорку руханийлик мүнөздүү.

Батыштын интеллектуалдык жана руханий экспансиясына каршы күрөштө славянофилдер башка славян элдеринен (биринчи кезекте православиени тутунган) табигый тарапташтарын издешкен. Бул алардын бардык славяндарды бириктирүү, славян мамлекеттеринин конфедерациясын түзүү идеяларын пайда кылган.

Славянофилдер да, батышчылар да Россиянын Батыштан айырмачылыктарын таанышкан. Бирок маселе Батыш идеал болгондугунда же болбогондугунда эмес, ал Россияга кандайча, канчалык, кайсы багытта таасир эткенинде турган.

Россиянын кайталангыстык идеясын жактаган башка багыт болуп евразийство (П. А. Карсавин, И. С. Трубецкой, Г. В. Флоровский ж. б.) саналган. Евразийствонун жаралган жылы деп 1921- жыл эсептелет, ал жылы 4 жаш орус

интеллигенттери: Н.С.Трубецкой, П.Н.Савицкий, П.П.Сувчинский жана Г.В.Флоровский Софияда «Исход к Востоку» деп аталган жамааттык эмгегин чыгарышкан. XX кылымдын 20-30-жылдарында евразийство белгилүү интеллектуалдык кубулушка айланган жана Европадагы эмигранттар арасында көп тарапташтарын тапкан. Евразиялыктар, славянофилдерден айырмаланып, Россиянын жана орус этносунун өзгөчө экендигине басым жасашкан. Бул өзгөчөлүк, алардын пикиринде, орус этносунун синтетикалык мүнөзү менен аныкталган. Россияны - цивилизациянын Батыштан да, Чыгыштан да айырмаланган өзгөчө тибине киргизишип, аны алар евразиялык деп аташкан. Алардын концепциясында Россия, эң оболу, географиялык абалынын өзгөчөлүгү менен аныкталган өзгөчө табигый-маданий дүйнө болуп саналат деген ой даана туюнтулган. Ал аймактык, табигый-ландшафттык өзгөчөлүктөрү, ошондой эле бул аймактарды байыртан байырлап келген элдердин этномаданий өзгөчөлүктөрү боюнча бир бүтүндүккө бириктирилген. Россияны кандай гана мааниде алып карабайлы, ал бир гана Европа, же бир гана Азия болуп эсептелбейт. Россия - бул Евразия.

Евразиялык окуулардын түпкү идеяларынын бири болуп Евразия материгинде, башкача айтканда, Россияда жашаган элдердин «жан дүйнөлөрүнүн жакындыгы» тууралуу идея саналат. Бул идеядан бардык Россия элдерине тагдыры бир мамлекеттин алкагында түбөлүккө бирге жашоону буюрган деген тыянак түздөн-түз келип чыккан.

Бул концепциянын баалуулугу анын алкагында россиялык маданияттын жана жалпы эле Азиянын азиаттык элементтери артта калуунун жана варварчылыктын синоними катары чечкиндүү түрдө каралбай калгандыгында. Прогрессти

жана цивилизациялуулукту Европа (Батыш), ал эми артта калууну жана варварчылыкты – Азия деп билүү революцияга чейинки орус ойчулдарынын көпчүлүк багыттарына мүнөздүү болгон.

Россиядагы жашоо жана ой жүгүртүү образы эч качан таза европалык да, таза азияттык да эмес. Бул эки башталыштын жөнөкөй суммасы да болгон эмес жана жакынкы келечекте болбойт дагы. Россиялыктын психологиялык структурасы, анын этникалык же башка белгисине карабай, эч качан европалыктын же кайсы-бир башка азиаттык региондордун, мисалы, Жакынкы Чыгыштын, Кытайдын, Индиянын же Япониянын өкүлүнүн психологиялык структурасы менен толугу менен дал келбейт. Россиянын саясий жана экономикалык системасы эч убакта Европанын же Азиянын саясий же экономикалык системаларынын бирине да толугу менен окшош болгон эмес жана болбойт.

Чет өлкөлүк окумуштуулар дагы өздөрүнүн Россияга болгон – оң же терс мамилелерине карабастан, Россияны өз алдынча цивилизация катары кабылдап келишет.

Азыркы кездеги көпчүлүк изилдөөчүлөр да Россияны өз алдынча цивилизация деп эсептешет. Мисалга алсак, А.С.Панарин: «Россия – «орустардын этникалык мамлекети» эмес, өзүнүн суперэтникалык потенциалына жана геосаясий идеялардын тиешелүү топтомуна ээ болгон өзгөчө цивилизация» деп белгилейт.

Дагы бир белгилүү россиялык окумуштуу Ю.В.Яковец Россияны Украина жана Белоруссия менен кошо өзүнүн кайталангыс тарыхый тагдыры, экономикалык жана маданий мейкиндиги, менталитети бар өз алдынча локалдык цивилизацияга киргизет. Калктын негизги бөлүгүнүн жашаган

жери, тарыхый тамырлары, православ - христиан дини, маданияты боюнча бул локалдык цивилизация Европага таандык болуп, батышчылдык типке жакыныраак. Азыркы цивилизациялардын бири дагы моноконфеционалдык жана моноэтникалык эмес.

Бүгүнкү күндө, жаңы Россияны куруп жатып, өзүнүн кайталангыс тарыхы бар Мекенди ардактоону, сүйө билүүнү жоготпоо өтө маанилүү. Россиянын Батыш менен 500 жылдык иштиктүү байланыштарынын ичинде Европа менен, Чыгыш менен жакындашуу схемалары – евразийство, жалпы атлантикалык биригүү принциптери орун алды. Россиянын тандоосу модернизациянын ал көздөгөн тибинен, интеллигенциянын жигердүүлүк даражасынан жана позициясынан, тышкы дүйнөнүн позициясынан ж. б. у. с. көз каранды.

Эмне себептен Кыргызстандын ЖОЖдорунда «Россиянын тарыхы» окутулушу керек?,- деген суроо туулбай койбойт. Анткени, кыргыздардын тарыхы Россиянын тарыхы менен абдан чырмалышкан. Биринчиден, кыргыздарын өз алдынча этнос катары калыптанышы(б. з. ч. I миң жылдык – б. з. I миң жылдык) жана «Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн» түзүлүшү (IX– X кк.) Россиянын азыркы аймагында жүргөн. Экинчиден, XIX кылымдын ортолорунан тартып, кыргыздар Россия империясынын курамына кире баштап, бул процесс 70-жылдардын акырында аяктаган,жана бүгүнкү күнгө чейин көп вектордуу байланыштарды сактап жана өнүктүрүп келет.

## 1.0. Адамзаттын алгачкы коому.

*1.1. Байыркы тарыхтын жалпы мүнөздөмөлөрү жана мезгилдерге бөлүштүрүүнүн варианттары.*

*1.2. Адамдын келип чыгуусунун негизги маселелери.*

*1.3. Алгачкы жамааттык коомдук түзүлүштүн таралышы.*

*1.4. Россиянын аймагындагы алгачкы уруулардын мүнөздөмөсү.*

*1.5. Алгачкы коомдогу маданият.*

### *1.1. Байыркы тарыхтын жалпы мүнөздөмөлөрү жана мезгилдерге бөлүштүрүүнүн варианттары.*

Азыркы мезгилдеги илим көп түрдүү космостук объекттердин мындан 20 млрд. жыл мурун пайда болгондугун аныктап келет. Күн биздин Галактикада 10 млрд. жыл мурун пайда болгон. Окумуштуулардын эсептөөлөрүнө караганда, Жер - Күн системасындагы планета катары жаралганына 4,6 млрд. жыл болду. Азыркы мезгилде адам баласынын 3 млн. жыл мурда пайда болгондугу айтылууда.

Алгачкы жамааттык түзүлүштүн узак доорун мезгилдерге бөлүштүрүүнүн бир нече варианттары бар. Көпчүлүк учурда, археологиялык ыкманын негизинде, эмгек куралдарын жасоо материалдары боюнча бөлүштүрүлөт.

Илимде эң байыркы доорду үч мезгилге бөлүп келишет:

- Таш доору (б. з. ч. IV-III миң жж.);
- Коло доору (б. з. ч. IV-III миң жж. - I миң жж.);
- Темир доору (б. з. ч. I миң жж.).

Өз мезгилинде таш доору:

- Байыркы таш доору (палеолит[1]);
- Орто таш доору (мезолит[2]);
- Жаңы таш доору (неолит[3]);
- Коло дооруна өтүүчү (жез-таш же энеолит[4]).

Ар бир мезгилдин өзгөчөлүктөрү төмөндөгүлөр:

- Эмгек куралдарынын өнүгүү даражасы;
- Эмгек куралдарын жасоо материалы;
- Турак - жайлардын сапаты;
- Чарба жүргүзүүнү уюштуруу.

Алгачкы доордогу адамзат төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

- Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээлинин төмөндүгү жана алардын жай калыптануусу;
- Жаратылыш ресурстарынын жана өндүрүм натыйжаларынын жалпылыгы же жалпыга таандык болуусу (коллективное присвоение);
- Бөлүштүрүүдөгү теңчилдик;
- Социалдык-экономикалык теңчилдик;
- Жеке менчиктин, адам адамды эзүүсүнүн, таптардын жана мамлекеттин жоктугу.

Ал мезгилдеги бай жана кенен жаратылыш өнүгүү процессин акырындаткан. Муз доорундагы катаал шарттардын пайда болушу менен, оор шарттарда жашоо үчүн күрөшүү зарылчылыгынан, эмгек куралдарынын жана өндүрүүнүн бир аз өркүндөтүлгөн түрлөрү пайда болду.

---

[1] Palaios – грек. - эң байыркы; lithos – грек. - таш; Адамзаты таштан эмгек куралдарын жасап күн көргөн эң байыркы доор.

[2] Mesos – грек. – орто, ортолук; lithos – грек. - таш; Байыркы таш доору (палеолит) жана жаңы таш доорунун (неолит) ортолугундагы мезгил.

[3] Neos - грек. – жаңы; lithos – грек. - таш; Жаңы таш доору.

[4] Aeneus - лат. – жез; lithos – грек. - таш; Жез-таш доору.

Алгачкы жамааттык түзүлүш шарттарында адамзаттын негизги басып өткөн этаптары:

- Отту пайдалана алуу;
- Ири жаныбарларга коллективдүү аңчылык;
- Муздун эрип бүткөн шарттарына ыңгайлашып көнүү;
- Жаа-жебенин ойлоп табылышы;
- «Ыйгарып алуу чарбасынан» - «өндүргүч чарбага»; «аңчылык, жыйноочулук, балык улоочулук» чарбасынан – «мал чарбачылык жана жер иштетүүчүлүк же дыйканчылыкка» өтүү;
- Жез, коло, андан соң темирди иштете алып, алардан эмгек куралдарын жасоону үйрөнүү;
- Коомдогу татаал уруу-уруктук түзүлүштүн пайда болуусу.

Адамзаттын маданиятынын өнүгүү темпи акырындык менен тездеген. Бирок, дагы бир өзгөчөлүк пайда болгон - бул коомдун өнүгүшүнүн географиялык жактан тең эместиги. Катаал географиялык чөйрөдөгү аймактар жай өнүккөн, ал эми жеңил климаттык шарттагы, кен байлыктарга бай областтар салыштырмалуу тез өнүгүп, цивилизацияга умтулган.

Гиганттык муз доору (100 000 жыл мурун) биздин планетада өзгөчө өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн пайда болуусуна алып келген.

Адамзат коомунун тарыхын үч мезгилге бөлүүгө болот:

- Муз дооруна чейинки жылуу субтропикалык климат;
- Муз доору;
- Муз доорунан кийинки мезгил.

Ар бир мезгилдин өзүнө таандык адамдын физикалык тиби белгилүү:

- Муз дооруна чейинки – архантроптор[5] (питекантроп[6], синантроп[7]);
- Муз доору – палеоантроптор (эң байыркы, же неандерталдык[8] адам);
- Муз доорунан кийинки мезгил же кечки палеолит – неоантроптор же азыркы адамдар.

*1.2. Адамдын келип чыгуусунун негизги маселелери.*

Жер шарынын ар бир районунда, ар кандай элдердин эмгек куралдарынын жана коомдук жашоосунун формаларынын пайда болуусу бирдей убакта болгон эмес. Жалпысынан, адамдын калыптануу процесси (антропогенез) жана адам коомунун калыптануусу (социогенез) жүргөн.

Адамдын пайда болуусу бири-бирине карама-каршы турган эки позицияда, эки көз караште каралган.

- Идеалисттик - Кудай жараткан;
- Материалисттик – табигый эволюциялык ёнщгщщ.

Советтик илимде антропогенез боюнча эволюциялык көз караш үстөмдүк кылган. Атап айтсак, Ч.Дарвин (1809-1882-жж.) өзүнүн «Адамдын келип чыгышы жана жыныстык тандоо» («Происхождение человека и половой отбор», 1871-ж.) деген эмгегинде байыркы адам сымал маймылдан адам пайда болгондугун, анын эволюциялык биримдигинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн далилдеген.

Азыркы адамдардын эң байыркы ата-бабалары - адам сымал маймылдар - жаныбарлардан айырмаланып, эмгек куралдарын жасай алган. Илимий адабияттарда алар “гомо

[5] Archanthropos - Archaios - грек. “архайос” – эң байыркы; anthropos – адам. Эң байыркы адам.
[6] Pithekanthropos - Pithekos – маймыл, б. а. маймыл-адам.
[7] Sinanthropos – Sina – лат. Кытай; Кытайдан казылып табылган эң байыркы адам.
[8] Неандертал - Германия аймагындагы жердин аталышы.

габилис”[9] деп аталды. Кийинки эволюцияда 1,5 - 1,6 млн. жыл мурун, питекантроптордон же архантроптордон тамак таап жегенге жөндөмү бар адам келип чыкты. 300-200 миң жыл мурун архантроптор палеоантропторго[10] же неандерталдарга алмашкан.

Адамдын эволюциясынын жалпы схемасы төмөнкүдөй:

- Түз басып-жүрө алган адам (питекантроп жана синантроптор);
- Азыркы физикалык түрдөгү адам (неандарталдар);

Жаңы антропологиялык жана археологиялык материалдардын негизинде азыркы илимде адамдардын калыптануу процесси Түштүк-Чыгыш Европада, Түндүк Африкада жана Батыш Азиядагы аймактарда жүргөн. Ушул зоналардан бүткүл жер жүзүнө тараган. Таралуунун натыйжасында кеңири маданий-тарыхый жалпылыктар пайда болгон. Алар:

- Индоевропалык;
- Угро-финндик;
- Түрктүк;
- Иберий-кавказдык.

Эң ири тил уясы – индоевропалык болуп саналат. Бул тил уясы Иран жана Кичи Азияда калыптанып, Түштүк жана Чыгыш Европага, Кичи жана Борбордук Азияга, Индостан жарым аралына тараган. Андан соң, индоевропалык тарыхый жалпылык бир нече бутактарга бөлүнгөн:

- Славян: Чыгыш, батыш жана түштүк славяндар;
- Батыш Европа: англичандар, германдар, французбдар ж. б.;
- Чыгыш: индустар, тажиктер, иранилер, армяндар ж. б.;

---

[9] Homo habilis – грек. - человек умелый; жөндөмү бар адам.

[10] Palaios + anthropos – грек. – Палеоантроп – эң байыркы, же неандерталдык адамды туюнткан илимий түшүнүк.

Татаал проблема болуп, расогенез эсептелет, алар: европеоид, монголоид, негроид жана австралоид расалары.
- Европеоиддик раса – Европа, Түндүк Африка, Алдыңкы Азия жана Түндүк Индияда таркалган;
- Негроиддик раса – Африканын Сахарадан түштүктү карай аймактарында;
- Монголоиддик раса – Борбордук жана Чыгыш Азия, Индонезия, Сибирь жана Америкада тараган;
- Австралоиддик раса – Австралия, Меланезия;

Ар бир расанын өзүнө мүнөздүү белгилери бар: терисинин түсү, бет-жаак келбети, чач түзүлүшү, көзүнүн өңү-түсү, тулку-бою ж. б.

*1.3. Алгачкы жамааттык коомдук түзүлүштүн таралышы.*

Б. з. ч. IV-V миң жылдыкта алгачкы коомдун бузулушу башталган. Бул процесске төмөнкү негизги факторлор таасирин тийгизген:
- Неолит революциясы;
- Дыйканчылык жана мал чарбачылыктын өнүгүүсү;
- Металлургиянын пайда болуусу;
- Кол өнөрчүлүктүн калыптануусу;
- Сооданын өнүгүүсү;

Дыйканчылыктын өнүгүүсү, мурда жыйноочулук менен алектенген аялдардан, эми эркектердин колуна өтүшүнө алып келди. Эркектин ролу жогорулап, ал үй-бүлөнү башкарып калды. Өндүрүп алынган азыктар общинанын мүчөлөрүнө бөлүнбөстөн атадан балага өтүп, жеке менчик пайда болгон. Башкача айтканда, матриархаттан патриархатка өтүү процесси жүргөн. Уруу-уруктардын атаандашып согушууларынын натыйжасында социалдык теңсиздик пайда болгон.

Уруулук түзүлүштүн пайда болуу белгилери:

- Мүлктүк теңсиздиктин жаралышы;
- Колунда бар башчылардын (знать) бөлүнүп чыгуусу;
- Уруу башчылардын колуна байлыктын жана бийликтин топтолушу;
- Согуштук кагылышуулар;
- Туткундардын кулга айланышы;
- Кандаш коллективдик уруулардын аймактык жамаатка (община) айланышы.Ар аймакта алгачкы коомдук түзүлүштүн таралышы бир убакта эмес ар түрдүү моделдерде жүрүп, формацияга өтүү ар түрдүү болду. Мисалы, кул ээлөөчүлүк коомдон аттап феодализмге, кээ бири өзүнчө колониалдык капитализмге (Америка, Австралия) өттү.

*1.4. Россиянын аймагындагы алгачкы уруулардын мүнөздөмөсү:*

Алгачкы адамдардын турак-жайлары Чыгыш Европада, Түштүк Азияда, Крымда, Кавказда, Сибирде жана Ыраакы Чыгыштын аймактарынан табылган. Алсак, эрте палеолитке тиешелүү турак-жайлар Днестрдин Молодово кыштагында табылган. Анда 15 очоктун издери болгон.

Россияда жогорку палеолитке таандык 1500 гө жакын турак-жайлар ачылган. Алсак, Дондогу Воронеж областынын Костенки жана Борщево кыштактарында, Днепрде, Деснада ж. б.

Палеолит дооруна таандык эстеликтер белгилүү денгээлде өзгөрүп – өнүккөнү байкалат.

Неолитке тиешелүү маданият калдыктары Волга жана Ока дарыяларынын ортолугунда ачылган. Алар: жогорку Волга, Валдай, Казак, Белев маданияттары. Мисалы, Белев маданияты Ока дарыясынын агымындагы аймактарда изилденген.Табылган археологиялык материалдарга караганда

алар канжарларды, жебелердин жалбырак сымал (листовидные) түрлөрүн жасашкан.

Академик А.П.Окладников (1908-1981-жж.) жана А.П.Деревянко (1943-ж. т.) неолиттик маданиятка тиешелүү эстеликтерди Россиянын аймагынан (Приамурье, Приморье жана түндүк-чыгыш Азиядан) табышкан. Амур дарыясынын бассейнинде 4 неолитттик маданият белгилүү, алар: Новопетров, Громатухин, Осиново-озеро, Төмөнкү Амур.

Адам баласынын тарыхындагы негизги этаптардын бири - бул алгачкы экономикалык революция - “неолит революциясы” болгон. Башкача айтканда, ыйгарып алуу чарбасынан (аңчылык, жыйноочулук, балык улоочулук) – өндүргүч чарбага (дыйканчылык жана мал чарбачылыгы) өтүү эле.

*1.5. Алгачкы коомдогу маданият.*

Адамзаттын маданиятын изилдөөдө археологиялык жана этнографиялык ыкмалар колдонулат.

- Археологиялык табылгалар - негизинен эмгек куралдары болуп саналат;
- Элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрү – этнография;
- Эң негизгиси – отту пайдалануу – маанилүү;
- Матриархаттан-патриархатка өтүү да өзүнчө жаңы көрүнүш;
- Диний ишенимдер – тотемизм, фетишизм, магия, анимизм.

**Текшерүүчү үчүн суроолор:**

1. Тарых илиминин орду жана анын башка илимдер менен байланышын аныктап бергиле.
2. Байыркы тарыхтын жалпы мүнөздөмөлөрүнө жана мезгилдерге бөлүштүрүүнүн варианттарына токтогула.

3. Адамдын келип чыгуусунун негизги масалелери боюнча ой жүгүрткүлө.
4. Алгачкы жамааттык коомдук түзүлүштүн таралышы жөнүндө эмнелерди билесиздер?
5. Россиянын аймагындагы алгачкы урууларын мүнөздөмөсүн чечмелегиле.
6. Алгачкы коомдогу маданиятка токтолгула.
7. Диний ишенимдер- тотемизм, фетишизм, магия, анимизм сыяктуу терминдерге аныктама бергиле.
8. Орусия тарыхы эмнени үйрөтөт?

## 2.0. Байыркы славяндар (б. з. ч. I миң жылдык – б. з. IV кк.)

*2.1. Эң байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин пайда болуу өзгөчөлүктөрү.*

*2.2. Байыркы славяндардын түпкү теги.*

*2.3. Славяндардын байыркы мекени жана этногенези.*

*2.1. Эң байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин пайда болуу өзгөчөлүктөрү.*

Алгачкы кул ээлөөчүлүк цивилизациялар (б. з.III-V кк.) коло доорунда жагымдуу шарты бар райондордо пайда болгон жана ал Жер Ортолук деңизден тартып Кытайга чейин (Байыркы Чыгыш, Греция, Рим, Индия, Кытай өлкөлөрү) тараган.

Кул ээлөөчүлүк цивилизациянын өнүгүүсүнө бир нече шарттар түрткү берген.

- Ири үстөмдүк чарбанын уюштурулушу.
- Уруу башчыларынын жашоодогу негизги каражатты тапкан чарбага көзөмөл жүргүзүүсү.
- Кулдарга ээлик кылуу булактарынын кеңейиши.

Кул ээлөөчүлүк коомдун катаалдыгына карабастан, бул цивилизация, алгачкы коомго салыштырмалуу маанилүү кадам болгон:

- Кол өнөрчүлүк өнүккөн;
- Соода-сатык кеңейген;
- Шаарлар пайда болгон;
- Жазуу колдонулган.

Закавказье урууларында жазуу пайда болуусунун натыйжасында, ал жазуулар, б. з. ч. XI кылымда бир нече уруулар Урарту мамлекетине бириккендигин айгинелейт. Ал

мамлекет 3 кылым жашап, б. з. ч. 590-жылы мидиялыктар тарабынан талкалангандыгы айтылат.

Урарту мамлекетинде экономиканын ар кандай тармактары өрчүгөн. Дарыя жээктеринде жер иштетүүчүлүк (буудай, сулу, жүзүм, анжир), тоолуу аймактарда жарым көчмөн мал чарбачылык (уй, жылкы, кой, торк) өнүккөн. Тажрыйбалуу усталар кол өнөрчүлүк менен алектенишкен. Мамлекетти падыша башкарып, анын аскерлери жана көп байлыгы болгон. Храмдарда жрецтердин ролу жогору болуп, алар курмандыкка чалуу жөрөлгөлөрүн өткөрүп турушкан. Б. з. ч. 1 миң жылдыкта Орто Азияда да кул ээлөөчүлүк коомдун болгондугу (Хорезм, Согдиана, Бактрия) байыркы «Авеста» эпосунда айтылат.

*2.2. Байыркы славяндардын түпкү теги.*

Кара деңиздин түндүк жээктеринде (б. з. ч. VII-VI кк.) көптөгөн грек колониялары - шаар мамлекеттер (полистер) пайда болгон. Аны гректер Понт Эвксинский деп аташкан. Алардын эң белгилүүлөрү - Ольвия (Николаевге жакын жерлер), Херсонес (азыркы Севастополь), Пантикапей (Керчь), Танаис (Ростов на Дону) ж. б.

Кара деңиздин түндүк жээгиндеги дээрлик бардык шаар-мамлекеттер гректердин жашоо образына ылайыкташкан эле. Өз мезгилинде гректер скифтер менен тыгыз соода жана маданий байланышта болушкандыктан, эллиндик-скифтик шаарлар пайда болгон. Алсак, борбору Пантикапей болгон Боспор падышачылыгы (б. з. ч. V-IV кк.).

Б. з. ч. VIII-VII кк. көчмөн скиф уруулары Азиядан Орусиянын түштүк жана түштүк-чыгыш талааларына ооп келип, Днепрдин жээктерин мекендешкен. Скифтер (сактар) дыйканчылык, мал чарбачылык менен алектенишип, темир жана колодон курал жасап, тери иштете алышкан.

Б. з. ч. VI-IV кылымдарда алар Скиф падышачылыгын түзүшкөн. Борбору Неаполь Скифский (Симферополго жакын жерлер). Падышанын бийлиги укумдан тукумга берилген.

Б. з. ч. III кылымда скифтерди жаңы этникалык жалпылык - сарматтар[11] сүрүп чыккан. Алардын ээликтери кененирээк болуп, ага Карпат, Висла, Дунайдан Донго чейин, Волга, Урал жерлери кирген.

Б. з. II-III кылымдарында сарматтарды готтор (байыркы герман уруулары) сүрүп чыгарат. Алардын падышасы Германарих гот урууларына коңшулаш финн жана славян урууларын бириктире алган.

IV-VI кылымдар - Атилла башында турган гунндардын[12] европанын көптөгөн өлкөлөрүнө чабуулдары, жүргүндөрү орун алып, жана алар өз ээликтерин түптөгөндүктөн, бул доор тарыхта элдердин Улуу көчүүсү деген ат менен белгилүү.

VI кылымда гунндардын ордуна аварлар[13] келет. Алар Дунай бассейнин жердеп, күчтүү каганат түзүшкөн.

VII кылымда түрк тектүү хазарлар Кавказ тоолорунан Волга жана Ортоңку Днепрге чейин басып алып (X кылымга чейин) - Хазар каганатын негиздеген.

Бул уруулар жана элдер славян урууларынын маданиятына, жашоосунун бардык чөйрөлөрүнө өз таасирин тийгизген.

---

[11] Сарматтар – курамына алан, роксолан, савромат, языг ж. б. ири уруулардын кирүүсү менен түзүлгөн, көчмөн элдердин уруу бирикмеси.

[12] Гунндар – жергиликтүү түрк тилдүү хунну урууларынан жана коңшулаш угр, сарматтардын биригишинин натыйжасында, II -IV кылымдарда калыптанган ири көчмөн бирикме.

[13] Аварлар – негизинен түрк тилдүү уруулардан турган ири уруу бирикме.

*2.3. Славяндардын байыркы мекени жана этногенези.*

Окумуштуулар бул маселе боюнча бир катар пикирлерди сунушташат. Көптөгөн теориялардын негизи болуп байыркы орус жазуу эстелиги болгон жылнаамэ (летопись) «Повесть временных лет» эсептелет. Анын түзүүчүсү – Нестор - Киев-Печора монастырынын кечили, славяндардын келип чыгуусунун мифологиялык көз карашын (версия) сунуштайт. Аймактарды бөлүштүрүүдө Нойдун (Нух пайгамбар) кичүү уулу Иафетке Европанын Түндүк жана Батыш өлкөлөрү берилет. Нестор славяндарды Дунай жана Драванын аралыгындагы Римдин Норик провинциясына жайланыштырат. Римдиктер сүрүп чыгарган соң, славяндар Висла жана Днепрге көчүүгө туура келгендиги баяндалат. «Дунай» версиясын орус тарыхчысы С.М.Соловьев (1820-1879-жж.) да колдогон жана ал байыркы рим тарыхчысы Тацитке таянат. С.М.Соловьевдун окуучусу В.О.Ключевский (1841-1911-жж.) да бул «Дунай» версиясын толуктоолор киргизүү менен жактайт.

Б.А. Рыбаков (1908-2001-жж.) жаңы археологиялык маалыматтарга таянып, бул версияларды бириктирүүгө аракеттенген. Анын пикири боюнча, славяндар Борбордук жана Чыгыш Европанын кеңири мейкиндигин ээлеген. Азыркы мезгилде славян этникалык топторунун пайда болуусун бөлүп караган эки кеңири тараган пикир бар. Бул аймактар:

- Одер жана Висланын ортолугундагы аймак («Одер-Висла теориясы»);
- Одер жана Ортоңку Днепрдин ортолугундагы аймак («Одер-Днепр теориясы», М.С.Шумилов, С.П.Рябикин).

Жалпысынан, азыркы мезгилде да бул маселе талкууланууда. Байыркы антикалык (I-II кк.) жана византиялык (VI-VII кк.)

авторлор славяндарды ар түрдүү (венед, ант, склавин) аташкан.

Ал эми VI кылымда элдердин Улуу көчүнө кошулган славяндар көптөгөн процесстерге аралашкан: бир катар мамлекеттер талкаланып, жаңылары пайда болгон, миграциялык агымдар күчөгөн.

IV кылымда Рим империясы кулап, Европада борбору Рим болгон Батыш Рим империясы негизделген. Балкан жана Кичи Азияда борбору Константинополь (кийинчерээк Византия) деп аталган күчтүү мамлекет түптөлүп, ал 1453-жылга чейин жашаган.

V-VII кк. - Батыш Европада Герман уруулары Рим империясынын аймагын басып алып, ал жерлерде «варвар» королдуктары - Франк, Вестгот, Лангбард - түзүлгөн.

VI к. славяндар («словендер» деген аталышы менен) дүйнөлүк миграциялык процесске аралашкан. Славяндардын таралышы VI-VIII кк. үч негизги багытта жүргөн:

1. Түштүк - Балкан жарым аралына;
2. Батыш - Ортоңку Дунай, Одер жана Эльбага;
3. Чыгыш жана Түндүк - Чыгыш Европа талааларына.

Ошону менен эле бирге славяндардын үч бутакка - Түштүк, Батыш жана Чыгыш - бөлүнүүсү жүргөн.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Орусия тарыхынын милдети жана функциясын айтып бер.
2. “Орусия тарыхы” курсунун методологиялык принциптерин билесиңби?
3. Тарыхый булак деген эмне жана анын негизи классификациялары, түрлөрүн атагыла.

4. Эң байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин пайда болуу өзгөчөлүктөрүнө токтолгула.
5. Славяндардын келип чыгуу маселелерине токтолгула.
6. Байыркы славяндардын түпкү теги боюнча маалымат бергиле.
7. Славяндардын байыркы мекени жана этногенези жөнүндө эмнелерди билесиңер?
8. Эң байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин пайда болуу өзгөчөлүктөрү боюнча ой жүгүрткүлө.

## 3.0. Чыгыш славяндар (VI-IX кк.).

*3.1. Жаратылыш шарттары, аймагы;*
*3.2. Экономикалык өнүгүүсү;*
*3.3. Коомдук түзүлүшү;*
*3.4. Үрп-адат, адеп-ахлактары жана ишенимдери.*

*3.1.Жаратылыш шарттары, аймагы.*

Мамлекеттин жана анын калкынын калыптанышына жана өнүгүүсүнө географиялык абал, климаттык жана жаратылыш шарттары сыяктуу бир нече факторлор өз таасирин тийгизет. Европанын Чыгыш бөлүгү 4 деңиз (Ак, Балтика, Кара, Каспий) менен жана үч тоо кыркалары (Карпат, Кавказ, Урал) менен чектелген. Байыркы мезгилдерден тартып дарыялар да маанилүү ролду ойногон. Климаты континенталдуу: жайы кыска, кышы узакка созулат. Чыгыш Европадагы түздүктүү жерди жердеген элдердин жашоо образына мына ушул жаратылыш шарттары өз таасирин тийгизген. Элдин жашоосу токойлор менен байланышкан. Аны курулуш материалы, отун, үй-чарбасына пайдаланышкан. Анда аңчылык, балчылык (бортничество - жапайы аарынын аселин чогултуу) менен алектенишкен жана душмандан коргонушкан. Ошондой эле, дарыялар жагымдуу таасирин тийгизген. Башкача айтканда, уруулар бири-бири менен байланышып турган, балык уулоочулук да негизги кесип болгон.

Алсак, VI кылымда “варягдардан гректерге” («из варяг в греки») аттуу суу аркылуу улуу соода жолу белгилүү болгон. Бул жол аркылуу түндүктөн түштүккө - Балтика (Варяг) деңизинен Кара деңизге - чыгып, андан ары Византия менен байланыш түзүлүп турган.

Ошондой эле, Волга дарыясы аркылуу түштүк-чыгыш багытында Каспий деңизине чыккан. Бул жол варягдардан перстерге («из варяг в персы») деп аталып, андан ары Орто Азия жана араб өлкөлөрү менен соода байланышын түзүүгө мүмкүнчүлүк берген.

VI-IX кылымдарда Чыгыш Европа мейкиндигиндеги чыгыш славяндар уруу-уруктук гана эмес, аймактык-саясий мүнөздөгү жалпылыкка биригишкен. Уруулук союздар – мамлекеттүүлүктүн калыптануу жолундагы жаңы этап болуп эсептелинген.

«Повесть временных лет» аттуу тарыхый булакта славян уруу бирикмелеринин таралуусу жөнүндө айтылат. Бул союздар өз ичине 100-200 ар башка урууларды камтып турган жана кээ бирлери ассимиляцияланышкан. Бул летопистеги жазуулар археологиялык казуулар менен тастыкталган. Алар:

- Поляндар - Днепр дарыясынын ортонку агымындагы токойлуу талааларды мекендешкен;
- Северяндар - Десна жана Рось дарыяларынын аралыгында, поляндардан түндүккө карай, Чернигов аймагында жашашкан.
- Древляндар - поляндардан батышка карай Днепр дарыясынын жээктерин ээлеп турушкан;
- Дреговичтер - («дрягва» - саз) древляндардан түндүккө карай Припять жана Батыш Двина дарыяларынын аралыгында жашашкан;
- Полочандар - Батыш Двинанын куймасы болгон Полота дарыясынын аралыгында, дреговичтерге коңшулаш турушкан;
- Бугдуктар жана Волындыктар – Буг дарыясынан түштүккө карай (дулебдердин урпактары);
- Уличтер - Прут жана Днепр дарыяларынын аралыгында турушкан;

- Тиверликтер - Днепр жана Түштүк Буг дарыяларынын аралыгын мекендешкен;
- Вятичтер - Ока жана Москва дарыяларынын жээктеринде жашашкан;
- Кривичтер - Вятичтердин батыш тарабында турушкан;
- Радимичтер - Соть дарыясынын жээктерин жана анын куймаларын мекендешкен;
- Ак хорваттар - Карпат тоо этектеринин батыш тарабынын түндүк жагында;
- Ильмен славяндары - Ильмен көлүнүн айланасында жашашкан.

Демек, летопись боюнча борбордо, «Рось» дарыясынын жээктеринде поляндар жайгашкандыктан, алардын жердеген жерин «Русь» деп аташкан.

Белгилүү орус тарыхчысы В.О.Ключевский «Русь» түшүнүгү азыркы мезгилге чейин талаш-тартышты жаратып, бул терминдин келип чыгышы аныктала электигин белгилейт.

Орус тарыхнаамэсинде көптөгөн мезгилдерден бери орун алып келе жаткан көз караштар төмөнкүлөр: алардын биринчиси сырттан көчүп келгендерди туюнтса (б. а. Норманндык теория), экинчиси автохтондуу (славяндык) делет.

Андан сырткары, Р.Пайпс жана Х.Дэвидсон сыяктуу чет элдик тарыхчылардын пикири боюнча Рюрик скандинавиялык «Русь» уруусунан болгон дешет. Бирок, белгилеп кетчү нерсе, Скандинавиядан азырга чейин мындай уруу табыла элек.

Рось дарыясынын жээгинде славян уруулары болгондугун археологдордун маалыматтары тастыктайт. Академик Б.А.Рыбаковдун пикири боюнча, Русь - бул славян урууларынын бири.

Элдин жана мамлекеттин калыптануусунун негизги фактору – бул, коңшулаш жашаган элдер жана уруулар болот. Алар тили, жашоо образы, чарбасы, үрп-адаты жана маданияты менен айырмаланып турат. Андыктан коңшулаш элдер кээде славян элдерин баш ийдирип, кээде славяндарга баш ийип тургандыгын да белгилеп кетүү абзел.

IX кылымга карата чыгыш славяндардын коңшулары:

- Батышта – Балтика уруулары - лит, литва, ятвягдар; батыш славяндар - поляктар (ляхтар), словактар, чехтер, венгрлер (мадьярлар же угрлар);
- Түндүк-чыгышта – угро-финн уруулары: карел, мордва, мари, муром ж. б.;
- Төмөнкү Волгада – хазарлар;
- Чыгышта – Волгалык болгарлар;
- Түштүктө же Кара Деңиз жээгинде – печенек ж. б. түрк уруулары

Жыйынтыктап айтканда, чыгыш славяндар таралуу менен элдердин кээ бирин сүрүп чыгарып, кээде ассимиляциялашкан.

*3.2. Экономикалык өнүгүүсү*

Сакталып калган адабий жана археологиялык эстеликтерге караганда славяндар Чыгыш Европа түздүктөрүн ээлеп өздөштүргөнгө чейин негизинен дыйканчылык, мал чарбачылык, аңчылык жана балчылык (бортничество) менен алектенишкен. Негизинен - буудай, сүлү, арпа эгишкен, карам (капуста), сабиз, кызылча өстүрүшкөн. Жылкы, уй, чочко, кой жана эчкилерди багышкан.

VIII – IX кылымдарда чопо идиштерди иштеп чыгууда карапа чарыгы (гончарный круг) пайдаланыла баштаган.

Азыктардын ашык өндүрүлө башташы активдүү товар алмашууга - кийинчээрек сооданын пайда болуусуна жана өнүгүүсүнө алып келген.

Варягдардан гректерге жана перстерге деген соода жолдору аркылуу тери, жүн, бал, күмүш жана алтын буюмдар, курал-жарак, таттуулар ж. б. товарлар сыртка чыгарылып турган.

«Повесть временных лет» жылнаамэсинде бул мезгилде (IX к.) Киев, Чернигов, Смоленск, Любеч, Новгород, Псков, Полоцк, Муром сыяктуу 20дан ашуун ири шаарлар аталат. Варягдар славян элдерин «Гардарика» - «шаарлар өлкөсү» деп аташкан.

Киев шаарынын пайда болуусу боюнча летописте мындай айтылат. Кий жана анын Щек, Хорив деген инилери, Лыбедь аттуу карындашы менен Днепрде өздөрүнүн ордо сарайларын курушуп, баары бир шаарга биригишип, Кийдин урматына аны Киев деп аташат.

Алгачкы княздыктар - Куябия (Киевдин айланасында) жана Славия (Ильмень көлүнүн жака-белинде, борбору - Новгород) пайда болгон.

Демек, мамлекеттүүлүктүн пайда болушунун өбөлгөлөрү көрүнө баштаган.

*3.3. Коомдук түзүлүшү.*

VI к. чыгыш славяндар өздөрүнө мүнөздүү үрп-адаттар менен уруулук түзүлүштө жашашкан. Коомдун негизги уясы - уруу болгон. Ал бир нече ондогон жана жүздөгөн кандаш туугандардан туруп, бирге эмгектенип, эмгегинин жыйынтыгын тең бөлүшүшкөн. Урууларды аксакалдар (уруу башчылары) жетектеген.

VII-IX кк. чыгыш славяндарда уруулук мамилелер тарай баштаган. Себеби, темирден жасалган эмгек куралдары

пайда болгон жана жерди кол менен иштеткенден, айдап иштетүүгө өтүшкөн. Жыйынтыгында, чарба бирдиги болуп үй-бүлө эсептеле баштаган.

Акырындык менен уруулук жамааттар (община) коңшулаш-аймактык жамаатка өтүп, алар түштүктө «мир», түндүктө - «вервь» деп аталган.

VII-IX кк. «нарочитая чадь» деп аталган уруу башчылары, аксакалдар, атактуу жоокерлер бөлүнүп чыккан. Алардын колдоруна бийлик, байлык топтолуп, көпчүлүгү «усадьбаларда» (сарайларда) жашашкан. Жыйынтыгында жеке менчик пайда болгон.

Башкаруунун негизги органы - «вече» - же элдик башкаруу болгон, анда негизги маселелер чечилген.

Чыгыш славян уруулары жакынкы коңшулары менен тынбай согушуп келгени аз келгенсип, алыскы Балкан жана Византияга да жортуул жасап турушкан. Мындай шартта аскер башчысы - княздын ролу жогорулаган.

VIII-IX кк. чыгыш славян уруулук союздарынын башында княздар жана белдүү адамдар («нарочитые люди», «лучшие мужья») турган. Княздар жана дружинниктер басып алган жерлери жана туткундардын эсебинен байый баштаган. Ошентип, коомдук дифференциация процесси жүргөн жана мамлекет түзүүгө өбөлгөлөр пайда болгон.

### *3.4. Үрп-адат, адеп-ахлактары жана ишенимдери.*

Чыгыш славяндар өздөрүнүн туугандарына «отец» (ата), «мать» (апа), «дед» (чоң ата), «бабка» (чоң эне), «дядя» (таяке), «сын» (бала), «дочь» (кыз), «внук» (небере) деп кайрылышкан.Жеке ысымдарда белгилүү башчы, аксакал, жоокерлердин артыкчылыгы болушу мүмкүн жана алар батыш

славяндардан (Ярослав, Мстислав) же варягдардан алынган (Игорь, Олег, Рюрик).

988-жылы Киев Русунда христиан динин кабыл алуу менен славян жарандары кош ысым ала баштаган: чокунганда (крещение) жана элдик («мирское», «от сглаза»), ошондой эле ар кандай лакап аттар (кличка) да болгон. Чокундурууда берилген ысымдардын теги көбүнэсе гректик же еврейлик болсо, элдик ысымдардыкы славяндык же скандинавиялык болуп, турмушта ошол аттары менен чакырышкан.

Жыл мезгилдерине жана дыйканчылыкка байланышкан славян майрамдары: Коляданы декабрдын аягында белгилешип, анда үй ээлерин мактап ырдашкан, алар белектерди беришкен (биздеги жарамазан сыяктуу); Масленица болсо кышты узатып, жазды тосуу майрамы;

Купалада (Иван Купала) от жана суу менен төлгөө өткөрүшүп, аны ыр-бий хороводу менен коштошкон; Түшүм майрамында болсо чоң каравай нанын бышырып, ага сөзсүз бал шыбап, катышуучулардын бардыгын оозанткан.

«Повесть временных лет» летописинде жазылганга караганда радимичтер, вятичтер, северяндар жана кривичтер өлгөндөрдү өрттөп, күлүн, сөөк калдыктарын карапа идишке (сосуд) салышып, аны мамыга асып же жол жээктериндеги коңулга катып коюшкан.

IX к. славяндар өлгөндөрдү өрттөбөстөн, жанына тамак-ашын коюп, эмгек шаймандары, согуш куралдары жана кооздук-жасалгалары менен кошо көмө башташкан.

Славяндар көп кудайлуу («язычник») болуу менен жаратылыш кубулуштарына сыйынышкан: Сварог – асман кудайы; Дажьбог, Ярило же Хорос - күн кудайлары; Перун - чагылган кудайы; Стрибог - шамал кудайы; Мокошь – аял түспөл молчулуктун кудайы. Кудайга сыйынуучу коомдук

жайлар, б. а. храмдар жана ал жайды тейлеген жрецтер болгон эмес. Таш же жыгачтан жасалган айкелдер (идол, истукан) ачык жайларга (капища) орнотулуп, ал жерде курмандыкка чалуу (требище) өткөрүлгөн.

Славяндардын ишенимдери. Узун чачтуу кыздын башы бар балыктай болгон суу периси (Русалка), үй-бүлө колдоочусу (домовой), бадал-токойлордун ээси (леший), ата-бабалардын колдоочулары (щур, чур) ж. б. Ата-бабалар күнүндө щурлар үчүн атайылап мончо жагылып, тамак-аш жана суусундуктар коюлган.

Жыйынтыктап айтканда, чыгыш славяндардын ишенимдери политеисттик мүнөздө, б. а. көптөгөн кудайларга сыйынуу болгон.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. Чыгыш славяндарынын жаратылыш шарттары, аймагы жөнүндө айтып бер.
2. "Повесть временных лет" аттуу тарыхый булакта славян уруу бирикмелеринин таралуусу жөнүндө айтылат, ошол маалыматтарды баяндагыла.
3. Чыгыш славяндардын экономикалык өнүгүүсүнө токтолгула.
4. Чыгыш славяндардын коомдук түзүлүшү кандай болгон?
5. Чыгыш славяндарынын үрп- адат, адеп-ахлактары жана ишенимдерин тандагыла.

## 4.0. Байыркы Русь мамлекети (IX - XII кк.)

*4.1. Байыркы орус мамлекетинин түзүлүү өбөлгөлөрү. «Норманндык теория»*

*4.2. Саясий жактан уюштурулушу*

*4.3. Байыркы орус коомунун өнүгүүсү жана экономикалык мамилелери*

*4.4. Руста христиан дининин кабыл алынышы*

### *4.1. Байыркы орус мамлекетинин түзүлүү өбөлгөлөрү. «Норманндык теория».*

IX – XII кк. Киев Русу эң ири мамлекеттердин бири болгон. Мамлекетке аныктама берүүдө:

- белгилүү аймакты ээлеген;
- мыйзамдарга негизделген башкаруу органдар системасы болгон;
- мамлекет ичиндеги тартипти жөнгө салуу жана сырткы душмандардан коргонуу милдеттерин аткарган армия (дружина) сыяктуу саясий бийликтин механизмдери болгон.

Мамлекеттин пайда болуусу жана түзүлүүсү коомдун өнүгүүсүндөгү мыйзам ченемдүү этап болуп саналат. Ага бир нече факторлор, алсак, социалдык-экономикалык, саясий, рухий ж. б. өз таасирин тийгизет.

Чыгыш жана Батыш өлкөлөрүнөн айырмаланып, Орус мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусу өзгөчө мүнөзго ээ болгон:

- Европа жана Азиянын ортосунда жайгашып, ал өзгөчө мейкиндикте жана геосаясий кырдаалда өнүккөн;
- Өзүнүн калыптануусунда чыгыштын да, батыштын да мамлекеттүүлүк түзүлүүлөрүн кабыл алган;

- Бул мамлекетте ар кандай элдердин диний ишенимдери, маданияты, тили, өнүгүү типтери аралашып, өзгөчө күчтүү мамлекеттик бийлик түзүлгөн.

VII – X кк. славян уруулары союздарга жана союздардын союзуна (суперсоюз) бириккен. Б.А.Рыбаковдун пикири боюнча, уруулардын биригүүсү - уруулук саясий уюмдун өнүгүүсүнүн жыйынтыктоочу этабы катары феодалдык мамлекеттүүлүктүн даяр үлгүсү болгон.

XVIII к. немец окумуштуулары Г.Ф.Байер (1694-1739-жж.) жана Г.Ф.Миллер (1705-1783-жж.) Русь мамлекети норманндар (варягдар) тарабынан түзүлгөн деген маанидеги «Норманндык теорияны» иштеп чыгышкан. Орус окумуштуулары Н.М.Карамзин (1766-1826-жж.), М.П.Погодин (1800-1875-жж.), В.О.Ключевский да норманндык концепциянын жактоочулары болушкан. Ага М.В.Ломоносов (1711-1765-жж.) каршы чыгып, антинорманндык теорияны негиздеген. XVIII – XIX кк. көптөгөн орус окумуштуулары антинорманндыктар тарапка өтүшкөн.

Совет доорунун окумуштуулары да варягдардын ролун четке кагып, антинорманндык көз караште болушкан.

Чет өлкө окумуштуулары норманндык теорияны жакташат. Азыркы мезгилдин тарыхчылары Чыгыш славяндарда мамлекеттүүлүктүн пайда болушун VIII – X кк. жерге болгон менчикке байланыштуу феодалдык мамилелердин пайда болушу менен байланыштырышат.

Нестордун[14] «Повесть временных лет» тарыхый булагында белгиленгендей, чыгыш славяндарда мамлекеттин негизделишине байланыштуу эки пикир (варягдык же новгороддук жана славяндык же киевдик) бар экендигине

[14] Нестор – Киев-Печер монастырынын кечили (X-XI к. башы), жазуучу, жылнаамаларды (летопись) түзүүчүлөрдүн бири.

жогоруда токтолуп кеттик. Кий жана анын бир туугандары Чыгыш славяндардын түштүк-батыш бөлүгүнө ээлик жүргүзсө, Рюрик жана анын бир туугандары (Рюрик өзү Новгородду, Синеус - Белоозерскти, Трувор - Изборскту) – түндүк-чыгыш бөлүгүн башкарышкан.

Рюрик жана анын бир туугандары жөнүндө маалымат кийин эч жерде айтылбагандыктан, бул маселе да талаш-тартыш болуп келүүдө.

Кантсе да, варягдар Рюриковичтердин улуу княздык сулалесине негиз боло алган. Рюрик өлгөндө баласы Игорь жаш болгондуктан, ага аталык (опекун) болуп, бийликке (879-ж.) князь Олег (?- 912 же 922-ж.) келет. Аны «көзү ачык» («Вещий») деп коюшкан. Ал 882-ж. Киевге жортуул жасап, Аскольд менен Дирди өлтүрүп, Новгород жана Киев жерлерин бириктирип, Киев Русу (борбору - Киев) деп аталган байыркы Орус мамлекетин негиздеген. Ал айткандай - «Киев» - орус шаарларынын энеси. Князь Олег Чыгыш славян урууларын бириктирип, Византияга жортуул жасаган (911-ж.), хазарлардан[15] славяндарды эркиндикке чыгарган жана Византия менен дипломатиялык жана соода мамилелерин түзө алган.

Андан соң (912-жылдан) князь Игорь (? – 945-жж.) – өзүнүн ээлигине көз каранды жерлерден салттуу салыктардын (дань) өлчөмүн көбөйтүп жибергенине байланыштуу өлтүрүлөт (945-ж.).Каныша Ольга (?-969-жж.; бийлик мезгили - 945-957-жж.) – Игордун жесири, күйөөсүнүн өлтүрүлүшүнүн өчүн алып, салыктын өлчөмүн белгилеп, салык системасын жөнгө салган (2/3 жер-жерге калтырып, 1/3 – борборго жөнөткөн). Ольганын тушунда сыртка жортуулдар кыскарып,

[15] Хазарлар – Чыгыш Европа аймактарына гунндардан кийин келип (IV к.), ири кагандык түзгөн (VII-X кк.) турк тектүү эл.

мамлекеттин ички иштерине жетишерлик каражат бөлүнүп, Православдык үрп-адат боюнча чокунуу (крещение) кабыл алынган.

Ольга менен Игорьдун уулу Святослав (?-972; бийлик мезгили - 942-972-жж.) - өзүнүн чыгаан аскер башчылыгы (полководец) менен айырмаланган. Ал вятичтерди кошуп алып (964-966-жж.), Волга боюндагы Болгарияны жеңген, мордва урууларын бириктирип, Хазар каганатын талкалап (960-жж.), Түндүк Кавказда жана Азовдо согуш жүргүзгөн. Византиядан кайтып келе жатканда, Святославдын отряды печенегдер[16] тарабынан талкаланып, өзү да өлгөн (972-ж.).

Святославдын уулу Владимир (?-1015; бийлик мезгили - 969-1015-жж.) бийликке келип, аны элдер «Кыпкызыл күн» («Красное солнышко») деп аташкан. Ал Киевдеги чыгыш славяндардын дээрлик баарын бириктирип, көчмөн уруулардан коргонуу үчүн шаар–чептерди курганга жетишкен.

Окумуштуулардын пикири боюнча, саясий бирдик катары Чыгыш славяндардын мамлекеттүүлүгү XVI (С.Соловьев) же XVII кылымда (К.Д.Кавелин /1818-1885-жж./) пайда болгон. Ал эми мамлекет түшүнүгүн бийликтин саясий институттарына гана байланыштырбастан, бирдиктүү аймак катары карасак, анда Орус жери IX – X кк. Киев князддары тарабынан түзүлүп бүткөн. Саясий биримдиктин негизги формасы «аскердик демократия» болуп, анын вече, аксакалдар кеңеши, элдик кошуун (ополчение) сыяктуу институттары болгон. Алгач үч мамлекеттик борбор (Киевде – Куяба; Новгороддо – Славия; Рязанда – Артания) болгон деген маалыматтар да бар.

[16] Печенегдер – VIII –XI кылымдарда Рустун түштүк талааларын жана Волга бойлорун ээлеп турган түрк тектүү уруулардын бирикмеси.

*4.2. Саясий жактан уюштурулушу.*

Киев Русунун тарыхынын хронологиялык алкагы катары тарыхчылардын көпчүлүгү IX – XII кк. башы деп белгилеп, аны үч чоң мезгилге бөлүшөт:

- IX – X кк. ортосу - алгачкы Киев княздыктары;
- X к. 2-жарымы – XI к. 1-жарымы – Владимир Святославич жана Ярослав Мудрыйдын (978-1054-жж.) доорундагы Киев Русунун гүлдөп өнүгүшү;
- XI к. 2-жарымы – XIII к. башы – аймактын саясий бытырандычылык мезгили.

X к. карата бул мамлекет жалпысынан «Русь» же «Орус жергеси» деп атала баштаган. Князь Владимирдин (960-1015-жж.) тушунда мамлекеттин түзүмү толугу менен аныкталып, Рустун ири борборлору өз балдарына берилет.

Киев княздыгынын негизги ишмердүүлүктөрү:

- Киев Улуу княздыгынын бийлигине бардык чыгыш славян урууларын бириктирүү;
- Орус соодасы үчүн деңиз жээктериндеги соода түйүндөрүн ээлеп, соода жолдорун коргоо;
- Талаа көчмөндөрүнүн жортуулдарынан орус жерлеринин чектерин коргоо.

Байыркы орус мамлекетинин башкаруу формасы - эрте феодалдык монархия болгон. Ошону менен эле бирге, башкаруунун аристократиялык жана демократиялык мүнөздөрү да сакталган.

Мамлекет башында Улуу князь туруп, ал монархтык (ички, тышкы саясат, жогорку сот) бийликке ээ болгон. Аткаруу бийлиги (жергиликтүү армия, экономика, сот, салык ж. б. ички иштер) анын бир туугандары, балдары жана дружинниктерге берилген.

Аристократиялык элементтерден турган «Боярдык думанын» курамы жергиликтүү, шаар жана дружина башчыларынан, духовенство өкүлдөрүнөн түзүлгөн. Анын кызматтары: князды шайлоо, согуш же тынчтык жарыялоо, келишим түзүү, мыйзам чыгаруу, казына (финансы) иштери ж.б. Маселелердин көпчүлүгү княздын көрсөтмөсү жана жетекчилиги менен чечилген. Боярлардын жерге ээлик кылуу жана бир княздан экинчисине кызматка өтүү укуктары болгон. Князь, боярлар жана шаар өкүлдөрүнүн катышуусу менен феодалдык съезддер өткөрүлүп турган.

Князь өз дружинниктеринен шаар жетекчилерин (посадник, наместник), ээлеген ордуна жараша - чоң, улуу, шаардык, жергиликтүү, кызматтагы аскер башчыларын (воевода), мамлекеттик жогорку кызматчыларды (тысяцкий), салык жыйноочуларды (данник), сот чиновниктерин (вирник, подъездник), соода салыкчыларын (мытник), өз ээликтеринин (вотчина) чарба башчысын (тиун) дайындаган.

Демократиялык элемент катары бардык эркектер катыша алган шаардык жыйналышты («вече») атасак болот. Борбордогу вече, кичи шаар вечелерине таасирин тийгизе алган.

4.3. Байыркы орус коомунун өнүгүүсү жана экономикалык мамилелери

Киев Русундагы саясий институттар эркин коомго негизделип, анда касталык же таптык тоскоолдуктар (барьер) болгон эмес десек жаңылышпайбыз.

Бул мезгилдеги негизги социалдык топтор:

- Жогорку топ – князьдар, боярлар, ири жер ээлери, шаардагы бай соодагерлер;
- Ортоңку топ – шаарлардагы соодагерлер, кол өнөрчүлөр жана айылдардагы орто, чакан жер ээлери.

- Төмөнкү топ – мамлекеттик жерлердеги жакыр кол өнөрчүлөр жана дыйкандар.

Эң жогорку баскычта, албетте, «княздар» туруп жана XI к. тартып алардын урпактарынын ээликтери (удел) – «отчина» же уделдик княздыктар[17] (Черниговдук, Переяславдык, Смоленскийлик ж. б.) пайда болгон.

IX – X кк. «соодагерлер» княздык бийлик менен бекем байланышта жана таасирдүү болушкан.

Кол өнөрчүлөр негизинен соода түйүндөрүн тейлешкен.

Чиркөө адамдары да карапайым (монах) жана ыйык (священник) болуп бөлүнүшкөн.

Эркин дыйкандар «людь», «люди» деп аталган.

Мамлекеттик жерди салыгын төлөө менен иштеткендер - «смерд»; жерди пайызы менен карызга алып, эркин болгонго чейин - «закуп», ал эми карызын төлөй албаса – «холоп»; боярлардын жер ээликтеринде (вотчина) келишим менен (по «ряду») иштегендер - «рядович» болушкан. «Челядь» жана «холоптор» - укуксуз калк.

Киев Русунда убактылуу (согуш туткундары) жана туруктуу (укумдан тукумга уланган) кулчулук болгон.

Славяндардын негизги чарба тармактары - дыйканчылык, малчылык, аңчылык, балык улоочулук, кол өнөрчүлүк. Киев Русунда калктын 90 % жер иштеткен.

Феодализм деп орто кылымдардан тартып жаңы доорго чейинки агрардык коомду түшүнөбүз. Ага мүнөздүү белгилер төмөндөгүлөр:

- Мамлекеттик жана аскердик кызматта туруп же сословиелик жактан ири жерлерге ээлик кылгандар жана аларга көз каранды болгон чакан дыйкан чарбачылыгынын айкалышы;

[17] Улуу княздын же ири княздын урпактарына энчи катары берилген жерлер, өзүнчө жер ээликтери.

- Жер - байлыктын негизги булагы;
- Чарбанын натуралдык мүнөзү;
- Руханий дүйнөдө (элдик маданият, идеология, көз караш ж. б.) диндин үстөмдүгү.

Киев Русунун социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү «Орус Правдасында»[18] чагылдырылган. Бул документ XV к. чейин пайдаланылып, ар кандай нормаларды камтыган: «Эң байыркы Акыйкат» же «Ярослав Акыйкаты» («Древнейшая Правда» или «Правда Ярослава»); «Орус мыйзамы» («Закон Русский»); Ярослав Мудрыйдын балдары тарабынан бекитилген «Ярославдар Акыйкаты» же «Орус эл-жерлеринин Акыйкаты» («Правда Ярославичей» же «Правда Русской Земли»); «Устав о резах» (Үстөктөр ж-дө), «Устав о закупах» менен толукталган Владимир Мономахтын Уставы, ошондой эле «Пространная Правда».

Мал чарбасынын өнүгүүсүнө Россиянын жаратылыш шарттары толук мүмкүнчүлүк берген. «Орус Правдасында» мал ээлеринин укуктары каралып, мал уурусу («тать») анын кунун («вира» же штраф) төлөгөн.

IX – XI кк. «кол өнөрчүлүк» айыл чарбасынан бөлүнүп чыккан. Киев Русунда кол өнөрчүлүктүн 60тан ашык түрү (карапа идиштерди жасоо, тери-көн иштетүү, темир устачылык, зергерчилик, жыгач устачылык, курал-жарак жасоо ж. б.) белгилүү болгон. Темирчилик (металлургия), курулуш иштери да жакшы жолго коюлуп, үйлөр жыгачтан курулган. X – XI кк. Руста таш курулуш өнөрү Византиядан алынган.

Киев Русу өзүнүн шаарлары (Ладога, Чернигов, Суздаль, Ярославль, Муром ж. б.) менен даңкталган.

[18] “Орус правдасы” боюнча окуу-методикалык колдонмо. – Фрунзе, 1988.

IX – XII кк. орус коомунда соодагерлик маанилүү болуп, ички соодада натуралай айырбаштоо басымдуулук кылса, кийинчерээк сүйрү күмүш куймалары («гривна” же “кун») менен б. а. акчалай алмашуу тараган. XIV к. «рубль» киргизилген.

*4.4. Руста христиан дининин кабыл алынышы*

Байыркы орус коомчулугунун «христиан» динин кабыл алуусу эң маанилүү. Ага чейин алар политеисттик ишенимде ар түрдүү үрп-адат, ритуалдарды аткарып келишкен.

980-жылы князь Владимир Перун культунун негизинде расмий бир динге сыйындырууга далалаттанганы менен, ал реформа ишке ашпаган. Князь Игордун дружинниктеринин арасында христиандар болгондугу жана княгиня Ольга христианка болгондугу тарыхта белгилүү. Киевде христиан коомчулугу жана Ыйык Илья чиркөөсү бар эле. 987-жылы Кичи Азияда Фока жана Склир Вардалардын көтөрүлүшүн басуу үчүн Византия императору Василий II Владимирден жардам сурайт. Князь - императордун карындашы Аннаны аялдыкка алуу шартын койсо, Василий II христиан динин кабыл алууну мажбурлайт. Жыйынтыгында, 988-жылы князь Владимир Киев Русунда христиан динин кабыл алып, ал мамлекеттик дин статусуна ээ болот. Бул иш ыктыярдуу моюнга алуу жолу менен да, зордук менен да жүргүзүлгөн.

Христиан дининин кабыл алынышынын мааниси:
- Киев Русунда мамлекеттик бийлик жана аймактык биримдик бекемделген;
- Эл аралык мамилелерде цивилизациялуу субъект катары Киев Русунун статусу жогорулаган;
- Киев Русу Византиялык иудо-христиан чөйрөсүнө кирип, теги байыркы маданиятты өздөштүрө баштады; чиркөөлөр курулду жана эски славян тили менен чыгыш славян тилинин

синтезинин натыйжасында жазуу негизделип (кириллица), байыркы орус адабий тилинде «Орус Правдасы» (X кылымдын аягынан), жылнаамэлер (летопись), «Слово о полку Игореве» (XII к.) ж. б. жазылды. Монахтардан врачтар жана мугалимдер чыгып, мектептер ачылды.
- Христиан динин кабыл алуу менен адеп-ахлактар жакшырды: талап-тоноо, бирөөнү өлтүрүү - эң чоң күнөө болгон;

Руста христианство чыгыш үлгүсүндө (Византия) кабыл алынып, кийинчерээк православие (анык ишеним - истинная вера) деп аталган.

Орус православиеси өз дүйнө таанымын жайылтып, байыркы орус коомчулугунун менталитетинин калыптанышына шарт түзгөн.

**Текшерүүчү үчүн суроолор:**

1. Байыркы орус мамлекетинин түзүлүү өбөлгөлөрүнө токтолгула.
2. "Норманндык теория"
3. Байыркы орус мамлекетинин саясий жактан уюштурулушу кандай болгон?
4. Байыркы орус коомунун өнүгүүсү жана экономикалык мамилелерине токтолгула.
5. Руста христиан дининин кабыл алынышын айтып бергиле.
6. Орустарда христиан динин кабыл алуусунун жыйынтыгына баа бергиле жана маанисине токтолгула.

## 5.0. Байыркы Русь XI – XIII кк.: орус жерлери жана княздыктары.

*5.1. Бытырандылыктын себептери;*

*5.2. Жаңы мамлекеттик борборлордун негизделиши;*

*5.3. Орус тарыхында бытырандылык мезгилинин мааниси;*

*5.4. Маданият (адабият; жылнаамэлер; билим берүү; архитектура, сүрөт жана колдонмо искусство).*

### *5.1. Бытырандылыктын себептери.*

XI к. ортосунан - XII к. башы - байыркы орус мамлекетинин саясий жана феодалдык бытырандылык мезгили. Анын жаңы факторлору:

- Бөлүнүү процессинде боярлар негизги күч болгондуктан, жергиликтүү княздар жер-жерлерде аларга таянып, өз бийлигин орнотушкан. Бирок, алардын арасында пикир келишпестиктер да курчуган.
- Ар кайсы облустарда калктын санынын өсүшү аскердик дараметин жогорулатып, суверендүү жаңы княздыктар негизделген. Княздардын ортосунда карама-каршылык күчөгөн;
- Шаарлар бара-бара өнүгүп, соода жана чарба өсүп, Киевден алыс жерлерде жаңы соода жолдору жана кол өнөрчүлөр түйүндөрү пайда болуп, алардын борбордогу Орус мамлекетинен алыстоосу менен, Киев өз тарыхый ролун жогото баштады;
- Коомдун социалдык структурасы татаалдап, дворян катмары пайда болду;
- Чыгыш славян коомчулугуна сырткы душмандардан опурталдуу коркунуч болгон эмес.

Иш жүзүндө бытырандылык XI к. 2-жарымында башталган. Ярослав Мудрый өлөөрүнүн алдында (1054–ж.) өзүнүн беш уулуна жер ээликтерин мурастап берүү менен эки маселени чечүүнү көздөгөн:

-Балдарынын ар биринин ээликтери болуп, өз алдынча башкарса, мураскерлердин ортосунда кан төгүлүүлөр болбойт;

-Жалпы орус кызыкчылыгын жалгыз Улуу князь эмес, балдары биргелешип (княздык тукум) коргой алат.

-Ага мурда колдонулуп келген мураскорлук тартиби да себеп болгон: Улуу княздын чоң уулу өз тагаларынан кийин гана атасынын тактысын ээлей алмак.

XI к. 50-жылдарында Киев Улуу княздык катары эсептелгени менен, бир топ жаңы княздыктар (Чернигов, Переяслав, Муром, Рязань, Ростов-Суздаль, Смоленск, Галицк, Владимир–Волынск, Туров–Пинск, Новгород, Псков ж. б.) андан да зор өнүгүүгө жетишишкен. Аларды Рюриковичтердин урпактары башкарган.

1097-жылы Ярославдын Переяславдагы небереси Владимир II Всеволодович Мономах (1053-1125-жж.) Любеч шаарында княздардын съездин өткөрүп, анда башкаруунун жаңы принциби каралган. Руста мындан ары, «Ар ким өз ээлигине өзү жооп берсин» («Каждый держит отчину свою») деген бүтүмгө келишип, ал дагы бир жолу, эми расмий түрдө, феодалдык бытырандылыкка жол ачкан. Улуу Киев княздыгын Владимир Мономах (1113–1125-жж.), анын уулу Мстислав (1126-1132-жж.) убактылуу биримдикте кармап турганы менен, кийинки княздар өз алдынчалыгын күчөтө берген.

*5.2. Жаңы мамлекеттик борборлордун негизделиши.*

Киев Русунда бир катар ири мамлекеттик борборлор (Владимир-Суздаль, Галицк-Волынь, Новгород) пайда болду.

Рустун түндүк-чыгышында бай, күч-кубаттуу, көз карандысыз Владимир-Суздаль (же Ростов-Суздаль) княздыгынын калыптанышына өбөлгө болгон факторлор:

- Түштүктөгү талаа көчмөндөрүнөн алыстыгы жана түндүк тарабынан варягдардын кол салуусуна ландшафттык тоскоолдуктар;
- Экономикалык өнүгүүгө жакшы шарт түзгөн Волга жана Ока дарыяларынын жогорку агымында жайгашып, ал аймакта мурдатан эле белгилүү болгон Ростов, Суздаль, Муром, Рязань, Ярославль өңдүү ири шаарлардын болуусу;
- Кайраттуу, адилеттүү, чындыкты сүйгөн княздардын башкаруусу.

Аталган княздыктар менен Владимир Мономах жана анын уулу Юрий Владимирович, же Долгорукий (1090-жж.?-1157-жж.; бийликте – 1120 ?-1157-жж.) жылуу мамиледе болушкан. Князь Юрий Киевди каратып (1130-жж.), Новгороддун саясатына активдүү таасирин тийгизип, дагы башка көп жерлерди (Рязань, Муром, Ростов, Суздаль, Ярославль ж. б.) кошуп алганы үчүн «Долгорукий» деген лакап ат алган. Жылнаамэлерде Москва жөнүндө алгачкы маалымат 1147-жылы эскерилет. Юрий Долгорукий боярин Кучканын жер ээлигин (усадьба) мамлекеттик менчикке өткөрүп, ал жерде болочок Москва шаары түптөлө баштаган.

Юрий Долгорукийдин уулу Андрейдин (1111?-1157; бийликте - 1157-1174-жж.) мезгилинде Успение собору курулуп (чиркөөнү колдогондугу үчүн Боголюбский аталган), 1174-жылы боярлардын кутуму менен өлтүрүлгөн.

Андрейдин иниси Всеволод III Юрьевич (1154-1212-жж.; бийликте - 1176-1212-жж.) княздык кылган мезгилде бийлик бекемделип, Москва - мамлекеттин уюлу болуу менен,

үй-бүлөсү чоң болгондуктан «Чоң уялуу» («Большое Гнездо») деген лакап ат алган.

XIII кылымдын башында түндүк-чыгыш Рустагы княздык бир нече ээликтерге (удел) өсүп чыгып (Владимир, Ярославль, Переяслав, Юрьев, Муром ж. б.), XIV–XV кылымдарга карата Москва мамлекетинин калыптанышына негиз болгон.

Галицк жана Волынь ээликтери биригүү менен, түштүк–батышта Галицк–Волынь княздыгы (1199-ж.) түзүлгөн.

Өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү жана шарттары:
- Дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлердин, кеңири токойлордун болушу;
- Коңшулаш өлкөлөргө чыгарылып турган туздун өндүрүлүшү;
- Тышкы соода жүргүзүүгө (Венгрия, Польша, Чехия ж. б. менен) ылайыктуу географиялык абалы;
- Көчмөн уруулардан алыстыгы;
- Жергиликтүү боярлардын күчтүү таасири;

Галицк–Волынь княздыгын моңгол–татарлар басып алып (1240-ж.), жүз жылдан соң бул жерлер Литванын (Волынь) жана Польшанын (Галич) курамына кирген.

Рустун түндүк–чыгышында Новгород боярдык республика жайгашып, анын өнүгүү жолу өзгөчө эле:
- Түштүк тараптагы көчмөндөрдөн алыс жайгашкандыктан, алардан коркунуч болгон эмес;
- Ээлеген аянты кеңири, жер байлыгы мол болгон;
- Өндүргөн даны өздөрүнө жетишсиз болсо да, чарбачылыктын башка тармактары (аңчылык, балык улоочулук, туз өндүрүү, балчылык, темир иштетүү ж. б.) аны сездирген эмес;
- Новгороддун географиялык абалы (Русту Батыш Европа, андан ары Чыгыш өлкөлөрү жана Византия менен

байланыштырып турган соода жолдорунун тоомунда жайгашышы) да эң ыңгайлуу эле;
- Социалдык-саясий түзүлүшү - боярдык республика;
- Айрым жылдары салык төлөгөнү болбосо, монгол–татарлардын кыйратуусуна туш болгон эмес. Новгороддун көз карандысыздыгы (немец-швед баскынчылыгына каршы согуштагы Нева /15.VII.1240-ж./ жана Муз үстүндөгү /05.IV.1242-ж./ салгылашуулар) үчүн күрөшүп, Александр Ярославич (1220-1263-жж.) - Александр Невский деген сыймыктуу лакап ысым алган.
- Новгород республикасы өнүгүүнүн европалык же италиялык (Венеция, Генуя, Флоренция) тибине окшош болгон.

Жогорку бийлик органы - элдик жыйын («вече») эсептелингени менен, ал жерде маселени 300 «алтын курдуу» («золотые пояса») эң ири боярлар чечишкен.

*5.3. Орус тарыхында бытырандылык мезгилинин мааниси.*

Бытырандылыктын оң жактары:

XI кылымдын орто ченинде Киев Русунун борбордук бөлүгүндө (Поднепровье) жана Новгород жерлеринде гана өнүгүү байкалган болсо, кийинчерээк, чет жакалардагы жерлерде өз алдынча княздыктар пайда болуп, алардын чарбасы, социалдык-саясий жана маданий өнүгүүсү Киев Русунан да жогорулаган.

Терс жактары:

Княздыктардын ички ээликтерге (удел) бөлүнүүсү уланып, эгер 1132-жылы 15 бөлүнгөн аймак болсо, XIII к. башында - 50, ал эми XIII к. аягында алардын саны 250 гө жеткен. Княздардын ар кимиси «Орус Правдасынын» шарты менен эмес, өз алдынча, өз билгениндей, өзү каалагандай башкарууга өткөн.

Бир эле княздыктын ичиндеги улуу жана кичүү княздардын ортосунда тынымсыз согуштар жүрүп турган. С.М.Соловьевдун эсеби боюнча 173 жылдын (1055–1228-жж.) 93 жылы тынч болсо, 80 жылы согуштар менен өткөн. Бүтүндөй өлкөнүн аскердик дарамети төмөндөгөн.

*5.4. Маданият (адабият; жылнаамэлер; билим берүү; архитектура, сүрөт жана колдонмо искусство).*

Адабият. Орус элинин оозеки адабияты макал, ылакап, миф, уламыш, жомок, аңгеме, ошондой эле лирикалык, тарыхый ырларга бай. Булар идеялык-көркөмдүк бийиктиги, эл турмушун таасын сүрөттөө менен өзгөчөлөнөт. Киев-Печер монастырынын кечили Нестор тарабынан түзүлгөн алгачкы жазма эстеликтердин бири - «Жылдар баянында» («Повесть временных лет», XI-XII кк.) орус элинин тарыхый ролу, орус мамлекетинин түзүлүшү, алар ээлик кылган жерлер ж. б. жөнүндө сөз болот. Элди биримдикке үндөөдө, патриоттук духта тарбиялоодо белгисиз автордун «Игордун кошууну жөнүндө сөз» («Слово о полку Игореве», XII к.) аттуу чыгармасынын мааниси чоң. Анда Новгород-Северск жеринин князы Игорь Святославичтин половецтерге каршы ийгиликсиз жүргүнү, феодалдык араздашуулардын (усобица) кесепеттери, княздарга - «бир жакадан – баш, бир жеңден – кол чыгарып, бекем түйүлгөн муштумдай болуу» осуяты, мекендин чектерин көздүн карегиндей ыйык сактоо чакырыктары ж. б. орун алган.

X-XIII кылымдарда орус маданиятынын өнүгүүсү өз алдынчалык менен өзгөчөлөнүп, XI кылымга карата жогорку деңгээлге жеткен. Монгол-татарлардын басып алуусуна чейин эле башка Европа өлкөлөрүнөн кем калбастан, Византия жана Италиядан кийинки орунда болгон.

Орус маданияты чыгыш славян урууларынын маданиятынын негизинде өнүгүп, башка коңшу өлкөлөрдүн, биринчи кезекте, Византия, Болгария, Венгрия, Чехия, Польша, Германия, Скандинавия, Хазар каганаты, Араб өлкөлөрү, Кавказ элдеринин маданияты менен да тыгыз байланышта болгон.

Бирдиктүү жазма маданиятынын болгондугун араб окумуштуулары (X к.) да белгилеп кетишкен. Алгач, Болгария тараптан жазманын эки үлгүсү – глаголица жана кириллица келип, ошону менен бирге, жазмага керектүү болгон нерселер (кагаз ордуна пайдаланылган тери, боёк, сыя ж. б.) да үйрөнүлгөн. XI кылымга карата кириллица кеңири жайылып, анын негизинде диний китептер гана жазылбастан, күндөлүк турмуш үчүн да колдонулуп келген.

Орус тарыхын жазып калтыруу зарылчылыгынан X кылымдын аягында, же XI кылымдын башталышында эле Киевдин жана Новгороддун чиркөөлөрүндө алгачкы жылнаамэлер (летопись) түзүлө баштаган. Алардын катарына митрополит Иллариондун «Слово о Законе и Благодати» (XI к.); Владимир Святославичтин кенже уулдары Борис (ал Ростов князы болгон) жана Глебдин (Муромдун князы) ишмердигин чагылдырган «Житие Бориса и Глеба» (XI к.); Владимир Мономахтын (XII к.) «Поучение к детям» сыяктуу чыгармаларды кошсок болот.

XII кылымда орус адабияты көп түрдүү багытта өнүгүп, анын борборлору Киев менен Новгород гана болбостон, алардын катарына Владимир, Суздаль, Смоленск, Галич, Чернигов, Туров ж. б.шаарларынын летописчи авторлору кошулушат. Летопистерди жазышкандар: монахтар, шаардык чиркөөнүн кызматкерлери (священник), монастырлардын

игумендери, епископтор, посадниктер, жада калса княздар болушкан.

Туров чиркөөсүнүн кызматкери Кириллдин, Смоленск чиркөөсүнөн Клименттин диний-түшүндүрүү чыгармалары; кресттүүлөр тарабынан Константинополдун алынышы, княздар Андрей Боголюбский жана Даниил Галицкийдин ишмердиги да летописттерден орун алган. Киев-Печер кечилдигинин кечилдеринин өмүр таржымалын камтыган чыгарма - «Патерик». Анда кечилдиктин күндөлүк турмушу, тарыхый окуялар жөнүндө аңгемелер орун алган.

Даниил Заточниктин князга кайрылуу түрүндө жазылган «Моление» (XII к. ортосу) чыгармасында адамдардын коомдогу теңсиздиги, күчтүү княздык бийликтин керектиги жөнүндө ойлор айтылат.

Билим берүү: Киевдин ири кечилдиктеринде билим берүү жолго коюлган. Колунда барлар гана эмес, карапайым адамдар да жазманы колдонушкандыгын Новгороддо табылган кайыңдын жука кабыкчасына жазылган эстеликтер («берестяные грамоты») күбө болот. Кайың кабыгына учтуу (сөөк же темир) калам менен из түшүрүп жазышкан. Алардын мазмуну ар түрдүү: жеке каттар, эсеп-кысап жана мураскордук кагаздары (счеты, торговые записи, завещания), окуу көнүгүүлөрү ж. б.

Архитектура жана сүрөт искусствосу

Россиянын аймагында неолит жана коло дооруна таандык көптөгөн эстеликтер сакталган. Уруулар биригип, мамлекеттин пайда болушу - байыркы маданияттан орто кылым маданиятына өтүү учуру (б. з. I миң жж.) көркөм чыгармалардын өнүгүшүнө шарт түзгөн.

IX-X кылымдарда Байыркы Русь маданияты калыптанган. X к. – XIII кылымдын орто чени - Байыркы Русь маданиятынын

гүлдөгөн доору. Таштан курулган кооз, бийик имараттар (чиркөө, монастырь, сарай), фреска, мозаика менен кооздолуп, икона искусствосу, китеп миниатюрасы жогорку деңгээлге жеткен.

Байыркы курулуш эстеликтери – Киев, Новгород, Владимир-Суздаль, Чернигов, Смоленск, Полоцк ж. б. жерлерде кулач жайган. Алгач ири храмдар, көпүрөлөр, хоромдор, теремдер жыгачтан курулуп келсе, X-XI кылымдардан кийин таштан курулуштар кеңири жайылган.

X кылымдын аягында, Владимир Святославичтин бийлик мезгилинде Киевде Десятинный чиркөөсү курулуп, ал 1240-жылга, б. а. Батыйдын баскынчылыгына чейин турган.

Кийинки мезгилдерде (XI к.), б. а. Ярослав Мудрыйдын тушунда Черниговдо - Спас собору (1036-ж.), Киевде (1037-ж.), Новгороддо (1045-1050-жж.), Полоцкто - София храмдары (1044-1066-жж.; 1750-ж. кайрадан реставрацияланган) курулуп, азырга чейин сакталган.

Феодалдык бытырандылык мезгилинде ар бир жердин (княздыктын) өз алдынча өзгөчөлүктөрү пайда болду.

Новгороддогу Нередица чиркөөсү XII к. аягында курулуп (1198-ж.), фашисттик баскынчылар тарабынан талкаланган.

Нерль суусунун боюндагы Покров чиркөөсү (1165-ж.), Владимирдеги Успен собору Андрей Боголюбский мезгилинде курулган.

Орус жергесиндеги ири диний курулуштардын ички-сырткы жасалгаларынан (живопись, мозаика, фреска, иконопись, миниатюра), биринчи кезекте, Византиянын таасирин байкоого болот. Булардын үлгүлөрү Москва, Санкт-Петербург, Новгород, Киев ж. б. шаарлардын музейлеринде сакталуу.

Колдонмо искусстводо эмаль, чернь, филигрань, зернь техникалык ыкмаларын пайдалануу менен ар кандай кооздук-азем буюмдарды жасашкан. Алардын катарында жез, айнек, сөөк, чопо, күмүш, алтындан жасалган зергер жана турмуш-тиричилик буюмдары болгон.

**Текшерүүчү үчүн суроолор:**

1. XI к. Ортосунан- XII к. башы- байыркы орус мамлекетинин саясий жана феодалдык бытырандылык мезгилиндеги бытырандылыктын себептерин түшүндүргүлө.
2. Байыркы Рустагы жаңы мамлекеттик борборлордун негизделишин ачыктагыла.
3. Орус тарыхында бытырандылык мезгилинин маанисине токтолгула.
4. Киев- Печер монастырынын кечили Нестор тарабынан түзүлгөн алгачкы жазма эстеликтердин бири- “Жылдар баянында” (“Повесть временных лет”, XI- XII кк) жөнүндө баяндагыла.
5. Маданияттын (адабият; жылнаамэлер; билим берүү; архитектура, сүрөт жана колдонмо искусство) өнүгүүсүнө мүнөздөмө бергиле.

## 6.0. Байыркы Русь XIII - XV кк.: Рустун көз карандысыздык үчүн күрөшү

*6.1. Монгол – татар баскынчылыгы.*

*6.2. Швед жана немец рыцарларынын (кресттүүлөрдүн) агрессиясы.*

*6.3. Рустун көз карандысыздык үчүн күрөшүнүн жыйынтыктары жана мааниси.*

*6.4. Маданият (жыл баяндары; тарыхый дастандар; былиналар; архитектура; живопись; колдонмо искусство; кол өнөрчүлүк; публицистика).*

Евразия чөлкөмүндө Орус мамлекетинин кайсыл тарапты ыктоосу (Батыш же Чыгыш) абдан маанилүү болгон. Киев Русу узак убакытка чейин бейтарап абалда турган. XIII к. саясий кырдаал өзгөрүп, атап айтсак, Чыгыштан - монголдордун жортуулу, Батыштан - европалык рыцарлардын (кресттүүлөр) жүрүшү тагдыр чеччү чоң маселе жаратып, Орус мамлекетинен белгилүү тандоо жүргүзүүнү талап кылган.

*6.1. Монгол–татар баскынчылыгы*

XII кылымда монгол уруулары азыркы Монголия жана Бурятия аймактарын мекендеп турушкан. XIII кылымдын башталышында Темучин (1155?-1227-жж.) аларды бириктирип, 1206-жылдагы курултайда ал Чыңгыз хан - «Улуу хан» деген атка конгон.

Монголдор ат жалында ойноп, жаа-жебени жакшы өздөштүрүп, темирдей тартиптүү уюшкан аскерлери менен бир башчыга баш ийген көчмөн калк болгон.

Чыңгыз хан 1211-жылы басып алуучулук саясатын астейдил баштап, Түндүк Кытай, Сибирь, Каспий жана Кара деңиздеринин жээктерин, Армения, Кавказ, Түндүк Иран,

Орто Азияны басып алган (1219-1221-жж.) жана андан ары Орус жерлерине карай жылган.

1223-ж. – Калка дарыясынын жээгинде бирдиктүү күч боло албаган орус княздарынын аскерлери жана половецтер моңголдорго туруштук бере албай, жеңилишкени менен, моңголдор согушту андан ары улантпай артка кайткан.

Моңгол феодалдарынын 1235-жылдагы курултайы Европаны көздөй (анын ичинде Орус жерлери) жортуул жасоого уруксаат берет. Аны 1236-1240-жылдары Чынгыз хандын небереси Батый (1209-1255-жж.) ишке ашырып, Рязань, Владимир, Суздаль, Галич, Тверь, Киев ж. б. шаарларды ээлеген. Археологдордун маалыматтары боюнча Рустун 74 шаарынан 49 талкаланып, 15 айылга айланып, 14 таптакыр жоголгон.

Орус тарыхында моңголдорбу, татарларбы же моңгол-татарлар басып киргенби деген суроо бар. Орус летопистеринде - татарлар келген деп айтылат. Бул термин кытайлардан алынган жана моңголдор татарлар болуп эсептелген. Татарларды «ак татар», ал эми моңголдорду «кара татарлар» (жапайылыгын баса белгилеп) деп аташкан. Чыңгыз ханды - кара татарларга кошушкан. XIII к. башында Чыңгыз хан атасын ууландыргандыгы үчүн өч алып, татарларды жок кылууга буйрук берген. Ошентип, татарлар аскердик да, саясий да күчүн жоготкон. Бирок, кытайлар монголдорду татарлар деп аташкан, ошентсе да моңголдор өздөрүн андай аташкан эмес. Батый хандын армиясы моңгол аскерлеринен турган жана татарлардын тиешеси жок деп билдирет В.Л.Егоров.

Түштүк Русту талкалап, баскынчылар Европага бет алып, алар Польша, Венгрия, Чехияны басып алып, Германиянын жана Италиянын чек араларына бет алган.Бирок

көптөгөн аскерлерин жоготкон. Батый Волганын боюна кайтып келип, 1242-жылы «Алтын ордону» негиздеген.

1240-жылы Киевди басып алган соң Руста «моңгол – татар эзүүсү» (иго) орногон. Алгачкы он жыл ичинде баскынчылар талап-тоноо иштери менен гана алектенишсе, кийинчерээк, системалаштырылган салык салууга өтүшкөн.

«Моңгол-татар эзүүсү» - бул Рустун Алтын Ордодон саясий, экономикалык жана маданий көз карандылыгы болуп эсептелет. «Иго» термини алгачкы жолу 1275-ж. митрополит Кирилл тарабынан киргизилген.

Орус тарыхында монголдордун ролу боюнча маселе көптөгөн тарыхчылар тарабынан кеңири талкууланып келүүдө. Алсак, Н.М.Карамзин, Н.И.Костомаров (1817-1885-жж.), Ф.И.Леонтович (1833-1910-жж.) сыяктуу тарыхчылар монголдордун таасирине чоң маани беришкен.

Учурдагы тарых илиминде монгол эзүүсүнө карата эки көз караш айтылат:

- Салттуу түрдө аны орус жерлери үчүн оор абал катары баалашат;
- Батыйдын баскынчылыгы – көчмөндөрдүн катардагы талап-тоноосу.

Эзүүдө бир нече иш-чаралар өткөрүлгөн:

- 1257-1259-жылдары монгол бийлиги салык жыйноону жөнгө салуу максатында орус княздыктарынын калкын каттоого алышкан;
- 1250-1260-жылдары аскердик отряддары бар өзгөчө «баскак» бирдиги түзүлүп, алар жергиликтүү бийликти көзөмөлгө алып, салык жыйноону колго алышкан.

Салттуу көз карашты билдирген тарап эзүүнүн терс жактарын белгилешет:

- Калктын климаттык шарты ыңгайсыз болгон батышка жана түндүк-батышка массалык түрдө жылып, орун которуусу жүргөн;
- Шаарлардын саясий жана социалдык ролу төмөндөгөн;
- Княздардын жергиликтүү калктын үстүнөн бийлиги күчөгөн;
- Орус княздарынын, белгилүү бир деңгээлде Чыгыш тарапка ыктоо саясаты байкалган.

Эки жактуу көз карашта болгондордун эзүүгө карата пикири:
- Аскерлердин жолуна туш келген гана шаарлар талкаланган;
- Моңголдор өз гарнизондорун калтырган эмес;
- Туруктуу бийликти орноткон эмес;
- Европа жүрүшүнөн соң, Батый Волгадагы өзүнүн ээлик борборуна кайтып кеткен.

Жалпысынан, моңгол–татар баскынчылыгы коомдун жашоосунун дээрлик бардык тармактарында (социалдык, экономикалык, саясий жана маданий) өз кесепеттерин тийгизген:
- Шаарлар өзгөчө жабыркаган, калктын саны кескин азайган, таш курулуштар токтогон, ал эми ушул мезгилде Европа шаарлары байыган жана өнүккөн;
- Кол өнөрчүлүктүн кээ бир тармактары (зергерчилик, эмаль, айнектен буюм жасоо ж. б.) жоюлган;
- Шаардык демократиянын негизи - «вече» жоюлган*;
- Батыш Европа менен соода байланышы начарлап, ал Чыгышка карай бурулган;
- Айыл - чарбасынын өнүгүүсү кечеңдеген;
- «Холопчулук консервацияланган» б. а. кул-холоптор княздар жана боярлардын өздүк чарбасындагы негизги күч боюнча калып, ал дээрлик XVI кылымга чейин сакталган;
- Жер иштетүүчүлүк, өзгөрүүсүз, 200 жыл мурункудай эле абалда болуп, менчиктин формалары да баштапкы бойдон

калган. Алсак, Батыш Европада - жеке менчик негизги ролду ойносо жана ал бийлик аны кепилдикке алып, мыйзам коргосо, Руста «мамлекеттик бийлик – менчик» салты сакталган, жеке менчик болгон эмес (И.Н.Ионовдун пикири);

- «Вассалдык-дружиналык мамилелер – баш ийүүчүлүк» менен алмашкан. Алтын Ордонун хандары орус княздарына буйрук же жарлык берип, аларды вассалдарга эмес, баш ийген кызматкерлерге айланткан;
- Рюриковичтер сулалеси (династия) алсырап, көпчүлүк аттуу-баштуулары өлгөн;
- Ордодо Орус княздарына салттуу өнөкөт болбогон саясий кайрылуулар киргизилип («бешенесин жерге тийгизе ийилип кулдук уруу», же «бить челом»), «деспотиялык бийлик» орногон;
- Орустарга азиялык укуктук нормалар таасирин тийгизген. Жазалоодо - мурун, кулак кесилген; териштирүүдө – камчылап моюнга алдыруу, казына-байлыгын тартып алуу менен өч алуу ж. б.
- Укук жана милдеттердин тең салмактуулугу жөнүндө түшүнүк жоюлган. Россияда «укук баалулугунан да бийлик баалуулугу» жогору турган. Бийлик өзүнө укук, жеке менчик, ариет, уят сыяктуу түшүнүктөрдү багындырган;
- Бул мезгилде аялдардын укугу тебеленип, Чыгыш патриархалдык коомуна мүнөздүү жүрүш-туруш этикасы басымдуулук кылган. Батышта - аялдардын укугу бекемделип, каныша, баронессаларга (Прекрасная Дама) колун өөп, ийилип таазим этишсе, Рустагы аялдар эркектер менен сүйлөшө да албай, баштарына жоолук салынышкан;
- Байыркы Русь Батыш жана Чыгыштын ортосунда жайгашкандыктан, жеңилүүнүн натыйжасында Чыгышты көздөй жүзүн бурган;

Ордонун эзүүсү орус маданиятына белгилүү деңгээлде таасирин тийгизген. Ошого карабастан, баса белгилеп кетүү керек, улуу орус этносу тили жана маданияты боюнча өзүнүн сапаттык мүнөздөмөлөрүн сактап кала алды. Орустарда ордонун эзүүсүнө жана Батыштын католиктик өлкөлөрүнүн жактырбаган мамилелерине карабастан, өз алдынча «улуттук православдык салт» сакталган.

Монгол–татарларга көз каранды болуу менен, Алтын Ордо - Русь саясий жана соода байланыштары, орус княздарын, хан сарайын туурап, татарларга үйлөнүүсүн (татарские царевни) жолго койгон.

Эзүү, «феодалдык бытырандылыкты консервациялаган» - б. а. Батыш Европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу, өнүгүүнү дээрлик эки жүз жылга кечендеткен.

*6.2. Швед жана немец рыцарларынын (кресттүүлөрдүн) агрессиясы.*

Висла дарыясынан Балтика деңизинин түштүк-чыгыш жээктерине чейинки аймактарда славян, балт (балтия же литтер жана латыштар) жана финн-угор (эсттер, карелдер) уруулары жашап келишкен. XII к. аягы – XIII к. башында алгачкы общиналык түзүлүш бузулуп, алгачкы таптык коом жана мамлекеттүүлүк калыптана баштаган. Аларга орус жерлери (новгороддуктар жана половецтер) өз таасирин тийгизген.

Немец рыцарларынын орус жерлерине кирүүсү баскынчылык мүнөздө болгондугу “Чыгышты көздөй басып кирүү” («Drang nach Osten») девизинен көрүнүп турат. XII к. кресттүүлөр славяндарга тиешелүү Одер жана Балтиканын жээктерине басып киришсе, ал эми Түндүк-Батыш Руска - Рим папасы жана герман императору Фридрих I Барбаросстун (1125-1190-жж.) жүргүнү менен башталган. Кресттүүлөр

жүрүшүнө – герман, дат, норвегия рыцарлары катышкан. Бул мезгилде «рыцардык ордендер»[19] түзүлө баштаган. Монах Альберт башында турган кресттүүлөр армиясы Батыш Двинаны басып алып (1200-ж.), кийинки жылы Риганы негиздеген (1201-ж.). Басып алынган жерлерде «Кылыччандар ордени” («Орден меченосцев”, 1202-ж.) негизделген[20]. «Кылыччандар» Псков жана Новгород жерлерине басып киргенде (1212-ж.), Новгород князы Мстислав Мстиславич (1170?-1228-ж.), же Удалой өз эрдигин көрсөткөн.

Сирияда негизделген (1198-ж.) Тевтон орденинин рыцарлары Литва жана түштүк орус жерлерине басып киришип (1226-ж.), Новгород-Суздальдын биргелешкен аскер күчтөрүнөн жеңилген (1234-ж.). Андан соң кресттүүлөр өз күчүн бириктире баштаган: Тевтондор менен биригип – Ливон[21] орденин түзүшкөн (1237-ж.). Баскынчыларга каршы тарыхта дареги калган эң ири кагылышуулар: Невадагы салгылашуу (1240-ж.), Псков үчүн күрөш (1241-1242-жж.), Муз үстүндөгү салгылашуу (1242-ж.).

Невадагы салгылашуу: Швед феодалдары Рустун оор абалынан пайдаланып калгысы келип, 55 кораблден турган флотун Нева дарыясына топтогон (VII.1240-ж.). Баскынчылар алгач Эски Ладога (Старая Ладога) шаарын, андан соң Новгородду басып алууну көздөгөн. Коргонууга 20 жаштагы князь Александр Ярославич чыккан.

---

[19] Орден – католик чиркөөсүнүн демилгеси менен түзүлө баштаган (VI к.) монахтардын борборлоштурулган саясий биримдиги же уюму. Кийинчерээк, ушундай эле үлгүдө рыцардык-диний ордендер да негизделе баштаган.

[20] Рыцарлар - сол тарабында «кылычты» элестеткен кара крест түшүрүлгөн ак плащ кийишкен.

[21] Кресттүүлөр басып алган лив урууларынын жеринин атына байланыштуу коюлган.

«Житие Александра Невского» тарыхый булагы княздын жана анын алты жоокеринин (Гаврила Олексич, Збыслав Якунович, Яков Полочанин, Михаил, Савва, Ратмир) Нева салгылашуусундагы эрдиктерин баяндайт. Александр Ярославич бул салгылашууда жеңгендиги үчүн «Невский» деген сыймыктуу лакап ысым алган. Жеңиштин мааниси:

- Шведдердин чыгышка агрессиясы токтотулган;
- Русь стратегиялык маанидеги Балтика жээктерин (дээрлик 500 жылдан кийин Петр I ал жерге Александр Невский монастырын курдурганы бекеринен эместир) колунан чыгарбай кармап калган.

Псков үчүн күрөш:

Чет элдик баскынчылар Рустун түндүк жерлерине коркунуч туудуруп турган. 1240-жылдын жайында Ливон ордени, дания жана немец рыцарлары Руска кол салып, Изборск шаарын басып алган. Айрым саткын бояр-чыккынчылардын кесепетинен Псков шаары жеңилген (1241-ж.). Боярлар менен пикир келишпегендигинен Александр Невский Новгороддон айдалат. Кресттүүлөр шаардан 30 км аралыкка кирип келишет. Вечenin талабы менен Александр Невский Новгородго кайтып келет. 1242-жылы кышында Александр өзүнүн бир тууганы Андрей жана дружинасы менен Изборск, Псков жана башка шаарларды душмандардан бошотот.

Муз үстүндөгү салгылашуу (05.IV.1242-ж.): Ордендин негизги күчү келе жаткандыгынан кабардар болгон Александр Невский, рыцарлардын жолун тороп, өз аскерлерин (15-20 миңдей) Чуд көлүндөгү муз үстүнө жайгаштырат. Немец рыцарлары (10-12 миңдей) - «шынаа» же трапеция («свинья») түрүндө  жайгашышат. Орус аскерлери ар башка жерлерден (новгороддук, ладогалык, ижоралык, карелдик ж. б.)

чогултулган, согуштук тажырыйбасы жок, такшалбаган болгондугуна карабастан, князь Александр өзүн көрүнүктүү полководец катары көрсөтө алган. Жыйынтыгында, “Муз үстүндөгү салгылашууда” жеңиш орустар тарапта болуп, Улуу Новгород көчөлөрүндө туткунга алынган рыцарлар мазакталган.

*6.3. Рустун көз карандысыздык үчүн күрөшүнүн жыйынтыктары жана мааниси:*

- Ливон орденинин кубаты начарлаган;
- Прибалтикада боштондук күрөшү өскөн;
- Руста католик дини тамыр жайган эмес;
- стратегиялык маанидеги Балтика жээктерин, б. а. “варягдардан – гректерге” соода түйүнүн колунан чыгарбай кармап калган.

Летопистерде Александр Невскийдин: «Ким бизге кылыч менен келсе, ал кылычтан өлөт. Орус жери ушунусу менен жашап келген жана жашай берет !» («А кто к нам с мечом придет, тот от меча и погибнет. На том стояла и стоять будет земля Русская!,») - деген сөздөрү сакталып калган.

Александр Невскийдин тушунда акырындык менен баскактар сүрүлүп чыгарылган жана Алтын Ордо менен князь өзү ортомчулукка чыккан. Ал княздын ролун жогорулатып, боярлардын таасирин чектеген. Төмөнкү Новгород (Нижегород) аймагындагы Городцада өлгөн. Алтын Ордодон кайтып келе жатканда ууландырылса керек, - деген пикир бар.

Петр I буйругу менен Александр Невскийдин сөөгү Петербургга алынып келинип, «Александр Невский ордени» (21.V.1725-ж.), ал эми Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Александр Невский аскердик ордени (29.VII.1942-ж.) негизделген.

Демек, орус тарыхында тарыхый дарамети жогору инсан, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер катары ага татыктуу баа берилген.

*6.4. Маданият (жыл баяндары; тарыхый дастандар; былиналар; архитектура; живопись; колдонмо искусство; кол өнөрчүлүк; публицистика).*

XIII-XV кылымдардагы жыл баяндары менен тарыхый дастандарда монгол-татар баскынчылыгынын катастрофалык терс таасири астында калган орус турмушу сүрөттөлөт. Таш курулуштар, кол өнөрчүлүк дээрлик токтогон.

Адабиятта лирикалык көңүл чөгүү, орус жерлеринин мурдагы аброю тууралуу ностальгия байкалат. Дал ушул учурда «Слово о погибели Русской земли», «Повесть о разорении Рязани Батыем», «Житие Александра Невского» ж. б. у. с. элдик дастандар жаралат.

Орус маданиятынын кайрадан жандануусу XIV кылымдын экинчи жарымынан байкалат. Анын өзөгүндө Москванын тегерегинде биригүү демилгеси же идеясы турган.

Былиналар монгол-татар мезгилинде баскынчыларга каршы күрөшкөн орус баатырлары –Илья Муромец, Добрыня Никитич, Алеша Попович жөнүндө болгон. Бул былиналар XI кылымда, Владимир Красное Солнышконун мезгилинде жарала баштаганы менен, XIV-XV кылымдарда кайрадан жанданган.

Куликово талаасындагы жеңишти (1380-ж.) чагылдырган чыгарманын бири – «Задонщина», ал эми XV кылымдын биринчи жарымында «Сказание о Мамаевом побоище» жаралды.

XIII кылымдагы моңгол-татар эзүүсүнүн кесепетинен сүрөт искусствосу начарлап, XIII кылымдын аягында гана ал кайрадан өнүгүү жолуна түшкөн. Новгороддо, Псковдо

архитектуралык, Ростовдо, Ярославлда сүрөт мектептери ачылган. Москва Кремли эменден (1339-ж.), кийин ак таштан (1367-ж.) курулат. XV кылымдын II жарымында борборлошкон Русь мамлекетинин түзүлүшү менен Москва маданий борборго айланган. XVI кылымда Москвада чиркөөлөр (Коломенскоедеги Вознесение чиркөөсү, Василий Блаженный храмы) курулган. Русь мамлекетинин ири борборлорунда (Новгород, Тула, Коломна, Зарайск, Смоленск, Серпухов) кремлдер салынып, турак жайлар негизинен жыгачтан тургузулган. XIV кылымдын аягы – XV кылымдын башында орус сүрөтчүлөрү Феофан Грек (1340?-1405-жж.?), Андрей Рублевдор атактуу чыгармаларын жаратышкан.

XV кылымдын башталышында Москванын Троицк чиркөөсүндө эң ири летопись түзүлгөн. Летопистерди түзүү башка княздыктардын чиркөөлөрүндө – Тверь, Нижний Новгород, Ростов, Смоленск, Псков ж. б. уланган.

Живопись. Бул мезгилдеги кыл калемчилер – Византиядан келген Феофан Грек. Ал Новгороддогу Ильиндеги Спас чиркөөсүн иконалар менен сүрөт тартып кооздогон, кийин, 1395-1396-жылдары Симеон Черный менен бирдикте Москвадагы Рождество богородицы чиркөөсүн кооздогон. Ал эми 1399-жылы Москва Кремлиндеги Архангельск соборун жасалгалаган. 1405-жылы шакирттери Прохор жана Андрей Рублев менен бирдикте Кремлдеги Благовещенск соборун кооздогон.

Андрей Рублев (1360?-1430?-жж.) – орустун белгилүү икона жазуучусу. Негизинен Москвадагы чиркөөлөрдү иконалар менен кооздогон. 1408-ж. өзүнүн ажырагыс досу Даниил Черный менен Владимирдеги Успение соборунда фрескалар үстүнөн иштеген. Троицк-Сергий кечилдигинин Троицк соборун фрескалар менен кооздогон (1424-1426-жж.).

Анын белгилүү «Троица» иконасы азыр Москвадагы Третьяков галереясында сакталуу.

Архитектура. Батый хандын басып алуусунан кийин Новгородго жакын жерде биринчи жолу таштан курулган чиркөө – Липнадагы Никола курулат (1292-ж.). XV кылымдын орто ченинен Новгород Кремлинин комплекси – ири курулуштар, дубалдар таш менен курула баштайт.

Москванын жогорулай баштоосу менен бул жерде да Кремлдин комплекси бардыгы таштан курула баштайт (1366-1367-жж.). Иван Калитанын мезгилиндеги жыгач курулуштардын ордун таш курулуштар сүрүп чыгарат. Алардын катарында: Владимирдеги Успен собору (1400-1408-жж.), Звенигороддогу Саввин-Сторожев кечилдигинин собору (1404-ж,), Троицк-Сергий кечилдигинин собору (1423-ж.), Андроников кечилдигинин собору (1420-1427-жж.) ж. б.

Колдонмо искусство жана кол өнөрчүлүк да жандана баштайт. 1380-жылдан кийин чоюндан куюлган оор замбиректер жөнүндө маалыматтар Москва, Тверь летопистеринде кездеше баштайт.

Бул доордун негизги идеясы - баскынчылыктан бошонуу, өз алдынчалык жана биримдик, ал эми көздөгөн максаты - өлкөнүн мамлекеттик биримдиги, бийликти чыңдоо, анын аброюн эл аралык аренада жогорулатуу, мамлекетти башкарууда, аскер-согуш ишинде, мыйзамдуулук маселелери ж. б.

Публицистикалык чыгармаларда өлкөнүн куралдуу күчтөрү жана аны уюштуруу маселелери, чиркөө жерлери, помещиктердин жер ээликтери жана дыйкандар, жалпы эле дыйкан чарбасы, княздын жоопкерчилиги ж. б. каралат.

«Сказания о князьях Владимирских». Андагы негизги идея – Москва князлары – бул Владимир 1 Святославичтен

бери Рим императору Августтун урпактары экендигине басым жасалат.

Псков кечилинин башчысы (старец) Филофейдин теориясы боюнча: дүйнөдөгү түбөлүк падышачылык – бул Рим. Бул падышачылык укумдан тукумга өтүүчүлүк аркылуу (преемственность) бир өлкөдөн башка өлкөгө өтүп турат. Рим Италияда жаралып, католиктер тарабынан талкаланган. Анын ордуна экинчи Рим – Византия келди. Византияны түрктөр басып алды. Византиянын ордуна үчүнчү Рим – Москва келди. Мындан ары төртүнчү Рим болбойт. Ошентип, чиркөө чөйрөсүндө «Москва – үчүнчү Рим» теориясы Москва мамлекетинин саясий-идеологиялык жогорулашына өз салымын кошту.

**Текшерүүчү үчүн суроолор:**

1. Моңгол империясынын негизделиши жана Чыңгызхандын басып алуусу.
2. Батый хан. Алтын Ордонун түзүлүшү.
3. Калкадагы тирешүү.
4. Орустарга моңголдордун эзүүсүнүн орношу жана анын кесепеттери.
5. Муз үстүндөгү салгылашууну сүрөттөгүлө жана баа бергиле.
6. Швед жана немец рыцарларынын (кресттүүлөрдүн) агрессиясына токтолгула.
7. Александр Невский.
8. Рустун көз карансыздык үчүн күрөшүнүн жыйынтыктары жана маанисин баяндагыла.
9. Маданияттын (жыл баяндары; тарыхый дастандар; былиналар; архитектура; живопись; колдонмо искусство; кол өнөрчүлүк; публицистика) өнүгүүсүнө токтолгула.

## 7.0. Борборлоштурулган орус мамлекетинин түптөлүшү (XIII к. аягы – XVI к. I -жарымы)

*7.1. Бирдиктүү мамлекеттин негизделишинин себептери.*

*7.2. Бирдиктүү бийлик идеялары жана аны ишке ашыруу жолдору, саясий борборлоштуруунун этаптары*

*7.3. Москванын жогорулоосунун себептери жана шарттары*

*7.4. Москванын айланасында орус жерлеринин биригүүсүнүн аякташы. Россия мамлекетинин негизделиши.*

*7.1. Бирдиктүү мамлекеттин негизделишинин себептери.*

XIII к. экинчи жарымы - XVI к. башында - борборлоштурулган орус мамлекетинин түзүлүү процесси болуп өткөн. Бул мезгилде Москвага Суздаль-Нижегород, Ростов, Ярославль, Тверь, Новгород жерлери бириккен. Бул биригүүгө экономикалык, социалдык, саясий жана рухий өбөлгөлөр түзүлгөн. Анын себептери боюнча бир нече көз караштар бар. Кээ бир тарыхчылар (алсак, Жорж Дюби /1919-1996-жж./) Батыш Европа өлкөлөрү сыяктуу эле, Россияда борборлоштуруу саясаты окшош болгон, башкача айтканда, алгачкы буржуазиялык мамилелер пайда болгон. Мисалы, кол өнөрчүлүк, соода жана рынок мамилелери өнүккөн деп билдирет. Ал эми М.М.Горинов (1957-ж. т.), А.А.Горский (1959-ж. т.), А.А.Данилов (1954-ж. т.) ага каршы чыгып, бирдиктүү орус мамлекетинин негизделүү процесси феодалдык негизде жүргөн деп билдиришет. Алар негизги экономикалык себепти феодалдык мамилелердин кең (вширь) жана терең (вглубь) өнүккөндүгүнөн көрүшөт. Ички саясий

себеп катары бир нече феодалдык борборлордун саясий таасиринин күчөөсүн жана өсүүсүн белгилешет. Алар: Москва, Тверь, Суздаль ж.б. Мында уделдик княздарды жана бояр-вотчинниктерди княздык бийликке баш ийдирип, багындыруу процесси жүргөндүгүн айтышат.

Ш.М.Мунчаев, В.М.Устиновдун пикири боюнча XIV к. Руста ири феодалдык жер ээлөөнүн негизги формасы – вотчина[22] (княздык, боярдык, чиркөөлүк) болуп, XV к. экинчи жарымына чейин да кара жерлер ("черные земли[23]") Рустун түндүк бөлүгүндө көп болгон.

Дыйкандардын эки категориясы катталган:

- Кара дыйкандар – кыштактарда община (жамаат) түзүп жашап, жер үчүн князга салык төлөп, феодалдарга көз каранды болбогондор;
- Көз каранды дыйкандар - феодалдык вотчиналарда жашап, өзүнө бөлүнгөн жерлерди иштетип, кожоюнга баш ийгендер.

XIV к. феодалдык иерархия төмөнкүдөй болгон:

- Эң жогоруда – Улуу князь;
- Улуу княздын вассалдары[24] – уделдик княздар;
- Уделдик княздардын вассалдары – боярлар жана кичи, же кызматчы княздар;
- Кызматчылар, княздык чарбаны башкаруучулар.

Бара-бара "люди", "смерды", "изгои" ж. б. терминдер жоголуп, XIV к. "дыйкандар" (крестьяне) термини пайда болгон.

---

[22] Российдагы X кылымдардан бери белгилүү болгон феодалдык жер ээлөөчүлүктүн, байыркы түрлөрүнүн бири; бир уруктун укумдан-тукумга мурас катары өтүүчү жери.

[23] Феодалдын (князь, падыша) менчик жери. Аны кара дыйкандар иштеткен.

[24] Vassal – фр. – баш ийген, көз каранды болуп, кызмат кылган.

*7.2. Бирдиктүү бийлик идеялары жана аны ишке ашыруу жолдору, саясий борборлоштуруунун этаптары*

XIII к. орус княздары тарабынан борборлоштурулган мамлекет болуу идеясы жоголо баштаган эле. Ага моңгол-татар хандары түздөн-түз таасир этип турган жана алардан көз карандылыгы сакталган. Бирок, православдык чиркөө гана Рустун маданий жана улуттук биримдигин сактаган десек жаңылышпайбыз.

Митрополит Максимдин Киевди таштап Владимирге көчүшү (1299-ж.) Владимир-Суздаль княздыгынын саясий, идеологиялык ролун жогорулаткан.

Тарыхый өнүгүү процессинде улуттук мамлекеттердин негизделишине жана борборлошуусуна эки жол бар:
- Саясий жана экономикалык биригүү процессинин бир эле мезгилде жүрүшү;
- Алгач саясий, андан соң экономикалык жактан биригүү жүргүзүлөт.

Россияда экинчи жол менен борборлоштуруу процесси жүргөн.

Рустун саясий биригүүсүнүн этаптары:

I. Москва княздыгынын күчтөнүшү жана Москванын айланасында орус жерлеринин бириге башташы (XIII кылымдын аягы - XIV кылымдын биринчи жарымы).

Москва княздарынын сулалесинин (династия) негиздөөчүсү катары Александр Невскийдин кичүү уулу Даниил Александровичти (1261-1303-жж.; бийликте - 1276-1303-жж.) атасак болот. Анын тушунда Москва княздыгынын аймагы өсүп, маанилүү жерлер - Коломна (1301-ж.), Можайск (1303-ж.) кошулган. Анын уулу Иван I Даниилович (?-1340-жж.; бийликте - 1325-1340-жж.) Тверь княздыгындагы Алтын Ордо эзүүсүнө каршы көтөрүлүштү (1327-ж.) басып, Ордодон

Улуу княздык жарлыгын алат. Улуу князь чиркөө менен тыгыз байланышта болуп, митрополит Петр Москвага тез-тез чакырылып турса, андан кийинки митрополит Феогностту биротоло көчүрүп келген. Жыйынтыгында, Москва Рустун диний жана идеологиялык борборуна айланат. Иван Даниилович аябай акылдуу, өз максатына жетүүдө өжөр саясатчы болот. Анын тушунда Москва - Рустагы эң бай княздыкка айланган. Ошондуктан, ал "Калита" ("калта", "капчык", "акча капчыгы" - "денежная сума", "кошель"), же Иван Даниилович Калита деген атка конгон.

Иван Калитанын орус мамлекетин башкаруусунун мааниси:

- Анын тушунда орус жерлеринин бирдиктүү борбору катары Москванын ролу жогорулаган;
- Монгол-татарлар менен күрөшүү үчүн күч чогулта алган;
- Орус княздыктарынан салык жыйноо укугун алган;
- Галич, Углич, Белозерск княздыктарын бат эле, ыктыярдуу баш ийдирүүгө жетишкен.

II. XIV к. II жарымы – XV к. башы - биригүү процесси ийгиликтүү болуп, бирдиктүү мамлекеттин элементтери пайда болгон.

Иван Калитанын уулдарынын бири - Симеон же Семен Иванович (1316-1353-жж.; бийликте - 1340-1353-жж.), - Новгород жана Литва княздыктарын Москвага бириктирүү максатында ийгиликтүү согуш аракеттерин жүргүзүп, башка княздарга өзүнүн текебер сыймыктуу (высокомерный, гордый,) мамилеси үчүн "Гордый" деген атка конгон.

Иван II Иванович Красныйдын (1326-1353-жж.; бийликте - 1353-1359-жж.) тушунда Москва княздыгына Дмитрово, Кострома, Стародуб, Калуга жерлери кошулган. Ал эми Дмитрий Иванович (1350-1389-жж.;бийликте - 1359-1389-

жж.) князь болуп турган жылдары Рустагы саясий, экономикалык кырдаал Москванын пайдасына өзгөргөн. Бул процесске төмөнкүлөр түрткү болгон:
- Рустун түндүк-чыгышында жайгашкан Москваны чеп менен курчоо башталып, эки жыл ичинде ак таштан (1367-ж.) Кремль курулуп бүткөрүлгөн;
- Төмөнкү (Нижний) Новгород жана Тверь, бир катар согуштардан кийин Москва княздыгынын улуулугун таанып (1368-1375-жж.), литвалык князь Ольгерддин Кремлге жүргүндөрүнүн (1368, 1370-жж.) мизи кайтарылган;
- Вожа дарыясында (Оканын куймасы, Рязань княздыгы) орус аскерлери моңгол-татарларды (Алтын ордо) жеңип (1378-ж.), аброюн жогорулаткан;
- Мамай хан Литвалык княз Ягайло жана Рязань князы Олег менен союз түзүп, Руска чабуул жасаган (1380-ж.). Миңдеген моңгол-татар аскерлеринин арасында италиялыктар, гректер, черкестер, ясылар, армяндар ж. б. болгонуна карабастан, Ордо жеңилген.

Князь Дмитрий Иванович Серпухов, Ярославль, Муром, украин, белорус ж. б. полкторунан турган (100-150 миңдей) күчтүү аскер чогулткан. Бул боштондук үчүн бириккен күчтү орус православ чиркөөсү колдоп, Троицк монарстырынын негиздөөчүсү Сергий Радонежский өзүнүн батасын (благословение) берет.

Куликово талаасындагы салгылашуу (08.IX.1380-ж.). Непрядва жана Красная Меча сууларынын Дон дарыясына куйган аралыгында каршылаш күчтөрдүн баатырлары Иван Пересвет менен Темир Мырза салгылашат. Андан соң орус жана моңгол аскерлери (100-150 миңдей) беттешет. Бул жүргүнгө Новгород, Тверь, Нижегород, Рязань, Смоленск княздыктарынын дружиналары катышкан эмес. Дмитрий

Иванович жөнөкөй аскер кийимин кийип, өз жоокерлеринин арасында салгылашып, аларга дем-күч берген. Орус жоокерлери моңгол-татарларды чаржайыт чегинүүгө мажбурлап, артынан 40-50 километрдей кууп барып, талкалашкан. Орустар тараптан 250 миң, Мамайдын аскерлеринен 400 миңи согуш талаасында өлүп, сегиз күн бою өлүктөр көмүлгөн.

Дмитрий Донской өлөөр алдында өзүнүн уулу Василий Iге (1371-1425-жж.; бийликте - 1389-1425-жж.) Владимир Улуу княздыгын берет. Ошентип, Владимир жана Москва княздыктарынын бирдиктүү болушу менен, Улуу Москва княздыгынын саясий аброю дагы да жогорулайт.

III. XV к. экинчи чейреги - феодалдык согуштар (1430-1450-жж.)

Феодалдык согуштар мезгили Василий I дин өлүмүнөн кийин (1425-ж.) башталат. XIV к. аягында Москва княздыгында Дмитрий Донскойдун балдарына тиешелүү болгон бир нече уделдик ээликтер пайда болгон. Алардын эң ирилери болгон Галич жана Звенигородго Дмитрий Ивановичтин кичүү уулу Юрий ээлик кылган. Мураскерлик салты боюнча, Юрий Дмитриевич (1374-1334-жж.), Василий I ден кийин алыш керек эле. Бирок, бул салт, Василий I балалуу боло электе түзүлгөндүктөн, ал тактыны өзүнүн уулу 10 жашар Василий II Васильевичке өткөрөт. Улуу князь Василий I өлгөндөн кийин,Юрий, княздыктагы мураскерлердин улуусу катары, Василий II (1415-1462-жж.; бийликте - 1425-1462-жж.) менен күрөшүн баштап, эки жолу (1433, 1434-жж.) Улуу княздык тактыны күч менен тартып алганга жетишет. Юрий өлгөндөн кийин, Улуу княздык үчүн күрөштү анын уулдары Василий Косой (?-1448-жж.) жана Дмитрий Шемяка (1420-

1453-жж.) улантышат. Күрөш аябай катаал жүрүп, көзүн оюу, уулоо, алдоо, өлтүртүү жолдору колдонулат.

Дмитрий Шемяка, Тверь князы Борис Александрович жана башка кутумчулардын (Москванын айрым боярлары жана Троице-Сергий монастырынын кээ бир кечилдери) жардамы менен бийликти тартып алып, аз убакыт болсо да Москванын Улуу князы (II.-XII.1446-ж.) болуп турган. Москва боярлары жана чиркөө кайрадан Василий Васильевич II Темный[25] (көр, сокур) тарапка ооп, Шемяка Новгородго куулуп, ошол жакта өлөт (же өлтүрүлөт).

Василий II нин тушунда Улуу Москва княздыгы, XIV к. салыштырмалуу 3 эсе кеңейет. Улуу княздык бийликке баш ийдирүү максатында, ал Суздаль-Нижегород, Новгород, Муром, Псков, Вятка княздыктарына бир катар жүрүштөрдү (1441, 1443, 1456, 1457, 1460-жж.) уюштуруп, аларды Москваны таанууга жана курамына кирүүгө аргасыз кылат.

IV. XV к. экинчи жарымы - XVI к. башы - борборлоштурулган бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшү.

Василий II Темный мамлекеттик башкаруу системасында төмөнкү реформаларды жүргүзгөн:

- Тыйын акчаны кайрадан чегип, анын кунун кетиргенине наразылыгын билдирген Новгород элинин козголоңунан (1446-1447-жж.) кийин акча реформасы жүргүзүлгөн;
- 1450-жылдары Уделдердин ордуна уезддер түзүлгөн;
- Уезддерди улуу княздын боярларынан турган наместниктер башкарган;
- “Падыша сарайын” башкаруу боярларга берилген;

1440-жылдары “Падыша сарайы” эки бөлүктөн турган:

[25] Анын көзүн Шемяка баш болгон душмандары оюп салышкандыктан, “Сокур” (“темный”) атка конгон.

- “Сарай” (дворец) - улуу княздын жана анын үй-бүлөсүнүн жери;
- “Короо” (двор) – административдик-аскердик аппарат иш алып барган жай.

*7.3. Москванын жогорулоосунун себептери жана шарттары*

Москва шаары борбор катары Москва дарыясынын жээгинде жайгашып, эки бөлүктөн турган:
- “Детинец” – XII – XIII кк. баштап - Кремль - 1 гектарга жакын аянтты ээлеген княздын резиденциясы;
- “Посад” - элдин негизги массасы жашаган жер жана соода аянты (“торг”).

М.М.Шумилов жана С.П.Рябикин Москванын жогорулоосунун себептерин жана шарттарын аныктоого аракеттенишет. Алар:
- Москванын ортолуктан орун алган географиялык абалы: шаар үч маанилүү соода жолунун тоомунан орун алган;
- Княздардын генеалогиялык-тектик абалынын таасирдүүлүгү;
- Москва княздары, тверликтерден айырмаланып, шамдагай, ийкемдүү жана жигердүү саясатчы болушкан. Моңгол-татарлар менен ачык күрөшүүнү ойлогон эмес. В.О. Ключевский[26]:“Московские князья... вовсе не думали о борьбе с татарами; видя, что на Орду гораздо выгоднее действовать... угодничеством и деньгами, чем оружием, они усердно ухаживали за ханом и сделали его орудием своих замыслов”, - деп таамай белгилейт.

---

[26] “Москва княздары татарлар менен күрөшүүнү деги эле ойлогон эмес. Ордого куралга караганда акча, жасакерлик менен таасир кылуу ыңгайлуу экендигин сезишип, алар ханга сыпайы мамиле кылуу менен, аны өздөрүнүн саясий кызыкчылыгынын куралы кылып алышкан”. Ключевский,В.О. Сочинения. В 9 т. Курс русской истории. Т. II, часть 2. – М.: Мысль, 1987, с. 19.

- Узак жашаган Иван 1 Даниилович Калитадан баштап, княздык бийлик атадан балага мурас катары салттуу түрдө өтө баштаган;
- Москва княздары Православдык чиркөөнүн колдоосунда болушкан;
- Улуу княздык даражасына ээ болгондон тартып, Москвага боярлар, эркин кызматкерлер (вольные слуги) көптөп келе баштаган;
- Москванын кубаттуулугу 1367-жылы ак таштан кыналып курулган Кремль менен бекемделген.

*7.4. Москванын айланасында орус жерлеринин биригүүсүнүн аякташы. Россия мамлекетинин негизделиши.*

Тарыхчылардын пикири боюнча, XV кылымдын аягы - Орто кылымдардан Жаңы мезгилге өткөн доор деп эсептелет. Осмон-түрктөрү Византия империясын кыйратып (1453-ж.), болочок Осмон империясынын пайдубалын түптөйт. Христофор Колумб (1451-1506-жж.) Американы ачкандан (1492-ж.) кийин, көптөгөн географиялык ачылыштар болгон. Батыш Европада өндүргүч күчтөр өнүгөт. Немец ойлоп табуучусу Иоганн Гутенберг (1400-1468-жж.), Европада алгачкылардан болуп китеп басып чыгарат (1456-ж.). Бул мезгил дүйнөлүк тарыхта Кайра жаралуу доору деп аталат.

Россия мамлекетинин негизделүү процессинин аягына чыгуусу Иван III Васильевич (1440-1505-жж.; бийликте - 1462-1505-жж.) жана Василий III Ивановичтин (1479-1533-жж.; бийликте - 1505-1533-жж.) башкаруу жылдарына туура келет.

Василий II Васильевич Темный өлгөндөн кийин (1462-ж.) Москва тактысына анын тун уулу Иван III Васильевич келет. Дал ушул Иван III, эки кылымдык орус жерлерин бириктирүү процессин аягына чыгарып, Алтын Ордонун эзүүсүнөн бошоткон. Абдан акылдуулугу жана эркинин

күчтүүлүгү менен айырмаланып, алгач, Москванын Улуу князы катары бийлик жүргүзсө, өмүрүнүн акыркы жылдары, кээ бир документтерде, ал "падыша" титулу менен эскерилет.
Иван Васильевичтин мерчемдүү иштери:
- Москванын Улуу княздык бийлигине дээрлик бардык жерлерди бириктирген;
- Россия самодержавесине негиз түзгөн;
- Мамлекеттик башкаруу аппаратын бекемдеген;
- Москванын эл аралык аброюн жогорулаткан;

Иш жүзүндө, Иван III, Москва мамлекетин негиздеген: Ярославль (1463-ж.), Пермь (1472-ж.), Ростов (1474-ж.), Новгород (1478-ж.), Тверь (1485-ж.), Вятка (1489-ж.) ж. б. княздыктары Москва Улуу княздыгын таанып, ага баш ийип, биротоло бириккен.
Византиянын акыркы императору Константин XI нин (1403-1453-жж.) жээни Софья (Зоя) Палеологго үйлөнгөндөн (1472-ж.) кийин, Иван III православиени колдоп, чиркөө да аны жактап, бийлик менен дин бейпил мамиледе болушкан. Жыйынтыгында, Россияда монархиялык бийликтин бедели көтөрүлгөн.

Литва Улуу княздыгы менен согуштар (1487-1494-жж. жана 1500-1503-жж.) ийгиликтүү болуп, Литва князы Александр менен жарашуу келишиминин шарты боюнча (1503-ж.) Москва Улуу княздыгына 19 шаар жана 70 волость өткөн. Алардын ичинде - Чернигов, Верхов, Новгород-Северск, Гомель, Брянск ж. б. жерлер (княздыктар) кайтарып алынган.Алтын Ордого каршылаш болгон Крым ханы Менгли-Гирей (1468-1515-жж.) менен союз (1476-ж.) түзгөн жана Ордого салык төлөөдөн баш тарткан.

Чоң Ордонун ханы Акмат (?-1481-жж.) жана Иван III түн "Уградагы тирешүүсүндө" (1480-ж.) моңгол-татарлардын эзүүсүнө чекит коюлган.

XV к. аягынан Иван III өзүнүн мөөрлөрүндө Георгий Победоносецтин сүрөтү чегерилген Москва гербине, мындан ары Византиянын гербине мүнөздүү болгон эки баштуу бүркүттүн элеси түшүрүлгөн символ кошулат.

Титулдаштырууда да өзгөрүүлөр болгон. Эгерде мурда “Иоанн, божиею милостью государь всея Руси”– деп айтылып келсе, XV к. аягынан Улуу Москва княздыгына баш ийген башка княздыктардын географиялык аталыштары кошулуп, “Иоанн, божиею милостью государь всея Руси и великий князь Владимирский, и Московский, и Новгородский, и Псковский, и Тверской, и Пермский, и Югорский, и Болгарский и иных” - деп айтыла баштайт. Элчилерди кабыл алганда да, элчиликтин башчысы ага “Государь Всея Руси”, - деп кайрылса, Иван III өзүн «падыша» деп тааныштырган. Анын «падыша», «пааша», «өкүмдар» (“царь”, “самодержец”) титулдары бүткүл Рустун көз карандысыздыгын жана өз алдынчалуулугун билдирген. Москваны болсо - Рим, Константинополдон кийин турган “Үчүнчү Рим” деп аташкан.

XV к. аягында Иван III Рим папасы, Герман империясы, Венеция, Дания, Венгрия, Молдавия, Крым хандыгы, Турция ж. б. менен дипломатиялык мамиле түзөт.

Москва мамлекетине кошулган князьдар, эми, боярлар (“обояривание князей”) болуп калган. Мурдагы княздыктар уезддерге айландырылган. Уезддерди княздыктын өкүлдөрү (кормленщик боярлар) башкарган. “Боярлар думасы” – бештен кем эмес, он экиден ашык эмес жогорку даражалуу боярлардан же “окольничийлерден” турган.

Мамлекетти башкаруу жана тейлөө эки ведомствонун колунда болгон:

- Сарай (дворец) - Улуу княздын жери;

- Казына (казна) – финансы, канцелярия, мамлекеттик мөөр, архив ж. б.

Бирдиктүү мамлекеттик Жаңы мыйзам жыйнагы - Иван III нүн Судебниги иштелип чыгып (1497-ж.), ал 68 беренеден (статья) турган. Анын 57-беренесинде Юрьев күнү (26-ноябрь) белгиленип, ага ылайык, бүткүл өлкө боюнча белгилүү гана күндөрдө (Юрьев күнүнөн бир жума жана андан бир жума кийинкиге чейин) дыйкандын бир феодалдан экинчи феодалга өтүү укугу мыйзамдаштырылган. Кете турган болсо, дыйкан, эски жерде жашаган жылдары үчүн акы ("пожилое") төлөгөн. Муну менен өлкөдө крепостнойлук укук орногон.

Ошентип, түндүк-чыгыш жана түндүк-батыш Рустун бир мамлекетке биригүү процесси аяктап, Европада XV кылымда Россия деп аталган ири держава пайда болгон.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. XIII к. Экинчи жарымы- XVI к. башында борборлоштурулган орус мамлекетинин түзүлүү процесси боюнча баяндагыла.
2. Бирдиктүү мамлекеттин негизделишинин себептерин аныктагыла.
3. Бирдиктүү бийлик идеялары жана аны ишке ашыруу жолдору, саясий борборлоштуруунун этаптарын атагыла.
4. Москванын жогорулоосунун себептерин жана шарттарын түшүндүргүлө.
5. Москванын айланасында орус жерлеринин биригүүсүнүн аякташы жана Орус мамлекетинин негизделишин баяндагыла.

## 8.0. Россия мамлекети XVI кылымда. Иван Грозный жана анын ишмердиги.

*8.1. Социалдык-экономикалык өнүгүү;*

*8.2. Иван Грозныйдын ички саясаты жана реформалары;*

*8.3. Опричнина. Тарых илиминде опричнинаны баалоо;*

*8.4. Россиянын саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, тышкы саясаты.*

*8.5. Маданият (еретиктер кыймылы; элдик ооз эки чыгармачылык; публицистика; жыл баяндары; китеп басып чыгаруу; архитектура; живопись).*

*8.1. Социалдык-экономикалык өнүгүү;*

Орто кылымдарга салыштырганда XVI к. аягында Россиянын аймагы дагы эки эсеге өскөн. Каратып алуу жолу менен ага Казан, Астрахан  жана Сибирь хандыктары, Башкирия киргизилип, калкынын саны 9 млн. адамга жеткен. Аймагынын кеңдигинен 1 чарчы километрге 1-5 гана адам (Европада - 10-30 адам) туура келген. Өлкөнүн калкы көп улуттуу боло баштаган.

Мамлекеттин экономикасы салттуу мүнөздө болуп, натуралдык чарба жүргүзүлгөн. Үстөмдүк кылган жер ээлөөчүлүк формасы болуп - боярдык вотчиналар эсептелген. Ири вотчина ээлери - Улуу князь (падыша), митрополит (1589-жылдан патриарх) жана монастырлар болгон. Аны менен феодалдык-крепостнойлук тартип бекемделген.

Феодалдык жеке менчик үч түрдө болгон: поместьелик, вотчиналык жана мамлекеттик.

Дыйкандар социалдык абалы боюнча үч топко бөлүнгөн:

- Феодалга көз каранды (владельческие крестьяне);
- Улуу князга көз каранды (дворцовые);
- Мамлекетке көз каранды (черносошные);

XVI к. экинчи жарымында Россиянын түштүк аймактарында казачество (түрк сөзүнөн алганда “эр жүрөк” /“удалец”/, “эркин адам” /“вольный человек”/) негизги ролду ойногон жана алар согушчан болушкандыгын белгилеп кетүүгө болот.

XVI к. аягында Россияда 220 шаар болуп, эң ириси - Москвада 100 миңге жакын калк жашаган. Башка шаарларынын 3-8 миңден калкы болгон. Салыштыруу иретинде айтсак, ушул эле мезгилде Париж, Неапольдо – 200 миң; Лондон, Венеция, Амстердам, Римде – 100 миңден калк катталган.

Шаарларда социалдык катмар катары кол өнөрчүлөр, соодагерлердин ролу жогорулап, ири соодагерлерден (Иван Грозныйдын колдоосу менен) Строгановдор белгилүү болушкан.

*8.2. Иван Грозныйдын ички саясаты жана реформалары.*

Василий III дүйнөдөн кайткандан (1533-ж.) кийин Улуу князь тактысына анын үч жаштагы уулу Иван IV келет. Чындыгында, мамлекетти Ивандын ордуна энеси Елена (Литва князы Глинскийдин кызы) башкарган. Елена Глинская (1533-1538-жж.) мамлекеттин коопсуздугу үчүн бир катар реформаларды жүргүзгөн:
- Бирдиктүү акча катары - монета, узундук жана көлөм өлчөмдөрү киргизилген;
- Жаңы чептерди куруу, эскилерин оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, армия бекемделген.

- Литвадан келген православдарга жерлер жана жеңилдиктер берилген.

Е.Глинская өлгөндөн кийин (ал ууланган деген жоромолдор бар) бийлик талашуу жүргөн. 1547-жылы Иван IV (1530-ж. төрөлгөн) балакатка толуп, «падыша» (царь) титулун алып, такка отурат. «Падыша» титулун алганга эки себеп бар эле. Алар:

- Монгол-татарлардан көз каранды эместиги жарыяланган;
- Түрктөр Византия империясын кулаткан (1453-ж.) соң, грек православ дүйнөсү падышасыз калып, христиандарга «падыша» титулу зарыл болгон. 14 жылдан соң бата («благословение») алган.

Иван IV жарым кылымга жакын (1538-1584-жж.) падышачылык кылган. Падыша интеллектуалдык жөндөмдүүлүгү жогору, акылдуу, *кругозору кең болсо да, каардуулугу менен айырмаланган. Анын башкаруусун 2 мезгилге бөлсө болот:

1) 1540-жж. аягы – 50-жж. - ири ички жана тышкы саясий жетишкендиктер, реформалар мезгили;
2) 1560-1584-жж. - опричнина мезгили жана анын кесепеттери.

Падышага жакын чөйрөдөгү «Тандалма рада» («Избранная Рада») өкмөтү (1549-1560-жж.) тарабынан көптөгөн реформалар жүргүзүлгөн. Тандалма Радага кирген адамдар Иван IV колдоосуна ээ болгон. Алсак, Алексей Адашев, падышанын *духовниги - Сильвестр, досу - Андрей Курбский, бүткүл Рустун митрополити – Макарий ж. б.

1549-ж. Москвада падышанын «Кеңеш органы» («совещательный орган») - Земский собор чакырылган.
Жаңы мыйзамдар жыйнагы - «Судебник» чыккан (1550-ж.).

Чиркөө собору чакырылып (1551-ж.), анда «Жүз баптуу» («Сто глав») укуктук нормалар кодекси кабыл алынган.

Мамлекеттик башкарууда да чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Мурунку “Государев двор” жана казынанын ордуна жыйырмага жакын «адистештирилген приказдар системасы» түзүлгөн.

- Разрядный приказ – аскер иштери боюнча, ал 3 палатага бөлүнгөн: артиллерия, же «пушкарский», аткычтар, же «стрелецкий», курал-жарак, же «оружейная палата» (арсенал);
- Посольский приказ – чет мамлекеттер менен иш алып барган;
- Большой приказ – каржылык, казына, же финансы иштери боюнча;
- Поместный приказ - мамлекеттик жерлерди бөлүштүрүү;
- Холопий приказ – эч нерсеге укугу жок дыйкандарды (холоп) башкаруу;

Приказдардын башында ири мамлекеттик чиновниктер - бояр же дьяк - турган.

1556-ж. - губа (губа – округ) старосталары (Земские старосты, излюбленные голова) шайланган.

Иван IV аскер реформасын да жүргүзгөн:

- Армиянын өзөгү (ядро) - «Тандалган миңдиктен», же 1070 провинциядан келген дворяндардын балдарынан куралган кошуундан (ополчение) турган.
- «Уложение о службе» түзүлүп, мыйзам боюнча орус жана чет элдик жарандар да 15 жаштан аскер кызматын өтөгөн.
- XVI к. ортосунда расмий справочник – «Подарев *родословец» түзүлгөн.

XVI к. 50-жылдары жүргүзүлгөн реформалар Россияда көп улуттуу, борборлоштурулган, күч-кубаттуу мамлекеттин пайда болуп, эл аралык аренада таанылышына алып келген.Ал

падыша бийлигин чыңдап, жергиликтүү жана борбордук башкаруу кайрадан түзүлүп, өлкөнүн аскердик дарамети бекемделген.

*8.3. Опричнина (1565-1572-жж.). Тарых илиминде опричнинаны баалоо.*

Иван IV капысынан өзүнүн үй-бүлөсү жана жакындары менен Москвадан чыгып кетип (03.XII.1564-ж.), борбордон 65 км (верста) алыстыктагы Александров Слободасына жайгашып, 1 айдан кийин борборго 2 кат (грамота) жиберет. Биринчи грамотада бардык чиркөө иерархтарынын, феодалдардын жана мамлекеттик кызматкерлердин чыккынчылыгын териштире жазып, экинчисинде - Москванын жалпы элине кайрылып, биринчи грамота аларга тиешеси жок экенин белгилейт. Бул кат Москванын борбордук аянтында жалпы журтчулукка окулуп берилгенде, калың эл, чыккынчылар тарапта эмес экендигин жана падышанын тактысына кайтуусун өтүнгөнүн билдирген элчилик жөнөтүү керектигин суранган. Жогорку даражалуу чиркөө кызматкерлери, боярлар, өкмөт өкүлдөрү, көпөстөр жана Новгород архиепископу Пимен башында турган депутация Иван IV барып, кулдук уруп (“Бить челом”), элдин өтүнүчүн ага угузушкан. Падыша, албетте, макулдугун берип, өзү каалагандай бийлик укугун (өлтүрсөм да өзүм билем, калтырсам да өзүмүн эрким) талап кылган. Анын койгон шартына ылайык, бүтүндөй мамлекет экиге бөлүнүшү керек эле:

- Опричнина («опричь» - кроме) – падышанын жеке өзүнө гана тиешелүү ээликтер (удел);
- Земщина – жалпы мамлекеттик жерлер.

Падыша опричнинага өлкөнүн экономикалык жактан өнүгүүсү жолго коюлган райондорун киргизген. Алар: суу

жолдорундагы ири соода шаарлары, батыш жана түштүк-батыш тараптагы туз өндүргөн негизги борборлор, ошондой эле өлкөнү коргой турган куралдуу күчтөр жайгашкан стратегиялык маанидеги жерлер болчу. Опричнинага кирген жерлер Дума жана Приказдардын колунда болсо, ал эми земщинаны И.М.Висковатый (?-1570-жж.; мамлекеттик кызматта – 1540-жылдардан) башында турган өкмөт башкарды. Падышанын опричниктери же аскер мүчөлөрү монахтардын кара кийимин кийишип, жазалоо укугуна ээ болгон. Опричнинанын башында падышанын биринчи аялы Анастасиянын туугандары В.М.Юрьев, А.Д.Басманов, экинчи аялы (1561-ж. никеге турган) Кабарда канышасы Мария Темрюковнанын бир тууганы М.Т.Черкасский, ошондой эле, князь А.И.Вяземский, боярин Василий (Васюк) Григорьевич Грязной, дворянин Г.Я.Плещеев-Бельский (ылакап аты - Малюта Скуратов) ж. б. турган.

Көрүнүп тургандай, опричнина Иван IV жеке өзүнүн демилгеси менен киргизилгендиктен, бул саясат, объективдүү, же саясий жана социалдык карама-каршылыктарды жаратпай койгон жок. Аскер күчтөрүнүн санынын өсүүсү дыйкандарды, кол өнөрчүлөрдү жана соода адамдарын башкарууга, эзүүгө шарт түзгөн.

Иван IV өздүк мотиви:

А) 1554-ж. – өзүнүн аталаш иниси, Старицкий уделинин жаш князы Владимир Андреевичке (1533-1569-жж.) боярлардын сүйкүмү арткандыгын туюп билип, эң жакын адамдары - А.Ф.Адашев жана Сильвестрге ишеничин үзөт;

Б) Тандалган рада, 1557-1558-жж. Ливон согушунун (1558-1583-жж.) башталышы боюнча Иван IV колдобогондуктан, боярлардын оппозициясына туш болот;

В) 1560-ж. сүйүктүү аялы Анастасия Романовнанын кайтыш болушуна аябай кыжаалат болуп, Сильвестр жана А.Адашевден биротоло кол үзөт. Күмөндүүлөр сарайдан чыгарылып, сүргүнгө айдалып, андан ары жок кылынган;
Г) 1564-ж. аскер башчысы жана досу Андрей Курбский Литвага качканда аябай ачууланып, боярларга каршы репрессия баштап, дээрлик баарынан кутулат. Алардын ичинде: Малюта Скуратов (Плещеев-Бельский), И.М.Висковатый, ата-бала - А.Д.Басмановдор, А.И.Вяземский, М.Т.Черкасский ж. б.

Падыша опричнина саясатын алып салганы (1572-ж.) менен, жазалоолор, өлтүрүүлөр токтогон эмес. Ал Иван IV өзүнүн өмүрүнүн акырына чейин уланган. Алсак, өз баласы, канзада Иван Иванович өлтүрүлгөн (1582-ж.).

Опричнина – саясий, социалдык, экономикалык жана рухий турмушка таасирин тийгизген:
- Борборлоштуруу жолу алга жылган (майда уделдер, андагы князьдар жок кылынган же өлтүрүлгөн);
- Экономикалык кризис башталган - жерлер иштетилбей калган, элдер өлтүрүлгөн же Литвага качкан;
- Иштетилген жер аянттары кыскарып, ачарчылык башталган;
- Террорчулуктан 500 миң адам өлгөн (7-9 млн адамдан);
- Крепостнойлоштуруу мыйзамдарынын кабыл алынышына түрткү берген. Помещиктердин чексиз эзүүсүнөн, оор салыгынан дыйкандар качууга аргасыз болгон;
- Россиянын бүтүндөй резерви чачылган – земщинадан салык алган ж. б.

Тарых илиминде опричнинаны баалоо:

Иван IV жакын досу Андрей Курбский Литвага качып, өзүнүн эскермелерин («История о великом князе московском» /1573-ж./) жазган. Андан сырткары, опричнина темасы боюнча

Н.М.Карамзин, В.О.Ключевский, С.М.Соловьев, С.Ф.Платонов, М.Н.Покровский, Н.И.Смирнов, С.В.Бахрушин, В.К.Корецкий, Р.Г.Скрынников, П.Н.Бибиков, С.Б.Веселовский, А.А.Зимин, В.Б.Кобрин, С.М.Каштанов, Т.В.Черникова, В.Ф.Патронова ж. б. кеңири маалымат беришкен.

*8.4. Россиянын саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, тышкы саясаты.*

XVI к. Россиянын тышкы саясатында төмөнкү негизги милдеттер турган:

- Батышта - Балтика денизине чыгуу үчүн күрөш;
- Түштүк-чыгыш жана чыгышта – Казан жана Астрахан хандыктарын жеңүү жана Сибирди өздөштүрүү;
- Түштүктө - Крым хандыгынын бастырып келүүсүнөн өлкөнү коргоо.

Тышкы саясаттын алкагында Казан хандыгын (1552-ж.), Астрахан хандыгын (1556-ж.) каратып алуу менен Россия Волга боюн (Поволжье) биротоло ээлеген. XVI к. ортосунда Россияга – Чувашия (1551-ж.), Башкирия (1557-ж.), Кабарда (1557-ж.) ыктыярдуу кирип, Сибирь ханы Едигер Москвадан вассалдык көз карандылыгын тааныганы менен (1556-ж.), андан кийинки Күчүм хан (?-1598-жж.; бийликте – 1563-ж.) каршы чыгат.

Соодагер Строгановдор Күчүм ханга каршы күрөшүүгө казак отрядын баштаган атаман Ермакты көндүрүшөт. Ермак жеңгени менен (1581-ж.), ал саткын татардын кесепетинен, Иртыш дарыясында чөгүп өлөт (1585-ж.). Күчүм хандын татар, остяк (ханты), вогулдардан (манси) турган аскерлери талкаланып (1598-ж.),эбегейсиз Батыш Сибирь аймагы Россия мамлекетине карап калат.

Россиянын Батыш тарапка карата тышкы саясий аракеттери - Балтика деңизине чыгууга багытталган жана Ливон ордени басып алган жерлерди бошотуп алуу болгон. Алар (Нева дарыясы жана Финн булуңунун алаптары) мурун Улуу Новгородго караган жерлер эле.

Чейрек кылымга созулган Ливон согушун (1558-1583-жж.) үч этапка бөлүшөт:

- 1558-1561-жж. - орус аскерлери Ливон орденин талкалап, Нарва, Тартуну (Дерпт) алып, Таллин (Ревель) жана Ригага жакындаган;
- 1561-1578-жж. - Польша, Литва, Швеция, Данияга карата согуш аракеттери уланып, 1577-жылы Прибалтиканын чектерине жеткени менен, бир топ татаалдыктар келип чыккан:
- Өлкөнүн чарбасы төмөндөгөн;
- Күчтүү орус аскер башчысы - князь Курбский душман тарапка өткөн;
- Крым татарларынын талап тоноолору күчөгөн;
- 1578-1583-жж. - Россиянын коргонуу согуштары:

“Люблин униясы”[27] түзүлүп (1569-ж.), Польша жана Литва - Речь Посполитая деген бир мамлекетке кошулган. Тактыга отурган Стефан Баторий (1576-ж.) басып алуусун баштап (1579-ж.), Полоцк, Великие Лукини (1579-ж.) ээлеген. Псковду курчоого алып (1581-ж.), ийгилик болсо, андан ары Новгородду ээлеп,андан соң Москвага багыт алууну көздөгөн. Орустар коргонуу согушун жүргүзгөн. Псковду колдо алып калуу үчүн согуш 5 айга созулуп (1581-1582-жылдардын кыш айлары), аны И.П.Шуйский жетектеген орус аскерлери жана шаар калкы жапырт киришүүсү менен ийгилик жаралган.

---

[27] “Уния” - бир башчынын жетекчилигинде эки же бир нече мамлекеттердин биригүүсүнүн натыйжасында пайда болгон мамлекеттин формасы.

Стефан Баторий чегинүүгө мажбур болуп, Ливон согушу келишимдерди түзүү менен аяктаган.

- Россия менен Речь Посполитаянын (Польша) ортосунда 10 жылдык мөөнөткө түзүлгөн Ям-Запольск (15.I.1582-ж.) жарашуу келишимине ылайык, Полоцк жана Ливон жерлери Польшага берилген.
- Россия менен Швециянын ортосунда Плюсск тынчтык келишими (1583-ж.) түзүлүп, анын шарты боюнча Нарва, Ям, Копорье, Ивангород Швецияга өткөн.

Ошентип, стратегиялык маанидеги Прибалтика жерлерин Польша жана Швеция каратып алып, Россиянын кубаты кеткен.

XVI к. Москва мамлекетинин саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү.

Россия мамлекетиндеги (XVI к.) саясий системанын формасы боюнча бирдиктүү пикир жок жана ал талаш-тартышты жаратып келүүдө. Көпчүлүк саясатчылар аны самодержавие деп аныкташат жана анда деспотияны, абсолютизмди (болгондо да чыгыш деспотиясын) түшүнүшөт. XVI к. самодержавие - бул орустун улуттук православдык, сословиелик мамлекеттүүлүк формасы.

Жыйынтыгында XVI к.Россия самодержавиелик саясий түзүлүштөгү мамлекетке айланган. Мамлекет башындагы бийликте - Москва Улуу князы (падыша) турган. Анын колуна бардык бийлик, атап айтсак: мыйзам чыгаруучулук, аткаруу жана сот бийликтери топтоштурулган жана өкмөттүн аракеттерин падыша жүргүзгөн (указдары менен). Р.Г.Скрынниковдун пикири боюнча XVI к. Россияда империя жана империялык саясат түптөлө баштаган.

*8.5. Маданият (еретиктер кыймылы; элдик ооз эки чыгармачылык; публицистика; жыл баяндары; китеп басып чыгаруу; архитектура; живопись).*

XV-XVI кылымдарда ири чиркөөлөрдө - летопистер, карапайым калк арасында болсо - аңгеме түрүндөгү чыгармалар жаралган.

Еретиктер кыймылы. Алардын кыймылдаткыч күчтөрү – шаардык интеллигенция. Борборлору – Новгород жана Москва. XVI к. орто ченинде еретиктердин окуусу бара-бара радикалдык багытта боло баштайт. Анда социалдык идеялар да орун алат. Посаддык адамдардын төмөнкү катмарынан чыккан Феодосий Косой тутунган динине жана улутуна карабастан бардык адамдардын кудай астында теңдигин белгилеп, элге жайылткан.

Элдик ооз эки чыгармачылык. Тарыхый ырлар. Анда Иван Грозныйдын эскичил (консервативдик) боярларга каршы күрөшү, Сибирди, Казан хандыгын кошуп алуусу, бирдиктүү күчтүү орус мамлекетинин түзүлүшү колдоого алынган. Эл арасында Казань хандыгын алуу, Ермак жөнүндө ырлар кеңири жайылган.

Публицистика. Анда прогрессивдүү дворяндар менен реакциялык боярлар ортосундагы күрөш чагылдырылган.

Иван Пересветов. Ал өзү Литва жараны. Польша, Венгрия, Чехияда иштеп, кийин Москвага келген. Бул жерде бир катар публицистикалык чыгармаларды жаратып, анда реформалардын долбоорлорун сунуштап, самодержавиелик бийликти күчтөнтүү, боярларга, дворяндарга берилген артыкчылыктарды чектөө сунуштарын берген.

Дагы бир публицист – Ермолай-Еразм дыйкандарды чексиз эзүүнү жеңилдетүүнү сунуштаган.

Иван Грозныйды да публицист катары көрсөтүүгө болот: князь Андрей Курбскийге жазылган каттар, Кирилл-Белозерск кечилдигине жөнөтүлгөн кайрылуулар, чет мамлекеттерге жөнөтүлгөн дипломатиялык каттар ж. б. Андагы негизги идея – мамлекеттик бийликти чыңдоо, боярлардын, чиркөө жетекчилигинин ээн баштыгы (произвол) сынга алынган.

Митрополит Макарий он томдон турган чиркөө адабиятынын жыйнагын («Четьи Минеи») – орус ыйык адамдарынын турмуш-таржымалын (жизнеописание) түзүп чыккан.

Ал эми «Лицевой летописный свод» - дүйнө тарыхын, б. а. ааламдын жаралышынан XVI кылымга чейинки көркөмдөлгөн тарыхты чагылдырган.

«Степенная книга» - Рюриктен баштап Иван IV чейинки княздардын жана чиркөө башчыларынын тарыхын камтыган.

«Казан тарыхы» («Казанская история») – Казан хандыгынын түзүлүшүн жана анын Россияга каратылышын сүрөттөп берген.

«Домострой» аттуу китепте коомдун бардар катмарынын моралдык кодекси жана күндөлүк турмуш эрежелери жазылган.

XVI кылымдын орто ченинде Россияда китеп басып чыгаруу жолго коюлган. Бул өтө маанилүү маданий-тарыхый көрүнүш эле. 1564-жылы Москвада Иван Федоров жана Петр Мстиславец көркөмдөлүп коолдолгон «Апостол» китебин басмадан чыгарышкан.

Архитектуралык ири курулуштар. Италиялык архитектор Аристотель Фиорованти Москва Кремлинде Успен соборунун курулушун бүтүрөт (1475-1479-ж.). Псковдук курулушчулар бул жерде ишин улантышып, Благовещение

соборун курушат (1484-1490-жж.). Ал эми 1487-ж. Марко Руффо жана Пиетро Антонио Солари Иван IIIнүн сарайын – Грановитая палатанын курулушун аякташат. Ал жерде мамлекеттик жыйындар, салтанаттар өткөрүлүп турган.

1505-1509-жылдары Архангельск собору курулуп, анда Иван Калитадан баштап, Петр 1 чейинки княздардын жана падышалардын сөөктөрү коюлган.

Дмитрий Донскойдун мезгилинен бери кол тийбеген Москва Кремлинин дубалдарын жана мунараларын калыбына келтирүү иштери жүргүзүлгөн. Аны италиялык курулушчулар – Антон Фрязини, Марко Руффо, Пиетро Антонио Солари жана Алевиз ишке ашырышкан. Москва Кремли – орус элинин тирүү тарыхы.

Москва Кремлинен кийин башка шаарларда да (Нижний Новгород, Тула, Коломна ж. б.) кремлдер курулган.

Москванын соода борбору болгон Кытай-городдо (1534-1538-жж.) коргонуу чеби, ал эми анын чет жакасында Новодевичий кечилдиги (монастырь) (1525-ж.) курулган.

1532-жылы Коломенское кыштагында «кереметтердин керемети» («чудо из чудес» же «ааламдын 8-чи керемети») деген атка конгон Вознесение чиркөөсү курулган. 1560-жылга карата Казан хандыгын каратып алуунун урматына Покров собору же Василий Блаженный храмынын курулушу аяктаган. Анын курулушчулары – орус усталары Посник жана Барма болушкан. Москвадагы «Белый город» ансамбли (1583-1593-жж.) архитектор Ф.Кон тарабынан курулган.

Живопись. XV кылымдын аягы- XVI кылымдын башында орус кыл калемчилери Дионисий башында турган усталар жигердүү эмгектенишкен. 1481-жылы Дионисий Тимофей Ярец жана Ф.Кон менен биргеликте Москва Кремлинин Успен соборунун иконаларын сүрөттөп чийишет.

Кийинки жылдары ал Ростовдогу Иосиф-Волоколамск кечилдигин, ошондой эле Ферапонт кечилдигиндеги Рождество богородицы чиркөөсүнүн иконаларын аткарышкан.

1466-1472-жылдары Тверь көпөсү Афанасий Никитин (?-1474-жж.?) Индияга саякат жасап, анын натыйжасында «Хожение за три моря» чыгармасы жаралган.

**Текшерүүчү үчүн суроолор:**

1. Орусиянын социалдык- экономикалык өнүгүүсүн баяндагыла.
2. Иван Грозныйдын ички саясаты жана реформаларын айтып бергиле.
3. Опричнина деген эмне?
4. Тарых илиминде опричнина кандай бааланат?
5. Орусиянын саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, тышкы саясаты жөнүндө айтып бергиле.
6. Маданияттын (еретиктер кыймылы; элдик ооз эки чыгармачылык; публицистика; жыл баяндары; китеп басып чыгаруу; архитектура; живопис) өнүгүүсү жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыздар.

## 9.0. Россия XVII кылымда. Коогалаңдуу жылдар (Смутное время)

*9.1. «Коогалаңдуу жылдар» түшүнүгү жана андагы негизги окуялардын тарых илиминде чагылдырылышы;*

*9.2. Коогалаңдуу жылдардын мааниси жана кесепеттери.*

*9.3. Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсү;*

*9.4. Мамлекетке каршы көтөрүлүштөр;*

*9.5. Мамлекеттик – саясий түзүлүштүн эволюциясы;*

*9.6. Россиянын тышкы саясаты. Сибирди жана Ыраакы Чыгышты өздөштүрүү;*

*9.7. Чиркөө реформасы;*

*9.8. Маданият (адабият; архитектура; билим берүү; саякаттар, географиялык ачылыштар).*

*9.1. «Коогалаңдуу жылдар» түшүнүгү жана андагы негизги окуялардын тарых илиминде чагылдырылышы;*

- Россия цивилизациясы XVII кылымда Күнчыгыштан Күнбатышка жүз буруу процессин баштан кечирген;
- Улуу географиялык ачылыштар менен коштолгон;
- Батыш Европада феодалдык мамилелер бузула баштаса, ал эми Борбордук жана Чыгыш Европада феодалдык эзүү күчүнө кирген;
- Испания, Англия, Нидерландия, Франция мамлекеттери саясий жактан күчөп, деңиздин ары жактарына жетип, колониялык империяга айланса, Борбордук жана Чыгыш Европада компакттуу континенталдык империялар түзүлгөн. Польша Литваны кошуп алып, Швеция да Балтика деңизиндеги ээлик үчүн күрөшкөн.

Иван Грозный өлгөндөн кийин (1585-ж.) анын оорукчан жана кайратсыз уулу Федор Иванович (1557-1598-жж.; бийликте - 1584-1598-жж.) тактыга отурганы менен, өлкө ичинде бийлик үчүн күрөш күчөгөн.

Тарых илиминде XVI к. аягы - XVII к. башы - Коогалаңдуу жылдар деп аталат. Чиркөө тарыхнаамеси коогалаңды рухий чөйрөгө (күнөө көп, кудайсыз жашоо) байланыштырган.

С.М.Соловьев коогалаңдын себеби - элдин ыйманынын төмөндөшү деп эсептеген.

Н.И.Костомаров социалдык себептер (папалардын интригасы, Польша интервенциясы) менен байланыштырган.

В.О.Ключевский болсо мамлекеттик түзүлүштүн оорлугунан келип чыккан деп эсептейт.

Чындыгында, ар түрдүү карама-каршылыктардын татаал жыйынтыгы (рухий, адеп-ахлактык, экономикалык, династиялык, сословиелик, улуттук, эл аралык, мамлекеттер аралык ж. б.) десек болот.

Коогалаңдын саясий мотивдери:

Москва коомунун *элитасында бийлик үчүн күрөштө карама-каршылыктар күчөгөн.

Федор Ивановичтин кайын агасы Борис Годунов (1552-1605-жж.; бийликте – 1598-1605-жж.) опричнина жылдары көзгө илинип, саясий аренада суурулуп чыгып (1598-ж.), мамлекетти башкарган.

Федор Ивановичтин өлүмү (1598-ж.) жана анын мураскеринин жоктугу Рюриковичтер династиясынын токтогондугун билдирген.

Коогалаңдын экономикалык мотивдери:

- Опричнинанын кесепетинен жерлер таланган;

- 1601-1603-жж. түшүмсүздүк болуп, ачарчылык башталган.

Коогаландын социалдык мотивдери:

- Узакка созулган согуштар жана түшүмсүз жылдар элдин калың катмарынын нааразычылыгын күчөтүп, Земский Собор шайлаган Борис Годуновго ишенбөөчүлүк арткан;
- Казакчылык - социалдык күчкө айланып, өз жерлерин тарттырып жибербөө үчүн күрөшкөн.

Коогалаңдуу жылдардагы негизги окуялар:

Коогалаңдуу жылдардын башталуу маселеси боюнча тарых илиминде ар кандай пикирлер айтылат. Кээ бир окумуштуулар, алсак (С.В.Бушуев) - аны Иван Грозныйдын (1584-ж.) өлүмү менен, дагы бирлери (И.Н.Ионов) - Иван Грозныйдын уулу Дмитрийдин Угличтеги өлүмү (1591-ж.) менен байланыштырышат. Көпчүлүк окумуштуулар Борис Годуновдун бийликке келиши (1598-ж.) менен коогалаңдуу жылдар башталган дешет.

Анын аякташы, Земский Собор тарабынан бийликке Михаил Романовдун келишине (1613-ж.) байланыштуу.

Коогалаңдуу он беш жыл аралыгында (1598-1613-жж.) Орусияда кеминде 12 адам бийликте болду, алар: Борис Годунов; Федор Годунов (IV-VI.1605-ж.); Жалган Дмитрий I (Лжедмитрий I) (1605-1606-жж.); Василий IV Шуйский (1606-1610-жж.); Жалган Дмитрий II (Лжедмитрий II) (1607-1610-жж.); Жети боярдык башкаруу (Семибоярщина, 1610-1613-жж.).

Борис Годунов - такты үчүн оор күрөштө жеңген жана бийликти мураска албай, Земский Собор аркылуу шайланган. Кээ бирлери Борис Годунов - «адеп-ахлаксыз интриган», - десе, (Карамзин, Костомаров), кээ бирлери «таланттуу саясий ишмер» (С.Ф.Платонов) деп эсептешет.

Холоптор көтөрүлүшкө чыгып (1603-ж.), аны Хлопок Косолап жетектеген. Муну менен дыйкандар согушу башталган.

Б.Годунов өлгөндөн кийин анын уулу Федор Годунов да көп узабай (16 жаштагы Федор жана анын энеси кошо) өлтүрүлүп, бийликке Жалган Дмитрий I (Лжедмитрий I) келет. Дворяндардын колдоосун алыш үчүн ал жерлерди жана акчаны ченемсиз чачат. Көп өтпөй монастырлардан акча алууга туура келет. Андан сырткары, «Жалган Дмитрий I католик динин кабыл алган имиш», - деген ушак сөздөр, анын эски орус салттарын тутунбай бузуп турушу, чиркөө кызматкерлерин нааразы кылган. Дворяндарга өзгөчө көңүл буруулар да боярлардын кыжырын кайнаткан. Юрьев күнү боюнча дыйкандардын калың катмарынын мүдөөлөрүн аткара албагандыгы жогорудагыларга кошумча болгон.

Боярлар кутум уюштуруп (17.V.1606-ж.), Жалган Дмитрий I өлтүрүлөт да, бийликке князь Василий Шуйский келет.Ал Земский Собордун тандоосу менен эмес, боярлардын колдоосу менен тактыга олтургузулат. В.Шуйскийдин бийлик мезгилинде Иван Болотниковдун (1606-1607-жж.) көтөрүлүшү чыгып, ага холоптор, дыйкандар, стрелецтер, казактар жана дворяндар да катышат. Согуш Түштүк-Батыш жана Түштүк Россиянын (70 шаарында), Төмөнкү жана Ортоңку Поволжьенин аймактарын камтыйт. Көтөрүлүшчүлөр В.Шуйскийдин аскерлерин талкалап, Москваны ээлешет. Бирок, дворяндардын чыккынчылыгынан жеңилип, Калугага, андан соң, Тулага качып, ал жерде төрт ай күрөштөн кийин багынууга мажбур болот. Болотников Каргопольго айдалып, көзү оюлуп, сууга чөктүрүлөт (1608-ж.).

Бул жагдайдан Польша интервенттери пайдаланып калууну чечет. Речь Посполитая жана католик чиркөөсү

Россияны бөлүп жана анын мамлекеттүүлүгүн жоюуга аракеттенишет. Василий Шуйскийдин мезгилинде Сигизмунд III (Польша) жетектеген ачык интервенция башталат. Ал алгач Смоленскти (IX.1609-ж.), анан Москваны (1610-ж.) ээлеп алат. В.Шуйский дворяндар тарабынан тактыдан түшүрүлүп, Россияда «Жети бояр бийлиги» (“Семибоярщина”) орнойт. Боярдык дума Польша интервенттери менен сүйлөшүп алып, алардын католик королун (жашы жете элек Владислав) орус тактысына чакырууга макул болушат. Бул улуттук кызыкчылыктарга чыккынчылык болгон. Ал эми 1610-жылы жайында швед интервенттери басып кирген. Мындай учурда эл жапырт түрдө аларды сүрүп чыгарып, Россия мамлекетинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүсү шарт эле.

1612-ж. күздө биринчи элдик кошуун (жетекчиси - П.П.Ляпунов) жана экинчи элдик кошуун (князь Д.М.Пожарский жана К.М.Минин жетектеген) тарабынан Москва поляк интервенттеринен бошотулган. Костромалык дыйкан Иван Сусанин да өз мекени үчүн күрөшүп, эрдигин көрсөтө алган. Скульптор И.П.Мартос Пожарский жана Мининге эстелик тургузган (XIX к.).

*9.2. «Коогалаңдуу жылдардын» мааниси жана кесепеттери.*

Москвада Земский Собор (1613-ж.) чакырылып, ал жаңы орус падышасын шайлоо маселесин караган. Талапкерлердин арасында Польша королдугунан Владислав, Швед королунун уулу Карл Филипп,Жалган Дмитрий II менен Марина Мнишектин уулу Иван (ууру же Ворёнок деген атка конгон), бояр фамилияларынын ири өкүлдөрү ж. б. болушкан.

Собор Михаил Федорович Романовду (21.II.1613-ж.) - Иван Грозныйдын биринчи аялы Анастасия Романованын 16 жаштагы жээн небересин (внучатый племянник) тандап, ал

тактыга (11.VII.1613-ж.) отурат. Көп өтпөй анын атасы патриарх Филарет самодержавиелик монархия формасындагы бийликте башкы орунда болот. Д.Пожарский Можайскка аскер башчы болуп, К.Минин думадагы аскер башчы болуп дайындалат.

Михаил Федоровичтин өкмөтүнүн алдында чоң маселе - интервенциянын кесепеттерин жоюу турган. Коркунучту жаңы падышаны колдобогон казак отряддары туудурган. Алардын арасында Иван Заруцкий жана Марина Мнишек баласы менен болгон. Яицк казактары И.Заруцкийди Москва өкмөтүнө сатып, жыйынтыгында И.Заруцкий жана «Ворёнок» дарга асылган. Ал эми Марина Мнишек Коломнага айдалып, көп өтпөй өлгөн.

Дагы бир тарапта шведдердин коркунучу бар эле. Швеция менен Столбово тынчтык келишими (Тихвинден алыс эмес Столбово кыштагында, 27.II.1617-ж.) түзүлүп, анын шарты боюнча Швеция Россияга Новгород, Старая Русса ж. б. жерлерди кайтарып берген. Бирок, Балтика жээгиндеги маанилүү жерлерди (Корела, Копорье, Орешек, Ям, Иван-город) алып калуу менен акчалай компенсация да талап кылган.

Ал эми Речь Посполитая менен Троицк-Сергиев монастырынын жанындагы Деулино кыштагында 14,5 жылдык мөөнөткө Деулино тынчтык (01.XII.1618-ж.) макулдашуусу түзүлүп, анын шарты боюнча Смоленск, Новгород-Северск жана Чернигов жерлери Польшага берилген. Туткундар менен алмашуу жүргүзүлүп, Владислав орус тактысынан баш тарткан эмес.

Ошентип, «Коогалаңдуу жылдардын» негизги кесепеттеринин бири - тышкы саясатта көрүнгөн, б. а. Речь Посполитая (Польша) менен Швецияга орус жерлеринин

айрымдары өтүп, Россиянын бирдиктүү аймагы кемтиктелип калыптанган.

«Коогаландуу жылдар», анын ички саясий турмуштагы кесепеттери:

- Боярлардын таасири төмөндөп, дворяндардын баркы көтөрүлгөн;
- Финансы-экономикалык оор абал жана XVII к. согуштар;
- «Коогаландуу жылдардагы» согуштардын башка граждандык согуштардан айырмасы - жаңы коомдук түзүлүш орнобостон, монархиялык мамлекетүүлүк калыбына келген.
- «Коогаландуу жылдар» - бул бир нече кризистер: династиялык - (Рюриковичтер династиясынын токтошу); мамлекеттик –(боярлар бийлиги үчүн күрөш); социалдык – (С.Разин, И.Болотников жетектеген көтөрүлүштөр); адеп-ахлактык кризистер менен коштолгон.

Жыйынтыгында: саясий башкарууда – самодержавие, экономиканын негизи катары – крепостнойлук укук; идеологияда – православие толук орногон.

### *9.3. Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсү*

XVII кылымдын ортосунда экономика акырындык менен калыптанып, ага континенталдык климаттын катаалдыгы да өз таасирин тийгизген. Экономиканын негизги тармагы - салттуу формадагы айыл-чарбасы болуп, анын өндүрүмдүүлүгү начар эле. Жаңы жерлердин гана (Черноземье, Ортоңку Поволжье, Сибирь) эсебинен өндүрүштүн көлөмү жогорулаган. Жерге болгон феодалдык менчик көбөйүп, крепостнойлук укук күчөтүлгөн. Ири ишканалардын (мануфактура) саны 30 га жетип, эң алгачкылары - Пушкарский двор, Монетный двор (XVI к.) болгон. Уралдагы Ницин (1631-ж.), Красноборск (1640-ж.) темир иштетүүчү, Пыскорск жез куюучу (1634-ж.)

заводдор мамлекеттик жана жеке менчиктеги мануфактура болуп саналган.

Орус коомунун социалдык түзүлүшү:

Улуу жана уделдик княздардын тукумун улаган боярлар – өлкөдөгү эң жогорку сословие болуп, мамлекеттик жогорку кызмат адамдары - дворяндар катмарын, ал эми монастырларга тиешелүү ири жерлердин ээлери же чиркөө кызматкерлери – духовенство катмарын түзүшкөн.

Көпөстөр (аларды падыша «гости» деп атаган) менен соодагерлер да маанилүү орунда болуп, алардан соң шаардык кол өнөрчүлөр, ошондой эле шаар калкынын негизги массасын түзгөн посаддык адамдар болгон.

Эң төмөнкү тепкичте дыйкандар, эркин казактар, жалданма жумушчулар, көчө музыканттары, кедейлер, селсаяктар, тентимиштер (вольные и гулящие люди), андан да төмөн кулдар же холоптор (эркин; карызы үчүн кулга айланган /кабальный/) турган.

*9.4. Мамлекетке каршы көтөрүлүштөр.*

Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү ири козголоңдор менен коштолгондуктан, бул доор «козголоң кылымы» («бунташный век») деген ат менен белгилүү. Бул мезгилде эки дыйкандар көтөрүлүшү (атамандары - И.Болотников, С.Разин), шаарлардагы коогалаңдар, Соловка козголоңу ж. б. болуп өткөн.

1. Москвада «Туз козголоңу» (1648-ж.) чыгат. Анын кыймылдаткыч күчтөрү: шаар калкынын ар кандай катмары, посаддык адамдар, аткычтар (стрелец), дворяндар жана орус өкмөтүнүн башчысы, бояр Б.И.Морозовдун (1590-1661-жж.) саясатына каршылар. Козголоңдун себеби: өкмөттүн Указы (07.II.1646-ж.) менен тузга 3-4 эсе жогору салык киргизилип, аны эл жана балыкчылар сатып ала албастан, 1646-1648-

жылдары Волга боюндагы балыкчылардын балыгы сасып кеткен. 1647-ж. туз салыгы алынганы менен, 1648-1650-жж. көтөрүлүштөр башка шаарларда да болуп өткөн.

2. Москвадагы "Жез козголоңунун" (1662-ж.) себеби: көпкө созулган Орус-Польша согушунун (1654-1667-жж.) мезгилинде акча реформасы жүргүзүлүп, чегилген жез теңгелердин баркы кетип, андан улам рубльдин курсу түшүп, финансылык кризис болгон. Кыймылдаткыч күчтөрү: соодагер, кол өнөрчү, солдаттар. Падышанын аткычтары козголоңду баскан. Жүздөгөн козголоңчулар өлүп, 18 адам дарга асылган.

3. Степан Тимофеевич Разин (?1630-1671-жж.) элди боярларга каршы уюштуруп, Алексейдин (Михаил Федоровичтин уулу Алексей Михайлович ал мезгилде өлгөн эле) атынан көтөрүлүшкө (1670-1671-жж.) чыккан. Дыйкандар согушу кеңири аймакты камтып (Дон, Приволжье, Приуралье, Царицын, Астрахань, Саратов, Самара ж. б.), бир катар шаарлар басып алынган. Бирок Симбирскиде С.Разин жеңилип, кийин өлтүрүлгөн.

4. Социалдык кризис идеологиялык кризис менен да коштолгон.

Соловка монастырынын кечилдери кудай тарабынан түшүрүлүп, ага кызмат кылган китептердин оңдолгон вариантын кабыл албай, көтөрүлүшкө (1668-1676-жж.) чыккан. Өкмөт ал баш ийбеген монахтардын жерин конфискациялоону чечип, көтөрүлүштү баскан. 500 гө жакын кечилден 60 гана адам тирүү калган.

*9.5. Мамлекеттик-саясий түзүлүштүн эволюциясы.*

Жаш падыша Михаил Федоровичтин (1596-1645-жж.; бийликте - 1613-1645-жж.) мезгилинде бийликти башында

Романов, Черкасский жана Салтыковдор турган Боярлар думасы колго алып, Земский Собордун да ролу жогору болгон.

Падышанын атасы Филарет (?1554-1633-жж.; бийликте – 1619-1633-жж.; Романов Федор Никитич) Польша туткунунан бошоп (1619-ж.) келип, өлгөнгө (1633-ж.) чейин «Улуу падыша” (Великий государь») болот. Ал баары эскиче болуш керек деген принцип менен башкарып, самодержавие, чиркөө бекемделген. Боярлар думасынын курамы дворяндардын жана дьяктардын эсебинен көбөйүп (35тен 94 адамга жетет), мааниси өсөт. Жакынкы Думанын (Ближняя Дума) же падышанын тууганадары башкарган 4 боярдын (Н.Н.Романов, И.Б.Черкасский, М.Б.Шеин жана Б.М.Лыков) колуна бийлик топтоштурулат. 1625-ж. жаңы мамлекеттик мөөр киргизилип, падыша титулуна «самодержец» сөзү кошо айтылат. Боярлар думасынын бийлиги чектелип, приказдардын (Поместный, Посольский, Разрядный, Большая казна, Стрелецкий) мааниси жогорулайт.

Приказдардын көпчүлүгүн бояр И.Б.Черкасский тейлеп келсе, 1642-жылдан Романовдун туугандары Ф.Н.Шереметьев, Б.Н.Морозов, И.Д.Милославскийлер башкарган.

Михаил Федорович өлүп (1645-ж.), эски салт боюнча анын уулу Алексей (16 жашында) бийликке келет. Атасынан айырмаланып, ал токтоо болгондуктан, орус тарыхына Алексей Михаилович (1629-1676-жж.; бийликте - 1645-1676-жж.) – “бейпил” («Тишайший”) деген ат менен кирген. Ал эски салтты колдоо менен бирге Батыш Европа өлкөлөрүнүн жетишкендиктерин кабыл алууну каалаган. Реформаторлор А.П.Ордин-Нащокин, патриарх Никон, Ф.М.Ртищев, А.С.Матвеев ж. б. аны колдошкон. Тарбиялоочусу Б.И.Морозов таасирдүү, акылдуу, бийликчил болгондуктан, ал Россияга Европа маданиятын киргизгенге аракеттенген:

китептерди которткон, врач, усталарды кызматка чакырган, театрды сүйгөн. Армияны кайра түзгөн: дворян атчандарын жана элдик ополчениени акырындык менен жаңы катардагы полк менен же регулярдуу армия менен алмаштырган.

Алексей Михайловичтин жетишкендиги – "Собордук Уложение" деп аталган, 967 берене жана 25 баптан турган мыйзамдар жыйнагын кабыл (1649-ж.) алган. Иван Грозныйдын Судебнигинен (1550-ж.) айырмаланып, кылмыш укугунан сырткары, мамлекеттик жана граждандык укуктар киргизилген. Боярдык думанын курамынан Жакынкы дума жана сот, административдик иштер боюнча Расправная палата бөлүнүп чыккан.

Алексей Михаилович өздүк канцелярияны, Жашыруун иштер Приказын түзөт. Ошентип, мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги монархтын колунда топтолгон башкаруу формасы - абсолюттук монархия элементтери түзүлөт.

Алексей Михайлович өлгөндөн (1676-ж.) кийин, 14 жаштагы оорукчан тун уулу Федор Алексеевич (1661-1682-жж.; бийликте – 1676-1682-жж.) келет. Бирок, иш жүзүндө, бийликти энеси тарабынан таякелери Милославскийлер жана эжеси Софья (кайраттуу жана эрки күчтүү) колдоруна алышат. Көптөгөн маселелерди Софьянын сүймөнчүгү (фаворит), акылдуу, таланттуу князь В.В.Голицын чечет.

Баласыз өткөн Федор Алексеевичтен (1682-ж.) кийин, такты мураскерлигинин маселеси чыгат.Акылсыз кичүү иниси Иван тактыга отура албаган, ал эми экинчи никесинен болгон Петр араң гана 10 жашка чыккан эле. Сарайда алардын эне тарабынан туугандарынын күрөшү күчөйт.Иван тарапта – каныша эжеси Софья баштаган Милославскийлер,ал эми Петр тарапта - Нарышкиндер жана патриарх Иоаким (Никондон, 1666-ж., жана Иоасафтан кийинки патриарх) турган.

Жыйынтыгында Ыйык (Освященный) собордун жана Боярлар думасынын жыйынында Петр падышалыкка тандалат.

Москвада князь И.А.Хованский башында турган аткычтар (стрелец) кутум (15.V.1682-ж.) уюштуруп, Нарышкиндердин тарапкерлеринин көпчүлүгү өлтүрүлөт. Көтөрүлүшчүлөрдүн талабы менен тактыга эки шахзада (царевичтер) отурат да, алардын атынан падыша айым Софья башкарат. Петр эрезеге жеткенде (1689-ж.), бийликти бергиси келбеген Софья аткычтардын башчысы Ф.Шакловитыйга таянып, каршылык көрсөтөт. Бирок, Софья жеңилип, бийликтен ажырайт жана Новодевичий монастырына жөнөтүлөт, ал эми анын тарапкерлери дарга асылган же сүргүнгө айдалган.

*9.6. Россиянын тышкы саясаты. Сибирди жана Ыраакы Чыгышты өздөштүрүү.*

XVII к. Россиянын тышкы саясий курсу төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталган:

- Балтика деңизине чыгууга жетишүү;
- Крым хандыгынын чабуулунан түштүк чек араларын коргоо;
- “Коогаландуу жылдар” мезгилиндеги тарттырып жиберилген жерлерди кайтаруу;
- Сибирди жана Ыраакы Чыгышты өздөштүрүү.

Россия менен Речь Посполитаянын ортосундагы мамилелер Полянов келишими (VI.1634-ж.) менен жыйынтыкталган. Б.Хмельницкийдин (1595-1657-жж.) жетекчилиги астында украин элинин поляк пандарына каршы күрөшү (1648-1654-жж.) жүргөн. Земский Собордун чечими (01.X.1653-ж.) менен Украина Россияга кошулат. Переяслав радасы да аны бир добуштан (08.I.1654-ж.) колдогон. Речь Посполитая менен согуш он үч жылга созулуп (1654-1667-жж.), ал  Андрусов тынчтык макулдашуусу (30.I.1667-ж.)

менен аяктаган. Андан соң, Москвада «Түбөлүк тынчтык» («Вечный мир») келишими (06.V.1686-ж.) менен бекемделген. Россияга Смоленщина, Түштүк жээк (Левобережная) Украина жана Киев карап, Белоруссия жерлери Польшанын курамында калган.

Финн булуңу үчүн Россия-Швеция согушу (1656-1658-жж.) Кардис тынчтык келишими (01.VII.1661-ж.) менен аяктап, Балтиканын жээктери Швецияда калган.

Крым хандыгы үчүн орус-түрк согушу (1676-1681-жж.) жүрүп, ал, 20 жылдык мөөнөттүк күчү бар Бахчысарай тынчтык макулдашуусу (13.I.1681-ж.) менен аяктаган. Түрк тарап, Андрусов тынчтык макулдашуусунун (1667-ж.) шарттарын, б. а., Россиянын Сол жээк Украинага, Киевге укугун, ошондой эле, Запорожье казактарынын орус бийлиги астында экендигин тааныган.

Князь В.В.Голицын Крымга эки жолу (1687 жана 1689-жж.) жүргүн жасап, бирок, алар ийгиликсиз болгон.

Ошентип, Россия жаңы аймактарга да ээ болбоду, деңизге да чыга албады.

Алгач, Австрия менен Польша биргелешип, түрктөргө каршы "Ыйык лига" ("Священная лига") түзүшүп (1683-ж.), кийин ага Венеция (1684-ж.), андан соң Россия (1686-ж.) кирген. Россиянын Европадагы маанилүү согуштук союз курамына кирүүсү эл аралык аброюн көтөргөн.

Россиянын тышкы саясатында Сибирди жана Ыраакы Чыгышты өздөштүрүүсү ийгиликтүү болгон. Орус-казактар Батыш Сибирди (XVI к.), Чыгыш Сибирди (XVII к.) ээлеп, 200 жылдай убакта Енисейден – Охот деңизине чейинки (Прибайкалье, Амур, Ыраакы Чыгыш, Лена дарыясы, Якутия, Чукотка жана Камчатка) эбегейсиз зор мейкиндикти басып өтүшкөн. Енисейден Төмөнкү Тунгускага чейинки жерлерде

ненец («самоед), ханты (остяк), манси (вогул), эвенк (тунгус) сыяктуу майда элдер жашашкан эле. Алар Россияга салык (дань) төлөй баштаган.

XVII кылымдын 30-жж. Россияга сахалар (Якутия), 50-жж. - бурят элдери баш ийип, ясак төлөй баштаган жана Иркутск, Тобольск шаарлары борборго айланган.

С.И.Дежневдун Чукоткага (VI-X.1648), Е.П.Хабаровдун Приамурьеге (1649-1653-жж.) саякаттары, Манчжурия нааразы болгонуна карабастан, чоң мааниге ээ болгон. Нерчин келишими түзүлүп (27.VIII.1689-ж.), Кытай-Россия чек аралары такталып, бекитилген. А.А.Зиминдин пикири боюнча Сибирь, Ыраакы Чыгыш аймактарында помещиктер, крепостнойлук укук болбогондуктан, ал жакка соодагерлер да, холоптор да, дыйкандар да умтулган. Борбордук Россияда жашагандан көрө, Сибирде салык салуу жок, эркин жашоо болуп, экономикага да киреше түшүп турган.

### *9.7. Чиркөө реформасы.*

Православдык чөйрөдө чиркөө реформасын жүргүзүүнүн себептери: тартипти бекемдөө, адеп-ахлакты оңдоо; бирдиктүү үрп-адаттарды калыптоо; чиркөө китептерин унификациялоо.

Москвада - *«Кружок ревнителей древнего благочестия» (1640-жж. аягы) түзүлүп, ага белгилүү чиркөө ишмерлери - падышанын *духовниги Стефан Вонифатьев, Кызыл аянттагы Казань соборунун *настоятели Иоанн, Р.Ртищев, Никон, Аввакум ж. б. кирген.

Мордовалык дыйкандын уулу Никон (Никита Минов), падыша Алексей Михаилович менен тааныштыгын жана достугун пайдаланып,чечкиндүү карьера жасай алган. Москва

патриархы болуп шайланган (1652-ж.) соң, Никон реформаны баштап, чиркөө үрп-адаттарын унификациялаган: чокунуу эки бармак менен эмес, үч бармак менен, «Алилуйя» сөзүн эки эмес, үч жолу айтуу (1654-ж.) ж. б. киргизилген. Икона жазуу, диний идеяны элге таратуу (проповедь), китептерди чыгарууга көңүл бурган. Жыйынтыгында чиркөө - «Никончулар» жана «эски үрп-адатчылар», же эски ишеничтегилер (старовер) болуп экиге бөлүнгөн.

Никондун активдүү оппоненти – Аввакум, грек тилин билбегендиктен, анын идеялары четке кагылган.

Протопоптор Аввакум жана Даниил эски үрп-адатчылар катары даттануу-арызын (челобитный)падышага жөнөтүшкөн. Бирок Алексей аларды колдобогондугун байкашып, «Акыр заман жакындап калды, себеби, Россияга "Антихрист" келди. Падыша жана патриарх - анын эки мүйүзү. Мында азап тарткандар (мучениктер) гана калат» - деген ойлорун айтышкан. «От менен тазалануу» салтын баштап, чиркөөдө өздөрүн тирүүлөй өрттөшкөн. Эски динчилер Православиенин догмалары боюнча бөлүнбөстөн, болгону Никон сунуштаган кээ бир үрп-адаттарга каршы чыккандыктан, алар еретиктер эмес, расскольниктер болуп саналат.

Аввакум жана анын жактоочулары Печоранын төмөнкү агымындагы Пустоозерскке айдалып, 14 жыл жер төлөдө жашап, тирүүлөй өрттөнүшкөн. Ошондон улам, эски үрп-адатчылар өздөрүн өздөрү өрттөп келишет.

Никон болсо, Улуу падышадан титул алганына (1658-ж.), Москванын «ыйык патриархы» болуп турганына шүгүр дебей, бүтүндөй Рустун патриархы болом деген ой менен, борбордон кетет. Константинополь, Иерусалим патриархиясынын укуктарына ээ болгон Александрия жана Антиохия патриархтары катышып өткөрүлгөн Чиркөө

соборунун бүтүмү (1666-ж.) менен патриархтыгынан түшөт. Вологдадагы Ферапонт монастырына сүргүнгө айдалып, Алексей Михайлович өлгөндөн соң сүргүндөн келип (1681-ж.), кайтыш болот. Москвага жакын турган Воскресенскидеги Ново-Иерусалим монастырына көмүлгөн.

Ошентип, XVII к. - чиркөөдөгү бөлүнүп-жарылуу кылымы дегенге негиз бар.

*9.8. Маданият (адабият; архитектура; билим берүү; саякаттар, географиялык ачылыштар).*

Адабият. Публицистика жаңы өнүгүү жолуна түшүп, анда Поляк-швед интервенциясы (1605-1612-жж.), Иван Болотниковдун жетекчилиги астындагы дыйкандар согушу (1606-1607-жж.) чагылдырылган. Коогаландуу жылдар («Смутное время») мезгили Авраам Палицындын «Сказания», Катырев-Ростовскийдин «Повесттеринде», дьяк Иван Тимофеевдин «Временник» ж. б. чыгармаларында «Улуу апаатта» («великая разруха») орус жеринин чексиз жабыркашынын себептери талкууланып, бул мезгилде эл-жерди сактап калууда элдин патриоттуулук духу, мекенге болгон чексиз сүйүүсү чагылдырылган.

XVII к. экинчи жарымында орус элинин катардагы адамынын образын чагылдырган «Савва Грудцын жөнүндө повесть» («Повесть о Савве Грудцыне») эл арасына жайылат. Аны орустун биринчи романы деп аташканы кокусунан эмес.
Мурунку мезгилдердегидей эле, бул доордо айтымдар (сказания), жылнаамэлер (летописи), үндөө-насааттар (поучения),«житиелер» адабияттын негизги жанры болуп кала берген. Аларга мисал – «Житие» протопопа Аввакума (1620?-1682-жж.). Автор, өзү «эски диндин» жактоочусу, ашынган консерватор болгонуна карабастан, өзүн жаңы замандын адамы катары көрсөтүүгө аракеттенген.

Архитектура. Бул мезгилдин өзгөчөлүгү – европага мүнөздүү болгон «барокко» стили болгон. Россиянын түндүк аймактарында жыгач курулуштар уланса, борбордук бөлүгүндө таш курулушка басым жасалган.

Билим берүү. XVII кылымдын экинчи жарымында мамлекеттик жана жеке окуу жайлар түптөлө баштады. 1668-ж. Кытай-городдо, 1680-ж. – Басма сарайда (Печатный двор) славян, латын, грек тилдерин окутуу боюнча мектептер ачылды. Ал эми 1685-ж. Россияда биринчи жогорку окуу жай - Москвада славян-грек-латын академиясы негизделип, ал жерде грек окумуштуу ага-инилер – Иоанникий (1633-1717-жж.) жана Софроний (1652-1730-жж.) Лихуддар иштешкен.

Саякаттар, географиялык ачылыштар. Орус саякатчыларынын дүйнөлүк география илимине салымы зор. Бул мезгилде Азиянын түндүк жана түндүк-чыгыш тарабында баалуу географиялык ачылыштар болду. И.И.Ребров (?-1666-жж.) жана И.Перфильев Лена дарыясын төмөнкү агымынан башатына чейин изилдеп (1633-ж.) чыгышты. Ал эми М.Стадухин болсо Индигирка дарыясын изилдеп, андан ары деңиз аркылуу Колымага чейин (1641-ж.) барды. В.Д.Поярков болсо Охот деңизинин жээктерин картага түшүрүп (1643-1646-жж.) чыкты. С.И.Дежнев (1605?-1673-жж.) менен Ф.Попов Түндүк Муз океанынан Тынч океанга кеме менен саякатташып, Азия менен Америка кысык куйма (пролив) менен бөлүнүп турганын ачышты (1648-ж.).

Е.П.Хабаров (1610?-1667-жж.?) Амур дарыясынын алабын жана жээктерин (1649-1651-жж.) изилдеп чыкты. Ал эми И.Петлин, Ф.И.Байков (1612?-1663?-жж.) жана Н.Г.Спафарий (Милеску Николае Спетарул /1636-1708-жж./) Кытай жана Монголия жерлерин кезип чыгып (1675-1678-жж.), баалуу маалыматтарды илимге киргизишти.

Саякатчылардын («землепроходцы») кол жазмалары, чиймелери, сүрөттөрү, карталар жана башка маалыматтар Сибирь приказына келип түшүп, ал жерде иштелип чыгып, жалпыланып турган. Мисалы, Сибирь приказынын тапшырмасы менен Семен Ульянович Ремезов (1642-1720?-жж.) учу кыйырсыз Сибирь аймагынын атласын, этнографиялык картасын жана тарыхын жазып (1696-1701-жж.) илимге калтырат. Ал эми сибирь казагы В.В.Атласов (1661?-1711-жж.) Тынч океанындагы Беринг жана Охот деңиздеринин ортолугундагы Камчатка жарым аралына экспедиция уюштуруп (1697-ж.), ал жердин элдерин жана жаратылышын сүрөттөп калтырып, Камчатканын Россиянын курамына кошулгандыгын тастыктайт.

**Текшерүүчү үчүн суроолор:**

1. “Коогалаңдуу жылдар” түшүнүгү жана андагы негизги окуялардын тарых илиминде чагылдырылышын баяндагыла.
2. Коогалаңдуу жылдардын мааниси жана кесепеттерине токтолгула.
3. Коогалаңдуу жылдарда Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсү кандай болгон?
4. Мамлекетке каршы көтөрүлүштөр жөнүндө айтып бергиле.
5. Мамлекеттик- саясий түзүлүштүн эволюциясын баалагыла.
6. Россиянын тышкы саясаты, т.а., Сибирди жана Ыраакы Чыгышты өздөштүрүү боюнча эмнелерди билесиз?
7. Чиркөө реформасына баа бериңиз?
8. Маданияттын (адабият; архитектура; билим берүү; саякаттар, географиялык ачылыштар) өнүгүүсүнө токтолгула.

# 10.0. Орус империясы XVIII кылымда

*10.1.0. Империянын жаралышы: Улуу Петрдун мезгили. (XVII к. аягы – XVIII к. I-жарымы);*

*10.1.1. Петр I нин өзгөртүүчүлүк ишмердигинин башталышы жана анын маңызы;*

*10.1.2. XVIII к. I-жарымындагы реформалар;*

*10.1.3. Петр I нин тышкы саясаты;*

*10.1.4. Петр I нин реформаларынын мааниси жана баасы, анын Россия империясынын андан ары өнүгүүсүнө тийгизген таасири.*

*10.1.1. Петр I нин өзгөртүүчүлүк ишмердигинин башталышы жана анын маңызы;*

XVIII к. Россияда коомдук түзүлүш жана башкаруу формасы мурункудай эле калганы менен, көп нерсе - маданият, тил жана ой жүгүртүү кадырэсе өзгөргөн. Жаңылыктар көп тармактарга киргизилген: жаңы календарь, алфавит, мектептерде окутуу, кийим-кече, үй курулуштары, үрп-адаттар, армия, флот, мамлекеттик жайлар, кол өнөрчүлүк, идеалдар жана баалуулуктар ж. б.

Россиянын XVIII кылымдагы тарыхы “Петрдун мезгили” менен ачылып (1689-ж. Петр расмий бийликти алган), ал Павел I өлүмү (1801-ж.) менен аяктайт. Бир кылымдан ашуун убакытта чоң өзгөрүүлөр болуп өтөт.

-Петр I же Улуу Петрдун мезгили – бул 1689-1725-жж.;

- Андан кийинки 15 жыл - “Сарай төңкөрүштөрү” жылдары, же Екатерина I (1684-1727-жж.; бийликте – 1725-1727-жж.), Петр II (1715-1730-жж.; бийлик мезгили – 1727-1730-жж.), Анна Ивановна (1693-1740-жж.; бийликте – 1730-1740-жж.)

жана Иван VI Антоновичтин (1740-1764-жж.; бийлик мезгили – 1740-1741-жж.) бийлик үчүн күрөш мезгили;
- Андан кийинки 60 жыл - бул Елизавета Петровна (1709-1762-жж.; бийликте - 1741-1761-жж.), Улуу Екатерина II (1729-1796-жж.; бийлик мезгили - 1762-1796-жж.), Павел I Петровичтин (1754-1801-жж.; бийликте - 1796-1801-жж.) башкаруу мезгили.

Петр I баштаган реформалар, негизинен, техника, маданият тармактарын камтып, жана жаңы Россиянын түптөлүшү, же империянын түзүлүүсүнө чоң түрткү берген. Тарыхый аренада кайраттуу инсан пайда болуп, ал чечкиндүү, акылдуу, энергиялуу, таланттуулугу менен айырмаланган.

Тарых илиминде өзгөртүүчүлүккө түрткү берген жагдайларга карата көп пикирлер айтылат:
- Петр Інин идеал тутканы - Европа жашоо образы, экономикасы жана маданияты (И.Н.Ионов); Архангельскиде болушу (1693-1694-жж.) чоң түрткү берип, деңизге чыгып, флот түзүүнү (Г.И.Рябинова, Н.М.Усова) максат кылат;
- Азов деңизине жүрүш жасашы (1695-1696-жж.) анын биринчи аскер мектеби болгон (С.М.Соловьев, Г.В.Вернадский);
- “Улуу элчилик” курамында (1697-1698-жж.) Пруссия, Голландия, Англия, Австрия өлкөлөрүнө барышы зор таасир калтырган. Анда чет тилдерди үйрөнүп, административдик, аскер-деңиз иштерин, батыштын техникасын өздөштүргөн (С.Ф.Платонов, А.Г.Бриннер, Л.И.Семенникова, И.Н.Ионов).
- Андан сырткары, анын айланасында жөндөмдүү, кубаттуу жардамчылар жана адистер (чет элдиктерден - досу Ф.Лефорт, тажрыйбалуу генерал П.Гордон, таланттуу инженер Я.Брюс; орустардан - А.М.Головин, Г.И.Головкин, А.Д.Меншиков, бир туугандар - П.М. жана Ф.М.Апраксиндер, ж. б.) болушкан.

Петрдун реформаларын 2 этапка бөлгөн ылайыктуу: 1) 1715-ж. чейинкилери чар-жайыт жүргүзүлгөндүктөн, анча ийгилик берген эмес;
2) 1715-ж. кийинкилери – ырааттуу пландаштырылгандыктан, натыйжалуу болгон.

Негизинен, бул реформалар, айрым сословиелер үчүн эмес, жалпы мамлекет үчүн жүргүзүлгөн. Максаты: Батыш өлкөлөрү менен атаандаштыкта, аларга аскердик да, экономикалык жактан да теңелип, Россияны дүйнөлүк державалардын бирине айландыруу болгон.
Реформаларды жүргүзүүдө: Россиянын деңиздерге чыгуусу (тышкы фактор), өлкөнү модернизациялоо (ички фактор) негизги максат эле.

*10.1.2. XVIII к. I-жарымындагы реформалар*

1. Аскердик реформанын натыйжасы – мамлекет тарабынан каржыланган, Батыш Европа үлгүсүндөгү регулярдуу орус армиясы түзүлүп, аскер-деңиз флоту негизделген. Жөө аскерлер, артиллерия, кавалерияда жогорку негизги бирдик – полк болгон. Куралдуу күчтөрдү башкаруу, Приказдардын ордуна – “Аскердик” жана “Адмиралтейство” коллегияларына берилген. Преображенск жана Семенов полктору офицердик кадрларды даярдаган. Армияда аскер *иерархиясынын чиндери, наамдар, бекем тартип жана “Артикул воинский” уставына ылайык (1715-ж.) жазалоо киргизилген. Кыскасы, орус аскердик искусствосу мыйзамга таянып өнүккөн.

2. Экономикалык реформа – айыл-чарба, ири жана майда өндүрүш, кол өнөрчүлүк жана соода тармактарын камтыды. Жаңы каналдар курулуп, соода жолго коюлуп, мурун өндүрүлбөгөн жер-жемиш, өсүмдүктөр (тамеки, жүзүм, картошка, дары чөптөр ж. б.) эгиле баштады.

3. Финансы саясаты – ар бир жанга чоң көлөмдө салык салынып (сакал үчүн да), милдеттүү түрдө жыйналган, борборлордо паспорт киргизилген.

4. Мамлекеттик башкаруудагы кайра түзүүлөр - мамлекет башында Падыша (1721-жылдан - Император) турган. Кабинет, же Падышанын өздүк канцеляриясы (1704-ж.) киргизилип, Боярдык думанын ордуна – Сенат (1711-ж.) түзүлгөн. Ага Петр I нин жакын 9 адамы кирген. Алар жаңы мыйзамдарды чыгарып, өлкөнүн административдик, финансы иштерин көзөмөлдөгөн. Сенаторлор ант (присяга) беришкен. Аны Петр I өзү жазган эле.

Мурунку Приказдардын ордуна 11 Коллегия түзүлгөн. Алар: "Тышкы иштер", "Аскердик-куралдуу күчтөр", "Адмиралтейство" (Аскер-деңиз флоту), "Камер" (Киреше жыйноо), "Штатс" (Мамлекеттик чыгашалар), "Вотчиндик" (Дворяндык жерлерди иштетүү), "Мануфактуралык" (Өнөр-жай), "Берг" (Металлургия), "Ревизиондук", "Коммерц", "Юстиц коллегиялар". Ошондой эле, шаар иштери боюнча – "Башкы магистрат", "Туз конторасы", "Жез департаменти", *"Межевая канцелярия", саясий териштирүү боюнча "Преображенск приказы" сыяктуу бөлүмдөр түзүлгөн.

Жергиликтүү башкарууда "губерния" системасы (1708-1715-жж.) киргизилип, алгач башында губернатор турган 8 губернияга (Москва, Петербург, Киев, Архангелогород, Смоленск, Казань, Азов, Сибирь) бөлүнгөн. Губерниялар - провинциялардан, провинциялар – уезддерден турган.

5. Чиркөөлөрдө патриархтык жоюлуп, "Ыйык башкаруу" органы - Синод түзүлгөн. Ал ант берген 12 жогорку чиркөө *иерархтарынан турган. Ошентип, акырындык менен, чиркөө мамлекеттен көз каранды болуп калган.

6. Социалдык саясат:

“Указ о единонаследии” (1714-ж.) мыйзамына ылайык, дворяндык жер ээликтери да боярдык вотчина укугуна теңелип, ал жерлер балдарына мураска берилген.

Аскердик, жарандык, сарайлык кызматтар 14 рангга (“Табель о рангах”, 1722-ж.) бөлүнүп, бардык тепкичтерди басып өтүп, 8-рангда гана дворян боло алган.

7. Билим берүү жана маданий чөйрөдөгү реформалар:

Билим берүү системасында да чоң өзгөрүүлөр болгон. Диний окуулардын ордуна табигый жана техникалык билимдер (математика, астрономия, геодезия, инженердик иштер) киргизилген. Навигациялык жана Артеллериялык (1701-ж.), инженердик (1712-ж.) мектептер, медицина окуу жайы (1707-ж.) ачылган. Басмакана иши жолго коюлган. Петербургда Илимдер академиясы (1725-ж.) негизделип, алгачкы табигый-тарыхый музей - Кунсткамера (1719-ж.) эшигин ачкан. Григориан календарынын ордуна Юлиан календары (01.I.1700-ж.) киргизилип, Россия элдери Европа менен бирдей убакта жашай баштаган.

Реформалар күндөлүк турмуш-тиричиликти да камтый кеткен. Алсак, буйрук менен эркектердин сакалын алдыртып, европа кийимдерин кийгизген. Аскерлер атайын мундир кийишкен.

Петр I нин реформалары күч менен, зордук-зомбулук менен жүрсө да, баары мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн маанилүү болгон.

*10.1.3. Петр I нин тышкы саясаты:*

Петр I нин Балтика деңизине чыгуу үчүн Швецияга каршы Түндүк согушу (1700-1721-жж.) узак болгон. Алгач, курамына Россия, Дания, Саксония жана Речь Посполитая кирген Түндүк союзу (1699-ж.) түзүлүп, дипломатиялык мамилелер жөнгө салынган. Түштүк тараптагы Турциядан

коопсуз болуу үчүн ал жердеги элчи Е.И.Украинцев жана дьяк И.Чередеев султан менен 30 жылга тынчтык келишимин (1700-ж.) түзгөн соң, Петр I Швецияга согуш жарыялаган (08.VIII.1700-ж.).

Түндүк согушун шарттуу түрдө 4 мезгилге бөлүүгө болот.

1) 1700-1706-жж.: Россия Нарвада (1700-ж.) жеңилип, Нотебургду (мурунку Орешек) Петр I Шлиссельбург (1702-ж.) деп атаган. Нева боюндагы Ниеншанц чеби алынып, Санкт-Петербург шаары (1703-ж.) негизделген. Нарва жана Дерпт (1704-ж.) алынган. Швеция королу Карл XII ден Польша королу Август II (1706-ж.) жеңилип, Польша таажысынан баш тартуу, Түндүк союзунан чыгуу менен, сепараттык келишим түзөт. Россия Прибалтикада бекемделип, деңизге чыга алып, Швецияга тынчтык сунуштаганы менен, ага Карл XII макул болбойт.

2) 1707-1709-жж.: Карл XII Россияга жүрүш (1708-ж.) жасап, Лесной кыштагында (28.IX.1708-ж.) шведдер 9 миң аскеринен ажырайт. Любекер жетектеген шведдер, Ингрияда адмирал Ф.М.Апраксин жетектеген орустардан жеңилет.

Инженердик даярдык менен жүргөн Полтава салгылашуусуна (27.VI.1709-ж.) 102 орус жана 39 швед полктору катышып, 3 сааттын ичинде душмандын 30 миң аскеринен, 9 миңи өлгөн, 15 миңи туткунга түшкөн.

3) 1710-1713-жж.: Согушка Швеция тарапты колдогон Турция кийлигишип, Прут дарыясынын боюнда орус армиясын (V-VI.1711-ж.) курчоого алган. Прут тынчтык келишимине (12.VII.1711-ж.) ылайык, Турцияга Азовду берүү, Таганрог ж. б. чептерди бузуп салуу, Карл XII нин армиясын Турциянын аймагынан чыгаруу шарты менен Россия келишим түзгөн.

Гангут тумшугунда орус флоту (VIII.1714-ж.) жеңип, Карл XII өлгөндөн (XII.1718-ж.) кийин тынчтык келишимдери түзүлө баштаган.

4) 1719-1721-жж.: Гренгам аралына жакын (VIII.1720-ж.) жана Эзель салгылашуусунда (V.1719-ж.) шведдер жеңилип, Ништад тынчтык келишими (30.VIII.1721-ж.) түзүлгөн. Ал боюнча Россия Латвия, Эстонияны, Финн булуңунун жээктерин, Карелиянын бөлүгүн, Балтика деңизиндеги кээ бир аралдарды алган. Финляндия Швециянын курамына кайтарылып берилген. Жыйынтыгында, Россия Балтика деңизине чыгып, же “Европага терезе” ачып, улуу Европа державасына айланган.

Тышкы саясаттын чыгыш багыты да маанилүү болгон. И.Д.Бухгольцтун аскер экспедициясы (1715-1716-жж.) Иртыштан түштүккө карай Омск, Семипалатинск, Усть-Каменогорск чептерин негиздеген.

Петр Iнин демилгеси менен Каспий деңизи аркылуу Орто Азияга, Хива хандыгын Россия тарапка тартуу, Индияга жолду чалгындоо ж. б. үчүн 5 миң аскерлүү князь А.Бекович-Черкасскийдин отряды (1717-ж.) жөнөтүлөт. Бирок, хандын буйругу менен алар талкаланат.

Петр I Персия жүрүшүн өзү (1722-ж.) баштап, анын алкагындагы Каспий жүрүшүнүн (1722-1723-жж.) натыйжасында, деңиздин батыш жээктериндеги Баку, Решт жана Астрабад шаарлары ээленет.

Түрк султаны Россия менен Константинополь “Түбөлүк тынчтык” келишимин (XI.1720-ж.) түзүп, Турция Каспийдеги Россиянын бардык жерлерин тааныйт, ал эми Россия Турциянын Батыш Закавказьедеги укуктарын тааныйт.

Жыйынтыгында, Россиянын түндүк, түштүк, түштүк-чыгыш чектериндеги коопсуздук бекемделип, эл аралык аброю андан ары жогорулаган.

*10.1.4. Петр I нин реформаларынын мааниси жана баасы, анын Россия империясынын андан ары өнүгүүсүнө тийгизген таасири.*

Петр I нин башкаруусу орус тарыхында жаңы мезгилди ачты. Россия европалашкан мамлекетке айланды. Ага негизги тенденциялар:

- Петр I нин реформалары абсолюттук монархияны орнотту;
- Мамлекеттик башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатты;
- Петр I нин реформалары өзүнүн масштабы жана умтулуусу боюнча Европада да, Россияда да аналогу болбогон;
- Падышанын инсан катары кайталангыс жана анын тышкы саясаттагы экстремалдуу *өнүгүүсү өзгөчө болгон;
- Россияны кубаттуу державага жана жогорку сапаттуу деңгээлге алып чыкты;
- Крепостнойлукту бекемдеген (салык көп салынган);
- Петр I нин фигурасы чечкиндүү реформалардын символу болуп, ага “Улуу” титулу кошулган;
- Ал орус тарыхында белгилүү полководец жана мамлекеттик ишмер болуу менен “жаркын” фигурага айланган.

Көпчүлүк окумуштуулар анын оң жактарын белгилешсе, кээ бирлери терс жактарын (мис.: авторитардык башкаруу) сындашкан. Петр I нин ою боюнча, мамлекеттик башкарууда “регулярдуу мамлекет”, б. а. “мамлекет – кеме болсо, анын капитаны – падыша, калгандары ага баш ийиши керек (деңиз уставдары боюнча),ошондо гана Россия көздөгөн максатына жетет жана өнүккөн мамлекетке айлана алат”, - деген.

**Текшерүүчү үчүн суроолор:**

1. Империянын жаралышы жана андагы Улуу Петрдун ордун жана ролун аныктагыла (XVII к. аягы – XVIII к. I-жарымы ).
2. Петр I нин өзгөртүүчүлүк ишмердигинин башталышы жана анын маңызын баяндагыла.
3. XVIII к. I- жарымындагы реформаларга токтолгула.
4. Петр I нин тышкы саясатынын өзгөчөлүгүн баяндагыла.
5. Петр I нин реформаларынын мааниси жана баасы, анын Россия империясынын андан ары өнүгүүсүнө тийгизген таасири жөнүндө эмнелерди өздөштүрдүңүз жана кандай баа бересиз.

## 11.0. Россия «Сарай төңкөрүштөрү” (дворцовые перевороты) мезгилинде (1725-1762-жж.)

*11.1. Сарай төңкөрүштөрү мезгили жана Россия империясындагы Екатерина I, Петр II, Анна Ивановна, Елизавета Петровна, Петр III нүн башкаруусу.*

*11.2. Социалдык-экономикалык өнүгүү.*

*11.3. Тышкы саясат.*

*11.4. Коомдук ой-пикир (мысль)*

### *11.1. Сарай төңкөрүштөрү мезгили жана Россия империясындагы Екатерина I, Петр II, Анна Ивановна, Елизавета Петровна, Петр III нүн башкаруусу.*

Петр I өлүмүнөн (I.1725-ж.) кийин, бийликте кризис башталып, Екатерина IIнин бийлигине чейинки 37 жыл аралыгында (1725-1762-жж.) тактыда 6 падыша алмашкан жана алар сарайдагы интригалар, төңкөрүштөр менен коштолгон. Анын 32 жылын, ал эми Екатерина II нин бийлигин кошкондо - 64 жыл - бийликте аял-императрицалар болушкан. Алар: Екатерина I (Петр I нин аялы); Курляндия герцогинясы Анна Ивановна; Анна Леопольдовна (падыша Алексей Михайловичтин чебереси); Елизавета Петровна (Петр I нин кызы); Екатерина II (Петр III нүн аялы). Булардын кээ бири фавориттерине таянса, кээ бири - гвардияга, айрымдары гана - өз акылына таянып башкарган.

Сарай төңкөрүштөрүнүн себептери:

Петр I өзү кризиске алып келген, б. а. мурас жөнүндө указ (1722-ж.) эске алынбай, өзүнө мураскер дайындаганга үлгүрбөй калган. Түз жана кыйыр мураскерлери атаандашып, ар бир топ өз кандидатынын жеңиши үчүн күрөшкөн. Гвардия да чечкиндүү ролду ойногон.

Петр I өлгөндөн кийин канцлер Г.И.Головкиндин сунушу менен, бийлик Петрдун небереси Петр Алексеевичкеби, же, аялы Екатеринагабы? деген дилемма жаралат. Преображенск жана Семенов полктору Екатерина тарапты тандап, иш жүзүндө А.Д.Меншиков башкара баштайт.

«Жогорку жашыруун кеңеш» (1726-ж.) түзүлүп, демилгечи катары, ага А.Д.Меншиков, ошондой эле Ф.М. Апраксин, Г.И.Головкин, Д.М.Голицын, А.И.Остерман, П.А.Толстой ж. б. кирген.

Екатерина I «тестамент» - керээз калтырып, ал боюнча бийлик Алексейдин уулу Петр II ге, андан соң Петрдун кыздары жана анын мураскерлерине, же Елизавета жана анын мураскерлерине өтүш керек эле. Тактыга 12 жаштагы Петр отурат. А.Д.Меншиков, өзүнүн таасирин бекемдеш үчүн кызы Марияны Петрга берем дейт. Бирок А.И.Остерман (Петр II нин тарбиячысы), А.Д.Меншиковду четтетип (1727-ж.), үй-бүлөсү менен Березов кыштагына (азыркы Тюмень обл.) айдайт. Байлыгы конфискацияланып, 1729-ж. өлөт. «Жогорку жашыруун кеңеште» 4 бир нууган князь Долгорукийлер, Голицындар жана А.И.Остерман калышып, Петр II болсо, Иван Долгорукийдин карындашы Екатеринага үйлөнгөн күнү өлөт. Ошентип, эркектер санжыра сызыгы (генеалогическая линия) кайрадан чаташат.

Билермандардын узакка созулган кеңешүүлөрүнөн кийин, Петр I нин бир тууганы Иван V менен байланышып, такты Анна Иоанновнага (Курляндия герцогинясы, Иван V кызы) өтөт. Д.М.Голицын менен В.Л.Долгорукий “Кондиция”, же шарт иштеп чыгышат.Формалдуу бийликте турса да, жаңы мыйзам чыгаруу,согуш жарыялоо, тынчтык келишимин түзүү, казынага ээлик кылуу, дворяндардын ээликтерин алуу укугуна ээ боло албаган. Кондициянын аягында «А буде чего по сему

обещанию не исполню, то лишена буду короны Российской» - деп жазылган. Москвага эки жумадан кийин келип, Анна Иоанновна, Кондицияны алардын көзүнчө айрып салат да, самодержавиени колуна алгандыгын айтат. Иван Долгорукийди дарга асып, анын атасын жана карындашын Березового айдайт. Жыйынтыгында, Жогорку жашыруун кеңеш жоюлуп, ордуна үч министрден туруп, А.И.Остерман башкарган Кабинет (1731-ж.) түзүлөт. 4 жыл ичинде, же сулуулугу, же акылы, же билими менен өзгөчөлөнбөгөн Анна Ивановна, министрлер кабинетинин бардыгын өзүнө каратып алат. Мамлекеттик ишке кызыкпагандыктан, башкарууну фаворити, Курляндия герцогу Эрнст Иоганн Биронго (1737-ж.) өткөрүп берет. Ошондон улам Анна Ивановнанын башкаруу мезгили - «бирончулук» (“бироновщина”) - деп аталып калган. Анын мезгилинде эки гвардиялык полкко дагы экөө - Измайловский жана Конногвардейский полктору кошулган. Өлкөнү дээрлик чет элдиктер (немецтер) башкарып калган. Алсак, тышкы иштерди - А.И.Остерман, армияны - Б.К.Миних, гвардияны - Ф.К.Левенвольде, Илимдер академиясын И.Д.Шумахер башкарган. Мурда Петр 1ге кызмат кылган А.П.Волынский, Министрлер кабинетинде жогорку даражалуу кызматта эле. Ал Анна Ивановнага каршы кутум уюштуруп, ишке ашпай калгандыктан, дарга асылат.

Анна Ивановнанын мезгилиндеги ички саясат:

Мурунку Сенатты кайра алып келип, Министрлер кабинетин (1731-ж.) түзгөн; кадеттер корпусун бүткөндөр офицер болуп чыгышкан (1732-ж.).

Немецтер көп деген менен ал Петр мезгилинен аз болгон деген маалыматтар айтылат.

Анна Ивановна көз жумгандан (1740-ж.) кийин, анын керээзине ылайык, орус тактысына Иван Алексеевичтин

чебереси Анна Леопольдовна (Анна Ивановнанын сиңдиси Екатеринанын кызы) жана Антон Ульрих Брауншвейгскийдин баласы - Иван Антонович бийликке келет. Регент болуп Аннанын сүймөнчүгү (фаворит) Э.И.Бирон дайындалат. Бир айдан соң фельдмаршал Б.К.Минихтин буйругу менен Бирон камалып, регентшасы болуп анын энеси Анна Леопольдовна дайындалат. Алдыңкы планга мурда 5 падышага кызмат кылган А.И.Остерман чыгат.

Елизавета Петровна чет элдик дипломаттар (Шетард, Нольпен), достору (А.И. жана П.И.Шуваловдор, А.Г.Разумовский, М.И.Воронцов) тарабынан моралдык колдоо таап, Преображенск полкунун гвардиячыларынын жардамы менен (25.XI.1741-ж.) бийликти алат. Иван VI Антоновичти ата-энеси менен сүргүнгө айдап, андан соң бир нече ирет жашыруун түрмөлөргө которуп, 1756-ж. Шлиссельбург чебине жашырылгандан кийин, ал жерден качууга аракет кылганда (1764-ж.) өлтүрүлөт.

Елизавета Петровна жайдары, ак көңүл келип, бийлик мезгили «фаворитизмдин» гүлдөшү менен өзгөчөлөнгөн. Елизавета жаңы жогорку орган – Улуу сарайдагы конференция (“Конференция при высочайшем дворе») түзүп (1756-ж.), биринчи болуп өлүм жазасын жойгон. В.О.Ключевский: «Она было умной и доброй, но беспорядочной, своенравной русской барышней, соединивший новые европейские веяния с благочестивой отечественной стариной», - деп белгилеген.

Петр III Федорович (1728-1762-жж.; бийликте - 25.XII.1761. – 02.VI.1762-жж.). Елизавета Петровна катуу сыркоолоп, күн тартибине мураскерлик маселеси коюлат. Голштиниядан анын 14 жашар жээни Карл Петр Ульрих (православиеге өткөндө Петр ысымын алган) чакыртылат. Ал

ата тарабынан Карл XII ге небере жээн, эне тарабынан - Петр I ге небере эле. Петр III эрезеге жеткенде Прусс королу Фридрих II аны немец княздарынын биринин кызы Софья Август Фредерика Ангальт-Цербскаяга үйлөнүүнү сунуштайт. 1747-ж. алардын уулу Павел төрөлөт. Елизавета Петровна өлгөндөн (1762-ж.) кийин 33 жаштагы Петр III Россиянын императору болот. Ал «солдатик» оюнун жакшы көрүп, Фридрих II ни идеал тутуп, мүнөзү туруксуз, корс болгон. Аны эч ким - өз аялы да, гвардия да, коом да жактырбаган.

Петр III алты ай тактыда отуруп, өтө көп мамлекеттик актыларды (192 указ) кабыл алганы менен таңданткан. Эң негизгиси, «Манифест о даровании свободы и вольности Российскому дворянству» (18.II.1762-ж.) аттуу указдын негизинде, дворяндар мамлекетке кызмат кылуудан бошоп, чет өлкөлөргө чыгуу укугун алган. Пруссия менен келишим (1762-ж.) түзгөн. Петр III, өз аялы Екатерина уюштурган кутумдун натыйжасында тактыдан мажбур кетирилип (28.VI.1762-ж.) бир нече күндөн кийин өлтүрүлөт.

*11.2. Социалдык-экономикалык өнүгүү.*

Бул мезгилде дворян сословиесинен эркин катмарга өтүү укугу берилип, крепостнойлук укук жана жалпы россиялык рынок бекемделип, тышкы соода өнүккөн. Товар-акча мамилелери (натуралдык төлөмдөр акча менен алмашкан), капиталисттик мануфактура (1725-ж. 31 завод болсо, 1750-ж. - 74 кө жеткен), жеке ишкерчилик, өндүрүш калыптанып, жаңы материалдык керектөөлөр күчөгөн.

*11.3. Тышкы саясат.*

Негизги үч максат - Балтика жана Кара деңизге чыгуу, Польша маселеси, эң маанилүү болгон.

Бул мезгилдин өнүгүү өзгөчөлүктөрү.

XVIII к. экинчи жарымында Россиянын тышкы саясаты Петр I нин мезгилине салыштырмалуу активдүү болгон эмес. Б.К.Миних европалык үлгүдөгү, башкаруусу чет өлкөлүктөрдүн колунда болгон армияны кайра түзгөнү менен, флоттун абалы начарлаган. Түштүк жана түштүк-чыгышта коргонуу тилкелерин куруугa көптөгөн күч - каражат жумшалган.

Орус-Польша мамилелери. Польшада Август II өлгөндөн (1733-ж.) соң, бийлик үчүн күрөш башталган. Тактыга талапкер катары Франция королунун күйөө баласы Станислав Лещинский чыкса, Австриянын колдоосу менен Россия, падышалыкка Август III тү (Август II нин уулу) колдогон. Бийликке Святослав Лещинский келип, шылтоо менен Орус – Польша (1733-1735-жж.) согушу жүрөт. Б.К.Миних Гданьск (Данциг) шаарын алып, Лещинский француз кемесинде качат. Польшага король болуп Август III келет.

Орус–түрк согуштары, түрктөрдүн Россиянын чек араларын бузгандыгы шылтоо болуп (1735–1739-жж.) чыккан. Россиянын союздашы Австрия эле. Орус армиясы Бахчисарай жана Азовду (1736-ж.), Очаковду (1737-ж.) ээлеп, осмондор Днестрде (Ставучанам) талкаланып (1739-ж.), Дунайдан өтүүгө даяр турганда, Россиянын союздашы Австрия жеңилип, Турция менен сепараттык келишим түзөт. Россия менен Турция да Белград тынчтык келишимин (IX.1739-ж.) түзүшүп, Россияга Азов, Северский Донец менен Бугдун ортолугундагы аймактар караганы менен, Кара деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү болбойт.

Орус–швед согушу (1741-1743-жж.) Финляндиянын аймагында жүрүп, Або тынчтык келишими (VIII.1743-ж.)

менен аяктаган. Россияга Финляндиянын Кюмень дарыясына чейинки аймактары карайт.

Жети жылдык согуш (1756-1763-жж.) – бул эки коалицияны (1 - Пруссия, Англия, Португалия; 2 - Франция, Испания, Австрия, Швеция, Саксония, Россия) түзгөн державалардын ортосундагы согуш. Ал, Пруссиянын Саксонияга кол салып (1756-ж.), Австрия армиясынын жеңилиши менен башталган. Кийинки жылы согушка Россия киришип, орус аскерлери Гросс-Егерсдорфто прусс армиясын талкалап (19.VIII.1757-ж.), Чыгыш Пруссияны ээлеген. Кийинки жеңиштер Цорндорфто (14.VIII.1758-ж.), Одердеги Кунерсдорфто (01.VIII.1759-ж.) болуп, король Фридрих II нин армиясы талкаланып, өзү качат. Берлин да ээленип (1760-ж.), ачкычы Петербургдагы Казань собоpуна түбөлүк сактоого берилет. Пруссия толук багынуу алдында турганда Россиянын жаңы императору Петр III Пруссия менен келишим түзүп (1762-ж.), жетишилген ийгиликтердин бардыгын жокко чыгарат.

Жети жылдык согушта ири жеңүүлөр П.А.Румянцев жана И.В.Суворовко тиешелүү. Эң негизги жыйынтыгы – бул Англиянын Францияны жеңиши, ошондой эле, колониялар жана соода биринчилигинде алдыга озушу.

*11.4. Коомдук ой пикир.*

Князь Д.М.Голицын (1665-1737-жж.) - көрүнүктүү мамлекеттик ишмер катары коомдук ой-пикир жаратууга салымын кошкон. Ал эми Феофан Прокопович (1681-1736-жж.) – орустун мамлекеттик жана чиркөө ишмери, тарыхчы, жазуучу болуу менен, “Окумуштуулар кошуунун” («Ученая дружина») негиздеп, аны окумуштуу, акын жана дипломат А.Д.Кантемир (1708-1744-жж.) жетектеген. Алардын катарында мамлекеттик ишмер жана тарыхчы В.Н.Татищев,

мамлекеттик ишмер жана дипломат А.П. Волынский ж. б. бар эле. М.В.Ломоносов – улуу орус окумуштуусу, энциклопедист, акын, орус адабий тилинин негиздөөчүсү. Архангельск губерниясынын Денисовка кыштагында төрөлүп, 19 жашында Москвага окууга келет. Славян-грек-латын академиясын аяктап, Петербург илимдер академиясынын университетинде окуган. Чет өлкөдө табигый жана техника илимдерин өздөштүргөн. Петербург илимдер академиясынын профессору (1747-ж.), академиги катары, химия, геология, география тармактарында алгылыктуу ачылыштарды жасаган. Москва университетин (1755-ж.) түзүүгө чоң салым кошкон.

Кыскасы, бул мезгилде маданий-агартуучулук жанданып, илим-билимдин өнүгүүсүнө да көңүл бурулат.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Сарай төңкөрүштөрү мезгилинде баа бериңиз (1725-1762-жж.)
2. Россия империясындагы Екатерина I нин башкаруусу.
3. Петр II башкаруусу.
4. Анна Иоанновна, Елизавета Петровна, Петр IIIнүн башкаруусун айтып бергиле жана салыштыргыла.
5. Сарайдагы төңкөрүш мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүүгө токтолгула.
6. Тышкы саясатка баа бергиле.

## 12.0. Россия империясы XVIII кылымдын 2-жарымында.

*12.1. Социалдык-экономикалык өнүгүүсү.*
*12.2. Екатерина II нин (1762-1796-жж.) "Алтын кылымы" жана Павел I (1796-1801-жж.).*
*12.3. Тышкы саясаты. Россиянын Улуу Европа державасына айлануусу.*
*12.4. Коомдук ой-пикир жана социалдык кыймылдар.*
*12.5. Маданият (жаңы орус адабияты; классикалык архитектура; сүрөт искусствосу; илим жана агартуу; географиялык ачылыштар; музыка; театр).*

*12.1. Социалдык-экономикалык өнүгүүсү.*

XVIII к. экинчи жарымында Россияга Кара деңиздин түндүк жээктери, Азов, Крым, Оң жээк Украина, Белоруссия, Курляндия, Литва ж. б. киргизилиши менен, аймагы бир топ кеңейген. Аянты 17,4 млн.кв. метрди түзүп, калкы - 37,4 млн. адам (1795-ж.) болгон. Калктын 10% гана шаарда (634 шаар болгон) жашап,басымдуу көпчүлүгү айыл-кыштак тургундары эле. Екатерина II нин мезгилинде административдик реформа (1775-ж.) жүргүзүлүп, мурунку 20 губерниянын ордуна, ар бири 300-400 миң адамдан турган  50 губерния түзүлгөн. Экстенсивдүү  айыл-чарбачылык -экономиканын көзгө басар тармагы боюнча калган. Өнөр-жай да өнүгүү жолуна түшүп (1200 адамга чейин иштеген  ишканалар болгон), жалданма жумушчу күчү көбөйгөн. Жалпы россиялык рынок калыптанып, банктар түзүлүп, соода өнүккөн. Сословиелик түзүлүш (дворяндык, духовенство, дыйкандар, казачество) бекемделген.

*12.2. Екатерина II нин (1762-1796-жж.) “Алтын кылымы” жана Павел 1 (1796-1801-жж.).*

Петр I сыяктуу, Екатерина II Алексеевна да тарыхка Улуу Екатерина катары кирди. Анын башкаруусунун башталышы кыйын болгон. Петр III популярдуу болбосо да, мыйзамдуу мураскер эле. Ал эми Екатерина II таза кандуу немец улутунан болгон. Турмушка чыкканга чейинки өз аты – Софья Фредерика Августа Анхальт-Цербстская. Москва Кремлиндеги Успенский Соборунда салтанаттуу тактыга отургузуу (22.IX.1762-ж.) аземинде, ал өзүн бийликке алып келген 40 адамга наамдарды, дыйкандары менен кошо жерлерди берип, акчалай сый көрсөткөн.

Граф Н.И.Паниндин сунушу менен “Манифест о вольности дворянству” (1762-ж.), “Жалованная грамота дворянству” (1785-ж.) деген документтердин негизинде, Екатерина II дворяндык артыкчылыктарды толугу менен бекемдеген. Алар салыктардан жана *баш ийүүлөрдөн бошотулган. Мамлекеттик жана сарайдагы дыйкандар помещиктерге таратылган. Ошондон улам, анын башкаруу мезгили Россия дворяндыгынын “Алтын кылымы” деген ат менен белгилүү. Ал бийликке келгенге чейин эле, Европа философторунун (Вольтер, Ж.Ж.Руссо, Д.Дидро, Д`Аламбер ж. б.) саясий-экономикалык, агартуучулук ойлору менен тааныш болуп, өзүн алардын окуучусумун деп эсептеген. 1777-жылга чейин Вольтер менен кат алышып турган деген маалыматтар бар. Ошондой эле, Екатерина II нин мезгили “Агартуучулук абсолютизми” деген ат менен да белгилүү.

“Уложенная комиссия” (1767-ж.,Комиссия о сочинении проекта нового Уложения) –ири иш чара болуп эсептелип, Екатерина II,ага Европадан алынып,22 бап жана 655 берене (статья)турган сунуш (“наказ”)даярдайт. Агартуучулук

абсолютизм саясатынын ылдамдашына XVIII к. эки окуя - Е.И.Пугачев жетектеген дыйкандар согушу (1773-1775-жж.) жана Улуу Француз революциясы (1789-1794-жж.) түрткү берген:

Екатерина II нин бийлигинин негизги жыйынтыктары:

- Ички-тышкы империялык иш-чараларды (монархияны коргоп, абсолютизмди бекемдөө;
- “Европалаштыруу” боюнча социалдык-экономикалык иштер;
- Дворяндардын беделин көтөрүү иштерин жүргүзүү менен бирге эле, аны агартуучулук (билим берүү, адабият, искусство) тармактары менен айкалыштыра, алгылыктуу алып барган.

Павел I (1796-1801-жж.) тактыга 42 жаш курагында отурааары менен бийликтен Екатеринанын сүймөнчүктөрүн четтеткен. Ал өмүр бою, “менин атам Петр III эмес, Екатеринанын фавориттеринин бири болсо керек ?”, деген күмөндүү ойлор менен жашап өткөн. Өлкөдө аскердик-полициялык режим киргизилип, кийген кийиминен тартып (мундир), ушак сөздөргө чейин текшертилген. Сүргүндөн А.Н.Радищев, Н.И.Новиков, Т.Костюшкону кайтартып келген. Дерпт университетин, Павлов корпусун негиздеп, бийликте эркектер гана болсун деген ой менен, “Учреждение об императорской фамилии” (1797-ж.) чыгарат.Павел I Михайлов сарайында кутумчулар тарабынан (12.III.1801-ж.) өлтүрүлүп, ага Екатерина II нин сүймөнчүктөрү - бир тууган П.А.Зубовдор, генерал Л.Л.Беннингсен, гвардиялык полктун командирлери П.А.Талызин жана Ф.П.Уваров, Петербург губернатору П.А.Пален, сенатор Т.П.Трощинский катышкан.

*12.3. Тышкы саясаты: Россиянын Улуу Европа державасына айлануусу.*

XVIII к. 2-жарымында Россия эл аралык мамилелерде активдүү роль ойной баштаган. Европалык аскердик-саясий союздарга кирип, улуттук мүнөзгө ээ болгон күчтүү армиясы менен белгилүү таасирин тийгизе алган. Тышкы саясаттын негизги милдеттери төмөнкүлөр болгон:

1) Кара жана Азов деңиздери үчүн күрөш;

2) Украина жана Белоруссиянын жерлерин чет элдиктердин үстөмдүгүнөн бошотуп, бардык чыгыш славяндарды бир мамлекетке бириктирүү;

3) Улуу француз революциясынын (1789-1794-жж.) таасиринен сактануу;

4) Түндүк Американы колонизациялоого катышуу.

Орус – түрк согушу (1768-1774-жж.). Франция жана Англиянын күүсү менен Турция Россияга (Х.1768-ж.) кол салат. Россия Азов, Таганрогду ээлеп, флот кура баштайт. Бул согушта П.А.Румянцев (1770-ж.), В.М.Долгорукий (1771-ж.), А.В.Суворов (1774-ж.), А.Г.Орлов (1770-ж.), Г.А.Спиридов (1770-ж.), С.К.Грейг (1770-ж.) сыяктуу таланттуу, белгилүү полководецтер жеңиштерге жетишишкен.

Күчүк-Кайнаржы тынчтык келишими (VII.1774-ж.) түзүлүп, ал боюнча Россия:

1) Кара деңизде өз флотун кармоо укугуна ээ болгон;

2) Деңиз жээгиндеги аймактарга (Азов, Керчь, Кубань, Кабарда, Новороссия) ээлик кылган;

3) Босфор, Дарданелла *кысыктары, куймалары аркылуу башка деңиздерге чыга алган;

4) Крым хандыгы Турциядан көз карандылыгын таныып, Россияга баш ийген;

5) Турция 4 млн. рубль контрибуция төлөгөн;

6) Осмон империясындагы христиан элдеринин укуктары мыйзамдуу корголгон.

Екатерина II орус-түрк согушундагы жеңиштери үчүн өзүнүн полководецтерин ордендер, аты жазылган куралдар (именной) менен сыйлаган. А.Г.Орлов - Чесменский, В.М.Долгоруков - Крымский, П.А.Румянцев – Задунайский деген ардактуу наам алышкан. А.В.Суворов – бриллиантталып шөкөттөлгөн алтын кылыч менен сыйланган.

Орус – түрк согушу (1787-1791-жж.). Турция Россиянын Кара деңиз боюнча бүтүмдөрүнө купулу толбогон. Ал аңгыча,Г.А.Потемкин Крым жарым аралын каратып (1783-ж.), Россияга кошуп алуусу ийгиликтүү болгон.Крымдын эски аталышы Таврида болгондуктан, ал “Князь Таврический” наамын алган. Россия Крымга ээ болуп, Севастополь шаары негизделген (1783-ж.). Бул согушта А.В.Суворов (1730-1800-жж.) полководец катары талантын көрсөтө алып, Кинбурн (1787-ж.), Очаков (1788-ж.), Фокшан (1789-ж.) жана Рымникте (1789-ж.) жеңиштерге жетишүү менен граф Рымникский наамына татыктуу болот. Дунайдагы Измаил чебин алуу (1790-ж.) өзгөчө мааниге ээ. А.В.Суворов:[28] “24 часа – воля, первый выстрел – уже неволя, штурм – смерть”, - деп талап коёт. Ага көнбөгөн Түрк пашасы: *“Скорее Дунай остановится в своем течении, небо упадет на землю, чем сдастся Измаил”[29], - деп баш тартат. 10 саат штурмдан соң Суворовдун аскерлери Измаилди алат. Бул салгылашууда А.В.Суворовдун окуучусу, келечектеги полководец М.И.Кутузовдун (1745-1813-жж.) аты чыгат. Кургактагы аскерлер менен адмирал Ф.Ф.Ушаков (1744-1817-жж.)

[28] “24 саат – эркиндик, биринчи ок - *эрксиздик, штурм – өлүм”

[29] Измаил чеби алынгыча, Дунайдын агымы токтоп, асман жерге түүшөөру бышык.

жетектеген флот биргеликте чыгышат. Калиакрия тумшугунда түрк флоту талкаланып (VIII.1791-ж.), Яссыда тынчтык келишими (I.1792-ж.) түзүлгөн. Анын шарттары боюнча: 1) Крым жарым аралы Россиянын курамында экендигин Турция тааныган; 2) Буг жана Днестр дарыяларынын аралыгындагы аймак Россияга өтүп, Днестр дарыясы - эки өлкөнүн чек арасы катары эсептелген.

Грузиянын Россиянын курамына расмий киришине арналып, “Георгий трактаты” (1783-ж.) түзүлгөн.

Ошентип, Крым хандыгы жоюлуп, Россиянын түштүгүндө Николаев (1789-ж.), Одесса (1795-ж.), Екатеринодар (азыркы Краснодар, (1793-ж.) шаарлары негизделген.

Эл аралык окуялардын бири – Түндүк Америкадагы колониялар үчүн күрөш. Г.И.Шелехов Аляскага барып (1784-ж.), “Орус Америкасын” ачышы, орустардын Аляскада отурукташып жашай башташына жол ачат.

Пруссия, Австрия, Россиянын бекемделиши менен Речь Посполитая бөлүштүрүлө баштайт:

1-бөлүштүрүүдө (1772-ж.) Россияга Белоруссия караган;

2-бөлүштүрүүдө (1793-ж.) Россияга чыгыш жана борбордук Белоруссия (Минск, Волынь, Подолия) берилген;

3-бөлүштүрүүгө (1795-ж.) ылайык, Россия батыш Белоруссия, батыш Волынь, Литва, Курляндия жерлерине ээ болгон.

Бул бөлүштүрүүлөрдүн оң-терс жактары бар эле:

Оң – Россиянын аброю өсүп, жери кеңейген;

Терс – өкмөттүн орусташтыруу саясатына байланыштуу улуттук маселелер курчуп, поляк пандардын наразычылыгы өсүп, улуттук боштондук үчүн күрөшү күчөгөн.

Улуу Француз революциясы (1789-1794-жж.) жана король Людовик XVI нын өлтүрүлүшү (1793-ж.), Россия-Франция мамилесин үзүп, Европада жаңы саясий кырдаал жараткан. Өз кезегинде Россия - Пруссия, Англия, Австрия менен союз түзүп, Ф.Ф.Ушаков жетектеген орус флоту (1798-1800-жж.) французддарга тиешелүү грек аралдарын ээлеп, десанттык аскерлери Неаполь жана Римге кирип барышат. А.В.Суворов баштаган орус армиясы Альпы тоолору аркылуу Швейцарияга кирген кезде (1799-ж.), Англия, Австрия жана Россиянын ортосунда карама-каршылык курчуп, армия мекенине кайтарылат. Жыйынтыгында, XVIII кылымдын экинчи жарымында Россиянын тышкы саясаты ийкемдүү болуп, Европада Улуу державалардын бирине айланат.

*12.4. Коомдук ой-пикир жана социалдык кыймылдар.*

XVIII к. экинчи жарымында коомдук пикирде социалдык-саясий концепциялар пайда болгон:

- Расмий-коргоочу (Официально-охранительная) теория: Мисалы, Екатерина II нин “Антидот” публицистикалык чыгармасы;
- Консервативдик-аристократиялык идеология: Тарыхчы жана публицист М.М.Щербатовдун чыгармалары.
- Либерал-дворяндык багыт: Н.И.Панин, А.Р.Воронцов, Е.Р.Дашкова, А.А.Безбородко сыяктуу коомдук ишмерлердин пикирлери.
- Жай-баракат *(Умеренное) агартуучулук: Н.И.Новиков, Д.Н.Фонвизин, Д.А.Голицындердин эмгектери.
- Революциялык агартуучулук: дыйкандар көтөрүлүштөрү колдоого алынган А.Н.Радищевдин “Вольность”, “Путешествие из Петербурга в Москву”, “Письмо другу, жительствующему в Тобольске” сыяктуу эмгектери.

Социалдык кыймылдар.

XVIII к. 2-жарымында дыйкандар катышкан социалдык кыймылдар күчөгөн. 60-жж. аягы – 70-жж. башындагы ири элдик кыймылдар – Украинадагы “колиивщина” (көтөрүлүшчүлөрдүн куралы учтуу таяк/“кол”/ болгондуктан), Москвадагы “Чумной бунт” (1771-ж.),Е.И.Пучачев жетектеген дыйкандар согушу (1773-1775-жж.) ж. б.

*12.5.Маданият (жаңы орус адабияты; классикалык архитектура; сүрөт искусствосу; илим жана агартуу; географиялык ачылыштар; музыка; театр).*

Жаңы орус адабиятындагы багыттар идеялык-эстетикалык касиеттер менен жуурулушуп, калыптанып калган улуттук маданий салттарды боюна сиңирген. А.Д.Кантемир (1708-1744-жж.), В.К.Тредиаковский (1703-1768-жж.), М.В.Ломоносов, А.П.Сумароков (1717-1777) ж. б. акын-жазуучулардын чыгармалары менен орус адабияты жаңы белеске чыккан. А.Н.Радищевдин (1749-1802-жж.) «Петербургдан Москвага саякаты», «Вольность» одасы (1790-ж.), В.А.Жуковский (1783-1852-жж.) менен К.Н.Батюшковдун (1787-1855-жж.) элегиялары жарык көргөн. Азаттык идеялары В.Ф.Раевский (1795-1872-жж.), К.Ф.Рылеев (1795-1826-жж.), В.К.Кюхельбекерлердин (1797-1846-жж.) чыгармаларында чагылдырылат. И.А.Крылов (1769-1844-жж.), А.С.Грибоедовдун (1795-1829-жж.) чыгармалары сатиралык жана драмалык багытты чыйралткан. А.С.Пушкин (1799-1837-жж.) нукура элдик, реалисттик адабиятты негиздеп, орус адабиятында жаңы доорду ачып, аны дүйнөлүк адабияттардын деңгээлине көтөргөн. Пушкиндин жолун М.Ю.Лермонтов (1814-1841-жж.), Н.В.Гоголь (1809-1852-жж.) ж. б. тереңдетишкен. Сынчыл эстетикалык ой В.Г.Белинскийдин (1811-1848-жж.) чыгармалары менен жогорку тепкичтерге

чыкты. И.А.Гончаров (1812-1891-жж.), И.С.Тургенев (1818-1883-жж.), Ф.М.Достоевский (1821-1881-жж.), М.Е.Салтыков-Шедрин (1826-1889-жж.), А.И.Герцен (1812-1870-жж.) сыяктуу жазуучулардын чыгармаларында коом турмушу, чындык көркөмдүк менен сүрөттөлөт. Бул салттар А.Н.Островский (1823-1886-жж.), Н.А.Некрасовдор (1821-1878-жж.) тарабынан улантылды.

XVIII кылым – XIX кылымдын I жарымы орто кылым маданиятынан жаңы доор маданиятына өтүү мезгили болгон. Чыгыш Европа менен байланыш кеңейип, көптөгөн белгилүү кыл калем чеберлеринин сүрөттөрү Россияга алынып келинген. Россия сүрөтчүлөрү чыгыштан таалим алган. Петербургда Европа тибиндеги көркөм академия негизделип (1757-ж.), агартуу идеясы кеңири кулач жайган.

XVII кылымдын акырында жаңы доордун талабына шайкеш шаарлар пландуу курула баштаган. Россия архитектурасы жалпы европалык көркөм стиль системасында өнүгүп, XVIII кылымда барокко, классицизм пайда болгон. XIX кылымдын ортосунда өкүм сүргөн классицизм архитектуранын бүт түрүнө жайылган. Шаарлардын 400дөн ашык планы иштелип чыккан. Бул мезгилде М.Ф.Казаков (1738-1812-жж.), А.Д.Захаров (1761-1811-жж.), К.И.Росси (1775-1849-жж.) ж. б. атактуу архитекторлор активдүү эмгектенген.

Ушул эле мезгилде сүрөт искусствосунда айрыкча портрет жанры калыптанган (И.Н.Никитин /1690-1742-жж./, А.М.Матвеев /1701-1739-жж./ ж. б.). XVIII кылымдын II жарымында Д.Г.Левицкий (1735-1822-жж.), В.Л.Боровиковский (1757-1825-жж.),Ф.И.Шубиндердин (1740-1805-жж.) чыгармачылыгы орус сүрөт искусствосунда чоң мааниге ээ болгон. О.А.Кипренский (1782-1836-жж.),

В.А.Тропинин (1776-1857-жж.), К.П.Брюллов (1799-1852-жж.) сыяктуу сүрөтчүлөр өз чыгармаларында замандаштарынын психологиясын, мүнөзүн зор чеберчилик менен ачып берген. XIX кылымдын ортосунан, айрыкча, турмуш-тиричилик жанры өнүккөн. Кол өнөрчүлүктүн көркөм таасири астында архитектура менен скульптура өрчүгөн.

XVIII к. биринчи чейрегиндеги бардык өзгөрүүлөр Петр 1нин ишмердигине байланыштуу.

Илим жана агартуу.

Петр 1нин мезгилинде аскер офицерлери адистик билимди Навигациялык, Артиллериялык, Инженердик, Аскер-деңиз, Медициналык окуу жайлардан алып чыгышкан. Бир катар жаштар атайын билимди чет өлкөлөрдөн алышкан. Ошону менен эле бирге, Россиянын өзүндө окуу китептери басылып чыккан: мисалы, М.Смотрицкийдин «Грамматикасы», Л.М.Магницкийдин (1669-1739-жж.) «Арифметикасы», Г.Скорняков-Писаревдин «Механикасы» ж. б.

Орус коомчулугунун сабаттуу катмары жаңылыктар менен биринчи орус басма гезити «Ведомости» (1. 1703-ж.) аркылуу тааныша алышкан.

Болочок Россия Илимдер Академиясынын Санкт-Петербургдагы китепканасы (1714-ж.) негизделсе, көп узабай Илимдер Академиясынын расмий ачылышы (1725-ж.) болгон.

1711-ж. орус деңиз саякатчылары Д.Анциферов жана И.Козыревский Курил аралдарына чейин жетишип, аларды картага түшүрүп, сүрөттөп калтырышкан. Петр Інин дипломатиялык тапшырмасы менен А.Бекович-Черкасский (?-1717-жж.) 1717-ж. Хива хандыгына барып,хандын буйругу менен тымызын өлтүрүлүп, экспедиция натыйжасыз аяктайт. В. Берингдин (1681-1741- жж.) биринчи Камчатка

экспедициясы (1725-1730-жж.) Сибирдин чыгыш бөлүгүн изилдеп, баалуу маалыматтарды жыйнап келсе, экинчи Камчатка экспедициясы (1733-1743-жж.) Азия менен Американы бөлүп турган кысыкты аныктап, ал жерде болочок Петропавловск шаарын негиздешкен. С.И.Челюскин (төрөлгөн, өлгөн жылдары белгисиз) Түндүк-Чыгыштагы Таймыр жарым аралын (1741-1742-жж.) эң четки түндүк чегине чейин изилдеп, ал жерлер азырга чейин Челюскин тумшугу деген аталышта илимге кирди.

Нева дарыясынын аркы өйүзүндө, Адмиралтействонун маңдайында совет дооруна чейинки Петербургдун, андан соң Петрограддын, кийин Ленинграддын, азыркы кездеги Санкт-Петербургдун көз жоосун алган эски имараты –Улуу Петрдун атактуу Кунсткамерасы турат. Ал Нева жээгиндеги Россиянын жаңы борборунун эң алгачкы таштан салынган имараты. Кунсткамера үчүн Петр Iнин планы боюнча атайын курулуп, Он эки коллегиядан (анда азыр Санкт-Петербург университетинин башкы имараты жайгашкан) алыс эмес жерде, Васильев аралынын тилкесинде жайгашкан.Падыша ал жерде Россиянын жаңы борбор шаарын негиздөөнү чечкен. Мына ошондуктан бул жерде анын мезгилиндеги минстрликтердин (коллегия),ошондой эле 1714-жылы негизделген Кунсткамеранын имараты курулган. Ал орус илиминин калыптанышында маанилщщ роль ойногон. Петр Iнин оюн архитекторлор Г.М.Матарнови, Г.Киавери жана М.Г.Земцовдор ишке ашырышты. Курулуш иштери 1718-жылы башталып,ал он жылдан соң, император каза болгондон кийин аяктады. Орус илими калыптанып келе жаткан кездеги бул сарайда XVIIIкылымдын баш чени үчүн көптөгөн чоң-чоң терезелүү, сан жеткис шам чырактуу, өтө кеңири музей залдары болгон. Бул жаңы имаратта Петр Алексеевич өзү

демилгечи болуп чогулткан коллекциялар үчүн жай жетишерлик эле. Ал эми мурунку имарат болсо, албетте, музей иши үчүн ылайыкташтырылган эмес болчу.

Биринчи илимий мекеме катары Петрдун оюнда Европа үлгүсү боюнча «Сейрек кездешүүчү буюмдар каанасы» («Кабинет редкостей», же немисче – «Кунсткамера») болгон. Кунсткамеранын алгачкы коллекцияларынын негизин Петр 1 өзү чет өлкөлөрдө саякатта жүргөндө сатып алган ажайып, таң каларлык (диковинные) буюмдар жана инженердик эмгек шаймандары (инструмент), ошондой эле анын буюртмасы менен Батыш Европанын антикварларынан сатылып алынган буюмдар түзгөн. Петр өзү 1698-жылы Амстердамда жүргөн кезинде голландиялык анатом Фредерик Рюйш (Рейс) менен таанышып, кийин, негизинен 1717-жылы, өтө көп кымбат баага (30 миң гульден), дээрлик миң даанадан турган уникалдуу коллекцияны – анатомиялык препараттарды сатып алган.

1714-жылы Петр I Европа жана Азия өлкөлөрүнүн элдеринин маданиятын, турмуш-тиричилигин чагылдырган буюмдардан, минералдардан, зоологиялык жана анатомиялык препараттардан турган өзүнүн коллекцияларын Москвадан Петербургга көчүрүп барууга буйрук берет. Ал коллекциялар Россиянын жаңы борборундагы Жайкы сарайда (Летний дворец), «Сейрек кездешүүчү буюмдар каанасы» («Кабинет редкостей» же «Кунсткамера») деп аталган атайын имаратта экспозицияга коюлуп, ошол эле жылы ал биринчи көрүүчүлөрдү кабыл алган.

Ошентип,1714-жыл – биринчи орус музейинин даңктуу тарыхынын башталыш жылы болуп калды. Кунсткамера – иш жүзүндө болочок СССР ИАнын бардык институттарынын жана негизги музейлеринин, ошондой эле Академиянын

китепканасынын башаты болуп, б. а. орус илиминин бешиги (колыбель) болуп эсептелет. Көп өтпөй эле Жайкы сарайдагы имарат музей үчүн тардык кылып, 1717-жылы музейге бояр Кикиндин эки кабаттуу таш сарайы берилет.

Ошол эле учурда Васильев аралынын тилкесинде музей үчүн атайын жаңы имараттын курулушу башталат. Бул арал жаңы борбор болуп калбаганы менен Кунсткамеранын бул жерде жайгашып калышы, ал жердин Петербург боюнча гана эмес, бүткүл Россия боюнча илимдин жана билимдин ири борбору болуп калышына түрткү болду.

1724-жылы Петербург Илимдер академиясы негизделгенде, анын курамына биринчи жана жападан-жалгыз илимий мекеме катары Кунсткамера да кирди. 1728-жылы Кунсткамеранын бардык коллекциялары жаңы имаратка көчүрүлдү. Ошол кез үчүн музейдин коллекциялары алгачкы академиялык экспедицияларда жыйналган буюмдарды, ак сөөк, жогорку даражалуу төрөлөрдүн (вельможа) жана окумуштуулардын жеке белектерин эске алганда, абдан арбын эле. Алсак, эң биринчилерден болуп, Сибирь элдеринин маданиятын жана турмуш-тиричилигин чагылдырган эң бай, нукура этнографиялык топтом Кунсткамерага Д.Г.Мессершмидт (1685-1735-жж.) тарабынан 1727-жылы тапшырылган. Андан соң, музейдин экспозициялары, запасниктери, фонддору жана коллекциялары 1733-1743-жылдарында болуп өткөн В.И.Берингдин (1681-1741-жж.) экинчи Камчатка экспедициясынын жетекчилери жана катышуучулары – Г.Ф.Миллер (1705-1783-жж.), И.Э.Фишер (1697-1771-жж.), И.Г.Гмелин (1709-1755-жж.), С.П.Крашенинников (1711-1755-жж.), Г.В.Стеллер (?-1746-жж.) ж. б. тапшырган буюмдардын эсебинен да бир кыйла толукталып, байыган.

Биринчи орус музейи жаңы эле бутуна туруп келе жаткан кезде б. а. 1739-1740- жана 1747-жылдары бул ыйык жайда «аттуу-баштуулар» «келеке той» өткөрүшкөн. Натыйжада өрт чыгып, анда көптөгөн коллекциялар күйүп жок болуп, музейдин үстүңкү мунарасы талкаланып, Кунсткамерага калыбына келгис зыян келтирилген. Мунара 1948-жылы гана кайра калыбына келтирилген.

1770-жылдын акырына карата музейдин коллекциялары кайра калыбына келтирилип, экспозициясы да бир кыйла кеңейди. Ушул эле XVIII кылымда Кунсткамерада жана анын өнөрканаларында (мастерская) М.В.Ломоносов, Г.В.Рихман (1711-1753-жж.), А.К.Нартов (1693-1756-жж.), Л.Эйлер (1707-1783-жж.) ж. б. у. с. орус илиминин жана техникасынын генийлери эмгектенишкен.

Кунсткамеранын курамынан жети академиялык мекеменин расмий түрдө өз алдынча бөлүнүп чыгышы 1836-жылы болду. Дал ошол кезде «Императордук Санкт-Петербург Илимдер академясынын уставы жана штаттары» деп аталган документте өз алдынча музейлер катары төмөндөгүлөр аталган болчу: Минералогия, Ботаника, Зоология-Зоотомия, Азия, Нумизматика, Египет жана Этнорграфия музейлери. «Петр I нин кабинети» деп аталган мемориалдык музей өзгөчө аталган. Музейлердин штаттарында илимий жана илимий-техникалык кызматкерлер көрсөтүлгөн. Кунсткамеранын жанында жайгашкан эки имараттан орун алган өз алдынча жаңы музейлердин жетөө тең 1837-жылы залдарын ачышып, көрүүчүлөрдү кабыл алышты.

Ошентип, 1836-жылы Кунсткамерадан бөлүнүп чыккан Минералогия музейи – азыркы кездеги Россия Илимдер академиясынын Москвадагы Минералогия музейинин негизин түзүп калды. Ботаника музейи болсо – РИАнын Ботаника

институтунун маанилүү бөлүгү. Зоология-Зоотомия музейинин базасында РИАнын азыркы Зоология институту жана музейи өсүп чыкты. Азия музейинин буюм түрүндөгү коллекцияларын Этнография музейине өткрүп бергенден кийин, калган кол жазма жана китеп фондуларынын базасында РИАнын Чыгыш таануу институту пайда болду. Нумизматика жана Египет музейлеринин буюм-теримдери, ошондой эле Петр I нин кабинет-музейи да Эрмитаждын тиешелүү бөлүмдөрүнө берилди. Этнография музейинин базасында ИАнын Улуу Петр атындагы Антропология жана этнография музейи (МАЭ) жана азыркы РИАнын Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы Этнология жана антропология институту өсүп чыкты.

Ошентип, 1837-жылы Кунсткамерадан бөлүнүп чыккан музейлердин базасында калыптанган РИАнын ар бир музейи жана институту өзүнүн жаралган мезгили катары 1714-жылды, б. а. Кунсткамера негизделген жылды сыймыктануу менен атаса болот.

Россиялык ж. б. окумуштуулар, изилдөөчүлөр, саякатчылар Кунсткамеранын коллекцияларды толуктоо өтүнүчүнө жооп катары, бул музейге баалуу экспонаттарды тапшырууну жеке ар-намыс катары санашып, ар бир экспедициядан кийин музейдин фонддору жүздөгөн, миңдеген буюмдар менен толукталып турган. XVIII –XIX жана XX кылымдын орто ченине чейин эле жүздөгөн атайын экспедициялар уюштурулган. Алардын эң көрүнүктүү жетекчилери жана катышуучулары: И.И.Георги (1729-1802-жж.), Джеймс Кук (1728-1779-жж.), Г.А.Сарычев (1763-1831-жж.), И.Ф.Крузенштерн (1770-1846-жж.), Ю.Ф.Лисянский (1773-1837-жж.), В.М.Головнин (1776-1831-жж.), Ф.Ф.Беллинсгаузен (1778-1852-жж.), М.П.Лазарев (1788-1851-жж.), Ф.П.Литке (1797-1882-жж.), И.Г.Вознесенский (1816-

1871-жж.), М.А.Кастрен (1813-1852-жж.), Г.И.Лангсдорф (1774-1852-жж.), В.В.Юнкер (1840-1892-жж.), В.М.Алексеев (1881-1951-жж.), П.К.Козлов (1863-1935-жж.), В.И.Анучин (1875-1941-жж.), А.М. жана Л.А.Мерварттар (1884-1932-жж.; 1888-1965-жж.), М.С.Андреев (1878-1948-жж.) ж. б.

2014-жылы Кунсткамеранын негизделгенине 300 жыл болду. Анын жашы андан бөлүнүп чыккан же анын базасында түзүлгөн Россиядагы бардык академиялык институттардын же музейлердин жашы десек болот.

Азыркы Санкт-Петербургдуктар гана эмес, бул шаардын миллиондогон коноктору да Антропология жана этнография музейин кыскача эле Кунсткамера деп коюшканы бекеринен да, кокусунан да эмес. МАЭ азыр ааламда жашаган ар түрдүү элдердин маданияты жана турмуш-тиричилиги тууралуу толук кандуу, кеңири маалымат бере алат.

Петр Інин кеңешчилеринин бири - Россиянын биринчи экономисти, публицист И.Т.Посошков (1652-1726-жж.), биринчи кезекте, өнөр жай жана сооданы өнүктүрүүнү, илимий изилдөөлөргө артыкчылык берүүнү сунуштаган. Анын бул ойлору «Жакырдык жана байлык жөнүндө китеп» («Книга о скудости и богатстве») аттуу чыгармасында (1724-ж.) чагылдырылган.

Музыкасы.

Орус музыкасынын башаты чыгыш-славян урууларынын маданиятына жана турмуш-тиричилигине барып такалат. Христиан динин кабыл алгандан кийин бир нече кылым бою бир үндүү чиркөө ыры өнүгүп, XVII-XVIII кк. көп үндүү партесттүү ырдоо жана кант, псалма таралган.

XVIII кылымда профессионал музыкалык искусствосунун театр, камералык жана симфониялык концерт өңдүү жаны формалары кирген. XIX кылымда орус классикалык

музыкасынын негиздөөчүсү М.И.Глинка (1804-1857-жж.), съюрреализминин өкүлү А.С.Даргомыжскийдин (1813-1869-жж.) чыгармачылыгы менен орус музыкасы ийгиликтүү өнүккөн. А.Г.Рубинштейн (1829-1894-жж.) негиздеген орус музыкалык коому (1859-ж.) көптөгөн угуучулардын көңүлүн олуттуу музыкага буруп, Петербургда (1862-ж.) жана Москвада профессионал музыкалык кадрлардын өсүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Сынчы, композитор А.Н.Серов (1820-1871-жж.) жана 1860-жылдардагы композиторлордун «Кубаттуу топ» уюму музыкалык чыгармачылыкты өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн. 1830–1850-жылдарда М.И.Глинканын чыгармачылыгы классикалык орус музыкасынын гүлдөшүнө жол ачып, орус музыкалык мектеби европалык улуттук музыка мектептеринин эң алдынкыларынын катарына кошулган. Анын тарыхый темадагы «Иван Сусанин» (1836-ж.), «Руслан жана Людмила» (1842-ж.) ж. б. опералары орус музыкасына жаңы из салган. Анын «Камаринская» (1848-ж.), «Испан увертюралары», «Арагон Хотасы» (1845-ж.) жана «Мадриддеги түн» (1851-ж.) ж. б. оркестрдик чыгармалары орустун улуттук симфонизминин негизи болуп калды. Орус жана дүйнөлүк музыкада реализмдин эң жогорку чеги – П.И.Чайковскийдин (1840-1893-жж.) чыгармачылыгы.

Театры

Орус театр искусствосунун алгачкы өкүлдөрү - скоморохтор болгон. Алар эмгек процессине, ырым-жырымдарга байланыштуу келип чыккан. XVI-XVII кылымдардын I жарымы скоморохтордун өнөрүнүн гүлдөгөн мезгили. XVIII кылымда алгач ышкыбоздор театры пайда болуп, Петербургда биринчи орус мамлекеттик профессионал

театры (1750-ж.) Ярославлдагы Ф.Г.Волков (1729-1763-жж.) труппасынын негизинде түзүлгөн.

Орус сахна мектебин калыптандырууда И.А.Дмитриевский (1736-1821-жж.) менен М.С.Щепкин (1788-1863-жж.) зор эмгек сиңирген.

Россия империясында алгачкы жогорку окуу жайы - Москва университети эшигин ачып (1755-ж.), бул «альма матерден» бүгүнкү күнгө чейин миңдеген жаштар руханий азык алып, илим-билимдүү болуп чыгышты. Көп өтпөй Архангельскиде В.Крестининдин (1729-1795-жж.) «тарыхты изилдөөчүлөр коому» уюшулуп (1759-ж.), ал дагы башка коомдордун түзүлүшүнө өбөлгө түздү.

Санкт-Петербургдагы китепкана окурмандарды тейлей баштап (1795-ж.), ага кийинчерээк М.Е.Салтыков-Щедриндин (1826-1889-жж.) ысмы ыйгарылган.

Көрүнүктүү мамлекеттик ишмер жана дипломат Н.П.Румянцев (1754-1826-жж.) баалуу кол жазмаларды, этнографиялык, нумизматикалык жана музейлик материалдарды, сейрек китептерди жыйнап, алардын негизинде фундаменталдык китепкана жана музей түптөгөн. Кийинчерээк, тарыхый документтерди жыйноо, териштирүү, изилдөө максатында атайын Археографиялык комиссия түзүлгөн (1834-ж.).

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Россия империясынын XVIII кылымдын 2-жарымындагы социалдык- экономикалык өнүгүүсүн баяндагыла.
2. Екатерина IIнин (1762-1796-жж.) «Алтын кылымы» жөнүндө баяндагыла.
3. Павел I (1796-1801-жж.).
4. Россия империясынын XVIII кылымдын 2-жарымындагы тышкы саясаты.
5. Россиянын Улуу Европа державасына айлануусуна баа бергиле.
6. Коомдук ой- пикир жана социалдык кыймылдар жөнүндө айтып бергиле.
7. Маданияттын (жаңы орус адабияты; классикалык архитектура; сүрөт искусствосу; илим жана агартуу; гоеграфиялык ачылыштар; музыка; театр) өнүгүүсүн баяндагыла.

## 13.0. Россия XIX кылымда.

*13.1.0. Россия империясы XIX кылымдын 1-жарымында.*

*13.1.1. Экономикасы жана социалдык түзүлүшү.*

*13.1.2. Александр I: ишмердиги, реформалары.*

*13.1.3. Декабристтер: көз караштарынын калыптануу өбөлгөлөрү, кыймылынын тактикасы.*

*13.1.4. Николай I: ишмердиги, тышкы саясаты.*

*13.1.5. Улуттук аң-сезим: западниктер жана славянофилдер.*

### *13.1.1. Экономикасы жана социалдык түзүлүшү.*

XIX кылымдан тартып Россия чыныгы Европа мамлекетине айланат. Эгер XVIII кылым - «Агартуучулук кылымы» деп айтылса, XIX к. - «Капитализм кылымы», «Национализм кылымы», «Революциялар кылымы», «Цивилизациянын жана маданияттын кылымы» деген аттарга конгон. Европалыктар «Батыш» жана «Чыгыш» деп бөлүшсө, анда Россия «орус вариантында» өнүгүп, өзгөчө орунда турган.

XIX к. ортосунда Россия империясынын аймагы 18 млн. кв км., калкынын саны - 70 млн. адамга жетип, тили, дини, каада-салт, үрп-адаттары, сырткы кебете-кешпири (расасы) менен айырмаланып турган көп улуттуу өлкөгө айланган: калктын басымдуу көпчүлүгү орустар ж. б. славян элдери болгону менен, алар менен канатташ түрк (татар, чуваш, башкыр, якут ж. б.), финн-угор (мордва, мари, коми, удмурт), тунгус-маньчжур элдери (эвенк, эвендер) жашаган.

Диний ишенимдери боюнча: Православие – калктын 87% тутунган; Ислам – Түндүк Кавказ, Поволжье (татар,

башкыр ж. б.); Буддизм – калмактар жана буряттар; Иудаизм – XVIII к. Речь Посполитаяны бөлүштүрүүдө Россияга өтүп калган еврейлер; бутпарастар – Түндүк жана Сибирь элдери.

Административдик жактан Россия 47 губернияга жана 5 областка (Астрахань, Таврия, Кавказ, Дон, Кара деңиз) бөлүнгөн.

Калктын катмарлары (сословие): дворяндар – көп укуктуу, эң башкы сословие; духовенство – Синод; көпөстөр - 1-гильдия – тышкы жана ички соода, 2-гильдия – ири ички соода, 3-гильдия – шаардык жана уезддик соода; мещандар - кол өнөрчүлөр жана майда соодагерлер; дыйкандар – помещиктик, мамлекеттик, уделдик болуп бөлүнүү менен калктын 90% түзүп турган; казачество (1.5 млн. адам) – чек араларды коргоо милдеттери жүктөлгөн 9 казак аскер (Амур, Астрахань, Дон, Забайкалье, Оренбург, Сибирь, Тер, Урал, Кубань) бирдиктери; Түндүк жана Сибирь элдери (ненец, эвенк, ламуттар) – мамлекетке аң терилери менен ясак (дань) төлөгөн аңчылардын өзгөчө тобу.

XIX к. чарбачылык боюнча адистештирилген райондор калыптана баштайт. Борбордук өнөр-жай району - Москва, Владимир, Тверь, Ярославль, Кострома, Нижегородск жана Калуга губерниялары; Борбордук кара топурактуу дыйканчылык региону – Рязань, Тула, Воронеж, Тамбов, Орел, Курск губерниялары; Түндүк райондору – Вологда, Архангельск, Оленецк губерниялары; Түндүк-батыш региону – Петербург, Новгород, Псков губерниялары.

Чарбачылык боюнча адистештирилген региондорго бөлүнүү - өндүргүч күчтөрдүн, акча-товар мамилелеринин өнүгүүсүнүн жана коомдук эмгектин бөлүштүрүлүүсүнүн негизги көрсөткүчү болуп эсептелет. XIX к. Россия агрардык өлкө

болуп, калктын 9/10 бөлүгү экстенсивдүү жол менен жүргүзүлгөн айыл чарбасы менен алектенген.

XIX кылымдын 30 - 80-жылдар аралыгында Россияда өндүрүштүк төңкөрүш (кол эмгегинен - техникага, мануфактурадан - фабрикага өтүү) байкалат. Социалдык жактан жаңы катмар - буржуазия жана пролетариат калыптанган.

Илимий-техникалык прогресстин деми менен илим, техника өнүгүп, жаңы заводдор курулуп, өнөр-жай өндүрүшүнүн капиталисттик жолго өтүүсү менен капитал чогулуп, шаарлар өскөн. Эң ири шаарлар болуп Санкт-Петербург жана Москва эсептелген. Россиядагы транспорт жана жолдордун системасы ыңгайсыз (жайында – кайык, кеме; кышында чана колдонулган) жана сезондук мүнөздө болгон. Алгачкылардан болуп Петербург менен Царское селону байланыштырган темир жол ишке киргизилип (1837-ж.), Петербург - Москва темир жолунун курулушу (1851-ж.) башталган.

Жарманкелер кыскарып, дүкөн соодасы өнүгө баштаган. Тышкы соодада Англия негизги өнөктөштөрдүн бири болгон.

Капитализмдин өнүгүшүнө кедергисин тийгизип келген крепостнойлук укук да жоюлган (1861-ж.).

Жыйынтыгында, Россиянын экономикасында бир жагынан натуралдык чарба сакталса, экинчи жагынан - акча-товар мамилелери өнүгө баштаган.

*13.1.2. Александр I: ишмердиги, реформалары.*

XIX к. I жарымында Россияда абсолюттук монархия орногон, б. а. императорго бардык бийлик берилген.

Александр I (1777-1825-жж.; орус императору - 1801-1825-жж.) жаштайынан эле эки үйдө - Европадагы энесинин

жана “казармалык-солдат” атасынын үйүндө чоңойгон. Ал абдан акылдуу, билимдүү, дипломатиялык *жөндөмдүүлүккө, жакшы манераларга ээ, өз учурунун сүйкүмдүү падышасы (император) болгон. Анда эки агымдын (либералдык жана консервативдик) күрөшү жүргөн. Анын башкаруу мезгилин экиге бөлүшөт:

1) Либералдык багыттагы чоң масштабдагы реформаларды (1801-1812-жж.) жүргүзүүгө аракеттенүүсү;

2) Ички-тышкы саясатта консервативдик *тенденциялардын (1814-1825-жж.) үстөмдүгү.

Александр I нин окутуучусу жана тарбиячысы, агартуучулукту колдоп, болочок императорду саясий эркиндикти сыйлоого, деспотизмге каршы күрөшүүгө тарбиялаган швейцариялык Фредерик Сезар де Лагарп (1754-1853-жж.) болгон.

Өлкөдө реформаларды жүргүзүү үчүн (1801-1803-жж.) түзүлгөн “Расмий эмес” («Негласный комитет»), курамына императордун достору (П.А.Строганов, Н.Н.Новосельцев, В.П.Кочубей, А.А.Чарторыйский ж. б.) кирип, официалдуу эмес орган болгонуна карабай, реформаларды иштеп чыгып, сунуштоодо чоң роль ойногон.

Мамлекеттик башкаруудагы реформалар:

- Министрликтер түзүлүп (1802-ж.), Сенатта Жогорку сот башкы көзөмөлдөөчү органга айланган.
- Социалдык чөйрөдө: Указ «О вольных хлебопашцах» (1803-ж.); 1804-1805-жж. Указдар - Лифляндия жана Эстляндия губернияларында крепостнойлук укук чектелген.
- Билим берүү тармагында: «Об устройстве учебных заведений» (1803-ж.) деген *иш кагазына ылайык, Харьков жана Казань университеттери; Петербургда педагогикалык институт (1804-ж.) ачылып, кийин ал университет болуп

түзүлгөн (1819-ж.); Университеттик Жобо (Устав) боюнча (1804-ж.) ректор жана декандарды университеттин жамааты шайлаган); Царское селодо лицей (1811-ж.) ачылган; Билим берүү, агартуу тармактарында башкаруу органдары түзүлгөн.

Россиянын мамлекет түзүлүшүн демократиялаштыруу боюнча реформаларды иштеп чыгууга белгилүү мамлекеттик ишмер М.М.Сперанский (1772-1839-жж.) чоң салым кошкон. Ал өзүнүн жакшы сапаттары - абдан тактыгы, ишке жөндөмдүүлүгү менен карьера жасап, статс-советник (1807-ж.), генерал чиндерин алган. Александр Іге мамлекеттик жаңы түзүлүш боюнча «Введение к Уложению государственных законов» долбоорун (1809-ж.) сунуштаган. Анын кээ бир гана сунуштары, алсак, «Указ о придворных званиях» (1809-ж.) кабыл алынып, бардык чиновниктер мыйзамдуу түрдө тиешелүү, тактап айтканда, укук, тарых, география, чет тил, статистика, математика, физика боюнча билимге ээ болуусу зарыл шарт болгон. 1801-жылы түзүлгөн Негласный Совет жоюлуп, жогорку мыйзам чыгаруучу орган катары Мамлекеттик Кеңеш (1810-ж.) киргизилген. Сперанскийдин реформалары буржуазияны колдоп, падыша бийлигин чектегендиктен, чиновниктер наараазы болуп, акыры аны мамлекеттик саткын (Наполеонго иштеген шпион) катары каралап, Нижний Новгородго сүргүнгө айдатылган. 1821-жылга чейин саясаттан алыстап, ал жактан ой-пикирлерин өзгөртүп кайтып келген. Ал: «Мен ката кетирдим, Россия өзгөрүүлөргө даяр эмес», - деген.

Сперанский менен бирге эле императордун айланасында А.А.Аракчеев (1769-1834-жж.) болгон. Ал артиллериянын генералы (1807-ж.), аскер министри (1808-1810-жж.), Мамлекеттик Кеңештин аскер иштери боюнча департаменттин төрагасы (1810-1815-жж.) болуу менен, иш

жүзүндө, андагы башчылыкты колуна (1815-ж.) алган. Көпчүлүк ведомостволор боюнча Императоргo докладдарды даярдап берип турган. Куралдуу күчтөргө катаал аскер тартибин киргизген. А.С.Пушкин А.А.Аракчеев жөнүндө төмөндөгүдөй жазган:

«Всей России притеснитель,
Губернаторов мучитель.
Полон злобы, полон мести,
Без ума, без чувств, без чести».

Александр I өлгөндөн кийин ал аскер айылдары башкармалыгын жетектеген.

Аскер айылдары – Россиядагы өзгөчө аскер уюму (1810-1857-жж.). Мында мамлекеттик жергиликтүү дыйкандар (18 - 45 жашка чейинки эркектер, анын ичинде, үйлөнгөндөрү да) аскер айылына кирип, айыл-чарбасын аскер кызматы менен айкалыштыра алып барган. 7 жаштан - кантончу, 18 жаштан форма кийип, аскер бөлүктөрүнүн бирине өткөн. Ата-энелер, иш жүзүндө, жаш балдарынан ажыраган, кыздарын кожоюнунун (*начальнигинин) айтуусу менен турмушка беришкен. Болбогон кемчилдиктер үчүн да катуу жазаланган. Муну менен, Александр I өзгөчө аскер кастасын түзүүнү көздөгөнүн байкайбыз, андыктан, анын башкаруу мезгили тарых илиминде «Аракчеевщина» (1816-1825-жж.) деген атка конгон. Анын өбөлгөлөрү:

1) Жаш кезинде Александрдын сүйүктүү карындашы Екатерина Павловна (1818-ж.), 16 жаш курагында сүйүктүү кызы Софья кайтыш болуп, Царскосельский сарайында өрт чыгып, Петербургду суу каптап (XI.1824-ж.), көп өлүм катталат.Ошондо өлкөнү башкаруу, иш жүзүндө, Министрлер кабинетине өтөт, б. а., А.А.Аракчеев жума сайын канцеляриядан отчет даярдап, императорго кирип турган.

2) Аракчеев эч качан императорго жамандык каалабаган, пунктуалдуу жана алмаштыргыс жардамчы болгондуктан, анын сүймөнчүгүнө айланган.

*13.1.3. Декабристтер: көз караштарынын калыптануу өбөлгөлөрү, кыймылынын тактикасы.*

Декабристтер - 1820-жж. I жарымындагы жашыруун коомдун (14.XII.1825-ж. уюшулган көтөрүлүшкө чыккандыктан "декабристтер" деп аталган) негиздөөчүлөрү жана мүчөлөрү. Уюмдун сөңгөгүн, негизинен, аскер кызматындагы дворян жаштар түзүшкөн. Бул - самодержавиеге каршы чыккан алгачкы куралдуу көтөрүлүш болуп эсептелет.

Декабристтердин идеялык көз-караштарынын булактары:

- XVIII к. француз агартуучулары;
- А.Н.Радищев, Н.И.Новиков сыяктуу орус ойчулдары;
- Өзүлөрү билим алган Москва университети, Царское селодогу лицей;
- Александр I нин кашаң, натыйжасыз реформалары;
- Саясий мектеби - Ата Мекендик согуш (1812-ж.) жана орус армиясынын (1813-1815-жж.) тышкы жүрүштөрү. Ал жакта болочок декабристтер Европадагы социалдык-саясий өзгөрүүлөрдөн таасирленишкен.

Көздөгөн максатына жетүүнүн жолдору жана анын ыкмаларына карай декабристтерди экиге бөлүүгө болот:

1) Мамлекеттик реформалар аркылуу ишке ашыруу;
2) Чечкиндүү иш чараларды колдонуу.

Гвардиялык аскерлер жашыруун ийримдерди (1814-1815-жж.) түзө башташат. Алгачкысы «Орден русских рыцарей» (1814-ж.; жетекчилери - М.Ф.Орлов, М.А.Дмитриев-Мамонтов) деп аталып, андан соң «Союз спасения» (1816-ж.),

«Союз благоденствия» (1818-ж.), Украинада «Түштүк коому» (III.1821-ж., жетекчиси - П.И.Пестель), Петербургда «Түндүк коому» (1821-ж.; уюштуруучулары - Н.М.Муравьев, Н.И.Тургенев, М.С.Лунин ж. б.) түзүлгөн. Түштүк коому - «Орус правдасын», Түндүк коому – «Конституция» иштеп чыгышкан. Анда самодержавиени кулатып, жалпы элдик вече түзүү, мыйзамдуу тең укуктуулук, сословилерди жоюу ж. б. маселелер каралган.

Таганрогдо Александр I дүйнөдөн кайткан (XI.1825-ж.) соң, декабристтер көтөрүлүшкө чыгып, жеңилүү ызасын тартышат. К.Ф.Рылеев, П.И.Пестель, С.И.Муравьев-Апостол, М.П.Бестужев-Рюмин, П.Г.Каховский дарга асылган.

Жеңилүүнүн орчундуу себептери:

1) Элди кошпой, армияга гана таянгандыктан, көтөрүлүшчүлөрдүн санынын аздыгы жана пассивдүү тактика;

2) Бирдиктүү программалык документтердин жоктугунан, пропаганда иштери начар жүргүзүлүп, өзгөрүүлөргө коом да даяр эмес эле.

Декабристтердин көтөрүлүшү - Россиядагы социалдык-саясий системаны өзгөртүүгө далалаттанган алгачкы кыймыл. Алардын идеялары жана ишмердүүлүгү - орус тарыхындагы маанилүү окуя болуу менен, кийинки коом үчүн үлгү болот.

*13.1.4. Николай I: ишмердиги, тышкы саясаты.*

Николай I (1796-1855-жж.; орус императору - 1825-1855-жж.) бийликке келгенге чейин эле алты бөлүмдөн турган «Собственная его Императорского величества канцелярия» (1812-ж.) түзүлгөн болчу. Ал ага өзгөртүп-толуктоолор киргизди: I бөлүм - Министерство-ведомстволордогу чиновниктерди көзөмөлдөө (1826-ж.); II бөлүм – Россия империясынын мыйзамдарын жазып, юридикалык иштерди талдоо жана жалпылоо; III бөлүм – Ички иштер министрлиги

жана полиция. Ал мамлекеттик кылмышкерлер жана режимге каршы чыккандар менен күрөшкөн (сүргүн, түрмө ж. б.). Анда агентуралык тармак, жандармдар корпусу (1826-ж.), аны А.Х.Бенкендорф (1783-1844-жж.) жетектеген. IV бөлүм – Аялдар үчүн окуу жайлар менен иш алып барган (1827-ж.); V бөлүм – Дыйкандар ишин тейлөө (1836-ж.); VI бөлүм – Кавказ аймагы боюнча башкармалык (1842-ж.).

Жыйынтыгында, мамлекеттик аппаратта сандык өсүү болуп өтөт.

Мамлекеттик кызматкерлер (чиновник) үчүн атайын «Устав о службе гражданской» аттуу мыйзам (1830-жж.) кабыл алынып, анда чиновниктерди кызматка алуу, бошотуу, алардын укук-милдеттери белгиленген. Бул мезгилде паракорчулук («взяточничество») өнөкөт болуп, 50 губернатордон үчөөсү гана пара албаган. Киев губернатору Писарев, Таврия губернатору Муравьев (декабристтин иниси), Ковенск губернатору Радищев (Радищевдин уулу) байлыгы менен өзгөчөлөнгөн.

Николай I нин мезгилинде Россия мыйзамдары сүргүндөн кайтып келген (1816-ж.) М.М.Сперанский тарабынан топтоштурулуп, иретке келтирүү (кодификация, же упорядочение) иштери жүргүзүлгөн. Ал 45 том менен – «Полное собрание законов Российской империи» деген аталышта чыккан. Ошондой эле «Свод законов» аттуу 15 томдук жыйнакта пайдаланылып келген мыйзамдар топтоштурулган. Мамлекеттик башкаруу системасында бюрократизм күчөгөн.

Николай I нин саясий ишмердигиндеги өзөктүү маселе – бул агрардык сектор. Бул маселе боюнча граф П.Д.Киселев иштеп, ал мамлекеттик дыйкандарды башкаруу реформасын (1837-1841-жж.) жүргүзөт.Анда, жергиликтүү дыйкандар үчүн

өзүн-өзү башкаруу органдарын түзүү, жерлерди тең бөлүштүрүү, мектеп, оорукана, ветеринардык пункттарды ачып, агротехникалык билимди жайылтуу каралган.

П.Д.Киселевдун «Об обязанных крестьянах» (1842-ж.) аттуу долбооруна ылайык, дыйкандарга жеке эркиндик берилгени менен, жерге байланып кала берген. Анын планы, кийинчерээк, крепостнойлук укукту жоюуга алып келген.

Николай I нин өкмөтүнүн экономикалык иш-чаралары:

Е.Ф.Канкрин иштеп чыккан реформалар (1839-1843-жж.) долбоорлору боюнча жүргүзүлгөн иштер:

1) Соода жүгүртүү күмүш акча менен жүргүзүлүп, импортко протекционисттик[30] салык киргизилген;

2) Мануфактуралык Кеңеш (1828-ж.) түзүлүү менен, ал ири өнөр-жай көргөзмөсүн уюштуруп, масштабдуу жол курулушу башталган;

XIX кылымдын I жарымындагы тышкы саясат.

Бул кездеги тышкы саясаттын тарыхын шарттуу түрдө төрт негизги мезгилге бөлүүгө болот:

1-мезгил - Ата Мекендик согушка чейинки (1801-1812-жж.) жылдар:

- Англия жана Франциянын кызыкчылыктарынын ортосунда ыкчам иш алып баруу. Александр I жана Павел I бузган Англия менен мамиле оңдолуп, Франциянын агрессивдүү аракеттеринен улам Россия Англия менен антифранцуздук коалиция түзгөн;
- Пруссия менен Петр III тарабынан түзүлгөн тынчтык келишим жана союз (1762-ж.) жокко чыгарылып, Александр I менен Наполеон I ортосундагы жеке сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Франция менен

[30] Protectio – лат. – коргоо, камкордукка алуу, канатынын астында калкалоо (покровительство).

Тильзит тынчтык келишими (25.VI.1807-ж.)түзүлгөн;
- Орус-швед согушу (1808-1809-жж.) боюнча Фридрихсгам тынчтык келишими (IX.1809-ж.)түзүлүп, Россияга Финляндия Улуу княздык укугу менен кошулган.
- Закавказьедеги орус кызыкчылыктарын ишке ашыруу багытында:а) Россияга Грузиянын кошулушу (1801-ж.), Иран жана Турция менен мамилени курчутуп, орус-иран согушу (1804-1813-жж.) жүргөн. Ал, Гүлистан тынчтык келишимин (05.XI.1813-ж.) түзүү менен жыйынтыкталып, Россияга Дагестан жана Түндүк Азербайжан кошулган. б) Ал эми орус-түрк согушу (1806-1812-жж.), Бухарест тынчтык келишимине (V.1812-ж.) кол коюу менен аяктап, Россияга Бессарабия жана Закавказьедеги айрым жерлер өткөн.

2-мезгил - Ата Мекендик согуш (1812-ж.) жана орус армиясынын сыртка (1813-1815-жж.) жүрүүлөрү.

Согуштун себептери: Наполеон 1нин Россияны басып алып, бөлүү, жана дүйнөлүк ээлик кылууга умтулуу, Франциянын Европадагы гегемониясын орнотуу пландары, Россиянын саясий кызыкчылыктарын тебелөө коркунучун туудурган.

Согуштун мүнөзү: Россия үчүн – боштондук, Ата Мекендик, элдик; Наполеон I (Франция) тараптан - басып алуучулук.

Күчтөрдүн катышы:

Франция,Австрия жана Пруссия менен жашыруун союз (II-III.1812-ж.) түзүп, өнөктөштөр 80 миң аскер бермек болот. Станислав Понятовский жетектеген Польша корпусу түзүлүп, бардыгын кошкондо, Наполеон 1нин “Улуу армиясы” 670-680

миң аскерге жетет. Россиянын аймагына киргизилген биринчи эшелондо 450 миңдей баскынчы болгон.

Россиянын батыш чектерин бирдиктүү башкаруусуз, үч армиядан турган 320 миңдей аскер коргошу керек эле:1-армия - М.Б.Барклай-де-Толли - Петербург багытын; 2- армия - П.И.Багратион – Борбордук, же Москва багытын; 3- армия - А.П.Тормасов – Түштүк, же Киев багытын коргогон.

Андан сырткары, Петербургда П.Х.Витгенштейн жетектеген Нарва корпусу; түштүк, түштүк-батыш багыты боюнча - П.В.Чичагов башкарган Дунай армиясы бар эле.

Тараптардын пландары:

Наполеон I – орус армиясын талкалап, Москваны алуу менен, маанилүү аймактарды ээлеп, Франция үчүн пайдалуу келишим (Прибалтика – Пруссияга, Түштүк Украина – Австрияга, Крым жана Грузия – Турцияга өтүү шартында) түзүү.Өзүнүн Индияга жүрүшүнө орус аскерлерин пайдалануу болгон.

Александр I – ийгилик болсо, Батыш Европага жылуу, жеңилсе - Сибирге чегинүү. Прусс генералы Фуль да окшош эле планды - Батыш Двинадагы Дрисса шаарына армияны топтоп, салгылашуу; ийгилик болбосо - Россиянын ички аймактарына чегинүү тактикасын сунуштаган.

Негизги салгылашуулар: Смоленск (VIII.1812-ж.); Бородино (VIII.1812-ж.); Малоярославец (X.1812-ж.); Красное (XI.1812-ж.); Березина дарыясындагы (XI.1812-ж.).

Орус полководецтери: М.И.Кутузов; М.Б.Барклай-де-Толли; П.И.Багратион; Н.Н.Раевский; Партизандык кыймылдын жетекчилери – Д.Давыдов, А.С.Фигнер, А.Н.Сеславин, И.С.Дорохов, Н.Д.Кудашев;

Согуштун мааниси:

Орус элинин эрдигин даңазалаган, тарыхтагы абдан маанилүү окуя. Экономикалык чыгаша 1 млрд. рубль болуп, 2 млн. адам өлгөн.

Орус армиясынын сыртка жүргүндөрү (1813-1815-жж.):

Наполеон Iнин баскынчылык пландарына чекит коюш үчүн орус дипломаттары алгылыктуу иш алып барышты. Россия Швеция (V.1812-ж.), Улуу Британия, Австрия, Пруссия, Испания (VII.1812-ж.) менен биргеликте аракет кылуу келишимдерин түзөт. Тарыхка «Элдердин салгылашуусу» деген ат менен кирген Лейпцигдин алдындагы согушта “Улуу армия” биротоло жеңилип (1813-ж.), Париж (III.1814-ж.) капитуляцияланат. Наполеон I Орто Жер деңизиндеги Эльба аралына сүргүнгө айдалат. Франция тактысына бурбондордон Людовик XVIII келет.

Узакка созулган Вена конгрессинде (IX.1814-ж. – VI.1815-ж.)Европа өлкөлөрүнүн согуштан кийинки аймактары боюнча келип чыккан абдан курч карама-каршылыктар көпкө талкууланып, акыры чечилген. Наполеон I, сүргүндөн качып келип (III.1815-ж.), Францияда 100 күндүк бийликке келиши (III-V.1815-ж.) менен конгресстин иши үзгүлтүккө учурайт. Европа өлкөлөрүнүн куралдуу күчтөрү бирдиктүү катышкан Ватерлоодогу салгылашууда (18.VI.1815-ж.) Наполеон I колго түшүп,Африканын батыш жээгиндеги «Ыйык Елена» аралына сүргүнгө айдалат.

Вена конгрессинин бүтүмдөрүнө ылайык, Франция, Италия, Испания ж. б. өлкөлөрдө, бийликке кайра эски династиялар келип, Россия империясынын бөлүгү катары «Польша жерлеринде – “Польша падышачылыгы” («Царство Польское») түзүлгөн.

Россия, Англия, Австрия жана Пруссиянын ортосунда «Төрттүктөр союзу» («Четверной союз», III.1815-ж.) түзүлүп,

анын шарттары боюнча Франция, тагдыр чечүүчү чоң контрибуция төлөөсү милдеттендирилген.

Россия императору - Александр I, Австрия императору - Франц I жана Пруссия королу - Фридрих Вильгелм III - үч монарх, Александр I түзгөн Антка (14/26/.IX.1815-ж.) кол коюп, «Ыйык союз» түзүшөт. Анда европалыктардын бири-бирине жардамдашуусу, монархиялык династияны колдоо боюнча маселелер айтылган. Кийинчерээк «Ыйык союзга» Франция королу Людовик XVIII да кирген (XI.1815-ж.).
3-мезгил - XIX кылымдын 2-чейреги.

Негизги маселелер: 1) Чыгыш; 2) Европа; 3) Кавказ.

Биринчи – Чыгыш багыты боюнча - Орто Азия хандыктарын (Кокон, Бухара, Хива) баш ийдирип, казак жүздөрүн кошуп алуу – негизги максат эле, анткени, биринчиден, орус өндүрүшүнө сырьелук база керек болсо, экинчиден, ушул эле аймакка Англиянын да экспансиясы күчөгөн. Андыктан, алгач, орус-хива соода келишими (1839-ж.) түзүлгөнү менен, хандыктар өз бийлигин колдон чыгарбай, казактардын Улуу Жүзү (1846-ж.) орус букаралыгын тааныган.

Негизги келишимдер:

1)Орус-Түрк согушун (1828-1829-жж.) жыйынтыктаган Адрианополь тынчтык трактатынын (IX.1829-ж.) шарттары боюнча, Россияга Дунай куймалары, Кавказдын Кара деңиз жээктери (Грузия, Имеретия, Мингрелия) карап, Турция – Молдавия, Валахия, Сербия жана Грециянын автономиясын таанып, 33 млн. рубль контрибуция төлөшү керек болгон.

2) Сегиз жылдык мөөнөткө Орус-Түрк Ункяр-Искелеси келишими (VII.1833-ж.) түзүлүп, ал Адрианополь трактатын (1829-ж.) бекемдөө менен, эгер, келишимге кол койгон эки тараптын бирине душман кол салса, экинчиси согуштук көмөк

көрсөтүүсү, согуш мезгилинде Дарданелла куймасын жабуу каралган.

3) Лондон конвенциясынын (VII.1841-ж.) шарттары боюнча, Европа державалары Турцияны биргелешип колдоого *(опека) алгандыктан, Адрианополь трактатынын мөөнөтү бүткөндүгүнөн жокко чыгарылып, Россия Жакынкы Чыгыштагы ордун жоготкон.

Экинчи - Европа багыты боюнча - революциялык кыймылдарга каршы күрөшүп, анын таасиринен коргонуу болгон.

Үчүнчү - Кавказ багыты боюнча:

1) Кавказ жана Закавказьени Россия империясынын курамында бекитүү;

2) Россиянын түштүк чек араларынын коопсуздугун камсыздоо;

3) Армяндардын элдик-боштондук күрөшүнө жардам берүү.

Иран аскерлери Закавказьеге (VII.1826-ж.) басып киргенде, А.П.Ермолов башында турган орус армиясы Чыгыш Арменияга келип (IV.1827-ж.), Закавказьени бошотот. Орус-Иран Түркманчай тынчтык келишимине (II.1828-ж.) ылайык, Иран 20 млн. рубль контрибуция төлөп, Каспийде аскер кемелерин кармоо укугунан ажырайт.

Россиянын Кавказдагы Дагестан, Чечня, Адыгеяда, Аварияда бекемделиши үчүн согушу көпкө созулган (1817-1864-жж.). Тоолук элдер, көбүнэсе, мусулмандар «газават» жарыялап, 25 жыл бою (1834-ж. тартып) бул кыймылды полководецтик таланты менен айырмаланган энергиялуу ишмер Шамил жетектеген.

4-мезгил - Крым согушу (1853-1856-жж.).

Согуштун себептери:

Англия, Франция, Австрия - Осмон империясынын европадагы ээликтерине таасир этүү менен, Россияны Кара деңиз аймагынан сүрүп чыгып, Жакынкы Чыгышка жылуусун токтотуу; Турция болсо - Россиядан Крымды жана Кавказды тартып алууну каалаган; Ал эми Россия - Осмон империясын басып алууну самаган.

Согуштун мүнөзү: Эки тараптан тең басып алуучулук.

Крым согушу эки этаптан турат:

1) Орус-түрк кампаниясынын Дунай фронту (XI.1853. – IV.1854-жж.).

2) Крымга англо-франко-сардиниялык интервенция (IV.1854. – II.1856-жж.). Закавказьедеги согуштук аракеттер же Кавказ фронту. Мындан тышкары, Аланд аралдарына, Соловка, Кольск жарым аралдарына, Петропавловск-Камчаткага англиянын деңиз флотунун түшүүгө аракеттенүүсү.

Негизги салгылашуулар:

Альма дарыясындагы салгылашуу (IX.1854-ж.); 349 күнгө созулган Севастопольду коргоо (IX.1854-VIII.1855-жж.); Малахов курганы үчүн күрөш (1854-1855-жж.).

Полководецтер: П.С.Нахимов; В.А.Корнилов; Н.Н.Муравьев.

Эки тараптын (1- Россия; 2- Турция, Англия, Франция, Австрия, Пруссия, Сардиния) ортосунда Париж тынчтык келишими (III.1856-ж.) түзүлүп, анын шарттары боюнча: Россиядан Бессарабиянын түштүк бөлүгү, Дунай куймасы менен кошо алынган; Карс менен алмашуу үчүн, ордуна Крымдагы Севастополь, Евпатория кайтарылып берилген; Кара деңиз бейтарап аймак болуп таанылып,  Россия да, Турция да анда аскер флотун жайгаштыра албаган; Тынчтык мезгилде бардык өлкөлөрдүн аскер кемелери үчүн  Кара деңиз куймалары жабык болгон; Россия - Сербия, Молдова, Валахия

княздыктарынан айрылып, Осмон империясындагы православ калкын коргоо укугунан ажыраган.
Жеңилүүнүн себептери:
- Россиянын бир нече күчтүү каршылаштары болуп, эл аралык абал туура эмес бааланган;
- Артта калган аскердик өнөр-жай куралдуу күчтөрдү заманбап курал-жарак менен камсыз кыла албаган;
- Жол жана транспорт системасы да начар болгон;
Мааниси:
- Россиянын түштүк чек аралары коргоосуз калган;
- Эл аралык аренада дипломатиялык *изоляцияга кабыл болуу менен аброю түшүп, Жакынкы Чыгыштагы таасири да төмөндөгөн;
- Орустун улуттук аң-сезиминин өнүгүүсүндө да батышчылар (западник) жана славянофилдер сыяктуу агымдар пайда болгон.

*13.1.5. Улуттук аң-сезим: западниктер жана славянофилдер.*

XIX кылымдын 1-жарымында коомдук кыймылда үч идеялык багыттар – радикалдык, либералдык жана консервативдик агымдар пайда болгон.
Консерваторлор - Н.М.Карамзин; белгилүү орус жазуучусу, тарыхчы; Петербург Илимдер академиясынын ардактуу мүчөсү, 12 томдон турган “История государства Российского” аттуу лекциялар курсунун ж. б. публицистикалык чыгармаларынын автору), С.С.Уваров (1786-1855-жж.; граф, мамлекеттик ишмер, Эл агартуу министри, реакционер), Н.И.Греч (1787-1867-жж.; журналист, жазуучу, филолог, Петербург ИАнын корреспондент-мүчөсү), Ф.В.Булгарин (1789-1859-жж.; журналист-жазуучу), М.П.Погодин; тарыхчы, жазуучу, Петербург ИАнын академиги), С.П.Шевырев (1806-1864-жж.; поэт, сынчы, адабият тарыхчысы,Петербург ИАнын

академиги), О.И.Сенковский (1800-1858-жж.; жазуучу, журналист, чыгыш таануучу, Петербург ИАнын корреспондент-мүчөсү) ж. б. – самодержавиени жана крепостнойлук укукту колдошкон.

Либералдар тобунда эки идеялык агым байкалат: Славянофилдер - И.В.Киреевский (1806-1856-жж.; диний философ, публицист, сынчы), А.С.Хомяков (1804-1860-жж.; диний философ, жазуучу, публицист, поэт), К.С.Аксаков (1817-1860-жж.; публицист, тарыхчы, лингвист, поэт; крепостнойлук укукту жоюунун жактоочусу), Д.А.Валуев (1820-1845-жж.; тарыхчы), Ю.Ф.Самарин (1819-1876-жж.; коомдук ишмер, публицист, тарыхчы, философ) ж. б. жана Западниктер - П.Я.Чаадаев (1794-1856-жж.; орус ойчулу, публицист, декабрист), В.Г.Белинский (адабият сынчысы, публицист, революционер-демократ, философ-материалист), Н.Г.Чернышевский (1828-1889-жж.; жазуучу, адабият сынчы, окумуштуу, революционер-демократ, утопист, “Эмне кылуу керек?” /”Что делать?”/ романынын автору), А.А.Григорьев (1822-1864-жж.; адабият сынчы, поэт) ж. б. болгон.

Андан сырткары, Н.П.Сунгуров (1805-?-жж.; Москва университетинин студенттеринин катышуусундагы өкмөткө каршы “сунгуровчулар” жашыруун коомдун жетекчиси), В.Г.Белинский (1829-ж.), А.И.Герцен - жазуучу, философ, революционер) жана Н.П.Огарев - Москва университетиндеги студенттердин революциялык ийриминин жетекчилеринин бири - 1831-1834-жж.), Н.В.Станкевич (1813-1840-жж.; коомдук ишмер, философ, поэт; өзүнүн атындагы ийримдин жетекчиси - 1833-1937-жж.) ж. б. радикалдар жетектеген коомдор жана ийримдер иш алып барган. М.В.Буташевич-Петрашевский (1821-1866-жж.) негиздеген утопиялык-социалисттик,революциялык-демократиялык ийримдин (1844-

1849-жж.) өкүлдөрү «Петрашевчилер» деп аталып, анын сөңгөгүн Ф.М.Достоевский, М.Е.Салтыков-Щедрин, В.Н.Майков (1823-1847-жж.), А.Н.Плещеев (1825-1893-жж.) сыяктуу көрүнүктүү чыгармачыл адамдар – жазуучу, философ, публицист, сынчы ж. б. түзүшкөн. Алар өкмөт тарабынан куугунтукталып (1849-ж.), 123 адам тергөөгө алынган. Алардын 21не атуу өкүмү чыгып, кийин ал ар түрдүү мөөнөткө каторга ж. б. оор жазалар менен алмаштырылган. Бул ийримдин ишмердүүлүгү утописттик маанайдагы социалисттик идеянын башаты болгон.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Россия империясы XIX кылымдын 1- жарымындагы экономикасы жана социалдык түзүлүшүн баяндагыла.
2. Александр I: ишмердиги, реформалары.
3. Декабристтер: көз караштарынын калыптануу өбөлгөлөрү, кыймылынын тактикасына мүнөздөмө бергиле.
4. Николай I: ишмердиги, тышкы саясаты.
5. Россиянын XIX кылымдагы улуттук аң- сезими: западниктер жана славянофилдер жөнүндө айтып бергиле жана ишмердүүлүктөрүн салыштыргыла.

## 13.2.0. Россия империясы XIX кылымдын 2-жарымында.

*13.2.1. Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсү.*
*13.2.2. Александр II нин «Реформалар доору».*
*13.2.3. Александр III жана анын Өкмөтүнүн багыты, тышкы саясаты.*
*13.2.4. XIX кылымдын 2-жарымындагы коомдук кыймылдар.*
*13.2.5. Маданият (адабият; архитектура, скульптура жана сүрөт искусствосу; театр жана музыка; географиялык ачылыштар).*

*13.2.1. Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсү.*

XIX кылымдын 2-жарымында капитализм үстөмдүк кылган коомдук экономикалык система калыптана баштаган.

Социалдык-экономикалык өнүгүүдөгү өзгөчөлүктөр: Көп тармактуу экономикада өнөр-жай кошо өнүгүү менен, айыл чарбасында капиталисттик мамилелерге даярдыгы начардыгынан, салттык түзүмдөр сакталып, Россия агрардык-индустриалдык өлкө боюнча кала берген.

XIX кылымдын 2-жарымында Россиянын аймагы 19 млн. кв. км. (анын 14 млн. кв. км. Азия бөлүгүндө) түзгөн. Административдик жактан өлкө 78 губерния жана 19 областка бөлүнгөн. Биринчи калк каттоо (1897-ж.) боюнча жалпы 126,4 млн. адам катталып, анын ичинен 16,7 млн. адам шаар калкын түзгөн. Коомдо сословиелик түзүлүш (дыйкандар – 71,1%; мещандар – 10,7%; сырттан келгендер – 6,6%; орус-казактар – 2,3%; дворяндар 1,5%; соодагерлер – 0,5%; духовенство – 0,5%) сакталып, үстөмдүк абалда дворяндар турган. Капитализмдин өнүгүүсү менен эки жаңы социалдык топ – буржуазия жана пролетариат калыптанган.

Россиянын айыл-чарбасы дагы деле үстөмдүк абалда туруп, помещиктик чарбанын 3 түрү болгон: 1) Иштеп берүү системасы – помещиктин жерин өз шайманы менен иштетүү; 2) Капиталисттик – помещиктин жерин анын шаймандары менен иштетүү; 3) Аралаш – мында, иштеп берүү да, капиталисттик система да айкалыштырылган.

Жерге ээлик кылуунун да үч түрү - 1) Үлүштүк (Надел); 2) Жеке менчик (Частная); 3) Өкмөттүк же казыналык (Казенная) болгон:

Айыл-чарбасындагы капитализм эки жол менен өнүгө алган: 1) Жеке дыйкан чарба (фермер) же «америкалык жол»; 2) Помещиктик же «пруссиялык жол».

Россияда экстенсивдүү делген экинчи жол (жаңы жерлерди өздөштүрүү жана айдоо жер аянттарын кеңейтүү) басымдуулук кылып, ал эми интенсивдүү ыкма (эркин эмгекти, айыл-чарба машиналарын, агротехниканы колдонуу) азыраак пайдаланылган.

Крепостнойлук укуктун жоюлушу (III.1861-ж.) өнөр-жайдын бардык тармактарында, капитализмдин өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон өнүгүүсүнө жагымдуу шарттарды камсыздаган.

Россия, капиталисттик өнүгүү жолун кеч баштаганы менен, жүздөгөн жылдар бою капитализм жолунда өнүгүп келе жаткан Европанын башка өлкөлөрүнө ондогон эле жылдарда теңелди. Өнөр-жайдын көп тармактуулугу (многоукладность) – ири индустриясы да, мануфактура да сакталган. Өнөр-жай өндүрүшүнүн аймактар боюнча жайгашуусу да бирдей болгон эмес. Алсак, Түндүк-батыш (Петербург-Прибалтика), Борбордук (Москва, областтары менен), Түштүк (Украина) региондор өнүгүү жолунда болгону менен,Сибирь, Орто Азия, Ыраакы Чыгыш артта калган.Өнөр-

жайдын тармактар боюнча өнүгүүсү да текши болгон эмес. Алдыңкы орунда жеңил өнөр-жайы (текстиль, тамак-аш) туруп, жергиликтүү оор өнөр-жай, мис., машина куруу, жаңы эле өнүгө баштаган. Кредит, субсидия, чет элдик капитал жана бажы жеңилдиктери аркылуу, мамлекет да өнөр-жайдын өнүгүүсүнө чоң көмөк көрсөткөн.

Орус капитализми, жаңы аймактарга таралуу менен, негизинен кеңейтилүү («вширь») багытында өнүгүп, ал үч баскычты (стадия) басып өткөн: 1) Майда товар өндүрүшү же дыйканчылык менен айкалышкан жеке кол өнөрчүлүк; 2) Мануфактура; 3) Капиталисттик фабрика.

1880-90-жылдары өнөр-жай төңкөрүшүнөн улам индустриалдаштырууга өбөлгө түзүлүп, жаңы тармактар (көмүр казып алуу, нефть өндүрүү, химиялык машина куруу) пайда болуп, өндүрүштүк жогорулоо байкалган. Транспорттун, өзгөчө, темир жана суу жолдорунун (дарыялар, деңиздер) өнүгүүсү, индустриалдашууда маанилүү болуп, анын негизинде тышкы жана ички соода жолго коюлган.

Жарманке менен базарлар экинчи планга өтүп, дүкөн, лавка, дүң жана чекене соода алдынкы орунга чыгат. Тышкы соода жүгүртүү белгилүү деңгээлде өнүгөт. Нан, шекер, нефть, керосин экспорттолуп, чай, кездеме, вино, машина, металл буюмдар ж. б. импорттолгон. Кылымдын аягында Россия менен соода жүргүзүүдө Германия - биринчи, Англия - экинчи орунга чыккан. Россиянын мамлекеттик жана жеке менчик финансы-кредиттик системасы жаңыланып, акча чыгарганга укуктуу банк негизделген. Петербург, Москва, Киев, Харьковдо алгачкы акционердик коммерциялык банктар түзүлгөн. Ошентип, XIX к. экинчи жарымында, Россия капиталисттик өнүгүү жолуна бет алган.

*13.2.2. Александр II нин «Реформалар доору»*

XIX кылымдын 60-70-жылдарында Россиядагы түп тамырынан берки өзгөрүүлөр мамлекеттин жана коомдук турмуштун дээрлик бардык түзүмдөрүн камтыган. Ал реформалар:

1. Социалдык-экономикалык же коомдук турмуш, билим берүү, маданият тармактары боюнча (крепостнойлук укуктун жоюлушу, мектеп, университет, басма сөз ж. б.);

2. Саясий (сот, земстволук, шаардык, аскер реформалары);

Александр II (1818-1881-жж.; орус императору - 1855-1881-жж.) кайра жаралуу программаларына таянуу менен, реформатордук ишмердүүлүккө даяр болуп, аларды ишке ашыра алган. Аларды эки мезгилге бөлүүгө болот:

1) Дыйкандар реформасын иштеп чыгып, аны ишке ашырууга даярдануу;

2) 60-70-жылдардагы реформаларды жүргүзүү.

Реформаларга түрткү берген жагдайлар:

1. Николай I нин саясий-экономикалык системасынын ыкшоолугунан, Крым согушундагы жеңилүү жана ушуга байланыштуу, Россия аброюнун түшүшү;

2. Николай I өлгөндөн кийин өкмөт чиновниктеринин активдешүүсү.

Александр II нин тушунда Россиянын коомдук–саясий турмушунда желаргы (“оттепель”) башталып, тактыга отурары менен декабристтерге жана петрашевчилерге (1856-ж.) мунапыс (амнистия) берген;

- “Крепостнойлук укукту караштыруу” боюнча демилгелерди териштирип-талдоо үчүн түзүлгөн өзгөчө Жашыруун комитетти (1856-ж.) өзү башкарган;
- Аскер айылдары (1857-ж.) жоюлган.

Башкы комитетте жана Мамлекеттик кеңеште талкуулоолордон кийин Александр II “Положение о

крестьянах, вышедших из крепостной зависимости” жана “Манифест об освобождении крестьян” аттуу *документтерге (18.II.1861-ж.) кол койгон.

Мыйзамга ылайык,дыйкандар жеке эркин болуу менен, жер үлүштөрүнө да ээ болгон. Жеринин баасынын чейрекке жакынын дыйкан 49 жыл ичинде өз баринине төлөп, калганын помещик мамлекеттен ала турган болгон. Карыздан кутулганча дыйкан кожоюнуна оброк төлөп, барщинадагы ишин уланта берген. Помещиктер менен дыйкандардын ортосундагы мамилелер “Уставдык грамоталар” аркылуу жөнгө салынып, дыйкандар ишкердүүлүк менен алектенгенге, башка сословиеге өтүүгө укуктуу боло баштаган.

Россияда крепостнойлук укук жоюлган соң, жаңы социалдык структурага ылайыкташкан мамлекеттик түзүлүштү жана административдик башкарууну өзгөртүү керек болду. Бул максатта, төмөнкүдөй реформалар ишке ашырылып, мисалы, Сот жана Земстволор (1864-ж.); Шаардык өзүн-өзү башкаруу (1870-ж.); Финансылык реформалар (1862-1866-жж.) жүргүзүлүп, ошого жараша Мамлекеттик мекемелер системасына да өзгөртүүлөр киргизилди.

Д.А.Милютиндин (1816-1912-жж.) жетекчилигинде аскердик реформалар (1860-1870-жж.) жүргүзүлүп, ага ылайык, эркектер милдеттүү түрдө 20 жашынан аскерге чакырылып, 6 жыл кургакта же 7 жыл флотто кызмат өтөшү керек болгон. Бул, Александр II тарабынан (01.1.1874-ж.) мыйзамдаштырылган. Мындан тышкары,Университет Уставы бекитилип (18.VII.1863-ж.), мектеп (1864-ж.), андан соң, “Верховная распорядительная комиссия” тарабынан (жетекчиси - М.Г.Лорис-Меликов) басма сөз (цензура) реформалары (1865-ж.) ишке ашырылган. Анын мезгилинде Империянын аймактары башка жерлерди басып алуу, же өз

ыктыяры менен кошуп алуу жолдору менен (мис.: 1864-ж. карата – Кавказ толугу менен, 1865-ж. карата – Казакстандын бардык жерлери, 1860-1881-жж. – Орто Азиянын көпчүлүк ээликтери) бир кыйла кеңейтилет.

Польшадагы көтөрүлүштөн (1863-1864-жж.) кийин ал реакциячыл ички саясий курска багыт алып, өлкөдөгү революциялык күчтөргө каршы репрессиялар күчөтүлөт.

"Эл эрки" ("Народная воля") революциялык уюму императорго жети жолу (1866, 1867, 1879, 1880 ж. б. жж.) ийгиликсиз кол салуу даярдап, акыркысында И.И.Гриневицкий тарабынан (01.III.1881-ж.), Александр II өлтүрүлөт.

*13.2.3. Александр III жана анын Өкмөтүнүн багыты, тышкы саясаты.*

Александр III нүн башкаруусу (1845-1894-жж.; орус императору - 1881-1894-жж.) тарыхта "контрреформалар" мезгили деген ат менен белгилүү. Атасынын өлтүрүлүшүнөн кийин, ал "О незыблемости самодержавия" деген Манифестке (IV.1881-ж.), кийинчерээк, "Положение о мерах по сохранению государственной безопасности и общественного спокойствия" (VIII.1881-ж.) аттуу документке кол коюп, либерал-бюрократтар сүргүнгө айдалган.

Александр III нүн жакын чөйрөсүндө реакциячыл маанайдагы (Синоддун обер-прокурору К.П.Победоносцев, ички иштер министри, граф Д.А.Толстой, публицист М.К.Катков ж. б.) саясий жана коомдук ишмерлер болуп, ал өзү да самодержавиени бекемдөөнү каалаган.

Жаңы курсту ишке ашыруу максатында:
- Земство башкармалыгынын институту (1889-ж.) киргизилип, ар бир земствону, жергиликтүү дворян-помещиктерден Ички иштер министри дайындаган жетекчи башкарган.

Башкармалык дыйкандардын үстүнөн административдик-полициялык көзөмөл орнотуп, тартип сактоо, жазалоо, салык жыйноо ж. б. иштерди алып барган. Жогоруда көрсөтүлгөндөр Земстволук контрреформа (1890-ж.) жана "Городовое положение" (1892-ж.) менен бекемделген;

- Сот системасында да консервативдик мүнөздөгү өзгөртүүлөр (1880-жж.) жүргүзүлгөн. "Положение о мерах к *охранению государственной безопастности и общественного спокойствия" (1881-ж.) деп аталган жобого ылайык, жергиликтүү бийлик "күмөндүү адамдарды" 5 жылга сотсуз эле сүргүнгө айдай алган;
- "Циркуляр о кухаркиных детях" (1887-ж.) деп аталган жобого ылайык, окуу төлөмү эки эсеге жогорулап, университетте төмөнкү катмардагылар окуй алган эмес;
- Маданият, идеология, улуттар аралык мамилелер тармагында өкмөт орусташтыруу саясатына көбүрөөк көңүл бурган;
- Дыйкандардын катарынан жумушчуларды алуу жана алардын өнөр-жай ээлери менен мамилелери жөнгө салынган;
- 12 жашка чейинки балдардын эмгекке тартылбоосу (1882-ж.), жашы жете электер жана аялдар үчүн түнкү ишке тыюу салуу (1885-ж.), жумушчу күндү 11, 5 саат менен чектөө жөнүндө (1887-ж.) мыйзамдар кабыл алынган.

Россиянын тышкы саясаты. XIX кылымдын 2-жарымында Россия өзүнүн тышкы саясатында төмөнкү максаттарды көздөгөн:

1) Европадагы саясаты - Крым согушунун жыйынтыктарын кайрадан карап чыгып, Жакынкы Чыгыш жана Балкандагы өз позициясын бекемдөө;
2) Орто Азия жана Ыраакы Чыгышты кошуп алуу менен Империяны аймактык жактан калыптап, Кавказ маселесин чечүү;

3) Аскердик саясий блокторду түзүүгө катышуу.

Тышкы иштер министрлигин таланттуу саясатчы жана дипломат А.М.Горчаков (1798-1883-жж.) жетектеп (1856-ж.), өзүнүн тышкы саясий концепциясында “Күч топтоо” формуласына таянуу менен, Россияны эл аралык изоляциядан чыгарууну самаган.

Прусс канцлери О.Бисмарктын герман жерлерин бириктирүү максатын Россия да колдоп, Австрия, Пруссия жана Россия ортосунда “Үч императордун союзу” (1870-ж.) түзүлгөн. Париж тынчтык келишиминен (1856-ж.) кийин “Чыгыш маселеси” дале болсо көңүлдүн борборунда болуп, падыша өкмөтү Осмон империясына каршы балкан элдеринин улуттук-боштондук согуштарын (мис.: Босния жана Герцеговинадагы /1875-ж./, Сербия жана Черногориядагы /1876-ж./ ошондой эле Болгариядагы көтөрүлүш /1876-ж./ пайдаланган. Көтөрүлүшчүлөрдү курал-жарак менен камсыздап, ыктыярдуу отряд жиберип жардам берген.

Европа дипломаттарынын Константинополь (Стамбул) Конференциясында (1877-ж.), Турциядагы славян провинцияларында кечиктирилгис реформа жүргүзүү талабы коюлганда, Султан андан баш тартып, Александр II Турцияга согуш (12.IV.1877-ж.) жарыялайт.

Орус-Түрк согушундагы (1877-1878-жж.) негизги салгылашуулар Шипка-Шейноводо (VII-XII.1877), Плевна чебинде (VII-XII.1877-ж.), Алажин бийиктигинде (X.1877-ж.) болуп, анда полководецтер - генерал И.В.Гурко, Ф.Ф.Радецкий, М.Д.Скобелев ж. б. согуштук-тактикалык чеберчилигин көрсөтүшкөн.

Согушта Турциянын жеңилиши Англия менен Австро-Венгрияны канааттандырбаган. Европа державалары менен согушуудан чочулаган Россия, аскерлерин Стамбулга жакын

жерде калтырып, Сан-Стефанодо алдын ала тынчтык келишими (III.1878-ж.) түзүлгөн. Кийинчерээк, ал Берлин конгрессинде (VI-VII.1878-ж.) тастыкталып, натыйжада, Сербия менен Черногория көз карандысыздык алып, Болгарияга өз улуттук мамлекетин түзүүгө мүмкүнчүлүк берилген. Россияга түштүк Бессарабия жана Кавказдагы Карс аймагы кайтарылган. Ошентип, орус-түрк согушу - Балкандагы славян элдерин Осмон эзүүсүнөн бошоткон.

Александр II Империяны бекемдөө жана аймагын кеңейтүү саясатын улантып, 60-70-жылдары Орто Азияга бир нече аскердик экспедиция уюштурган болчу. Анын себептери:
- Экспорттук база түзүү, же ал регионго темир, боёк, кант ж. б. өндүрүш товарларын чыгаруу;
- Россия өнөр жайын сырье (пахта, кен байлыктары ж. б.) менен камсыздоо; - Региондун мерчемдүү райондору аркылуу Иран, Афганистан, Кытай, Индия мамлекеттери менен соода жана саясий байланыштарды түзүп, ошону менен эле бирге, бул аймакта Англиянын таасирине бөгөт коюу болгон.

Жыйынтыгында, Кокон, Хива хандыктары жана Бухара эмирлиги Россиядан көз каранды болуу менен, ал аймакта Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлүп, 1880-жылдардын ортосунда Орто Азия хандыктары жана ээликтери толугу менен Орус империясынын курамына кирген.

Тышкы саясаттагы Ыраакы Чыгыш багыты, албетте, Кытай жана Япония менен байланыштуу болуп, бул маселелер боюнча төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлгөн:
- Орус-Япон Симода келишиминин (I.1855-ж.) шарттары боюнча, Россияга Куриль аралдарынын түндүк бөлүгү карап, ал эми Сахалин аралына тең ээлик жарыяланган; Жыйырма жылдан кийин түзүлгөн Петербург келишими (IV-V.1875-ж.)

боюнча, Сахалин толугу менен Россияга өтүп, ал эми Куриль аралдары Японияга берилген.

- Орус-Кытай Тяньцзинь макулдашуусуна (II.1858-ж.) ылайык, Россия Кытай менен кургакта гана соода жүргүзбөстөн, деңизде да жүргүзүп, Кытай портторуна консулдар жөнөтүлгөн. Ал эми Айгунь келишими (V.1858-ж.) жана Пекин трактаты (XI.1860-ж.) боюнча, мурда талаш болуп келген Амурдун сол жээкетери жана Уссурия крайы Россияга мыйзамдуу бекитилгенден кийин, ал жакта Благовещенск, Владивосток шаарлары негизделип, Ыраакы Чыгыштын түштүк аймактары өздөштүрүлө баштаган.

Александр II нин тушунда, биринчиден - Англияга каршы туруп, АКШнын колдоосуна ээ болуу; экинчиден - финансы тартыштыгынан, ошондой эле, бул кеңири (1,5 млн. кв. км. жогору) аймакта саясий-экономикалык көзөмөл жүргүзө албагандыктан, Аляска жарым аралынын бир бөлүгү АКШга (1867-ж.) 7,2 млн. $ же 14 млн. рубльга сатылган.

Россиянын аскердик-саясий блоктордун түзүлүүсүнө катышы: Австрия, Пруссия жана Россиянын катышуусунда "Үч императордун союзу" (1873-ж.) түзүлгөнүнө карабастан, Европада күчтүү эсептелген Германия менен Россиянын ортосундагы мамиле начар боюнча калган. Германия, Австро-Венгрия жана Италия менен биргелешип, Францияга каршы багытталган аскердик "Үчтүктөр союзун" (1879-1882-жж.) түзүүнүн натыйжасында, Германия жана Австро-Венгрия, Балканда активдүү саясат жүргүзө баштайт. Россия менен Германиянын экономикалык пикир келишпестиктери, Россиянын Франция менен союз түзүүсүнө түрткү берет. Ошентип, бул өлкөлөр ортосунда Германияга каршы багытталган жашыруун аскердик конвенция (1892-ж.)түзүлүп,

ал “Үчтүктөр союзуна” каршы турган “Антанта” аскердик блогу катары (1894-ж.) ратификацияланган соң, Александр III ”бейпилдик түзүүчү” (“Миротворец”) деген атка конгон.

Жыйынтыгында, XX кылымдын башталышына карата Россиянын тышкы саясаты ийгиликтүү болгон дегенге негиз бар, анткени:

- Балкан маселеси чечилип, Кавказдагы согуш аяктайт; Орто Азия толугу менен Империянын курамына кирип, Ыраакы Чыгыш өздөштүрүлө баштайт.
- Россия аскердик-саясий блокторду түзүүгө катышат;
- Коомдук кыймылдар боюнча: А) Эл массасы падышага ишеним көрсөтүү менен, саясий кыймылдар басаңдап, крепостнойлук укук жоюлгандан (1861-ж.) кийин дыйкандардын толкундоолору да токтогон; Б) Коомдук кыймылда үч багыт (Консерваторлор, Либералдар, Радикалдар) калыптанат;

Консервативдик багыттын өзөгүн реакциячыл дворяндар, духовенство, соодагерлер жана дыйкандардын белгилүү бир бөлүгү түзүп, идеологдору К.П.Победоносцев, Д.А.Толстой, Н.И.Катков ж. б. болушкан. Алар: ички саясатта - самодержавиенин кебелбестиги; социалдык-экономикалык чөйрөдө - дворяндардын *позициясын бекемдеп, помещиктерди - жер ээси катары калтыруу; тышкы саясатта - славян элдеринин биримдигин калыптоо; рухий чөйрөдө - бийликке ишеним көрсөтүү үчүн күрөшүшкөн.

Либералдардын курамын буржуазия, помещиктер, интеллигенция түзүп, алар Батыш Европа менен бирдей өнүгүү, Конституциялык башкаруу, демократиялык эркиндик, земство иштерин жандандыруу идеяларын колдогон. Идеологдору – окумуштуу-публицисттер К.Д.Кавелин (1818-1885-жж.), Б.Н.Чичерин (1828-1904-жж.), П.В.Долгоруков

(1816/17-1868-жж.) ж. б. болушуп, алар, илимий коомдорго биригүү менен, «Русская мысль» (1880-1918-жж., Москва), «Вестник Европы» (Петербург, 1866-1918-жж.) сыяктуу илимий-популярдуу, саясий журналдарды чыгарып турушкан. Либералдар консерватизмге жакын болгон.

Радикалдар - бул коомдун ар түрдүү катмарларынан чыгып, жумушчу-дыйкандардын кызыкчылыгы үчүн күрөшкөндөр.

*13.2.4. XIX кылымдын 2-жарымындагы коомдук кыймылдар.*

1860-жылдары революциялык-демократиялык идеология калыптанып, ар түрдүү жашыруун разночиндик[31] ийримдер түзүлө баштаган.

1870-жылдары народничество[32] багыты түзүлүп, алардын революциялык кыймылдары да жанданат.

1880-90-жылдары либерал-народниктер жанданып, марксисттик теориянын негизинде социл-демократиялык топтор пайда болгон.

Россияда “Орус социализми” теориясынын жана идеологиясынын баштоочулары А.И.Герцен жана Н.Г.Чернышевский эсептелип, алар, Ш.Фурье, П.Ж.Прудон, К.А.Сен-Симон, Р.Оуэндерден таасирленишкен. Алар үгүттөгөн жоболор: Капитализм – бул регресс, төмөндөө. Адилеттүү коом - бул социализм. Социализмди, капитализмден аттап, дароо курууга болот.

Народниктердин жигердүү жетекчилери жана өкүлдөрү: М.А.Бакунин (1814-1876-жж.) –“Государственность и анархия” деген эмгектин автору, бунтардык же анархисттик

[31] Разночиндер - ар кандай сословиеден чыккан духовенство, соодагер, мещан, чиновниктер.
[32] Народничество – коомдук ой-пикирдин жана кыймылдын багыты.

багыттын идеологу; П.Л.Лавров (1823-1900-жж.) – философ, социолог, публицист, “Вперед” журналынын редактору, пропаганда[33] багытынын өкүлү; П.Н.Ткачев (1844-1885-жж.) – “Набат” журналын (1873-ж.) чыгарып, дыйкандарды революциялык күрөшкө үндөгөн. Кутум (заговор) багытынын теоретиги С.Г.Нечаев (1850-1881-жж.) – «Топор, или народная расправа» аттуу жашыруун уюм (1869-ж.) түзүп, “Цель оправдывает средства” девизи менен, бардык моралдык нормалардан, мисалы, революция үчүн тууган, дос, суйүүдөн да баш тарткан.

Народниктердин “Земля и воля” (1876-ж.) уюму түзүлүп, “Хождение в народ” (1877-ж.) деген эмгекте социалисттик идеологияны үгүттөө аркылуу дыйкандарды көтөрүлүшкө үндөө демилгеленген. Кийинчерээк, “Земля и воля” экиге бөлүнөт: 1) “Народная воля” (жетекчилери - А.И.Желябов. А.Д.Михайлов, С.Л.Перовская) жана 2) “Черный передел” (жетекчилери - Г.В.Плеханов, В.Н.Игнатов, О.В.Аптекман).

Народниктердин жетекчилери жана өкүлдөрү куугунтукка алынып, “Чоң процесс”, же “193түн процесси” (Х.1877- I.1878-жж.) деп аталган тергөө иши боюнча 4 миңдей адам сурак берип, 28 адам каторгага жана сүргүнгө айдалып, дагы 80и – административдик жаза алып, башка жакка көчүрүлгөн.

1870-90-жылдары коомдук-саясий турмуштагы таасирдүү фактор катары жумушчулар кыймылдары өнүгөт. Е.О.Заславскийдин жетекчилигинде Одессада “Южнороссийский союз рабочих” (1875-ж.) пайда болсо, В.П.Обнорский жана С.Н.Халтуриндин жетекчилиги астында Петербургда “Северный союз русских рабочих” (1878-1880-

[33] Пропаганда - үгүт менен элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

жж.) түзүлүп, алар, самодержавиени кулатуу, саясий эркиндик, социалисттик кайра куруулар үчүн чыгышкан.

1880-жылдары жумушчулар кыймылы уюшкандык мүнөзгө өтүп, Морозов текстиль фабрикасында массалык стачка (1885-ж.) болот.

Народничестводогу кризиске жана жумушчулар кыймылынын өсүүсүнө байланыштуу, интеллигенция марксизмге кайрылат. 1880-жылдары эмиграциядагы Г.В.Плеханов (1856-1918-жж.) өзүнүн айланасына пикирлештерди (П.Б.Аксельрод, В.И.Засулич, Л.Г.Дейч, В.Н.Игнатов ж. б.) чогултуп, марксизмди терең изилдөөгө өтүшөт. “Освобождение труда” тобу “Библиотека современного социализма” журналын (1883-ж.) чыгаруу менен эле чектелбестен, 26 жыл ичинде 250 чыгарма жазып, таркатат. Алардын ишмердүүлүгү Россиядагы марксисттик топтордун жана ийримдердин негизделишине (Петербургда - Д.Благоев, М.И.Бруснев, Поволжьеде – Н.Е.Федосеев ж. б.) таасирин тийгизген.

Орус марксизминин лидерлери В.И.Ульянов (Ленин), Ю.О.Мартов, А.А.Богдановтор социал-демократиялык “Союз борьбы за освобождение рабочего класса” (1895-ж.) уюштуруп, кийин, Минскиде легалдуу эмес өткөрүлгөн съездде (1898-ж.) “Россия социал-демократиялык жумушчулар” партиясы (РСДРП) деп аталган.

### *13.2.5. Маданият (адабият; архитектура, скульптура жана сүрөт искусствосу; театр жана музыка; географиялык ачылыштар).*

XIX кылымдын II жарымынан орус адабияты идеялык өнүгүүнүн жаңы жолуна түштү. «Современник» журналы (1836-1846; 1847-1866-жж.) революциячыл демократтардын куралына айланды. Н.Г.Чернышевский, Н.А.Добролюбов

(1836-1861-жж.) өздөрүнүн революциячыл материалисттик эстетикасы менен падышалык тартипке аёосуз күрөш ачты. Л.Н.Толстойдун (1828-1910-жж.) «Анна Каренина», «Согуш жана Тынчтык» романдары, А.П.Чеховдун аңгемелери менен орус адабиятынын арымы кеңиди.

XIX кылымдын II жарымында Россияда капитализмдин өнүгүшү, революциячыл кыймылдын жогорулашы архитектура менен сүрөт искусствосуна чоң таасир көрсөтүп, жаны курулуш материалдары (металл конструкциясы) өздөштүрүлгөн.

XIX-XX кылымдарда С.Танеев (1840-1921-жж.), А.Глазунов (1865-1936-жж.), А.Лядов (1855-1914-жж.), В.Калинников (1866-1900-жж.) ж. б. классикалык орус музыкасынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүшсө, Октябрь революциясынан кийин орус музыкасынын өнүгүшүндө жаңы этап башталган.

XIX кылымда орус театрында революциялык романтизмдин өкүлү П.С.Мочалов (1800-1848-жж.) көрүнүктүү актерлор И.И.Сосницкий (1794-1871-жж.), А.Е.Мартынов (1816-1860-жж.) ж. б. эмгектенишкен. Москва Кичи театры (1824-ж.), Петербургда Александрия (1832-ж.) ж. б. театрлар ачылган. XIX кылымдын ортосунда орус театры А.Н.Островскийдин чыгармалары менен байыган. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы орус театрынын белгилүү өкүлдөрүнөн болуп Г.Н.Федотова (1846-1925-жж.), М.Н.Ермолова (1853-1928-жж.), актер жана режиссер А.П.Ленский (1847-1908-жж.) ж.б. саналышат. Москва көркөм театры (МХАТ) түзүлүп (1898-ж.), анда А.П.Чехов (1860-1904-жж.),М.Горькийдин (1868-1936-жж.)пъесалары коюлган.

И.Ф.Крузенштерн менен Ю.Ф.Лисянский «Надежда» жана «Нева» кемелеринде жер шарын айланып чыгуучу

биринчи орус деңиз экспедициясын (1803-1806-жж.) ишке ашырышса, Ф.Ф.Беллинсгаузен менен М.П.Лазарев «Восток» жана «Мирный» кемелеринде Антарктиданы орус илимине ачышкан (1819-1821-жж.).

Москвада орнотулган К.Минин жана Д.Пожарскийдин эстелигинин (1804-1818-жж.) автору И.П.Мартос (1754-1835-жж.).

Алгач мугалимдерди даярдоочу семинарий болуп келген окуу жайынын базасында Петербург университети түзүлдү (1819-ж.)

Эрмитажга берилген тарыхый эстеликтердин экспозициясы 1852-жылы көрүүчүлөргө эшигин ачты.

Өз доорунун көрүнүктүү революционерлери А.И.Герцен менен Н.П.Огарев (1813-1877-жж.) Лондондо эмиграцияда жүрүп «Эркин орус типографиясын» түзүшүп (1853-ж.), ал жерде «Колокол» аталышындагы биринчи орус революциялык газетасын чыгарып (1857-1865-жж. – Лондон; 1865-1867-жж. - Женева) турушкан.

Көрүнүктүү чыгыш таануучу В.В.Радлов (1837-1918-жж.) кыргыздардын арасында 1861- жана 1869-жылдары болуп, «Манас» эпосунан үзүндү жазып алып, аны 1885-жылы немец жана кыргыз тилдеринде жарыялаган.

XIX к. экинчи жарымында орус кыл калемчилери тарыхый темадагы бир катар шедевр чыгармаларды жаратышты. Алардын катарында: В.М.Васнецов (1848-1926-жж.), «После побоища» (1880-ж.), «Богатыри» (1881-1898-жж.). В.И.Суриков (1848-1916-жж.), «Утро стрелецкой казни» (1881-ж.) «Меншиков в Березове» (1883-ж.), «Боярыня Морозова» (1887-ж.),«Покорение Сибири Ермаком» (1895-ж.), «Переход Суворова через Альпы» (1899-ж.)ж. б. Н.Н.Ге (1831-1894-жж.), «Петр 1 допрашивает царевича Алексея» (1871-ж.),

«Герцен» (1867-ж.) ж. б. В.А.Серов (1865-1911-жж.), «Портрет М.Н.Ермоловой» (1905-ж.) «Петр 1» (1907-ж.), «Поморы» (1894-ж.) ж. б. Скульптор М.М.Антокольский (1843-1902-жж.), «Иван Грозный» (1871-ж.), «Петр 1» (1872-ж.).

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Россия империясы XIX кылымдын 2- жарымындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүн баяндагыла.
2. Александр II нин “Реформалар доору”.
3. Александр III жана анын Өкмөтүнүн багыты, тышкы саясатына токтогула.
4. XIX кылымдын 2- жарымындагы коомдук кыймылдар жөнүндө эмнелерди билесиз?
5. Маданияттын (адабият; архитектура, скульптура жана сүрөт искусствосу; театр жана музыка; географиялык ачылыштар) өнүгүүсүнө баа бергиле.

## 14.0. Россия XX кылымдын 1-жарымында.

*14.1. Экономикалык жана социалдык өнүгүүсү;*

*14.2. Саясий түзүлүшү;*

*14.3. XX кылымдын башындагы Россиядагы революциялык кырдаал;*

*а) 1905-1907-жылдардагы буржуазиялык-демократиялык революция.*

*б) Февраль буржуазиялык-демократиялык революциясы (1917-ж.).*

*в) Кош бийлик шартындагы революциянын тынчтык жол менен өнүгүүсү.*

*г) Октябрдагы (1917-ж.) куралдуу көтөрүлүш.*

*14.4. Тышкы саясат: Россия биринчи дүйнөлүк согушта (1914-1918-жж.).*

*14.1. Экономикалык жана социалдык өнүгүүсү.*

XX кылым - тарыхтагы эң орчундуу жана трагедиялуу мезгил болуу менен, ичине бир нече экономикалык секириктерди, ошондой эле “жетишсиздикти” (сенектик жылдар), үч революцияны, XX к. аягындагы “баш аламан мезгилди” (смутное время), саясий түзүлүштүн ар түрдүү типтерин (абсолюттук монархия; тоталитаризм; демократиялык коомду түзүү аракеттери; бюрократиялык башкаруу), бир нече ири жеңилүүлөрдү жана согуштук жеңүүлөрдү камтыйт.

XX кылымдын башында Россиянын аймагы 22,2 млн. кв.км. болуп, административдик жактан өлкө 97 губернияга (ар бири 10-15 уездден турган) бөлүнгөн. Калкы 126 млн. адамдан (1897-ж.) - 165 млн. адамга (1913-ж.) өсүп жеткен. Россия салттык коомдон индустриялуу коомго өтө баштаганы

байкалган. Дворянство - мурункудай эле социалдык структурадагы жогорку башкаруучу сословие болуп турган, б. а. алардын титулу, көпчүлүк учурда, мураскерчилик менен укумдан-тукумга өтүп келген. Жеке жетишкендиктери үчүн дворяндык алгандар да кездешкен.

Орус православдык чиркөөсүнө кызмат кылгандар духовенство сословиесин түзүп, алар, негизинен маданият, билим берүү, тарбиялоо тармактарында аброю жогору болгон. Шаар калкынын негизги бөлүгүн мещандар, майда соодагерлер, кол өнөрчүлөр, жумушчулар, кызматкерлер түзгөн. Айылдардагы дыйкандар катмары (жалпы калктын 80 % ашуун) саясий укуктарга ээ болгон эмес. XX кылымдын башында Россияда жаңы элементтер – буржуазия жана жумушчу табы (мурунку дыйкандар же интеллигенция) калыптана баштаган. Алардын пайда болушуна капитализмдин активдүү өнүгүүсү негизги фактор болуу менен, өлкөнүн көп улуттуулугу (калктын 51% башка улуттан) жана көп конфессионалдуулугу (православие, католицизм, ислам, буддизм) да таасир тийгизбей койгон эмес.

Украин, белорус, поляктарга карата орусташтыруу саясаты жүргүзүлгөндүктөн, ал улут маселесин курчуткан; Еврейлер маселеси (“отурукташуу” чегинде жашоо, билим берүү, ишкерчилик ж. б. боюнча чектөөлөр) да көңүл оорутпай койгон эмес.

XX кылымдын башында катмарлардын жана топтордун (“дворяндар жана буржуазия”; “дворяндар жана дыйкандар”; “буржуазия жана жумушчулар”; “бийлик жана эл”; “интеллигенция жана эл”; “интеллигенция жана бийлик”;) сыяктуу карама-каршылыгы түзүлүп, “жогоркулар” менен “төмөнкүлөр” ажырымы да орус коомунда туруксуздук туудурган.

XIX к. аягы - XX к. башында дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөр (Англия, андан соң Франция, Германия) буржуазиялык модернизация, же өнөр-жай төңкөрүшүн басып өткөн.

Россияда өнөр жай төңкөрүшү 1880-1890-жылдары болуп, өлкөдө индустриялаштыруу башталды. Анын тездиги жана интенсивдүүлүгү боюнча өлкөлөрдү 4 топко бөлүүгө болот: Индустриалдык – Англия; Индустриалдык-агрардык – Германия; Агрардык (82%)-индустриалдык – Россия; Агрардык – Кытай.

Илимде модернизация көрсөткүчүнө же капиталисттик өнүгүү деңгээлине карата өлкөлөрдү үч *эшелонго бөлүп келишет: Деңгээли жогору өлкөлөр - Англия, Франция, США; Орто - Германия, Япония, жана ага жакын - Россия, Австро-Венгрия; Өнүгүүсү төмөн - Латын Америкасы, Азия жана Африка.

XIX кылымдын 2-жарымы - XX кылымдын башында Россиядагы агрардык реформанын авторлору С.Ю.Витте[34] жана П.А.Столыпин[35] болушкан. С.Ю.Виттенин ишмердиги менен ири иш чаралар жүргүзүлгөн: мамлекетте

---

[34] Витте, Сергей Юльевич (1849-1915-жж.) – мамлекеттик ишмер, статс-секретарь, граф, финансы министри (1892-1903-жж.), министрлер комитетинин жана министрлер кеңешинин төрагасы (1903-1906-жж.), дворян титулунун (1856-ж.) ээси, голландиялык үй-бүлөдөн чыккан. Новороссийск университетинин (Одесса) физика-математика факультетин бүтүргөн.

[35] Столыпин, Петр Аркадьевич (1862-1911-жж.) - мамлекеттик ишмер, Министрлер Советинин төрагасы (1906-1911-жж.). Петербург университетинин юридика факультетин бүтүрүп, ички иштер министрлигинде ишмердүүлүгүн баштаган. Ал чечкиндүүлүгү, сөзмөрлүгү (оратор) менен айырмаланып, “Указ о военно-полевых судах” аттуу указга (19.VIII.1906-ж.) кол койгон. Петербургдун Аптекарский аралындагы жардырууда 27 адам өлүп, жарадар болгон 32 нин ичинде жалгыз уулу жана 14 жашар кызы бар эле.

экономиканын ролу (темир жолдо бирдиктүү тариф киргизилип, мамлекеттик банктын ишмердүүлүгү күчөтүлүп, улуттук валюта бекемделген) жогорулаган; жеке ишкерчилик бутуна турган; общиналар бузулуп, дыйкандар жерге ээ болушкан, ошондой эле, жумушчулардын абалы жогорулаган.

Падышанын айлана-чөйрөсүндө Виттенин программалары анчейин колдоого алынбаса да, Россияны индустриялуу өлкөгө айландырууда (Транссибирь же КВЖД нын курулушу ишке ашып, финансы бекемделген; кадр маселеси жолго коюлган) анын эмгеги зор.

Агрардык реформанын автору П.А.Столыпин болгондуктан ал тарыхка “столыпиндик реформа” (14.VI.1910-ж.) деген ат менен кирип, негизги максаты – көп багыттуу, бекем дыйкан чарбасын түзүү болгон. Алар:

- “Жогорудан” общинаны бузуп, дыйкандарды отрубдарда (помещиктин мурунку жери) калтыруу, же хуторлорго (жаңы жерлер) чыгаруу;
- Помещиктерден жерлерди сатып алып, аны жеңилдетилген баада кайра дыйкандарга сатуу;
- Жерсиз же жери аз дыйкандарды Борбордук Россиядан чекелерге (Сибирь, Ыраакы Чыгыш, Орто Азияга) көчүрүү.

Коомчулук, анын ичинде бюрократиялык аткаруу бийлиги да, Сталыпиндин саясатын анчейин колдогон эмес.

*14.2. Саясий түзүлүшү.*

XX кылымдын башына карата Россия - бийлик мурас катары укумдан-тукумга берилип, православ чиркөөсүнө да башчылык кыла алган абсолюттук монархия тибиндеги мамлекет болгон. Өлкөдөгү жогорку мамлекеттик бийлик мекемеси Мамлекеттик Кеңеш,андан кийин Сенат жана Синод болуп, министрликтерге аткаруу бийлиги тиешелүү болгон.

1905-жылдын 17-октябрына чейин Россияда бирдиктүү өкмөт болбостон, алардын кызматын формалдуу түрдө Министрлер комитети (1802-ж.), кийин Министрлер Сенаты (1857-ж.) аткарган. Министрлер императорго доклад даярдашып, чиновниктер монархтын буйруктарын аткарышкан. Сот түзүмдөрү да (суд присяжных), негизинен, XIX кылымдын 60-жылдарындагы реформалар боюнча иш жүргүзгөн. Мамлекет коопсуздугун полиция департаменти коргосо, жалпы мамлекеттин кызыкчылыгын коргоо - 900 миң аскерден турган армияга жүктөлгөн. Жергиликтүү башкарууну земстволор жүргүзүшкөн.

Мыйзамдар системасы өлкө турмушунун маанилүү тармактарын (экономикалык, социалдык, маданий ж. б.) камтуу менен, ырааттуу ишке ашырылып турган.

Россия парламентаризми да бир топ өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен, өзгөчө шартта калыптанган:

- Батыш Европа өлкөлөрүнө салыштырганда (Англияда - 1265-жылдан, Францияда - 1302-жылдан), Россия өтө кеч киришкен;
- Өлкөдөгү парламенттик түзүлүштүн өбөлгөсү катары либералдык земстволорду жана алар уюштурган кыймылдарды атасак болот;
- Көп партиялуу система пайда болгон;
- Орус-япон согушунун (1904-1905-жж.) жыйынтыгы боюнча тышкы саясаттагы жеңилүүлөр, революциялык окуялардын жана кыймылдардын өнүгүүсү, самодержавиелик монархияны жаңылоого багытталган жаңы чечимдерди, мисалы, А.Г.Булыгиндин[36] жетекчилиги астында иштелип чыккан “Об усовершенствовании государственного порядка” аттуу Манифестти (17.X.1905-ж.) кабыл алууга мажбурлаган. Ага

[36] Булыгин,А.Г. (1851-1919-жж.) – мамлекеттик ишмер, Ички иштер министри (I-X.1905-ж.).

кол коюу менен, Николай II чи: а) Сөз эркиндигин берүү; б) Калктын калың катмарын шайлоого тартуу; в) Бардык мыйзамдарды Мамлекеттик Дума аркылуу бекитүү, ж. б. убада кылынган. Демек, бул Манифест, болочок парламентаризмдин башаты болуу менен, феодалдык монархиянын буржуазиялык монархияга айлануусундагы алгачкы кадам эле.

Петербургдагы Таврия Сарайы Мамлекеттик Думанын резиденциясы болгон.

I-Мамлекеттик Думага шайлоолордо (II-III.1906-ж.) кадеттер[37] партиясы жеңип, 179 орун алган, ошондой эле, трудовиктер, же дыйкандардын атынан депутаттар, эсерлер[38] жеңишке жетишкени менен, көп узабай, бир гана сессия өткөрүүгө үлгүрүп, Дума (09.VII.1906-ж.) таркатылган.

II-Мамлекеттик Думага (II-VII.1907-ж.) ал мезгилдеги негизги партиялардан сырткары солчулдардын (левые) да катышуусу менен, көпчүлүк орунду кадеттер (лидери - Ф.А.Головин) алып, "Беречь Думу !", "За мирную парламентскую работу!!!", ураандарынын астында күрөш жүргүзгөнүнө карабай, бир сессия өткөрүүгө жетишип, бир жылга жетпей, бул Дума да (03.VI.1907-ж.) таркатылган.

III-Мамлекеттик Думага (XI.1907-VII.1912-жж.) шайлоодо (күз, 1907-ж.) самодержавиеге берилген оңчулдар же "Октябристтер" партиясы жеңип, ал мыйзамдуу 5 жыл толук иш алып барып, беш сессия өткөрүүгө жетишкен Дума болгон.

IV-Мамлекеттик Дума (XI.1912-X.1917-жж.) оңчул октябрист-кадеттик партиядан түзүлүп (төрагасы - М.В.Родзянко), 5 сессия өткөрүп, ишин таркатылганга чейин

---

[37] Кадет - конституциялык демократтар, лидери - С.А.Муромцев.

[38] Эсер – социалист-революционерлер партиясы, лидерлери – В.М.Чернов, А.Р.Гоц, Н.Д.Авксентьев ж. б.

(XII.1916-ж.) уланткан. Думанын депутаттарынын арасында үч коомдук катмар (дворяндар; шаар интеллигенциясы; дыйкандар) алдыңкы орунда турган.

I-дүйнөлүк согуштун башталышы (VII.1914-ж.) оппозициялык кыймылды убактылуу басаңдатканы менен, кийинчерээк, согуштагы жеңилүүлөр, өлкө ичиндеги көтөрүлүштөр, башкаруу бийлигинин чабалдыгы, либералдык күчтөрдү да (прогрессисттер, кадеттер жана октябристтер) консолидациялап (аны А.Н.Милюков жетектеген), саясий партиялардын активдүүлүгүн жогорулаткан. Февраль революциясынын жеңишинин натыйжасында Убактылуу комитет (27.II.1917-ж.) түзүлүп, ал жаңы, Убактылуу өкмөттүн (III.1917-ж.) түзүлүшүнө жол ачкан. Жаңы өкмөт Думаны таркатуу боюнча чечим (06.X.1917-ж.) кабыл алып, СНКнын декрети менен (18.XII.1917-ж.) биротоло ишин токтоткон. Россия империясында 12 жылга созулган парламентаризм доору ушуну менен аяктап, 76 жыл бою (X.1917 - II.1993-жж.) парламентаризмге өтүү мүмкүнчүлүгүнөн четтетилген.

Петербургда “Жумушчу табын боштондукка чыгаруу үчүн күрөш союзу” (1895-ж., мүчөлөрү - П.К.Запорожец, В.И.Ульянов, Л.Мартов ж. б.) түзүлүп, андан соң РСДРП (1898-ж.) деп аталып, ушундай эле партиялар Москва, Тула, Ростов на-Дону шаарларында, Украинада, Закавказьеде түзүлгөн. Социал-демократтар экономикалык гана эмес, саясий талаптарды да коё башташкан.

XX кылымдын башында жумушчулардын гана эмес, дыйкандардын, демократиялык интеллигенциянын жана студенттердин да массалык кыймылдары күч алып, партиялардын ичинде агымдар түзүлө баштайт.

Жумушчу табынын бирдиктүү саясий партиясы болгон РСДРП нын түзүлүшү жана ишмердиги башка партияларга

үлгү болуу менен, алардын калыптануусун тездеткен. 1900-1901-жылдары көбүнэсе дыйкандарды колдогон социалист-революционерлер (эсерлер) партиясы түзүлүп, жер-жерлерде бир катар улуттук (Польша, Литва, Латвия) партиялар калыптанган. Бир да өлкө Россия сыяктуу көп партиялуу болгон эмес: эгер XIX кылымдын аягында -3 гана партия болсо, 1905- жылга карата - 50, 1917-20-жж. - 90 го жакын партия ишмердик жүргүзүү менен, өлкөнүн көп улуттуу гана эмес, калктын аң-сезиминин (самосознание) өскөндүгүн күбөлөндүргөн.

Советтик тарыхнаамэде партияларды төрт категорияга (буржуазиялык; майда буржуазиялык; помещиктик-монархиялык; пролетардык-революциялык) бөлүп карашат.

РСДРП нын I съезди (01-03.III.1898-ж.) 9 делегаттын катышуусу менен Минскиде өткөрүлгөн.

II съезд (VII-VIII.1903-ж.) Брюсселде башталып, Лондондо ишин уланткан. Съезд эки бөлүктөн турган партиянын программасын кабыл алган: Программа минимум - самодержавиени кулатып, демократиялык республика (шайлоо укугу, өзүн-өзү башкаруу, сөз эркиндиги) орнотуу; жумуш күнүн 8 саат менен чектеп, жумушчулардын абалын жакшыртуу, улуттук (өз алдынча мамлекет түзүү) жана агрардык (төлөмдөрдү алып салуу) маселелерди демократиялык жол менен чечүү ж. б. Программа максимум - социалисттик революцияны ишке ашырып, пролетариат диктатурасын орнотуу. Бул съездде РСДРПда эки агым пайда болот: Большевиктер (жетекчиси - В.И.Ленин) жана Меньшевиктер (жетекчиси - Л.Мартов).

*14.3. XX кылымдын башындагы Россиядагы революциялык кырдаал.*

*а) 1905-1907-жылдардагы буржуазиялык-демократиялык революция.*

*б) Февраль буржуазиялык-демократиялык революциясы (1917-ж.).*

*в) Кош бийлик шартындагы революциянын тынчтык жол менен өнүгүүсү.*

*г) Октябрдагы (1917-ж.) куралдуу көтөрүлүш.*

*14.3.а. 1905-1907-жылдардагы буржуазиялык-демократиялык революция.*

Өлкөнүн социалдык-экономикалык, саясий өнүгүүсү татаал жана карама-каршылыктуу болуп, ал революциялык кырдаалдын түзүлүшүнө алып келген:

1) Экономикалык: а) капиталисттик модернизация башталганы менен, ага чейинки сакталган чарбалардын тирешүүсү; б) XX кылымдын башындагы дүйнөлүк экономикалык кризис;

2) Социалдык: карама каршылыктардын комплекси (“помещик – дыйкан”, “кулактар – кедейлер”, “бийлик – эл”) пайда болгон;

3) Саясий: “жогоркулар” кризиси, орус-япон согушундагы жеңилүү, солчулдардын активдешүүсү;

4) Улуттук: улуттар арасындагы теңсиздик, майда улуттарды басмырлоо, эксплуатация;

Революциянын алдында социалдык-саясий күчтөрдүн үч агымы түзүлгөн:

1) Консервативдик же өкмөттүк - самодержавиени сактап калуу аркылуу өз кызыкчылыгы үчүн күрөшкөн дворяндар жана жогорку чиновниктер.

2) Либералдык - Демократия жана эркиндикти камсыздай ала турган реформалар “жогорку” жактан башталышы зарыл деп

эсептешип, дворян, буржуазия жана интеллигенциянын кызыкчылыгын көздөгөндөр;
3) Радикалдык-демократиялык - жумушчу жана дыйкандардын кызыкчылыгында реформаларды “төмөн” жактан жүргүзүү үчүн күрөшкөн интеллигенция.

Революциянын милдеттери:

Самодержавиени кулатып, демократиялык республика орнотуу; Сословиелик теңсиздикти жок кылуу; Сөз эркиндигин киргизүү; Помещиктик жер ээлөөчүлүктү жоюп, дыйкандарга жер берүү; Профсоюздарды түзүү аркылуу жумушчулардын укуктарын коргоп, 8 саатык жумуш күнүн киргизүү; Россия элдеринин тең укуктуулугун орнотуу.

Бул милдеттерди ишке ашырууга элдин кеңири катмары кызыкдар болуп, революцияга орто жана майда буржуазиянын көпчүлүк бөлүгү, интеллигенция, дыйкандар, жумушчулар, солдаттар, матростор катышкандыктан, аны жалпы элдик же массалык, мүнөзүнө карай - буржуазиялык-демократиялык революция десек болот. Революция “Кандуу жекшемби” (09.I.1905-ж.), же Санкт-Петербургдагы Кышкы сарайдын алдында жумушчу демонстранттарды атуу менен башталып, 2,5 жылга (09.I.1905. – 03.VI.1907-жж.) созулган.

Революциянын жүрүшүн үч этапка бөлүшөт:
1) 1905-жылдын 9-январынан сентябрга чейин - бул мезгил аралыгында бир топ шаарларда саясий толкундоолор жана демонстрациялар өтүп, Иваново-Вознесенск шаарында биринчи жумушчулар кеңеши (V.1905-ж.) түзүлгөн; “Потемкин” броненосецинде (VI.1905-ж.) көтөрүлүш болгон.
2) 1905-жылдын октябрь-декабрь айлары - Октябрь айындагы “бүткүл Россиялык” саясий толкундоолорго байланыштуу, падыша Манифестке (17.X.1905-ж.) кол коюп, анын негизинде Мамлекеттик Дума пайда болгон, б. а. Парламентаризмге жол

ачылган; Москвадагы куралдуу көтөрүлүш (XII. 1905-ж.) кан төгүүлөр менен жеңилип, ал революциянын жогорку чеги, туу чокусу деп бааланган.

3) 1906-жылдын январынан 1907-жылдын 3-июнуна чейин - революциянын төмөндөп, демилгени бийлик өз колуна алуусу менен I жана II Мамлекеттик Думанын таркатылышы жана революциянын аякташы.

Революциянын мааниси:

Россиянын саясий абалы өзгөрдү, б. а. 17-октябрдагы Манифестке ылайык, алгачкы парламент - Мамлекеттик Дума түзүлдү; Самодержавиеге бир катар чектөөлөр киргизилди; Өлкөдө моралдык-психологиялык абал жакшырып, эмгекчилердин социалдык-саясий, материалдык-укуктук абалы оңолгон; Агрардык реформаларды жүргүзүүгө өбөлгөлөр түзүлдү.

1905-1907-жылдардагы буржуазиялык революция жеңишке жетпегени менен, алдына койгон бир катар максаттарды ишке ашырды.

*14.3.б. Февраль буржуазиялык-демократиялык революциясы: Россиядагы революциялык кырдаалдын өнүгүшү (II-X.1917-ж.)*

1917-жылдын башында Россияда жаңы революциялык кырдаал түзүлүп, ал көп кылымдык монархияны биротоло жок кылды.

Учурдагы тарыхнаамэ аны төмөнкүдөй баалайт: 1917-жылдагы Февраль революциясы – Россиядагы революциялардын экинчиси, ал монархияны кулатып, демократиялык өнүгүүгө кеңири жол ачкан.

Революциянын себептери:

а) “Жогоркулардын кризиси”, б. а. Өкмөт бийлиги өлкөнү эски ыкмалар менен башкара албагандыктан, өлкөдөгү опурталдуу кырдаал көзөмөлсүз калган;
б) “Төмөнкүлөрдүн”, же эл массасынын абалы мурункудан да начарлаганына наараазы болуу менен, революциялык активдүүлүгү күчөгөн.

Февраль революциясынын (1917-ж.) негизги окуялары:

Путилов заводунда иш таштоолор башталып (18.II.1917-ж.), бир жума ичинде ал жалпы элдик иш таштоого, эртеси, куралдуу көтөрүлүшкө айланган. 27-февралда армиянын көпчүлүк бөлүгү революционерлер тарапка өтүп, көтөрүлүшчүлөр, меньшевик Н.С.Чхеидзе[39] жана эсер А.Ф.Керенский[40] башкарган Петроград кеңешин шайлаган. Мамлекеттик Думада Убактылуу комитет түзүлүп, аны М.В.Родзянко[41] жетектеген. Бул Комитет Петроград Кеңешинин аткаруу комитети менен келишип, князь Г.Е.Львов[42] башкарган Убактылуу өкмөттү түзүшөт. Николай II (1868-1918-жж.; орус императору – 1894-1917-жж.) революциялык толкундоолордун натыйжасында (02/15/.III.1917-ж.) тактыдан баш тарткан.

Февраль революциясынын мүнөздүү өзгөчөлүгү - бул кош бийликтин (1 - Буржуазиялык Убактылуу өкмөт; 2 –

---

[39] Чхеидзе, Николай Семенович (1864-1926-жж.) – меньшевиктер партиясынын лидери, Мамлекеттик Думанын III - IV чакырылыштагы депутаты (1907-1917-жж.), ак эмигрант (1921-ж.).

[40] Керенский, Александр Федорович (1881-1970-жж.) – мамлекеттик ишмер, Октябрь революциясынан кийин антисоветтик козголоңдорду уюштуруп, жеңилген соң эмиграцияга кеткен.

[41] Родзянко, Михаил Владимирович (1859-1924-жж.) – ири помещик, октябрист, Мамлекеттик Думанын III-IV чакырылыштарында (1911-1917-жж.) төрага; ак эмигрант.

[42] Львов, Георгий Евгеньевич (1861-1925-жж.) – князь, ири помещик, ак эмигрант.

Жумушчу, солдат жана дыйкандар депутаттарынын Кеңеши) орношу болгон. Кийинчерээк, Советтер бийликти Убактылуу өкмөткө (VII.1917-ж.) өткөрүп берген. Революция жеңгенден кийин Россияда кадет, октябрист, эсер, меньшевик жана большевиктер сыяктуу негизги саясий партиялар чоң роль ойноп, большевиктердин VII конференциясында (IV.1917-ж.) социалисттик революцияга даярдануу багыты *курсу бекитилген.

*14.3.в. Кош бийлик шартындагы революциянын тынчтык жол менен өнүгүүсү.*

Убактылуу өкмөт 1917-жылдын жаз-жай мезгилдеринде 3 кризисти (апрель, июнь, июль) башынан өткөрүп, алар массалык толкундоолор, - “Бүткүл бийлик Советтерге!”, “Долой войну!” сыяктуу лозунгдар менен коштолгон. Июль кризиси (04.VII.1917-ж.), большевиктердин жетекчилиги астында 500 миң адамдан турган демонстрация менен Петроградда башталып, стихиялык ок атуулардан 400 дөн ашуун адам жарадар болуп, бир канчасы өлгөн. Шаарда согуштук абал жарыяланып, Ленинди камакка алуу буйругу чыккан. 6(18)-майда А.Ф.Керенский жетектеген биринчи Коалициялык өкмөт, июлда - экинчиси түзүлүп, Кош бийлик жокко чыгарылат. РСДРП нын VI съезди (VII-VIII.1917-ж.) бийликти куралдуу күч менен басып алуу курсун жарыялайт.

1917-жылдын 1-сентябрында Россия республика болуп жарыяланып, бийлик, 5 адамдан туруп, Керенский жетектеген Директорияга өткөн. Айдын аягында Керенский үчүнчү коалициялык өкмөттү түзүп,башкарууну колго алганы менен, өлкөдө социалдык-экономикалык жана саясий кризис курчуйт: 1) Көптөгөн өнөр-жай ишканалары жабылып, жумушсуздук күчөйт; 2) Согуштук чыгымдардын көбөйүшүнө байланыштуу,

салыктар көтөрүлгөн; 3) азык-түлүк тартыштыгынан инфляция күч алып, ачарчылык башталган.

Большевиктер партиясын эл массасы колдоого алып, алардын катары тез арада өскөн: 1917-жылдын февраль айында - 24 миң болсо, апрелде - 80 миң, августта - 240 миң, октябрда - 400 миң адамга жеткен.

1917-жылдын сентябрь айынан маанилүү борборлордо Кеңештердин (Советтердин) большевиктешүүсү башталып, Петроград Кеңешин - Л.Д.Троцкий[43], Москва Кеңешин - В.П.Ногин[44] жетектешкен.

В.И.Ленин[45] бул шарттарда куралдуу көтөрүлүштү даярдоо жана өткөрүү талабын койгондо, бул маселе РСДРП(б)нын Борбордук Комитетинин отурумунда (10-16.Х.1917-ж.) талкууланган. Петроград кеңеши "Согуштук-революциялык комитет" (12/25/.Х.1917-ж.) түзүп, ал көтөрүлүштүн штабына айланган.

*14.3.г. Октябрдагы (1917-ж.) куралдуу көтөрүлүш.*

1917-жылдын 24-октябрында солчулдар, матростор жана жумушчулар катышкан Куралдуу көтөрүлүш башталып, 25-октябрда революционерлер телеграф, көпүрө, вокзал, телефон станцияларын басып алышкан. Убактылуу өкмөт Кышкы сарайда (А.Ф.Керенскийден башкасы) кармалган. Революцияны В.И.Ленин Смольныйдан башкарып турган.

---

[43] Троцкий (Бронштейн), Л.Д. (1879-1940-жж.) – саясий ишмер, революционер. Антипартиялык "троцкисттик-зиновьевдик блоктун" жетекчиси. 1928-жылдан саясий агым катары ишмердиги токтогон.

[44] Ногин, Виктор Павлович (1878-1924-жж.) – советтик партиялык, мамлекеттик ишмер, СССР БАКтын мүчөсү (1921-1924-жж.).

[45] Ленин (Ульянов) Владимир Ильич (IV.1870-I.1924-жж.) – революционер, Коммунисттик партиянын уюштуруучусу, Совет мамлекетинин негиздөөчүсү.

Жумушчу жана дыйкан депутаттар Кеңешинин II Бүткүл Россиялык съезди (25.Х. /07.XI/1917-ж.) ачылып, анда революциянын жеңгендиги жарыялануу менен, алгачкы расмий документтер (Тынчтык жөнүндө декрет, Жер жөнүндө декрет ж. б.) кабыл алынган.

Аткаруу бийлиги В.И.Ленин башында турган большевиктик өкмөткө – Эл комиссарлар Кеңешине (СНК) берилүү менен, алгачкы Наркомдор дайындалган: Тышкы иштер боюнча Л.Д.Троцкий, Улуттар маселеси – И.В.Сталин[46] ж. б. Жаңы Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети (ВЦИК) түзүлүп (төрага - Л.Б.Каменев, ал отставкага кеткен соң, - Я.М.Свердлов), анын курамына 62 большевик жана 29 солчул эсерлер кирген.

Москвада да Совет бийлиги (03.XI.1917-ж.) орноп, бүткүл өлкө боюнча кеңеш бийлигинин "Салтанаттуу жүрүшү" башталган.

Советтик расмий тарыхнаамэде Октябрдагы төңкөрүш (1917-ж.) – Улуу Октябрь социалисттик революциясы деп жарыяланып, ал Россиядагы карама–каршылыктарды жоюу менен, адамдын–адамды эзүүсү жок, жаңы эркин коомго – коммунизмге жол ачты делген.

*14.4. Тышкы саясат: Россия Биринчи дүйнөлүк согушта (1914-1918-жж.).*

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Европадагы кубаттуу өлкөлөрдүн дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүп, аларды колониялоо ниетине байланыштуу, эл аралык абал курчуп, 1- дүйнөлүк согуш келип чыккан.

[46] Сталин (Джугашвили), Иосиф Виссарионович (1879-1953) – революционер, советтик партиялык, мамлекеттик ишмер. Марксизм-ленинизмдин теоретиги.

Англия жана Германиянын ортосунда Европада жана Деңиздерде үстөмдүк кылып, лидер болуу кызыкчылыгы болсо, АКШ жана Япония өздөрүнүн экономикалык чөйрөсүн кеңейтүүнү каалашкан. Россия империясы да дүйнөдөгү кубаттуу өлкөлөрдүн бири болуу менен, өзүнүн географиялык абалы, бай ресурстук базасы менен башкаларды кызыктырган.

Россиянын тышкы саясатындагы негизги багыттар:

Батыш багыты - Англия, Франция, Германия менен мамилелерди камтыган. 1880-жылдардын аягында Россия Франция менен союздаш болуп, Иран жана Афганистанга таасир этүү боюнча - Англия менен, Балкандагы кызыкчылыктары боюнча - Австро-Венгрия менен теңтайлашып турган.

Түштүк тараптагы саясий кызыкчылык Турция менен Иранга байланыштуу болуп, Россия Кара деңиздеги куймалар үчүн күрөшкөн жана Азияда өзүнүн экономикалык, саясий таасирин орнотууну каалаган.

Ыраакы Чыгыштагы саясат - Кытай жана Япония менен мамилелерге байланыштуу болгон. Кытай менен дипломатиялык мамилелер (1890-ж.) жакшырып, Транссибирь темир жолунун курулушу (1891-ж.) башталган. КВЖДнын курулушу боюнча келишимдер (1896-ж.), өзгөчө Япония жана Англия менен эл аралык мамилелерди курчуткан.

Орус-япон согушунун (1904-1905-жж.) чыгуу себептери: Башка өлкөлөрдёй эле, Россия да, Ыраакы Чыгыш аймактарына кызыгып, аны өздөштүрүү максатында, орус-кытай банкын (1895-ж.) түзүп, КВЖДнын курулушу башталган. Порт-Артурду жана Ляодун жарым аралынын бир бөлүгүн Кытайдан арендага алып, орус аскерлери Манчжурияга (1900-ж.) киргизилген. Манчжурия менен Кореянын тагдырына байланышкан орус-япон келишими

(1903-ж.) жарга такалып, бул аймактар үчүн күрөш орус-япон согушуна алып келген. Япония жана Англия Россияга каршы келишим (1902-ж.) түзүп, Англия менен АКШ Японияга согуштук жана экономикалык жардам көрсөтмөй болгон. Согуш баары-бир болоору айкын болгондо, С.Ю.Витте - компромисс издесе, В.К.Плеве – “кичинекей гана, жеңиштүү согуш керек” деп, Николай II - согушту каалабаган.

Япон армиясы Порт-Артур эскадрасына кол салып, бейтарап (нейтралдуу) аймактагы Чемульпо портунда “Варяг” крейсерин талкалоо менен, согуш (27.I.1904-ж.) башталган. Андан соң япондордун 4 армиясы кургакты көздөй жөнөп, орустарды Ляоянда (VIII.1904-ж.) талкалап, Порт-Артур (XII.1904-ж.) капитуляцияланган. Орус армиясы Мукденде (II.1905-ж.), Цусимада (V.1905-ж.) жеңилип, Либералдар самодержавиени сынга ала башташкан. С.Ю.Витте башында турган орус өкмөтү, арачы болгон Америка президенти Т.Рузвельт менен макулдашып, АКШнын Портсмут шаарында Орус-Япон тынчтык келишимине (23.VIII.1905-ж.) кол коюлат. Келишимдин шарты боюнча, Россия Порт-Артурду жана Түштүк Сахалинди Японияга берүүгө мажбур болгондуктан, С.Ю.Витте - “граф Полусахалинский” деген атка конот.

Россиянын согушта жеңилүүсүнүн себептери:

- Өлкөнүн экономикалык, согуштук-техникалык чабалдыгы;
- Аскер башчыларынын кесиптик даярдыгынын начардыгынан, кетирген катачылыктары жана ички душмандардын (Мукден боюнча) саткынчылыгы;
- Англия менен АКШнын Японияга көмөктөш болуп, жардам берүүсү.

Бул согушта Россия да, Япония да чоң финансылык жана адам өмүрү кыйылган жоготууларга дуушар болгон. Мүнөзүнө карай - эки тараптан тең басып алуулук,

талоончулук согушу болуу менен, самодержавиенин өлкөнү башкара албай калгандыгын ачыктап, революциянын өрчүшүнө түрткү болгон.

Азияда таасир этщщ чөйрөлөрүн аныктоо боюнча Франция менен Англиянын ортосунда келишим (1904-ж.) түзүлүп, кийинчерээк, Иран, Афганистан жана Тибет боюнча да ушундай эле келишимге Англия менен Россия (1907-ж.) кол коюшуп, жыйынтыгында, Россия-Франция-Англия биргелешип Антанта[47] союзу түзүлгөн. Ошентип, Европа пикир келишпеген эки лагерге - Үчтүктөр союзу (Германия, Австро-Венгрия, Италия) жана Үчтүктөр биримдиги же Антанта (Россия, Франция, Англия) бөлүнгөн. Бул мезгилде Балкан кризиси (1908-1913-жж.) курчуган: Осмон империясынын солгундашынан пайдаланып, Австро-Венгрия (Германиянын көмөгү менен), Босния жана Герцоговинаны (1908-ж.) аннекциялаганда[48], ал балкан элдеринин биригип, улуттук-боштондук күрөш уюштурушуна түрткү берген.

Осмон империясы, чындыгында, Европадагы жерлеринен айрылган. Балкан өлкөлөрү (Болгария, Сербия) менен Грециянын ортосунда аймактык талаш-тартыш жаңжалы (1913-ж.) курчуп, Бухаресттеги тынчтык конференциясы (VIII.1913-ж.) Балкан согушун токтотмок түгүл, карама-каршылыкты күчөткөн. Германия колдогон Болгариянын жана Россия колдогон Сербиянын ортосунда чыр-чатак күчөп, ал Европадагы «кайнак түйүнгө» айланган.

Россия Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында (1914-1918-жж.).

---

[47] Entente – франц. – макулдук, макулдук берүү. Бул «Үчтүктөр биримдиги» 1904-1907-жж. аралыгында түзүлүп, бара-бара ага кошулган мамлекеттердин саны жыйырмадай болгон.

[48] Аннекция – латынча - “бириктирилген”; башка өлкөгө же элге тийиштүү аймакты бүтүндөй же жарым-жартылай тартып алуу, же басып алуу.

I-дүйнөлүк согуштун себептери - алдыңкы Европа державалар арасында дүйнөнү кайра бөлүштүрүп чыгуу ниетиндеги карама-каршылыктар жана атаандашуулар: Англия менен Германиянын ортосунда – Европада жана Деңиздерде лидер болуу; Франция менен Германиянын ортосунда – Эльзас, Лотарингия жана Африкадагы колониялар үчүн күрөш; ошондой эле, Балкан жана Жакынкы Чыгыш маселелери боюнча карама-каршылыктар.

Согуш алдында 2 блок түзүлгөн: Антанта (Россия, Англия, Франция) жана Төрттүктөр союзу (Германия, Австро-Венгрия, Турция, Болгария).

Согуштун шылтоосу: Австро-Венгрия тактысынын мураскери эрцгерцог Фердинанддын Босниянын борбору Сараеводо өлтүрүлүшү. Ага серб Гаврило Принцип кол салган деп табылып, бир ай өткөн соң (28.VII.1914-ж.), Австро-Венгрия Сербияга согуш ачкан.

Россияда мобилизация башталып (30.VII.1914-ж.), Германия Россияга согуш (01.VIII.1914.) жарыялаган. Россияны өнөктөштөрү - Англия жана Франция колдогон. Согуш дүйнөлүк деңгээлде (Үчтүктөр союзу тараптан 4, Антантадан - 34 өлкө тартылып, бардыгы - 38 мамлекет катышкан) жүрүп, бардыгы үчүн - басып алуучулук мүнөздө болгон. Россия - Кара деңиз куймалары, Константинополь жана Батыш Украина, ошондой эле, Балкандагы өз кызыкчылыктары үчүн күрөшкөн.

Советтердин II Бүткүл Россиялык съезди кабыл алган «Тынчтык жөнүндө декрет» (XI.1917-ж.), Советтик Россияны 1-дүйнөлүк согуштан алып чыккан.

Германиянын демилгеси менен Брест-Литовскиде сүйлөшүүлөр башталып (21.XI./04.XII/.1917-ж.), Германия тарап - Россияны Польша, Финляндия, Эстония, Лифляндия,

Молдавиядан баш тартууну сунуштаганда, ага Н.И.Бухарин башында турган «солчул» коммунисттер каршы чыккан.

Совет өкмөтүнө Төрттүктөр союзунун державалары ультиматум[49] койгондон (27.I./09.II./1918-ж.) кийин, Австро-Венгрия-Германиялык күч согушту (18.II.1918-ж.) уланткан. Бир тараптан – Россия, экинчи тараптан - Германия, Австро-Венгрия, Болгария, Турциянын ортосунда Брест тынчтык келишими (03.III.1918-ж.) түзүлүп, анын шарттары боюнча Советтик Россия Прибалтика, Украина, Финляндиядан баш тартып, Турцияга Карс, Ардаган жана Батумду бериши керек болгон. РКП(б)нын VII съезди (06-08.III.1918-ж.) Брест тынчтыгын колдосо, Советтердин Бүткүл Россиялык өзгөчө кырдаал учурундагы IV съездинде (14-16.III.1918-ж.) бул маселеге каршы болушкан. Германия согушту улантып, Кавказдын кээ бир райондорун жана Крымды басып алган. Компьен жарашуусунан (11.XI.1918-ж.) кийин Батыш фронтунда согуштук күч аракеттер токтотулуп, анын толук жыйынтыгы, Брест тынчтыгын жокко чыгаруу менен, Версаль тынчтык келишиминде (VI.1919-ж.) чыгарылган.

Бул адамзат тарыхындагы бүткүл жер шарын кучагына алып, 4 жылдан ашык убакытка созулган (01.VIII.1914-ж. – 11.XI.1918-ж.) биринчи согуш болгон. Бул апаатка 70 млн. адам тартылып, 10 млн. адам кырылган. Согуш - капиталисттик өлкөлөрдүн карама-каршылыгын жойбостон, тескерисинче, кийинки жаңы дүйнөлүк конфликттин өзөгүн түзүп берген.

---

[49] Ultimatum – лат. – толук аягына чыгарылган. Эл аралык дипломатияда – сөзсүз аткарыла турган, так, кескин талап коюу маанисинде колдонулат.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Россия XX кылымдын 1- жарымындагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсү жөнүндө эмнени билдиңиз жана аны мурунку жылдардагы абалына салыштырыңыз?.
2. Россия XX кылымдын 1- жарымындагы саясий түзүлүшүн баяндаңыз жана баа бериңиз.
3. XX кылымдын башындагы Россиядагы революциялык кырдаалга баалаңыз.
4. 1905-1907- жылдардагы буржуазиялык- демократиялык революцияны баяндаңыз.
5. Февраль буржуазиялык- демократиялык революциясынын (1917-ж.) жүрүшүнө токтолуңуз.
6. Кош бийлик шартындагы революциянын тынчтык жол менен өнүгүүсүн баяндагыла.
7. Октябрдагы (1917-ж.) куралдуу көтөрүлүшкө баа бергиле.
8. Россиянын XX кылымдын 1- жарымындагы тышкы саясаты жана Россиянын биринчи дүйнөлүк согушка (1914-1918-жж.) катышуусун айтып бергиле жана анын тарыхый маанисине токтолгула.

## 15.0. Советтик Россия 1917-1920-жылдардын башында.

*15.1. Совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы (X.1917. – VII.1918-жжж.). РСФСРдин Конституциясы.*

*15.2. Социалдык жана экономикалык саясат. “Согуштук коммунизм”.*

*15.3. Россиядагы граждандык согуш жана чет элдик интервенция.*

*15.1. Совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы (X.1917. – VII.1918-жжж.). РСФСРдин Конституциясы.*

Совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы Советтердин Бүткүл Россиялык II съездинен (25.X./07.XI./1917-ж.) башталып, анда бийликтин жаңы органдарын түзүү маселеси каралган. Жогорку бийлик органы - бул Советтердин бүткүл Россиялык съезди, съезддердин аралыгында - Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети (ВЦИК) эсептелген. ВЦИКке 101 мүчө (62 - большевик, 29 - солчул эсерлер, 6 - меньщевик, калганы – интернационалисттер) шайланып, төрөгасы - алгач Л.Б.Каменев[50], 8-ноябрдан тартып - Я.М.Свердлов[51] болгон.

Советтердин съезди – Россиянын өкмөтүн - Эл комиссарлар кеңешин (СНК - совнарком) курап, СНК мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу демилгени колго алуу менен, өз съездине жана ВЦИКке отчет берип турган.

Өкмөттүн түзүлүү принциптери (бир, же көп партиялуулук) боюнча съездде курч дискуссия болуп,

[50] Каменев, Л.Б. – партиядагы оппозиционер, ВКП(б)нын XV съездинин (XII.1927-ж.) чечими менен партиядан чыгарылган.

[51] Свердлов, Яков Михайлович (1885-1919-жж.) – советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, биринчи советтик Конституцияны иштеп чыгуу комиссиясынын жетекчиси.

большевиктер СНКны төмөнкү курамда түзүштү: төрөга - В.И.Ленин, элдик комиссарлар: Ички иштер - А.И.Рыков, Жер иштетүүчүлүк - В.П.Милютин, Эмгек - А.Г.Шляпников, Өнөр жай жана соода - В.П.Ногин, Тышкы иштер - Л.Д.Троцкий (Бронштейн), Финансы - Н.К.Скворцов, Билим берүү - А.В.Луначарский, Юстиция - Г.И.Оппоков (Ломов), Азык түлүк - И.А.Теодорович, Почта, телеграф - Н.Г.Авилов (Глебов), Улуттар - И.В.Сталин (Джугашвили), Аскер-деңиз иштери - А.В.Антонов (Овсеенко), Н.В.Крыленко, Г.Е.Дыбенко.

Советтердин II съездинде эң алгачкы мамлекеттик актылар (“Тынчтык жөнүндө декрет”, “Жер жөнүндө декрет”) кабыл алынган. Тынчтык жөнүндө декреттин негизги талабы – тез арада тынчтык келишимдерин түзүү менен, согуштан чыгуу болгон. Ал эми Жер жөнүндө декрет - агрардык саясаттын негизги принциптерин бекитип, Совет бийлиги помещиктик, чиркөө-монастырлык жерлерди конфискациялоо менен аларды мамлекеттик менчикке өткөрүп, жерге болгон жеке менчикти жойгон. Бул жагдайда ВЦИК - “Закон о социализация земли” деп аталган мыйзам (27.I./09.II./1918-ж.) кабыл алган.

1918-жылдын башында, негизинен, бардык Элдик комиссариаттар түзүлүп бүткөн. СНКнын курамында Эл чарбасынын жогорку кеңеши (Высший совет народного хозяйства /ВСНХ/) түзүлүп (02.XII.1917-ж.), ага Россия Республикасынын чарба-экономикалык турмушун жетектөө жүктөлгөн. Революциянын жеңиштерин коргоо, алгач, Петроград Жогорку революциялык комитетине (ВРК) берилген (XII.1917-ж.) болсо, кийинчерээк, аны Ички иштер боюнча элдик комиссариат (НКВД) колго алган. Анын курамында жумушчу-дыйкандар милициясы (РКМ) түзүлгөн

(28.X.1917-ж.). Контрреволюцияга каршы күрөштү, Ф.Э.Дзержинский[52] жетектеген Бүткүл Россиялык өзгөчө кырдаалдар комиссиясы (ВЧК) алып барган.

Бардык юстиция органдары, же Наркомюст (соттор, сот палатасы, прокуратура, элдик соттор отуруму (суд присяжных), жеке адвокатура ж. б.), СНКнын декретине (22.XI.1917-ж.) ылайык жаңыдан түзүлүп, элдик соттор (төрага жана эл отурумунун мүчөлөрү) шайланган.

Совет бийлигине каршы өтө кооптуу кылмыштарды революциялык трибуналдар тескеген. Мурунку аскердик чиндер жоюлуп, коргоону уюштуруу Аскер жана деңиз иштери боюнча комитетке (XI.1917-ж.), кийинчерээк, комиссариатка берилген. В.И.Ленин “О рабоче-крестьянской Красной Армии” деген декретке (15.I.1918-ж.) кол коюп, ага ылайык, ыктыярдуу жумушчу-дыйкандар Кызыл Армиясы түзүлгөн. Жумушчу-дыйкандардын Кызыл Флоту жөнүндө декретке (II.1918-ж.) ылайык, деңиз иштери боюнча комиссариат иш жүргүзгөн.

Советтердин Бүткүл Россиялык III съезди (1.1918-ж.) эң алгачкы мыйзамдык актыны - «Эмгекчилердин жана эзилген элдердин укугу» декларациясын кабыл алуу менен, жаңы бийликтин конституциялык базасын түзүү зарылдыгын белгилеген. ВЦИК, Конституциянын долбоорун даярдоо боюнча Я.М.Свердловдун төрагалыгында комиссия (01.IV.1918-ж.) түзүлүп,долбоор (03.VII.1918-ж.) жарыяланып, бекитүүгө сунушталган. Советтердин Бүткүл Россиялык V съезди (04-10.VII.1918-ж.) РСФСР дин Конституциясын кабыл алып, анда: Жогорку бийлик - Советтердин Бүткүл Россиялык

[52] Дзержинский, Феликс Эдмундович (1877-1926-жж.) – советтик партиялык, мамлекеттик ишмер, Польша жана Россиядагы революциялык кыймылдардын катышуучусу.

съезди, ал эми жергиликтүү бийлик - Советтердин областтык, губерниялык, уезддик, волосттук, шаардык, айылдык съезддери экендиги белгиленүү менен, граждандардын шайлоо укуктары, сөз эркиндиги, мамлекеттен - чиркөөнүн, чиркөөдөн - мектептин бөлүнүшү, республиканын федеративдик мүнөзү ж. б. каралган. Ошентип, мамлекеттүүлүктүн парламенттик формасы жоюлуп, бардык бийлик Советтерге берилген.

*15.2. Социалдык жана экономикалык саясат. "Согуштук коммунизм".*

Социалдык чөйрөдө бир топ демократиялык иш-чаралар өткөрүлгөн: Сословиелерге бөлүнүү, революцияга чейинки чиндер, титулдар, сыйлыктар жоюлган; Билим берүү жана медициналык кызмат акысыз болуп, аял-эркек укуктары теңелген; Сөз эркиндиги жана 8 сааттык жумуш күнү мыйзамдаштырылып, Нике жана үй-бүлө жөнүндө декретке ылайык, граждандык никеге жол коюлган; Чиркөө мамлекеттен бөлүнгөн.

Экономикалык саясатта – бардык банктар (IV.1918-ж.), бүтүндөй өнөр-жай тармактары (тоо-кен, металлургия, текстиль, тамеки ж. б.) улутташтырылып, тышкы соодага монополия киргизилген. Өнөр-жай ишканаларын башкаруу Эл чарбасынын Жогорку Кеңешине (ВСНХ) жүктөлгөн. Ошентип, "мамлекеттик социализмдин" негиздери түзүлгөн.

РСДРП (б)нын VII съезди (III.1918-ж.), өз партиясын большевиктердин Россия Коммунисттик партиясы (РКП (б) деген аталышка өткөргөн.

Совет өкмөтү, аргасыздыктан, үч жылдан ашуун "согуштук коммунизм" (1918-ж. жай айлары - 1921-ж. башы) саясаты аркылуу, контрреволюциялык күчтөрдү талкалап, жумушчулар менен дыйкандардын согуштук-саясий союзун бекемдөөнү көздөгөн. Ал, экономикалык жана социалдык-

саясий чөйрөлөрдү өз ичине камтыган иш чаралардын (өнөр жайды улутташтырып, борборлоштурулган экономика түзүү) комплексинен турган. Бул жагдайда:

- Акча-товар мамилелерин жоюу аркылуу, жекече соодага тыюу салып, эмгек акыны натуралай төлөө;
- Транспорт, телефон, суу, газ, электр энергиясы, турак-жай акысыз колдонулуп, коммунисттик (коомдук) эмгекке да акы төлөнбөгөн;
- Жумушчулардын жана кызматкерлердин эмгеги тең салмакта бааланып, жалпы эл (16 - 50 жаштагылар) эмгектенип, жумуш менен камсыз кылынышы милдеттендирилген;
- “Продразверстка”, же “азык-түлүк чачымы” (11.II.1919-ж.) киргизилүү менен, ашыкча дан бекем баада мамлекетке берилген.

Ушундай татаал мезгилде РКП (б) нын VIII съезди (III.1919-ж.) өтүп, анда партиянын жаңы программасы кабыл алынган.

Негизги милдеттер катары төмөнкүлөр белгиленген: жеке соодадан - азык-түлүк алмашууга; акча чарбасынан - акчасыз чарбага; жеке дыйкан чарбадан – коллективдүү чарбага; рыноктук чарбадан - пландуу чарбага өтүү.

Москва-Казань темир жолунун Сортировочная станциясында биринчи ишембилик (субботник) өтүп (12.IV.1919-ж.), В.И.Ленин аны эмгекке коммунисттик мамиле жасоону күбөлөндүргөн иш-чара деп баалаган.

Саясий чөйрөдө – РКП (б)нын диктатурасы толугу менен орноп, большевиктер партиясы – багыт берүүчү саясий-идеологиялык гана уюм болбостон,мамлекеттик структуралык аппаратка айланган: эми ал өлкөнүн экономикалык, маданий турмушун жөнгө салып, жеке мамилелерге да кийлигише алган. Жыйынтыгында:

- Башка партиялардын ишмердүүлүгүнө (кадеттер, меньшевиктер, эсерлер ж. б.), саясий кыймылдарга, митингдерге тыюу салынып, саясий оппозиция күч менен жоюлган;
- Интеллигенциянын бир бөлүгү репрессияланса, башкасы – эмиграцияланган;
- Басма сөз каражаттары кытыр текшерилип, сөз эркиндиги, профсоюздардын көз карандысыздыгы чектелген;
- Советтерде көпчүлүк бийликти большевиктер колго алган;
- Өлүм жазасы кайрадан (II.1918-ж.) киргизилген.

В.И.Ленинге кол салуу жана Петроград ЧКсынын төрөгасы М.С.Урицкийдин эсерлер тарабынан өлтүрүлүшү, “Кызыл террор” жөнүндө декрет (IX.1918-ж.) кабыл алууга мажбурлаган.

“Согуштук коммунизм” саясатынын кесепеттери:
- Экономикада – акча-товар жана рынок мамилелери бузулуп, финансы тармагы алсыраган; айыл-чарбада жана өнөр-жайда өндүрүмдүүлүктүн төмөндөшүнөн, жумушчулар массалык түрдө айылдарга көчүп, ачарчылык, уурулук күчөгөн;
- Ички саясатта - бир партиялуу системага негизделген диктатура орнотулуу менен, анын башкаруусу борборлоштурулуп, саясий репрессия күч алган;
- Социалдык чөйрөдө - сословиелер жоюлган.

Ошентип, “Согуштук коммунизм” - экономиканы начарлатканы менен, граждандык согуш[53] мезгилинде Совет бийлигин кармап калуу үчүн аргасыз киргизилген саясий иш чара болгон.

[53] Граждандык согуш - өлкөнүн ичиндеги таптар менен социалдык топтордун мамлекеттик бийлик үчүн уюшкан түрдөгү куралдуу күрөшү, тап күрөшүнүн өтө курч формасы.

*15.3. Россиядагы граждандык согуш жана чет элдик интервенция.*

Россиядагы граждандык согуштун башталышы жана аякташы, аны мезгилдерге бөлүү, себептери боюнча бир катар көз караштар бар:

А) Граждандык согуш – бул таптардын ортосундагы (актар-кызылдар) күрөш; ал 1917-жылдын октябрында башталып, 1922-жылдын күзүндө Ыраакы Чыгышта актардын талкаланышы менен бүтөт;

Б) Граждандык согуш - тараптардын пикир келишпестигин куралдуу күчтөр (армиялар) менен чечүү ыкмасы; Ал 1918-жылдын ортосунда башталып, 1920-жылдын аягына чейин созулган.

В) Граждандык согуш - таптардын жана социалдык топтордун карама-каршылыгын күч менен чечүү; башка согуштардан айырмаланып, анын белгилүү чеги да, мезгили да жок.

Күнөөлүүлөр: А) Бийликтен ажыраган таптардын өкүлдөрү; Б) Большевиктердин коомду өзгөртүп түзүү ыкмаларын таңуулоосу; В) Эки тарап тең күнөөлүү, себеби, бийлик үчүн күрөшкө эл массасы тартылып, кан төгүүлөр болгон.

Себептери: а) Бийликтен кол жууган таптардын өздөрүнүн мурунку абалын күч менен сактап калуу аракети; б) Жаңы бийликтин (большевиктер) башкаруу ыкмаларынын мурун бийликте тургандарга одоно таңуулоосу; В) Советтердин Бүткүл Россиялык III съездинде (I.1918-ж.) “Закон о социализации земли” мыйзамын кабыл алуусунан улам: 1) Дыйкандардын айрым катмарларынын ортосунда карама-каршылык пайда болуп, нааразычылык күчөп, шаарларда ачарчылык коркунучу туулган; 2) Бир партиялуу диктатуранын (РКП(б) нын) орношу.

Россиядагы граждандык согуштун өзгөчөлүгү - ички саясий күрөштүн чет өлкөлүк интервенция[54] (III.1918. - X.1922-жж.) менен тыгыз байланышта болгондугунда.

Согуштук интервенциянын себептери:
1) Антанта өлкөлөрү Совет бийлигинин жеңип, большевиктер диктатурасынын орношуна каршы болушкан;
2) Советтик Россия 3-4 күчсүз мамлекеттерге (Кавказ, Украина, Сибирь, Ыраакы Чыгыш) бөлүнүү шартында турат деп божомолдонуп, АКШ жана Япония - Сибирь менен Ыраакы Чыгышка; Англия - Кавказ, Дон жана Орто Азияга; Франция - Крым, Украина жана Бессарабияга кызыккан.

Большевизмди жок кылып, Россияда эски бийликти орнотуу максатында, ачык согуштук интервенция аркылуу ички антисоветтик күчтөргө колдоо көрсөтүү (курал-жарак, финансы жана материалдык) чечими (III.1918-ж.) кабыл алынган. Интервенттер, негизинен, борбордон алыс турган портторго келип түшүшүп, саны, 1919-жылдын 1-майына карата, 202,5 миң адамга (80 миңи - япондор, 45 миңи - англичандар, 42 - миңи чехословактар, 13 миңи - француздар) жеткен.

Англия өкмөтү, маселен, А.В.Колчактын[55] армиясын (200 миң адамды ) толугу менен кийинтсе, АКШ ага (3.1919-ж.) 394 миң мылтык, 15,6 млн. патрон берген. А.И.Деникин[56]

---

[54] “Интервенция” – лат., “келем”, “кийлигишем”; бир мамлекеттин ички иштерине же башка мамлекеттер менен мамилесине экинчи бир мамлекеттин кийлигишиши. Ал согуштук, экономикалык, дипломатиялык, идеологиялык болушу мүмкүн.
[55] Колчак, Александр Васильевич (1873-1920-жж.) – адмирал (1918-ж.), Россиядагы контрреволюция жана граждандык согуштун уюштуруучуларынын бири, Иркутск ревкомунун токтому менен атылган (1920-ж.)
[56] Деникин, Антон Иванович (1872-1947-жж.) - Россиядагы контрреволюция жана граждандык согуштун уюштуруучуларынын бири,

Румыниядан 300 миң мылтык алган. Алар, ички антисоветтик күчтөрдү аэроплан, броневик, танк, автомобиль ж. б. менен камсыздашкан. Ошентип, Россиядагы граждандык согуш жана интервенция - чет мамлекеттердин саясий гана эмес, согуштук кийлигишүүсү менен ишке ашкан.

Советтик тарыхнаамэде Совет бийлигинин (Кызыл Армиянын) жеңиши төмөнкүчө түшүндүрүлөт:

А) Коммунисттик партиянын ишеничтүү саясатына байланыштуу, эл массасынын революциялык энтузиазмы, жогорку моралдык духу, ишинин туура экендигин аң сезимдүү баалоосу;

Б) Жумушчу-дыйкан аскер башчыларынын жеке таланты;

В) Ак гвардиячылардын уюштуруу иштеринин төмөндүгү жана чет элдик колдоону пайдалана албагандыгы.

Ушуну менен бирге эле, граждандык согуш – бул «элдик трагедия», б. а. жеңүү да, жеңилүү да болгон эмес деген пикир бар.

Көпчүлүк тарыхчылар граждандык согушту алты этапка бөлүп карашат.

1) 1917-жылдын октябрь айынан – 1918-жылдын май айлары - бийликке жаңы эле келген большевиктердин А.Ф.Керенский, П.Н.Краснов[57] (26-31.X. /08-13.XI/ 1917-ж.), А.М.Калединдин[58] (XI.1917-I.1918-жж.) күчтөрүнө каршы

---

генерал-лейтенант (1916-ж.), "Түштүк Россия куралдуу күчтөрүнүн" башкы командачысы, жеңилгенден кийин эмиграцияга кеткен (1920-ж.).

[57] Краснов, Петр Николаевич (1969-1947-жж.) – Граждандык согуш жылдарында чет өлкөлүк интервенцияны уюштуруучулардын бири, генерал-лейтенант (1917-ж.), Керенский менен бирдикте Петербургдагы антисоветтик козголоңдун (X.1917-ж.) башында турган. Германияга эмиграцияга (1919-ж.) кеткен.

[58] Каледин, Александр Максимович (1861-1918-жж.) – Дон казактарынын атаманы, контрреволюционер. Козголоңу жеңилгенде өзүн-өзү атып өлгөн.

күрөшү жана “Тынчтык жөнүндө декретке” ылайык Брест тынчтыгы (03.III.1918-ж.) түзүлгөн.
2) 1918-жылдын жай-күз айлары – бул мезгил аралыгында эсер-меньшевиктердин күрөшү, «демократиялык контрреволюция», Чехословактар корпусунун козголоңу (V-VIII.1918-ж.) болуп өткөн.
3) 1918-жылдын аягы - 1919-жылдын башы – германдык интервенттердин токтотулушу жана 1-дүйнөлүк согуштун бүтүшү; Антанта аскерлеринин портторго түшүрүлүп, Омскиде А.В.Колчактын диктатурасынын орнотулушу жана “согуштук коммунизм” саясатынын башталышы.
4) 1919-жылдын жазы - 1920-жылдын жазы - интервенттердин Советтик Россиядан кетиши, Кызыл Армиянын Ыраакы Чыгышта – А.В.Колчакты (II.1920-ж.), түштүктө – А.И.Деникинди (V.1920-ж.), түндүк-батышта Н.Н.Юденичти[59] жеңиши (XI.1919-ж.).
5) 1920-жылдын жаз-күз айлары - Крымда П.Н.Врангелдин[60] талкаланышы (XI.1920-ж.), “согуштук коммунизм” саясатынын жогорку чеги, Совет-Польша (IV-X.1920-ж.) согушу аяктап, Рига келишимине (III.1921-ж.) кол коюу.
6) 1921-жылдан 1922-жылга чейин - граждандык согуштун бүтүшү, Кронштадттагы козголоңдун (II-III.1921-ж.), Тамбовщинадагы кулак-эсерлердин көтөрүлүшүнүн (1920-

---

[59] Юденич, Николай Николаевич (1862-1933-жж.) – Россиянын түндүк-батышындагы контрреволюциялык күчтөрдүн жетекчилеринин бири. Петроградга жүрүшү ийгиликсиз болгондон (X-XI.1919-ж.) кийин эмиграцияга кеткен (1920-ж.).
[60] Врангель, Петр Николаевич (1878-1928-жж.) – барон, генерал-лейтенант (1918-ж.), Россиянын түштүк аймактарындагы контрреволюциялык күчтөрдүн жетекчилеринин бири, ал гана эмес, “башкы командачысы”. Жеңилүүгө аргасыз болгондон кийин эмиграцияга кеткен (1920-ж.).

1921-жж.), Н.И.Махнонун[61] майда-буржуазиялык контрреволюционерлерден түзүлгөн отрядынын, Кубандагы ак казактар козголоңунун (1921-ж.) басылышы; Ыраакы Чыгышты японлордон бошотуу, Орто Азияда басмачылар менен күрөш, Кызыл Армиядан жумушчу-дыйкандардын демобилизацияланышы жана ЖЭСке (НЭП) өтүү.

Согуштук бай тажырыйбага ээ, адмирал, генерал аскердик наамдары бар А.В.Колчак, А.И.Деникин, Н.Н.Юденич, П.Н.Врангель сыяктуу ак гвардиячылар, согуштук эч бир тажырыйбасы жок, салыштырмалуу жаш (алар ошол кезде 25-40 жашта эле) М.В.Фрунзе (1885-1925-жж.), М.Н.Тухачевский (1893-1937), А.И.Егоров (1883-1939, В.И.Чапаев (1887-1919-жж.), Г.И.Котовский (1881-1925-жж.), С.М.Буденный (1883-1973-жж.), С.Г.Лазо (1894-1920-жж.), Н.А.Щорс (1895-1919-жж.) сыяктуу Кызыл Аскер башчыларынан жеңилүү ызасын тартышкан.

Граждандык согушта «актар», «кызылдар» жана «жашылдар» сыяктуу саясий агымдардын ортосунда күрөш жүргөнүнө изилдөөчүлөр көңүл бурушат:

“Актар кыймылынын” өзөгүн монархисттер, кадеттер, октябристтер, ошондой эле, меньшевик жана эсерлердин башкаруучу топтору түзүп, интервенттердин толук колдоосунда болуу менен, большевиктерге каршы күрөшүшкөн.

Актардын жеңилүү себептери:

А) Ар түрдүү партиялардан жана топтордон тургандыктан, аларда саясий да, согуштук-стратегиялык да, социалдык-экономикалык да бирдиктүү план болбогон;

[61] Махно, Нестор Иванович (1889-1934-жж.) – Украинанын түштүгүндөгү контрреволюционерлердин башчысы, анархист. Жеңилгенден кийин Румынияга качкан (1921-ж.).

Б) «Бирдиктүү жана бөлүнбөс Россия» курсуна таянуу, улуттук региондорду (Польша, Финляндия) кыймылдан четтеткен;
В) Ич-ара бөлүнүп-жарылуучулук (монархия, демократия), жеңилген аймактардагы талоончулук, кедергисин тийгизбей койгон эмес;
Г) Актар ишенген Антанта өлкөлөрүндө да өз ара пикир келишпестиктер болгондуктан, алардын колдоосу кечеңдеген.

“Жашылдар кыймылы” – бул Башкортостандагы Валидовщина, Орто Азиядагы - Басмачылык, Украинада Н.Манхо жетектеп, элдин көпчүлүгү каршы болгон кызылдар жана актардын ортосундагы кыймыл. Анын мүнөздүү белгилери жана ураандары: Өзүлөрүн саясий партия катары эсептеп, регулярдуу армиясыз эле элге таянып, күтүүсүздөн, кокусунан *(стихийно) чыга калуу менен, «Коммунисттерсиз Кеңеш», «Советтик демократия», «Жерди социалдаштыруу» сыяктуу ураандарды колдонушкан. Алар “актар” тараптан да, “кызылдар” тараптан да аёосуз жазаланышкан.

“Кызылдардын” жеңишинин өбөлгөлөрү:
А) Миллиондогон укуксуз жана эзилген эл большевиктердин Совет бийлигине ишенип, аларды колдогон;
Б) Партиянын В.И.Ленин, Л.Д.Троцкий сыяктуу жалпы эл тандаган көсөмдөрү мамлекеттик аппаратты өздөрү башкарып, тылды туура уюштурушкан;
В) Эски аскер адистерине ишенич көрсөтүлүп, аларды кеңири тартуу менен, регулярдуу Кызыл Армия (5 млн.) түзүлгөн;
Г) Батыш өлкөлөрүндөгү эмгекчилер да “Руки прочь от Советской России !” деген ураан менен колдоого алып, кубатташкан;

Д) Өлкөнүн чет жакаларындагы улуттар «О праве наций на самоопределение» Декларациясына таянып, большевиктер тарапта болгон;
Е) «Согуштук коммунизм» саясаты дыйкандар менен жумушчулардын аскердик-саясий биримдигин бекемдеген.

Граждандык согуштун кесепеттери:
1) Өнөр жай өндүрүшүнүн кыскарышы жана транспорт системасынын бузулушу - өлкө чарбасын толук бүлгүндөп, экономикалык көрсөткүч кескин төмөндөө (материалдык зыян - 50 млрд. алтын рубль) менен, Россия үчүн өтөё коркунучтуу апаат абал түзүлгөн;
2) 15 млн. адам курман болуп, 2 млн. адам эмиграцияга (алардын арасында «улуттун сыймыгы» деп эсептелген интеллектуалдар бар эле) кетүү менен, моралдык-этикалык маселелер келип чыккан.

Ошентип, большевиктер диктатурасынын орношу менен, тоталитардык режим калыптана баштаган.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. Советтик Россия 1917-1920- жылдардын башындагы социалдык- экономикалык абалына токтолуңуз.
2. Совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы (X.1917.-VII.1918-жж.) жөнүндө алган маалыматтарды билдириңиз.
3. РСФСРдин Конституциясы жөнүндө баяндагыла.
4. Социалдык жана экономикалык саясаттын жыйынтыгы болгон “Согуштук коммунизм” жөнүндө эмнени айта аласыз.
5. Россиядагы граждандык согуш жана чет элдик интервенциянын жүрүшү.

## 16.0. Совет мамлекети 1920-жылдардын 1-жарымында.

*16.1. РСФСР деги ички абал (1920-1921-жж.).*
*16.2. Жаңы экономикалык саясат (ЖЭС-НЭП).*
*16.3. Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун (СССР) түзүлүшү.*

### *16.1. РСФСРдеги ички абал (1920-1921-жж.).*

Ошол учурдагы негизги милдет - революциянын жана граждандык согуштун кесепетинен талкаланган чарбаны калыбына келтирүү, ошондой эле, социализмди куруунун материалдык-техникалык жана социалдык-маданий негиздерин түзүү болгон.

1920-жылдын күзүндө өлкөдө терең экономикалык жана социалдык кризис кулачын жайып, аны "согуштук коммунизм" саясаты менен жөнгө салууга мүмкүн болбой калды. Себеби, Россия 4 жыл бою 1-дүйнөлүк согушка катышуу менен бирге эле, Февраль жана Октябрь революцияларын, андан соң, граждандык согуш менен айкалыша келген чет элдик интервенцияга каршы күрөштү башынан өткөрдү. Мындай учурда экономикалык курсту чечкиндүү түрдө өзгөртүү талап кылынган.

Экономикалык кризис – калктын санынын азайышы; сырье жана отундун жетишсиздигинен завод-фабрикалардын, шахталардын, темир-жол кыймылынын токтоосу, жана ушуларга эле байланыштуу - жумушсуздардын айылдарга көчүүсү, себүү аянттарынын кыскарышы, массалык ачарчылык, турмуш деңгээли төмөндөгөн сайын, инфляциянын жогорулашы, оорулардын жана өлүмдүн санынын өсүүсү ж. б. менен шартталган.

Социалдык-саясий кризис – жумушсуздуктун өсүүсү, азык-түлүктүн жетишсиздиги, зордук эмгектин киргизилүүсү, айлык-акынын теңелүүсү, айыл-шаарларда козголоң кыймылдардын кулач жайышы, армиядагы толкундоолор, бандитчилик; большевиктер партиясынын диктатурасын жокко чыгаруу, Учредителдик чогулушту чакыруу жана тең укуктуу шайлоо талабы, меньшевиктер менен эсерлердин ишмердүүлүгүнүн активдешүүсү ж.б. менен шартталган.

Партиянын ички кризиси – партиядагы “элита” жана “масса” ажырымы, оппозициялык топтун пайда болуусу, лидерчиликке талапкерлердин (Л.Троцкий, И.Сталин) көбөйүүсүнө байланыштуу, бөлүнүп-жарылуу коркунучу ж. б.

Россия, капиталисттик өлкөлөрдүн курчоосунда жападан-жалгыз жашагандыктан, өзгөчө стратегия жана тактиканын керектиги теориялык кризиске такады. В.И.Ленин ички партиялык курсту талдап чыгып, дыйкандардын талабын канааттандырып гана, большевиктер бийлигин сактап калаарын айткан.

*16.2. Жаңы экономикалык саясат (ЖЭС/НЭП).*

Советтердин Бүткүл россиялык VIII съездинин (XII.1920-ж.) чечимдери карама-каршылыктуу мүнөздө (биринчи тарап – “согуштук коммунизм” саясатын андан ары өнүктүрүү керек десе, экинчиси – коммуна, совхоздорду түзүүдөн баш тарткан) болуу менен, кийин да саясаттын эки жактуулугу сакталып кала берген. СНКнын декрети жана Пландоо комиссиясынын чечими (22.II.1921-ж.) менен Мамлекеттик план кабыл алынган (1921-ж.).

Жергиликтүү Советтердин компетенциясы кеңейип, эмгек армияларын түзүү, транспортту жолго коюу, бандитизм менен күрөшүү улантылган. Айыл-чарба азык-түлүктөрүнүн ассортименти көбөйгөнү менен, азык-түлүк чачымы

(продразверстка) ага бөгөт болуп, дыйкандардын нааразычылыгын туудурган. Андыктан, РКП (б) нын Х съезди (III.1921-ж.) Жаңы экономикалык саясатка өтүү багытындагы резолюцияларды (продразверстканы натуралдык салык менен алмаштыруу ж. б.) кабыл алган.

Жаңы экономикалык саясат – бул, большевиктер өкмөтүнүн жетекчилигинде көп тармактуу экономиканы түзүү менен, кризистен чыгуу программасы. Өнөр-жай, финансы системасы жана тышкы соодага мамлекеттик монополия киргизилген.

Жаңы экономикалык саясаттын максаты:

1) Саясий - жумушчу жана дыйкандардын союзун бекемдеп, социалдык чыңалууну алып салуу;

2) Экономикалык - эл чарбасын толук калыбына келтирип, кризистен чыгуу;

3) Социалдык - дүйнөлүк революцияларды күтпөстөн, социалисттик коомду куруу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;

4) Тышкы саясатта - башка мамлекеттер менен саясий-экономикалык мамилелерди жолго коюу аркылуу, эл аралык изоляциядан чыгуу.

Жаңы экономикалык саясатка өтүү, алгач, Советтердин Бүткүл россиялык IX съездинде (XII.1921-ж.) каралгандан кийин, ВЦИК жана Совнаркомдун декреттери менен мыйзамдаштырылып, 1920-жылдардын 2-жарымында ишке аша баштаган.

ЖЭСтин маңызы:

1) Азык-түлүк чачымы, алгач, натуралдык (1925-жылга чейин), кийин акчалай салык менен алмаштырылып, чарбада калган азык-түлүктү базарда сатууга, б. а. жекече соода жүргүзүүгө уруксат берилген; Мамлекеттик көзөмөл менен жерлерди арендага берүү каралган;

2) Өнөр-жайды ыкчам өнүктүрүү максатында, аларды чарбалык эсепке өткөрүп, ири жана орто ишканаларды мамлекеттин колунда кармап калуу менен, майдаларын арендага берүү; Чет элдик капиталды тартуу жана пайдалануу; Бардык кызматтар үчүн акчалай акы төлөп, карточкалык системаны жоюу;

3) Эмгек биржаларын киргизүү аркылуу, жалпы мажбур эмгекке тыюу салып, ыктыярдуу жумушчу күчүн пайдалануу ж. б.

Жаңы экономикалык саясатты ишке ашыруу өзгөчөлүктөрү:

А) ЖЭС – убактылуу иш-чара эмес, көп жылдарды ичине камтып, узакка созулган процесс;

Б) Экономикалык эле саясат эмес - бул саясий-экономикалык, идеологиялык мүнөздөгү иш-чаралардын комплекси болгон.

1921-1924-жылдары "граждандык тынчтык" идеясы сунушталып, Эмгек Кодекси, Кылмыш Кодекси сыяктуу мыйзамдар иштелип чыгып, өнөр-жайды башкаруу, соода, кооперация, финансы-кредиттик чөйрөдө бир нече реформалар жүргүзүлгөн; Акча-товар мамилелеринин өнүгүүсү, бүткүл россиялык ички рыноктун калыптанышына түрткү берген; Өнөр-жайдын кайрадан калыптануусу, туруктуу валютанын киргизилиши, айыл-чарбасын өнүктүрүүгө жакшы шарт түзгөн; Чет өлкөгө чыгып кетишкен 200 гө жакын көрүнүктүү ишмерлер, чыгармачыл интеллигенцияга (Н.А.Бердяев, С.Н.Булгаков, П.П.Сорокин ж. б.), б. а. "Ак эмиграцияга" мунапыс (амнистия) жарыяланган;

ЖЭС - өлкө чарбасынын калыптанышын жана туруктуулугун камсыз кылганы менен, бир катар кыйынчылыктар да пайда болгон:

А) Өнөр-жай менен айыл-чарбасынын ортосундагы теңсиздик (дисбаланс);
Б) Жеке менчик азык-түлүктөрүн сатууга тыюу салуу;
В) Коомдогу социалдык катмарлардын кызыкчылыктарынын ар түрдүүлүгү жана большевиктик бийликтин авторитаризми.
Ошентип, Коммунисттик партия үчүн жаңы экономикалык саясат - айласыз иш-чара болуп, экономикалык чөйрөдө, бийлик өзүнүн башкаруучулук статусун сактап калуу менен, капиталисттик мүнөздөгү бир катар өзгөртүүлөрдү киргизе алган. “Согуштук коммунизмден” баш тартууда мамлекеттик бийликтин тиби өзгөрүүсүз, б. а. пролетариат диктатурасы ошол бойдон калган.

### *16.3. Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун (СССР) түзүлүшү.*

Россия Империясы кулап, Октябрь революциясынын жеңиши, көп этностуу, көп диндүү, көп чарба укладдуу өлкөдө улуттук аң сезимдин эки багытта (“өз-өзүнчө” жана “орустар менен биримдикте”) өнүгүп, улуттук кыймылдардын да башка жактардан өзгөчөрөөк мүнөздө болушун шарттаган. Биринчиси - чет жакалардагы элдерди орусташтыруу менен бирге эле, аларга православие динин таңуулоо, ошондой эле, оторчулукка байланыштуу, көчүп келген славян элдерине жакшы жерлерди берүү саясаты, жергиликтүүлөрдүн укуктук сезимдерин ойготуп, алар да, көз карандысыздыкка умтулушса; Экинчиси - тарыхый тагдырыбыз, чарба-маданий байланыштарыбыз бир болгондуктан, биз орус эли менен биримдикте болгонубуз туура болот дегендер.

РСФСР СНКнын “Декларация прав народов России” (XI.1917-ж.) аттуу мыйзамында “элдердин өзүн-өзү эркин аныктоо” (самоопределение), б. а. алардын өз-өзүнчө бөлүнүп,

эркин союзга негизделген Федерация формасындагы мамлекет түзүү укугу каралган эле.

Октябрь революциясынан кийин улуттук-боштондук кыймылдар кулач жайган. Украина Радасы, Германия менен сепараттык келишим (27.I.1918-ж.) түзүп, Киевде өз бийлигин орноткон. Финляндияга көз карандысыздык берүү жөнүндө декрет (18.XII.1917-ж.) кабыл алынгандан кийин, ал өлкөдө жумушчулар революциясы башталып (I.1918-ж.), бийлик, эл өкүлдөр Кеңешине берилген. РСФСР жана Финляндия Республикасы ортосунда достук жана бир туугандык келишими (01.III.1918-ж.) түзүлүп, бирок революция жеңилгенде, келишим күчүн жоготкон. Украина жана Финляндиядан кийин, Россиянын чет жакаларындагы Грузия, Азербайжан, Армения, Эстония, Латвия жана Литва сыяктуу өлкөлөр да көз карандысыз болушкан. Түндүк Кавказ өкмөтү (“Союз объединенных горцев Кавказа”) да Советтик Россиядан бөлүнүп (V.1918-ж.), көз карандысыз Тоолуу Чечня мамлекети (IX.1919-ж.) түзүлгөн. Ошондой эле, Крым, Кавказ, Туркстан, Урал жана Поволжьеде мусулман элдеринин Федеративдүү түрк-татар республикаларын түзүү маселеси каралган.

Мамлекеттик түзүлүштүн улуттук-аймактык федерациялар формасында болуу мүмкүнчүлүгү РСФСРдин Конституциясында (1918-ж.) белгиленип, 1920-жылга чейин Россия Федерациясынын аймагында 20 дан ашуун автономдуу республикалар жана областтар түзүлгөн. ВЦИКтин декретине (VI.1919-ж.) ылайык, дүйнөлүк капитализмге каршы күрөшүү максатында, Россия, Украина, Латвия, Литва, Белорусия Советтик Республикаларынын “федерациялар келишими” боюнча биригүүсү сунушталат.

Граждандык согуш мезгилинде кээ бир республикалар актардын кол алдында жана көзөмөлүндө калуу менен, өзүлөрүнүн Конституциясын кабыл алышса; Латвия жана Эстония - мамлекеттик көз карандысыздыгын жарыялоого үлгүрүшкөн. Ыраакы Чыгыш - "Сибирдеги буфердик аймак" катары, Москванын көзөмөл астында болсо, Польша, Финляндия, Прибалтика өлкөлөрү - батыштын саясий жардамына таянып, союздан чыгууга аракет жасаган.

Бир жыл аралыгында (4.1920. – 2.1921-ж.), Орто Азияда Хорезм жана Бухара элдик республикалары (1920-ж.) түзүлсө, Азербайжан, Армения, Грузияда Совет бийлиги орноп, бажы чек аралары алынып салынуу менен, эки тараптык келишимдер түзүлө баштаган: РСФСР - Азербайжан (XI.1920-ж.); РСФСР – Украина жана Армения (XII.1920-ж.); РСФСР - Белоруссия (I.1921-ж.), РСФСР - Грузия (V.1921-ж.).

1922-жылдын башында мурунку Россия империясынын аймагында 9 Советтик Республика (РСФСР, Украина, Белоруссия, Азербайжан, Армения, Грузия, Ыраакы Чыгыш, Бухара жана Хорезм) түзүлүп, РСФСРдин курамында *9 автономиялык (Башкыр, Тоолук /Горская/, Дагестан, *Кыргыз /Казак/, Крым, Татар, Түркстан, Якут) республика жана 14 автономиялык (*Воть же Удмурт, Калмак, Чечен, Чуваш ж.б.) областтар болгон. Бардык маселелер Москвада - БКнын Саясий бюросунда жана РКП(б) нын пленумдарында чечилген. Маселен, Азербайжан, Армения жана Грузия, федеративдик негизде, ЗСФСРге (III.1922-ж.) биригишкен.

1922-жылдын жайында, РКП(б) БКнын резолюциясы менен, Советтик Республикалардын бир мамлекетке биригүү процесси башталып, анын 2 варианты бар эле:

1) И.В.Сталин - X съездде (III.1921-ж.) Автономиялуу Советтик Республикаларды түзүү керек десе;

2) В.И.Ленин – келишимдин негизинде, өз алдынча федеративдик Советтик Республикаларды түзүүнү сунуштаган.

СССРдин түзүлүшү Сталиндин “автономия” планы боюнча ишке ашкан.

СССР Советтеринин I съездинин (30.XII.1922-ж.) ачылышында, СССРдин түзүлүшү жөнүндө Келишим жана Декларация бекитилип, СССР, 4 республикадан (РСФСР, Украина ССРи, Белорус ССРи, Закавказье Советтик Федеративдик Социалисттик Республикасы) куралган.

СССРдин Конституциясы СССР Советтеринин II съездинде (I-II.1924-ж.) бекитилип, ар бир республика өзүнүн Конституциясын иштеп чыгуу талабы коюлган. Конституция боюнча, мамлекеттик жогорку бийлик органы - Советтердин Съезди (ар жылы) болуп, съезддер аралыгында – тең укуктуу эки (Союздар Совети жана Улуттар Совети) палатадан турган Бүткүл Союздук Борбордук Аткаруу комитети (ВЦИК) эсептелген. СССРдин БАК (ЦИК) Президиуму такай иштей турган орган болуп, анын отурумдарын кезеги менен 4 төрага (ар бир республиканын аткаруу комитеттеринин төрагалары - М.И.Калинин[62], Н.Н.Нариманов[63], Г.И.Петровский[64] жана

---

[62] Калинин, Михаил Иванович (1875-1946-жж.) – советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, Социалисттик Эмгектин Баатыры (1944-ж.), ВЦИКтин (III.1919-ж.), СССР ЦИКтин (1922-ж.), СССР Жогорку Советинин президиумунун (1938-ж.) төрагасы.

[63] Нариманов, Нариман Кербалай Наджаф оглы (1870-1925-жж.) - советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, жазуучу. Партиянын мүчөсү (1905-ж.), Азербайжанда Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөштүн жетекчилеринин бири. Азербайжан ССР СНКнын, ЗСФСР Союздар Советинин (1922-ж.) тёрагасы, СССР ЦИКтин төрагаларынын бири.

[64] Петровский, Григорий Иванович (1878-1958-жж.) - советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, КПССтин мүчөсү (1897-ж.). СССР ЦИКтин төрагаларынын бири.

А.Г.Червяков[65] (1892-1937-жж.) башкарган. СССРдин БАКы биринчи союздук өкмөттү - СНКны түзүп, алгач аны В.И.Ленин, ал өлгөндөн кийин (I.1924-ж.) А.К.Рыков жетектеген. БАКтын Президиуму Жогорку мыйзам чыгаруучу, аткаруучу орган болуу менен, анын курамында СССРдин Жогорку соту жана Бириккен мамлекеттик саясий башкармалык (БМСБ - Объединенное государственное политическое управление – ОГПУ) түзүлгөн.

СССР Советтеринин съезддери: 1 – 30.XII.1922; 2 – 26.I.-02.II.1924; 3 – 13-20.V.1925; 4 – 18-26.IV.1927; 5 – 20-28.V.1929; 6 – 8-17.III.1932; 7 – 28.I.-6.II. 1935; 8 – 25.XI-5.XII.1936.

Жалпы союздук жана бириккен Элдик комиссариаттар (Наркомат) Союздагы тармактык башкаруу органдары болуп эсептелген.

СССРдин мамлекеттик герби, туусу жана борбору Конституцияда көрсөтүлгөн.

СССРдин курамына Өзбекстан жана Түркмөнстан (1925-ж.), Тажикстан (1929-ж.), Казакстан жана Кыргызстан, ошондой эле, Армения, Грузия жана Азербайжан (ЗСФСРден чыгуу менен), түздөн-түз (1936-ж.) кирген.

СССРдин түзүлүшү - өлкөнүн саясий, экономикалык, аскердик кубаттуулугун бекемдеп, Коммунисттик партиянын жетекчилигиндеги, чоң жаңы империя пайда болгон.

---

[65] Червяков, А Г (1892-1937-жж.) - советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, КПССтин мүчөсү (1917-ж.). Белорус ССР ЦИКтин төрагасы (1920-ж.).

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Совет мамлекетинин 1920- жылдардын 1- жарымындагы социалдык- экономикалык абалды баяндаңыз.
2. РСФСРдеги ички абал (1920-1921-жж.) кандай болгон?
3. Жаңы экономикалык саясат (ЖЭС- НЭП), анын мааниси, маңызы жана жүрүшүнө баа бериңиз.
4. Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун (СССР) түзүлүшүн баяндаңыз.

## 17.0. СССР XX кылымдын 20 - 30-жылдарында.

*17.1. Совет мамлекетинин коомдук-саясий турмушу.*
*17.2. СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүүсү.*
*17.3. Совет мамлекетинин 1920-1930-жж. тышкы саясаты.*

*17.1. Совет мамлекетинин коомдук-саясий турмушу.*

1920-жылдардын башында, «тынчтык жолу менен өнүгүүгө өткөндүгүнө байланыштуу», башкаруу органдарын кайрадан түзүү улантылган: Революциялык трибуналдар - Жогорку трибуналга (1921-ж.) айландырылып, ВЧКнын функциясын НКВДга өткөрүү менен (06.II.1922-ж.), анын курамында Мамлекеттик саясий башкармалык (Государственное политическое управление – ГПУ; башкармасы –Ф.Э.Джержинский) жана жер-жерлерде - саясий бөлүмдөр (политотдел) болгон. СССР түзүлгөндөн кийин, СНКнын курамында бардык Союздук республикалар үчүн бирдиктүү, өз алдынча ведомство – Мамлекеттик Бирдиктүү Саясий Башкармалык (Объединенное Государственное Политическое Управление – ОГПУ; XI.1923-ж., башкармасы – Ф.Э.Дзержинский, 1926-жылдан – В.Р.Менжинский[66]) болуп өзгөртүлгөн.

Кылмыш кодекси, Жарандык кодекс, Эмгек кодекси, РСФСРдин жер жөнүндө Кодекси жана Мамлекеттик прокуратура жөнүндө мыйзамдар (1922-ж.) кабыл алынып, сот

[66] Менжинский, Вячеслав Рудольфович (1874-1934-жж.) – революционер, советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, КПССтин мүчөсү (1902-ж.), юрист. СССР ЦИКтин мүчөсү (1927-ж.).

реформасы жүргүзүлгөн: элдик, областтык /губерндик/, Жогорку соттор шайланып, эл отуруму киргизилген.

1920-жылдын башында эле ВСНХда, бир тарабында – Л.Д.Троцкий, ага каршы жагында - А.Рыков жана В.Милютин турган оппозициялык топтор пайда болгон.

РКП(б)нын X съезди (III.1921-ж.), башка маселелер менен бирге эле, партиянын ичинде оппозиция, фракциялардын түзүлүүсүнө жол бербестен, саясий биримдүүлүк принцибин жарыялап, мурда эле түзүлгөн Борбордук контролдук комиссияга (IX.1920-ж.), фракциячыларды партиядан чыгарууга укук берген. Жарандык согуштун жүрүшүндө өлкөдө жаңы саясий режим бекемделди: 1920-жылдын аягында «актар» кыймылы талкаланып, ички оппозиция жок кылынды. Репрессивдик-саясий аппараттын жардамы менен, саясий бийлик да, аткаруу бийлиги да бир адамдын колуна өтүп, бир партиялык диктатура (Саясий бюро) орногон. Ошентип, авторитардык[67] саясий режим орной баштаган.

Ф.Э.Джержинскийдин сунушу (XII.1921-ж.) боюнча РКП(б) БК, эсерлердин үстүнөн сот процессин ачык өткөрүү чечимин кабыл алып, сот 1922-жылдын июнь-август айларында өткөн. РКП(б)нын XII конференциясы (VIII.1922-ж.) бардык антибольшевиктик партияларды жана агымдарды «антисоветтик», «антимамлекеттик» деп таанып, алардын газета-журналдары жабылган. Мамлекеттик күнөөлөөчү Н.В.Крыленко 47 күнөөлүүнүн 12син атууга өкүм чыгарса,

---

[67] Авторитаризм – иерархиялык структуралык бийликтен кескин айырмаланат: менчиктин түрдүү формаларына уруксат берилгени менен, саясий оппозицияга бөгөт коюлат. Мамлекет, алгач экономиканы толук контролдоп, бара-бара - саясатты, идеологияны жада калса граждандардын жеке турмушун катуу көзөмөлгө алуу менен, тоталитардык коомдун түзүлүшүнө шарт түзөт.

Союздук БАКтын Президиуму, аларды (14.I.1924-ж.) 5 жылга эркинен ажыратууга алмаштырган.

РКП(б) БКнын «О мерах борьбы с меньшевиками» деген жашыруун инструкциясына ылайык (VII.1923-ж.), меньшевиктердин көрүнүктүү лидерлери чет өлкөгө айдалып, партиясынын ишмердүүлүгү токтотулган.

Лениндин ооруган мезгилинде (1922-1923-жж.) абал кескин өзгөрө баштап, бийлик үчүн саясий күрөш күч алды. X съезддин чечимдерин четке кагып, б. а. фракцияларга тыюу салбастан, партиянын социалисттик-демократиялык моделине жана плюралисттик коомдук түзүлүшкө өтүү аракеттери болду.

Көсөмдөрдүн ортосундагы бийлик үчүн күрөш ЖЭС жылдарында эле башталган болчу: А) Солчулдар - (лидери – Л.Д.Троцкий): – мамлекеттик пландоонун негизинде өнөр-жайдын өнүгүшүнүн жогорку темпине жетишип, агро тармакта салыкты жогорулатуу; Б) Оңчулдар – (лидери – Н.И.Бухарин): - экономикага пландык кийлигишүүнү, индустриалдаштыруунун темпин жана агро тармактагы салыкты чектөө; В) Борбор – (лидери – И.В.Сталин) – өлкөдөгү саясий абалды байкап, оңчул жана солчулдардын ортосунда болгон.

В.И.Ленин дүйнөдөн кайткандан (I.1924-ж.) кийин, саясий күрөштү 2 негизги топ улантты: 1) Саясий бюро мүчөсү, Аскер-деңиз иштери боюнча Элдик комиссар, РВКнын (Революцонный военный Совет) төрөгасы Л.Д.Троцкий; 2) Саясий бюро мүчөлөрүнүн (И.В.Сталин, Г.Е.Зиновьев, Л.Б.Каменев) «Үчилтиги».

Троцкий, Каменев менен Зиновьевди кескин сынга алган «Жаңы багыт» макаласы аркылуу «эски партиялык гвардиянын» көпчүлүк өкүлдөрүнүн колдоосуна ээ болгону

менен, бул идеологиялык талаш-тартыш – Троцкийдин Аскер-деңиз иштери боюнча Эл комиссарлыгынан жана РВКнын төрагалыгынан алынышы (I.1925-ж.) менен чечилип, ордуна М.В.Фрунзе келген.

«Үчилтик» болсо, партиялык аппараттын берилген кадрларына таянуу менен, Троцкийден арылуу максатында, «жетиликти» (Бухарин, Зиновьев, Каменев, Рыков, Сталин, Томский, Куйбышев) бириктирүүгө (VIII.1924-ж.) жетишти. Жыйынтыгында, партиянын XIII конференциясында (I.1924-ж.), жана РКП(б)нын XIII съездинде (V.1924-ж.) "троцкизмге" кайра жандангыс сокку урулуп, 1920-жылдардын ортосунда И.В.Сталин, наааразылардын «көпчүлүгүн» жок кылуу жолу менен, өзүнүн оппоненттерге каршы күрөшүү ыкмасын иштеп чыкты. РКП(б)нын XIV съездинде (XII.1925-ж.) биринчи жолу «биздикилер» жана «биздикилер эмес» деген стереотип сунушталып, оппозиция менен күрөшүүдө ал кеңири колдонула баштады.

ВКП(б) нын XV съездинде (XII.1927-ж.) 100 гө жакын активдүү саясий ишмерлер партиянын катарынан чыгарылып, Москвадан алыскы шаарларга айдалуу менен, кийинчерээк репрессияланган. Мисалы, Троцкий алгач Алма-Атага, анан Турцияга (1929-ж.) айдалып, акырында, Мексикада советтик атайын кызматтын агенти тарабынан (20.VIII.1940-ж.) өлтүрүлгөн. Жер-жерлерде да оппозицияны жактоочулар партиядан чыгарылып, 1920-жылдардын аягында СССР де толугу менен бир партиялуу саясий система орногон.

1920-жылдардын аягында Н.И.Бухарин[68], А.Н.Рыков[69] жана М.П.Томский[70] жетектеген топ өлкөнүн экономикалык

---

[68] Бухарин, Н.И. – Саясий бюрого мүчө (1924-ж.), «Правданын» башкы редактору (1917-1929-жж.).

өнүгүүсүнүн негизги стратегиясын иштеп чыгып, анда: А) Дан азыктарын өндүрүүгө ыңгайлашкан аймактарда индустриялашкан[71], ири коллективдик (кооперативдик) чарбаларды түзүү менен, туруктуу товар баасында салык жыйноону жолго коюу; Б) Өнөр-жай тармагын пландуу негизде, акырындык менен өркүндөтүү маселесин коюшса; И.В.Сталин[72], В.В.Куйбышев[73], В.М.Молотов[74], ж. б. жетекчилердин программасынын негизги жоболору: А) Оор өнөр-жайын модернизациялап, бардык чарба системасынан (айыл-чарба жана жеңил өнөр-жай) түшкөн каражаттардын эсебинен өнүктүрүү; Б) Айыл чарбасын коллективдештирип, таптык күрөшкө жол койбоо. Сталиндик модель - бул өнүгүүнүн «секирик» же «орус варианты».

Партиянын көпчүлүк мүчөлөрү Сталинди колдоп,1928-жылдын күз айларынан, алар оңчулдар менен күрөшө баштады. 1927-1928-жылдары Украина, Түндүк Кавказ, Поволжьеде климаттык шарттарга байланыштуу «нан кризиси» башталып, анын себебин Сталин индустриянын

---

[71] Рыков, А.Н. – Саясий бюрого мүчө (1924-ж.), СНКнын төрөгасы (1924—1930-жж.).

[71] Томский, М.П. – Партияга мүчө (1924-ж.), - ВЦСПСтин төрөгасы (1919-1929-жж.).

[71] Айыл-кыштактарда өндүрүлгөн товарларды иштеп чыгуу үчүн чакан ишканаларды түзүү.

[72] Сталин, И.В. - Саясий бюрого мүчө (1919-ж.), ВКП(б) БКнын башкы катчысы (1922-ж.).

[73] Куйбышев, Валериан Владимирович (1888-1935-жж.) – советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, КПССтин мүчөсү (1904-ж.), Борбордук Контролдук комиссиянын төрагасы (1923-ж.), Саясий бюронун мүчөсү жана ВСНХнын төрөгасы (1926-ж.), БКнын катчысы (1927-ж.). СССР ЦИК жана ВЦИКтин мүчөсү .

[74] Молотов (Скрябин), Вячеслав Михайлович (1890-19?) - советтик мамлекеттик, партиялык ишмер, КПССтин мүчөсү (1906-ж.),Саясий бюрого мүчө (1926-ж.), БКнын катчысы (1921-ж.), СНКнын төрагасы (1930-ж.). СССР ЦИК жана ВЦИКтин мүчөсү.

начар өнүккөнүнөн десе, Бухарин, Томский ж. б. – кризис субъективдүү себептерден, б. а. резервдик фонддун түзүлбөгөндүгүн айтып чыгышкан. Бухариндин тарапкерлеринин жеңилиши - тоталитардык режимдин орношуна өбөлгө түзгөн. Учурда, изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү, совет мамлекетинин 1920-30-жылдардагы саясий системадагы өзгөрүүлөрүн, командалык-административдик бюрократиялык системанын, б. а. «тоталитаризмдин»[75] жеңиши деп аташат (В.С.Измозик). Азыркы убакка чейин анын теоретикалык мааниси жоголо элек, жана төмөнкү белгилерге ээ: Өзүнүн бир партиялуу, официалдуу идеологиялык системасы; Массалык маалымат жана куралдуу күрөш каражаттарына монополия; Полициялык көзөмөлдүн тоталдык системасы.

Россия тарыхын чагылдырган адабияттарда «Сталиндик тоталитаризм», же анын синоними – "сталинизм" термини колдонулуп, ал көп түрдүү чечмеленет: А) Бир адамдын диктатурасы (Сталиндик тирания) орноп, партиянын утопиялык идеяларын ишке ашырууда, адам укуктарынын бузулушу;

Б) Совет коомунун тарыхында жана турмушунда сталиндик моделдеги тоталитардык социализмдин өтө узак убакытты камтышы;

В) Экономика тармагында – бир партиялуу тоталитардык мамлекет тарабынан өндүрүшчү толук түрдө көзөмөлгө алынып (жумуш күнү, жумушчу күчү, эмгек акы, мүлк

[75] «Тоталитаризм» - бул коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнүн мамлекет тарабынан көзөмөлгө алынуусу; Саясий лексиконго, Италиядагы фашисттик диктатураны белгилөөдө жергиликтүү либералдар тарабынан киргизилген. Изилдөөчүлөр тоталитардык режимди фашизимде да, социализмде да көрүшкөн. (*Д.Ангендола, Х.Ортепа жана Гассет).

мамилелери, наразычылыктар ж. б.), өндүрүштү милитаризациялоо да эстен чыгарылбаган.

Г) Саясий чөйрөдө – чексиз бийликке ээ болгон бир партиялуу системанын зордук, күч менен орноп, атайын репрессивдик аппарат аркылуу саясий оппоненттердин жок кылынуусу; көсөмдүн "керт башына сыйынуу" ("культ личности").

Д) Рухий турмушта – Массалык маалымат каражаттарын толук көзөмөлдөө менен, партиялык идеологиянын мамлекеттик идеологияга айланышы; бирин-бири аңдуу, шек саноо, коркунуч атмосферасы; информация жеткирүү, өлкөнүн идеологиялык изоляциясы.

Е) Улуттук мамилелер тармагында - улуттук республикаларда славян алфавитин киргизүү менен, тымызын орусташтыруу саясатын жүргүзүп, унитардык мамлекетти бекемдөө; автономдуу республика, областтарга бөлүп, улуттук округ жана райондорду түзүү.

Сталиндик тоталитаризм эволюциясы 4 этапта өнүккөн:

1) 1923-1934-жж. - сталинизмдин негизги тенденциялары калыптана баштап, аны орнотуу процесси жүрөт;

2) 1930-жылдардын ортосунан – Улуу Ата Мекендик согушка чейин – бийликтин бюрократиялык негиздерин түзүп, коомдук өнүгүүнүн сталиндик моделине өтүү;

3) Улуу Ата Мекендик согуш (1941-1945-жж.) мезгили – элдин тарыхый ролу биринчи планда болуп, сталинизмден бир аз четтөө байкалат;

4) 1946-1953-жж. – сталинизм өзүнүн туу чокусуна жетип, системанын кризиси башталат.

Сталиндик саясий системанын пайда болушунун негизги өбөлгөлөрү:

1) Пролетариат диктатурасы партиянын диктатурасына айланып, сабаты төмөн адамдардын курамынан турган

партиянын Борбордук Комитетинин монополиялык бийлиги орногон;

2) Коомдук структуралардын бардыгын бюрократия кучагына алып, “партия – бул мамлекет” системасы түзүлгөн; партиялык жана мамлекеттик аппарат башкаруучу күчкө айланган;

3) «Биринчи гана адамдарга» тиешелүү болгон мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу укугун “көсөм Сталин” өз колуна алып, граждандардын саясий маанайын көзөмөлдөөчү система калыптанган;

4) Демократиялык, коллективдүү башкаруу (формалдуу болсо да) жокко чыгарылып (В.И.Лениндин мезгилинде съезддер жыл сайын өткөрүлүп келсе, 1928-1941-жылдар аралыгында болгону үч партиялык съезд жана үч конференция өткөн), эмгекчилер бийликтен таптакыр алыстаган;

1928-1941-жылдары массалык репрессиялар жүрүп, аны төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүүгө болот:

1) 1920-жж. аягы - 1930-жж. башы – эски адистерди (чарбалык, илимий, аскер) каршы куугунтук;

2) 1930-жж. башы – бакубат дыйкандарга (кулактар) жана мурунку оппозиционерлерге каршы репрессия;

3) 1930-жж. экинчи жарымы – 1940-1941-жж. - массалык саясий (партия, чарба, аскер адистери) репрессия.

Партиянын XVII съезди (I.1934-ж.) экинчи беш жылдык планды (1933-1937-жж.) кабыл алган жылдын аягында, Смольныйдын *коридорунда түшүнүксүз абалда С.М.Киров[76] (01.XII.1934-ж.) өлтүрүлүп, репрессиянын жаңы толкуну башталган. Анын өлүмүнө Г.Е.Зиновьев, Л.Б.Каменев баш

[76] Киров (Костриков), Сергей Миронович (1886-1934-жж.) – советтик партиялык, мамлекеттик ишмер, КПССтин мүчөсү (1904-ж.), үч орус революцияларынын катышуучусу, Ленинград обкомунун 1-катчысы, ВЦИК жана СССР ЦИКтин мүчөсү.

болгон Ленинграддык «борбор» шектүү деп табылып, Сталин өз позициясын бекемдөөгө жетишкен. Февраль пленумунан (1935-ж.) кийин жетекчилик кызматтарга Сталиндин тарапкерлери (БКнын Саясий бюросуна - А.И.Микоян; Ленинград жана Москва партуюмдарынын катчылыгына - А.А.Жданов жана Н.С.Хрущев) шайланып, партиянын эски гвардиясына (Троцкий, Зиновьев, Каменев ж. б.) басмырлоо башталган.

Сталиндин ишмердүүлүгү жана анын системасынын орношу, коомдо ар түрдүү катмарлардын (эл массасынын, студенттердин жана жаштардын, партиянын мүчөлөрүнүн) арасындагы карама-каршылыктарды күчөттү.

Биринчи Москва процесси (19.VIII.1936-ж.), көпчүлүгү партиянын ардагерлери (Пятаков, Зиновьев, Каменев, Сокольников, Серебряков ж. б.) болгон 16 соттолуучуга өлүм жазасын чыгарган.

Экинчи Москва процесси (23.I.1937-ж.), 17 соттолуучунун 13үн өлүм жазасына тартып, 4 узак убакытка түрмөгө кескен.

Үчүнчү Москва процесси (02-13.III.1938-ж.), 21 соттолуучунун (анын ичинде Бухарин жана Рыков - Кировдун өлүмүнө, Куйбышев менен Горькийдин уулануусуна, Сталинге каршы кутум уюштурууга катышы бар, деп күнөөлөнүшкөн.) 18 - өлүм жазасы чыгарылып, 3 – узак мөөнөткө түрмөгө кесилген.

Кызыл Армиянын көрүнүктүү аскер башчылары (М.Н.Тухачевский, Л.Н.Егоров ж. б.) репрессиянын курмандыктары болушкан.

Репрессиялык саясат бүтүндөй элге да каршы уюштурулуп, ВКП(б) БК жана СНКнын (1937-ж.) чечими менен, Ыраакы Чыгышта жашаган корей эли Орто Азияга көчүрүлгөн. «Контрреволюциялык ишмердүүлүк» боюнча

анонимдик жеткирүүлөр менен миңдеген күнөөсүз адамдар камалып, алар, Лагерлерди мамлекеттик башкаруу системасында[77] жаңы завод-фабрикаларды жана темир жолдорду курууда эмгекке мажбурланышкан. 1930-жж. аягында ГУЛАГ системасынын курамында 50 дөн ашуун лагерь, 420 ашуун түзөтүү, жана жашы жете электер үчүн - 50 дөй колония кирген.
Сталиндик репрессия Советтер Союзунун чегинен да чыгып, ал жактагы айрым коммунисттер куугунтукталышкан.

Жыйынтыгында, 20-30-жылдары өлкөдө чектен ашкан тоталитардык система орноп, оппозицияга жол бербеген идеология калыптанган. Массалык репрессиялар күчөп, «Сталиндин керт башына сыйынуу» калыптанган.

*17.2. СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүүсү (1920-1930-жж.).*

1920-жылдардын 2-жарымында өлкөнү экономикалык модернизациялап, эл чарбасын техникалык жактан камсыз кылуу эң негизги маселе болгон.

ВКП(б)нын XIV съезди (XII.1925-ж.) "индустриализация"[78] курсун жарыялап, бул маселе СССР Советтеринин IV съездинде (1927-ж.) бекитилген. Индустриалаштыруу - өлкөдө өнөр-жай продукциясын арбын чыгарууну, агрардуу өлкөнү - индустриялуу өлкөгө айландырууну камсыз кылат. Негизги максаты: социалдык

---

[77] ГУЛАГ – Главное Управление Исправительных Лагерей; алгач СССР Ички иштер элдик комиссариатына (НКВД), андан соң – СССР Ички иштер министрлигине (МВД), кийин – СССР юстиция министрлигине баш ийген башкармалык болуп келген болсо, азыркы аталышы – ГУИН.

[78] Индустриалаштыруу - эл чарбасынын бардык тармагында, өзгөчө оор өнөр-жайында машина өндүрүшүн куруу процесси (энергетика, металлургия, машина куруу, нефтехимия ж.б.).

структураны өзгөртүү, ишкерлерди жоюу, большевиктер бийлигин саясий жактан бекемдөө болгон.

Кээ бир тарыхчылар индустриалаштыруунун жүрүшүн 3 этапка бөлүшсө: 1) 1926-1928-жж.; 2) 1928-1932-жж.; 3) 1933-1937-жж.; айрымдары - беш жылдык пландар боюнча – 1) 1928-1933-жж.; 2) 1933-1937-жж.; 3) 1938-1942-жж. (1941-жылы июнда үзүлгөн) бөлүшөт.

Биринчи беш жылдык план (1929 - 1932-1933-жж.) 1928-жылдын 1-октябрында башталып, СССР Советтеринин V съездинде (V.1929-ж.) бекитилген. Агрардык өлкөнү - агрардык-индустриалдык өлкөгө айландыруу максатында, массалык түрдө эмгекчилердин «социалисттик мелдеши» (1929-ж.) кулач жайып (ударниктер, планды ашыгы менен аткаруу), бекем жумуш тартиби, эмгек китепчелери, каттоого туруу системасы (XI.1932-ж.) киргизилген.

Экинчи беш жылдык план (1933-1937-жж.) – ВКП(б)нын съездинде (I.1934-ж.) бекитилип, «кадрлар бардыгын чечет» ураанынын астында, Стахановдук кыймыл (1935-ж.) менен коштолгон.

Үчүнчү беш жылдык план (1938-1942-жж.) - ВКП(б)нын XVIII съездинде (III.1939-ж.) *бекитилип, пландуу экономикага негизделген мамлекеттик социализм системасын өнүктүрүү белгиленген.

Коллективдештирүү - СССРдеги майда дыйкан чарбалардын ири коллективдүү чарбага биригүүсү. Алгачкы коллективдүү чарбалардын бир нече түрү 1917-1918-жылдары эле түзүлө баштаган болчу: А) ТОЗдор[79]; Б) Артелдер - өндүрүш каражаттарын (жер, шаймандар, мал жана

[79] ТОЗ -Товарищества по совместной обработке земли; Жерди биргелешип иштетүү жамааты.

канаттуулар) ортого бириктирүү; В) Коммуналар - өндүрүштүн жогорку деңгээлде биригиши.

Колхоздорду артелдик формада кооперациялоо (111.1928-ж.) оң деп табылып, аларга жардам берүү үчүн Мамлекеттик МТСтер[80] (XI.1928-ж.) түзүлгөн.

СССР Конституциясы (1936-ж.).

Мамлекеттик түзүлүштүн негиздери СССРдин Жаңы Конституциясында (негизги мыйзам) берилген. Анын долбоорун 12 кишиден турган Конституциялык комиссия түзүп, ВКП(б) БКнын Пленумунда жана ВЦИК Президиумунда жактырылып, талкуугa коюлган соң, Конституция Советтердин бүткүл союздук чукул чакырылган съездинде (05.XII.1936-ж.) бекитилген.

Конституция, өлкөдө ВКП(б)нын жетекчилик ролун бекемдеп, жашыруун түрдөгү - жалпы, тең укуктуу, түз шайлоо системасы киргизилген.

Мамлекеттик түзүлүшү - республикалардын (федерациялардын) эркин союзу болгон. Жогорку бийлик органы - Союздар жана Улуттар Советинен турган СССРдин Жогорку Совети эсептелген. Конституцияда Казак жана Кыргыз автономиялуу республикалары Союздук Республикалар болуп кайра түзүлүп, СССРдин курамына кирген. ЗСФСР жоюлуп, Грузия, Армения жана Азербайжан Советтик Социалисттик Республикалары жарыяланган. Ошентип, 11 Союздук, 27 автономиялуу республика, 9 автономиялуу область жана 10 улуттук округдардан турган СССР түзүлгөн. СССРдин саясий негизи - эмгекчилер депутаттарынын Советтери болуп, аларга өлкөдөгү бардык бийлик тиешелүү болгон.

[80] Машина-тракторлор станциялары.

Экономикалык негизи - чарбанын социалисттик системасы жана өндүрүш каражаттарына мамлекеттик жана кооперативдик формаларындагы социалисттик менчик эсептелген.
«Бул Конституция» - «Жеңген социализмдин Конституциясы» деген атка конгон.

*17.3. Совет мамлекетинин 1920-1930 жж. тышкы саясаты.*

"Тынчтык жөнүндө Декрет" (X.1917-ж.) Совет мамлекетинин тышкы саясий принциптерин аныктаган. Биринчи дүйнөлүк согуштун аякташы (1919-ж., Версаль тынчтык келишимине кол коюу), граждандык согуш жана чет элдик интервенциянын бүтүшү, эл аралык мамилелерде жаңы шарттарды жаратты. Негизги фактор - Совет мамлекетин жаңы коомдук-саясий система катары таануу болуп, анын идеологиялык тышкы-саясий курсу В.И.Ленин белгилеп кеткен 2 жобого негизделип, мурункулардан өзүнүн жаңы мүнөзү жана ыкмалары менен кескин айырмаланган.

1) Пролетардык интернационализм, же социалисттик революциянын дүйнөлүк масштабда жеңишине большевиктердин ишенүү принцибине ылайык, Москвада Коммунисттик Интернационал (Коминтерн, 1919-ж.) түзүлгөн.

2) Капиталисттик система менен тынчтык мамиледе жашоо принциби - Совет мамлекетинин позициясын эл аралык аренада Батыш өлкөлөр менен экономикалык мамилелерин өнүктүрүү аркылуу чыңдоо.

РСФСР Жогорку Советинин резолюциясына (16.I.1920-ж.) ылайык, Совет-Эстон (31.III.1920-ж.), Совет-Улуу Британия (16.III.1921-ж.), Совет-Германия (06.V.1921-ж.) соода келишимдерине кол коюлуп, андан соң, ушундай эле

келишимдер Норвегия, Австрия, Италия, Дания, Чехословакия, Польша, Литва, Латвия, Финляндия менен да түзүлгөн.

РСФСР коңшулаш Чыгыш мамлекеттер (Иран, Афганистан жана Турция) менен да келишим (1921-ж.) түзгөн.

Сухэ-Батордун жетекчилиги астында жана Кызыл Армиянын жардамы менен Монголияда Советтик Россиянын протектораты орноп, совет-монгол келишими (1921-ж.) түзүлгөн.

РСФСР падышалык Россиянын финансылык карыздары (28.X.1921-ж.) боюнча маселе козгогондо, аны Антантанын Жогорку Совети талкуулап (1922-ж.), конференцияны Генуяда (Италия) өткөрүү жана ага Россияны чакыруу чечилет.

Генуя конференциясы (IV.1922-ж.) ишин баштап, ага 29 мамлекет (Россия, Англия, Франция, Германия, жана АКШ - байкоочу катары) катышкан. В.И.Ленин бара албагандыктан, Советтик делегацияны Г.В.Чичерин жетектеген. Талкууга коюлган негизги суроо: чет элдик капиталисттердин Россиядагы менчигинин улутташтырылышы, падышалык жана Убактылуу өкмөттүн карыздары, ошондой эле, граждандык согуш мезгилинде интервенттер келтирген зыянды ордуна коюу. Маселе татаал болгондуктан, Раппалло (Италия) келишими (16.IV.1922-ж.) түзүлүп, анын шарты боюнча, Версаль тынчтык келишимин жокко чыгаруу менен, эки тарап тең (Советтик Россия жана Германия) карыздарынан баш тарткан.

Советтик Россия өзүн башка өлкөлөргө таанытуу жана тышкы саясат маселелерин чечүү максатында Гаага (VII.1922-ж.), Москва (2-12.XII.1922-ж.) жана Лозанна (20.XI.1922-ж. – 24.VII.1923-ж.) конференцияларына катышкан.

СССР менен Улуу Британиянын ортосунда жакынкы жана Орто Чыгыштагы таасир этүү чөйрөлөрү боюнча пикир

келишпестиктер («Ультиматум Керзона»[81]) орун алып (1923-ж.), ал дипломатиялык жол менен чечилген.

1924-жылдан баштап СССРди эл аралык деңгээлде дипломатиялык таануу мезгили башталган. Биринчилерден болуп Совет мамлекетин Англия, андан соң Италия, Франция жана башка мамлекеттер тааныган. Анын бир нече себептери бар эле: 1) Батыш өлкөлөрүндөгү ички саясий абалдын өзгөрүшү; 2) Коомдук кыймылдын кеңири бөлүгү СССРди колдогон; 3) Капиталистттик мамлекеттердин экономикалык кызыкчылыгы.

Совет өлкөсүнүн дүйнөлүк коомчулукка кирүү процессинин өзгөчөлүктөрү:

- Мурунку падыша өкмөтүнүн карыздарын төлөөдөн баш тарткан;
- Революциялык кыймылдардын дүйнөлүк борборуна айлангысы келген.

1920-жылдардын экинчи жарымындагы Совет өкмөтүнүн расмий тышкы саясатынын багыттары:

Эл аралык аброюн бекемдөө;

Капиталисттик өлкөлөр менен экономикалык карым-катнашын өнүктүрүү;

Куралсыздандыруу жана эл аралык коопсуздук маселелерин чечүү.

Бул багыттар боюнча иштер төмөнкүчө ишке ашырылды:

- Германия менен кол салышпоо жана бейтараптык (нейтралитет, 1926-ж.) жөнүндө келишим түзүлгөн;

СССРдин Кытайдын ички иштерине кийлигишүүсү менен Мао Цзэдун гоминдандык өкмөткө каршы чыгып,

[81] Керзон, Дж.Н. (1859-1925-жж.) – маркиз, консерватор, Улуу Британиянын тышкы иштер министри (1919-1924-жж.).

түндүк Манчжурияда[82] советтик жана Чан Кай Шинин армияларынын ортосунда согуштук конфликт (1929-ж. жай-күздө) курч алып, чыр-чатак ырбалтпай токтотулат. Ошентип, СССР менен Кытайдын достук мамилелери, Ыраакқы Чыгышта Япониянын агрессиясы күчөгөнүнө карабастан, 1930-жылдардын башында калыбына келген.

Коминтерндин VI конгрессинде (VII-IX.1928-ж.) СССРдин тышкы саясатынын негизги багыттары аныкталып, аны Тышкы иштер боюнча Эл комиссары Г.В.Чичерин (1929-30-жж.), андан соң Н.М.Литвинов (1930-1939-жж.) ишке ашырып келишкен.

"Келлог-Бриан пактысына"[83] (1928-ж.) кошулуу менен, СССР согуштан баш тартуучу өлкөлөрдүн (09.II.1929-ж.) чөйрөсүн кеңейтти. Аймактык талаш-тартыштарды чечүүдө күч колдонбоого негизделген "Литвинов протоколу" деп аталган келишим түзүлүп, ага Латвия, Литва, Эстония, Польша, Румыния, Турция, Персия жана СССРдин өкүлдөрү кол коюшкан.

Макдональд премьер-министр болуп бийликке кайрадан келгенден тартып Улуу Британия менен мамиле (X.1929-ж.) калыбына келген.

1929-жылы башталган дүйнөлүк экономикалык кризис бардык капиталисттик өлкөлөрдүн ички саясий абалына таасирин тийгизип, 1930-жылдардын башында эл аралык абал да өзгөрдү. Ага себеп болгон негизги шарттар: кээ бир өлкөлөрдүн (Англия, Франция) ички саясий бийлигине

---

[82] Кытай-Чыгыш темир жол тилкесиндеги аймак (КВЖД).

[83] Келлог, Фрэнк Биллингс (02.XII.1856 – 21.XII.1937) – америкалык мамлекеттик ишмер, дипломат; согушту улуттук саясаттын куралы катары колдонбоо жөнүндө Париж келишиминин (27.VIII.1928 г.) демилгечиси; Бриан, Аристид (28.III.1862-07.III.1932) – франциялык мамлекеттик ишмер, дипломат; аталган пактынын демилгечилеринин бири.

демократиялык мүнөздөгү күчтөр келишсе, башкаларына (Германия, Италия) антидемократиялык же фашисттик режим орногон. Германияда бийликке А.Гитлер (1933-ж.) келип, эл аралык чыңалуу тез темп менен өскөн. Европа тарапта - Германия жана Италиянын фашисттик агрессиясы тутанса, Ыраакқы Чыгышта – Япониянын гегемониялыкка умтулуусу күч алды. Бул жагдайларды эске алып, Совет өкмөтү тышкы саясатта жаңы милдеттерди койду.

– Согуштук мүнөздөгү эл аралык конфликттерден баш тартуу;

- Жайбаракаттык (умиротворение) саясаты – Германия жана Япониянын агрессиясынан коргонуу максатында батыштагы демократиялык мамлекеттер менен алака түзүү;

- Европада жана Ыраакқы Чыгышта бирдиктүү коопсуздук системасын түзүү үчүн күрөшүү.

СССРди АКШ таануу менен (1933-ж.) дипломатиялык мамилелер түзүлүп, СССР Улуттар Лигасына (IX.1934-ж.) кабыл алынган.

Германия, Улуттар Лигасынан чыгып (1933-ж.), Польша менен кол салышпоо жөнүндө келишимге (1934-ж.) кол коюу менен милитаризацияга багыт алган:

– Жалпы аскердик чакырууну киргизүү боюнча декрет (16.III.1935-ж.) кабыл алган;

- Армиясын Франциянын чек араларына жакын (17.III.1936-ж.) жайгаштырган;

– Экономиканы согуштук нукка буруунун “төрт жылдык планын” (IX.1936-ж.) бекиткен.

Германия, Япония жана Италиянын ортосунда антикоминтерндик пакт (1936-1937-жж.) түзүлгөнүнө байланыштуу, СССР, өз ара жардамдашуу боюнча коллективдүү коопсуздук системасын түзүү аракетинде, алгач

Франция (7.V.1935-ж.), кийин – Чехословакия менен келишим түзөт.

Франция менен Англиянын түрткүсү менен Испаниядагы граждандык согушка (1937-1939-жж.) СССРдин катышуусу саясий оюнду курчутат.

Германия өз курамына Австрияны кошуп алган соң (“Аншлюс”, III.1938-ж.), ушундай коркунучка Чехословакия дуушар болот. Батыш державалары да СССРге каршы тарапты (Германия) колдоп, өздөрүнө келе турган агрессияны Чыгышка багытташкандыктан, СССРге аймак бүтүндүгү үчүн күрөшүү зарылчылыгы келип чыгат. Бул саясаттын кульминациясы болуп Мюнхен макулдашуусу (29.IX.1938-ж.) эсептелет. Ага Германия (А.Гитлер), Италия (Б.Муссолини), Англия (Н.Чемберлен), Франция (Э.Даладье) катышып, Чехословакияны бөлүп-жаруу юридикалык жактан тастыкталат.

1930-жылдардын ортосунда Ырааккы Чыгышта абал татаалдайт. Япон агенттери ишин күчөтүп, куралдуу күчтөрү Манчжурияда (Монголия, Синьцзян жана СССРда) топтолот (1938-ж.). Хасан көлүнүн жака белинде согуштук кагылышуу (1938-ж. жайында) башталып, япондуктар Монголияга (V.1939-ж.) кирип келет. Г.К.Жуковдун командачылыгы менен Кызыл Армиянын бөлүктөрү Халхин-Голдо жеңишке жетишип, жарашуу жүрөт (15.IX.1939-ж.).

Англия, Франция жана СССРдин ортосунда коллективдүү коопсуздук системасы (1930-ж. башында) түзүлөт.

Англиядан - адмирал Дранс, Франциядан - генерал Думенк деңиз аркылуу Москвага (05-11.VIII.1939-ж.) келишкенде, аларды Коргоо Эл комиссары К.Е.Ворошилов жана Генштабдын начальниги Б.М.Шапошников тосуп

алышкан. Партнерлордун төмөнкү рангдагы чиновниктер болгондугуна советтик тарап наараазы болуп, сүйлөшүүлөрдү кийинчерээкке жылдырган. Бул мезгилде советтик жетекчилик Германия менен бир топ келишимдерди (соода, кредит ж. б.) түзүүгө жетишкен эле.

Германия менен СССРдин ортосунда жалпы чек ара болбогондуктан, Прибалтика мамлекеттеринин Германиянын тассирине өтүүсүнөн коопсузданган.

СССР Тышкы иштер Эл комиссары кызматына М.М.Литвиновдун ордуна В.М.Молотов келип (1939-ж.), кол салышпоо жөнүндө 10 жылдык мөөнөткө советтик-германдык келишим (пакт) түзүлөт (23.VIII.1939-ж.). Бул тарыхка "Молотов-Риббентроп пакты" деген ат менен кирип, ага Европада таасир этүү чөйрөлөрүн бөлүү жөнүндө протокол* жашыруун кошулган. Ага ылайык, Польшанын бир бөлүгү (Батыш Украина жана Батыш Белоруссия), Прибалтика (Литва, Латвия, Эстония), Финляндия жана Бессарабия советтик таасир этүү чөйрөсү катары белгиленген.

Бул келишимге кол койгондон 8 күндөн кийин нацисттик армия Польшага (01.IX.1939-ж.) кол салып, андан соң Англия жана Францияга (03.IX.1939-ж.) согуш жарыялаган. Ошентип, 2-дүйнөлүк согуш башталган.

Кызыл Армия Батыш Белоруссия жана Батыш Украинага (17.IX.1939-ж.) киргизилип, көп узабай, совет-германдык "Достук жана чек ара" жөнүндө келишимге (28.IX.1939-ж.) кол коюу менен, бул жерлер СССРдин курамына кирет. Ошол эле мезгилде, СССР Эстония, Латвия жана Литва менен макулдашып, армиясын бул аймакка жайгаштырууга, өз ара жардамдашууга мүмкүнчүлүк алат. Кийинчерээк, Прибалтика өлкөлөрү да СССРге кошулат (VIII.1940-ж.).

Ленинграддын Карел булуңунда коопсуздукту камсыз кылуу жана Коммунисттик ориентациядагы Финляндия өкмөтүн түзүү максатында, СССР Финляндия менен согушуп (XI.1939-ж.), совет-финляндия тынчтык келишимин (III.1940-ж.) түзүү менен аяктайт. Келишимдин шарты боюнча СССР Карел булуңуна ээ болот.

Саясий кысымга байланыштуу Румыния СССРге Бессарабия жана Түндүк Буковинаны (VI.1940-ж.) берип, 14 млн калкы бар белгилүү стратегиялык аймактан кол жууган.

Ошентип, 1930-жылдардын аягында Совет мамлекети, фашисттик Германиянын идеологиясын жана саясатын сындаганы менен, аргасыздыктан Германия менен бир топ макулдашууларды түзүүгө жетишкен. Ошол эле мезгилде, Германия Европанын көпчүлүк күч-кубаттуу өлкөлөрүн оккупациялап, СССРге кол салууга бардык күчү менен даярданган.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. СССР XX кылымдын 20-30- жылдарындагы коомдук-саясий турмушуна баа бергиле.
2. СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүүсүн баяндагыла.
3. СССР Конституциясы (1936-ж.) жөнүндө баяндагыла.
4. Совет мамлекетинин 1920-1930-жж. тышкы кеңири токтолгула.
5. Генуя конференциясы жана анын СССРге кандай тиешеси бар?
6. Капиталистик мамлекеттер менен СССР кандай мамиле түзгөн?

## 18.0. СССР Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941-1945-жж.).

*18.1. Улуу Ата Мекендик согуштун себептери; Германиянын жана СССРдин согуштагы пландары жана максаттары. Согуштун мезгилдерге бөлүштүрүлүшү;*

*18.2. Согуштун башталышы. Москва алдындагы салгылашуу;*

*18.3. Согуштун жүрүшүндөгү түп тамырынан бери өзгөрүү;*

*18.4. Согуш жылдарындагы советтик тыл жана партизандык кыймыл;*

*18.5. Согуштун акыркы мезгили. СССРдин аймагын бошотуу;*

*18.6. Улуу Ата Мекендик согушта СССРдин жеңишинин бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниси.*

*18.1. Улуу Ата Мекендик согуштун себептери; Германиянын жана СССРдин согуштагы пландары жана максаттары. Согуштун мезгилдерге бөлүштүрүлүшү;*

Алгач, кээ бир дискуссиялык маселелерге токтолсок.

- Экинчи дүйнөлүк согушту ким баштаган ?

А) Дүйнөнү кайра бөлүштүрүү максатында империялык өлкөлөр; Б) Германдык фашизм; В) Дүйнөлүк социализмди куруу мүдөөсү менен Сталин.

- Сталин Германияны басып алууну даярдаганбы ?
- Германия СССРге “кокусунан” кол салганбы ?
- Советтик Армиянын 1942-жылдын жаз-жай айларындагы жеңилүүлөрүнүн себептери;

- “Коллаборационизм”[84] маселеси жана каршылык кыймылы;
- Улуу Ата Мекендик согуштагы совет элинин Жеңишинин баасы.

Согуш – бул социалдык кубулуш, тактап айтканда, мамлекеттердин, элдердин, улуттардын же таптардын ортосундагы белгилүү бир коомдук-саясий, экономикалык, идеологиялык, улуттук, диндик, аймактык маселелерди чечүүдө, максатка жетүү үчүн болгон куралдуу күрөш. Согуштун маңызынын негизги элементи болуп саясат саналат. Саясат согуштун максатын белгилейт жана анын социалдык-саясий, укуктук жана моралдык-этикалык мүнөзүн аныктайт.

Экинчи дүйнөлүк согуштун факторлору:
- Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Версаль тынчтык келишиминде жаңы дүйнөлүк конфликттин тамыры пайда болгон. 1929-1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис капиталисттик өлкөлөр ортосунда карама-каршылыкты пайда кылган. Анда эки топ (Германия, Италия, Япония) жана (Англия, Франция) пайда болуп, алар дүйнөлүк ээликке умтулган. Чехословакияны бөлүү боюнча Мюньхен макулдашуусу (IX.1938-ж.), бир тараптан – Англия жана Франциянын, экинчи тараптан – Германия жана Италиянын ортосунда чоң карама-каршылыктарга алып келген;
- Батыш демократиясынын тышкы саясаты “антигумандык” мүнөздө болгон;
- Германия, Италия жана Японияда фашисттик диктатура орногон;
- Антисоветизм - дүйнөлүк конфликттин катализатору болуп эсептелген;
- Большевиктердин көпчүлүгү дүйнөлүк масштабда социалисттик революциялар жеңет деп ишенишкен;

[84] Collaboration - фр. - “кызматташуу”; саткын, чыккынчы.

- Сталин жана анын айланасындагылар түзгөн саясий режимдин кесепети.

Жыйынтыгында, Экинчи дүйнөлүк согуш көптөгөн объективдүү себептердин жана субъективдүү факторлордун негизинде келип чыккан десек болот. Анын негизги күнөөкөрү – германдык фашизм.

Согуштун негизги себептери:

- Глобалдык басып алуу үчүн атаандашкан системалардын (улуттук-социалисттик жана коммунисттик) күрөшү;
- Германиянын, алгач СССРде стратегиялык ресурстук базаны басып алып, андан соң, бүтүндөй кең мейкиндикти багындырууга умтулуусу.

Германиянын планы жана максаттары:

“Барбаросс”[85], же “чагылгандай тез согуш” планы – фашисттик Германия тарабынан 1940-жылы жайында иштелип чыккан СССРге каршы согуштун стратегиялык планы. Бир эле убакта негизги үч багытка сокку уруу менен СССРди 6-7 жуманын ичинде талкалоо каралган.

- Ленинград багыты - (“Түндүк” армиясы – генерал-фельдмаршал Р.Лееб);
- Прибалтика багыты – (“Норвегия” армиясы – генерал-полковник Н.Фалькенхорст);
- Москва багыты - (“Борбордук” армия – генерал-фельдмаршал Ф.Бок);
- Киев багыты - (“Түштүк” армиясы – генерал-фельдмаршал Г.Рундштедт) ж. б.

Пландын максаты: - СССРдин европалык бөлүгүн басып алып, Архангельск-Астрахань тилкесине чыгуу. План

[85] “Ыйык Рим империясынын” императору Фридрих I Барбароссун атынан коюлган.

талкууланып, жактырылгандан кийин буйрукка А.Гитлер (17.VI.1941-ж.) кол койгон.

План “Ост” – согуштан кийин СССРдин европалык аймактарын бөлүштүрүү жана жаратылыш байлыктарын эксплуатациялоо. Ошондой эле, СССРдин калкынын көп бөлүгүн тукум курут кылып, 40-50-жыл ичинде 140 млн адамга чейин кыскартуу белгиленген.

СССРдин согуштагы негизги планы:– К.Е.Ворошилов[86] жана С.К.Тимошенко[87] тарабынан иштелип чыккан “Кызыл пакет” доктринасына ылайык, “душманды өз аймагында жана аз кан төгүү менен жок кылуу” каралып, башка пландар (мис., М.Н.Тухачевскийдики[88]) четке кагылган. Доктринанын негизин Граждандык согуштагы тажрыйбалар түзүп, басып кирүү кыймылдары эске алынганы менен, коргонуу стратегиясына анчейин маани берилбестен, унутта калган.

Германиянын СССРге караганда согушка даярдыгы бир кыйла жогору болгондугун төмөнкү көрсөткүчтөрдөн көрүүгө болот:

---

[86] Ворошилов, Клим Ефремович (1881-1969-жж.) – советтик партиялык, мамлекеттик жана аскер-согуш ишмери, Советтер Союзунун Маршалы (1935-ж.), Советтер Союзунун эки жолку Баатыры (1956, 1968-жж.), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1960-ж.). Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында – ГКОнун мүчөсү, СССР СНКнын Коргоо Комитетинин төрагасы.

[87] Тимошенко, Семен Константинович (1895-1970-жж.) - совет мамлекетинин аскер-согуш ишмери, Советтер Союзунун Маршалы (1940-ж.), Советтер Союзунун эки жолку Баатыры (1940, 1965-жж.). Улуу Ата Мекендик согуш башталган жылга чейин (1941, июль) – ГКОнун мүчөсү, СССР СНКнын Коргоо Комиссариатынын төрагасы. Согуш жылдарында – бир катар согуш театрларында башкы командачы.

[88] Тухачевский, Михаил Николаевич (1893-1937-жж.) - советтик аскер-согуш ишмери, Советтер Союзунун Маршалы (1935-ж.). КПССтин мүчөсү (1918-ж.). Сталиндик репрессиянын курманы.

СССР жана Германиянын өнөр жай потенциалы[89]

| | | СССР | Германия |
|---|---|---|---|
| 1 | Электр энергиясы (млрд. квт.-саат) | 36,8 | 83,5 |
| 2 | Көмщр (млн. т) | 110,4 | 537,6 |
| 3 | Болот (млн. т) | 11,3 | 33,4 |
| 4 | Чоюн (млн. т) | 7,8 | 24,5 |
| 5 | Металл иштетүүчү станоктор | 31,2 | 98,8 |

Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхын 3 негизги мезгилге бөлүшөт:

1-мезгил – 22.VI.1941-ж. – 18.XI.1942-ж. чейин - согуштун баштапкы мезгили: Германия капысынан СССРге кол салып, стратегиялык инициативага ээ болуу менен, ири масштабдуу, ийгиликтүү баскынчылык операцияларды ишке ашырууга жетишти. Советтик армия Белоруссия, Прибалтика, Украинадан чегинип, Смоленск, Киев, Ленинград үчүн коргонуу согушун жүргүзгөн.

Москва алдындагы салгылашуу (30.IX.1941-ж. – 07.I.1942-ж.) – душмандын биринчи жеңилиши, “чагылгандай тез согуш” планынын ишке ашпай калышы. Согуштун узакка созулган мүнөзү пайда болду. Стратегиялык оомат убактылуу СССРге өткөнү менен, 1942-жылдын жаз-жай айларында Германия кайрадан инициативаны колго алган. Сталинградды коргоонун башталышы жана Кавказ үчүн күрөш жүргөн. СССРдин экономикасы согуштук нукка бурулуп, согуштук индустриалдык бүтүндөй система түзүлгөн. Фашисттик Германия басып алган жерлердин тылында (Белоруссия,

[89] Россия, которую мы не знали: 1939-1993. Хрестоматия. Под ред.: М.Е.Главацкого. – Челябинск, 1995.

Чыгыш Украина) партизандык согуш башталып, Антигитлердик коалиция түзүлгөн.

2-мезгил – 19.XI.1942-ж. – 1943-жылдын аягы – согуштун түп-тамырынан бери өзгөрүшү. СССР стратегиялык инициативаны колго алуу менен, Сталинградда (02.II.1943-ж.) генерал-фельдмаршал Ф.Паулюстун 6-армиясы капитуляцияланып, немецтер ири жоготууларга дуушар болгон.

Курск алдындагы салгылашуу (05.VII. – 23.VIII.1943-ж.) – мында душмандардын чабуулунун мизи кайтарылып, алар коргонууга аргасыз болгон.

Днепр үчүн салгылашуу – душмандын коргонуу стратегиясын жокко чыгаруу менен, Украинанын сол жээктери бошотулган. 1943-жылдын аягында СССРдин согуштук экономикасы бекемделип, Германиянын үстүнөн жеңиш камсыздалган. Ири партизандык бирикмелер түзүлөт (С.А.Ковпак, А.Ф.Федоров, А.Н.Сабуров). Көпчүлүк райондор бошотулган жана антигитлердик коалиция бекемделген.

Тегеран конференциясы (28.XI. – 01.XII.1943-ж.) – фашисттик блоктун кризисин аныктап, экинчи фронтту ачуу маселесин караган.

3-мезгил - 1944-ж. – 09.V.1945-ж. – согуштун аякташы, СССРдин бүткүл аймагынын душмандардан толук бошотулушу. Кызыл армиянын Европа өлкөлөрүн (Польша, Чехословакия, Венгрия ж. б.) бошотуу миссиясы жүргөн. Фашисттик Германия талкаланган. Крым же Ялта (04-11.II.1945-ж.) жана Потсдам конференциялары (VII-VIII.1945-ж.) болуп өткөн.

Өзгөчө мезгил - (09.VIII.1945-ж. – 02.IX.1945-ж.) - СССРдин Ыраакы Чыгыштагы (Манчжурия) квантун

армиясына[90] каршы согушунда Япония жеңилип, капитуляцияга кол койгон.

*18.2. Согуштун башталышы. Москва алдындагы салгылашуу.*

Согуштун алгачкы эле күндөрү Киев, Минск ж. б. шаарларга сокку урулуп, Батыш фронтунда (башкаруучу - генерал Д.Г.Павлов) аскерлерди башкарууну колго алуу татаалдаган. 1200 самолет жок кылынып, алардын көпчүлүгү учканга да үлгүргөн эмес. Немецтик-фашисттик армиянын “чагылгандай тез согушу” башталып, Литва, Латвия, Белоруссия, Украинанын негизги бөлүгү жана Молдавия басып алынган. Брест, Гродно, Минск шаарлары коргонууга өтүп, Кызыл Армия абдан чоң жоготууларга (адам ресурстары жана техникалык) учурайт.

Башкы командованиенин Ставкасы түзүлүп (23.VI.-ж.), кийин ал Куралдуу күчтөрдүн Жогорку командованиесинин Ставкасы (10.VII.1941-ж.) деп аталган.

И.В.Сталин башчылык кылган Мамлекеттик Коргоо комитети (МКК) түзүлүп (30.VI.1941-ж.), ал, өзгөчө кырдаалдар боюнча жогорку орган катары бүтүндөй бийликти колго алган. МККнын курамына ошол кезде бийликтин жогорку эшелонунда тургандар - В.М.Молотов, К.Е.Ворошилов, Г.М.Маленков (1902-1988), Л.М.Каганович (1893-1991), Л.П.Берия (1899-1953), Н.А.Булганин (1895-1975), Н.А.Вознесенский (1903-1950) кирген.

Согуштун башталышы менен мобилизация жарыяланып, 19 - 55 жашка чейинкилер аскер кызматын өтөөгө чакырылган. Аскер трибуналы киргизилген.

---

[90] Экинчи дүйнөлүк согушта Япония Германиянын өнөктөшү болгон.

1941-жылдын жай-күз айларында СССР коргонуу согуштарын жүргүзгөн.

Революциянын бешиги болгон Ленинградды коргоо (VIII – IX.1941-ж.) көпкө созулуп, кийин шаар курчоого (блокада) алынса, Смоленск үчүн салгылашуу эки айга созулган (10.VII. – 10.IX.1941-ж.). Түштүк багытында болсо стратегиялык мaанидеги Киев (VII. – IX.1941-ж.), Одесса (05.VIII. – 16.X.1941-ж.), Севастополь (30.X.1941-ж. – 04.VII.1942-ж.) шаарлары коргонуу согуштарын жүргүзүп, айла кеткенде, чегинүүгө мажбур болгон. Фашисттердин "Барбаросс" планы бузулуп, немецтер басып кирүүнү бир гана багытта - Москва багытында жүргүзүүгө өтүшкөн. Бул операция "Тайфун" деп аталган.

Кызыл Армиянын согуштун башталышында жеңилип, чегинүүлөрүнүн себептери:

- Германиянын согуштук-экономикалык потенциалынын СССРден жогору болушу;
- Гитлердик армиянын бүтүндөй мобилизацияланышы жана согуш жүргүзүүдө 2 жылдык тажрыйбага ээ болушу; Ал эми советтик аскерлердин кесипкөйлүк деңгээли, өлкөдөгү массалык репрессияларга байланыштуу, төмөндөп кеткен.
- Согуштук тактика, стратегия, техника боюнча советтик жетекчиликтин чоң жаңылыштыктары;
- Аскердик башкаруу курамынын 1930-жылдардагы репрессияда жоголушу;
-Гитлердик баскынчылардын согушка даярданып жаткандыгы жөнүндө советтик тыңчылардын (Токиодо - Р.Зорге[91],

[91] Зорге, Рихард (1895-1944-жж.) – журналист, советтик тыъчы, Советтер Союзунун Баатыры (1964-ж., өлгөндөн кийин), КПССтин мүчөсү (1925-ж.). 1930-1940-жж. Германия, Кытай, Японияда журналист катары иштеп жүрүп, алардын согушка даярдыгы жөнүндө Москвага баалуу

Берлинде - Х.Шульце-Бойзен жана Харнак ж. б.), ошондой эле Берлиндеги советтик элчиликтин кызматкерлеринин (элчи – Деканозов жана атташе – генерал-майор В.И.Тупиков) көптөгөн маалыматтарына Сталиндин көңүл бурбоосу;
- Кызыл Армиянын коргонуу согушуна даярдыгы жоктугу ж. б.

Фашисттик баскынчылардын негизги соккусу түштүк-батыш, түштүк багытында (Киев, Одесса, Севастополь) болуп, ал жактан жеткиликтүү ийгиликтер болбогондуктан, көпчүлүк күчүн батыш багытына бурган. Ал тараптагы “Борбор” тобу Белоруссия аркылуу Москваны көздөй жылыш керек эле.

Башталган согуш өзгөчө болгон. Гитлер Москва жана Ленинградды тыптыйпыл кылуу менен, СССРди колонияга айландырып, анын мамлекеттүүлүгүн жана маданиятын талкалоону самаган. Еврейлер менен цыгандарды толук жок кылып, орус, украин, белорус жана башка СССР элдерин кулга айландыргысы келген.

Согуштун алгачкы мезгилинин эң негизги окуясы – Москваны коргоо үчүн салгылашуу (30.IX.1941-ж. – 07.I.1942-ж.) эле. СССРдин борбор шаарын басып алууга душман негизги күчүн (бир миллиондон ашык аскерден турган 77 дивизия; анын ичинде 1700 танка, 19450 артиллерия жана 950 самолет) топтогон. Москваны коргоону эки этапка бөлүп келишет:

1. 1941-жылдын 30-сентябрынан - 4-декабрына чейин – немецтик-фашисттик аскерлер эки жолу сокку уюштурган. Биринчиси - Москвадан 80 км алыстыкта орун алып,Можайск, Волоколамск, Малоярославль багытында айыгышкан салгылашуулар болуп өткөн. Г.Гудериан, Готт, Гепнер командачылык кылган баскынчылардын танкалык үч тобу

---

маалыматтарды жөнөтүп турган. Япон полициясы тарабынан кармалып (X.1941-ж.), өлтүрүлгөн (XI.1944-ж.).

Москваны көздөй умтулганына карабастан, Улуу Октябрь революциясынын жеңишине арналган парад Москвада 7-ноябрда болуп өттү. Экинчи жолку сокку 15-ноябрда, шаардан 30 км алыстыкта башталып, айыгышкан коргонуу согуштары 16-18-ноябрда болгон. Немецтердин алдыга жылуусу кескин басаңдаган.

2. 1941-жылдын 5-6-декабрынан - 1942-жылдын 7-январына чейин – Кызыл армиянын контрчабуулга өтүшү жана немецтик-фашисттик армиянын "Борбор" тобунун 80% талкаланышы. Декабрдын аягына карата 400 гө жакын эл жашаган пункттар бошотулуп, 1942-жылдын январь айына чейин баскынчылар Москвадан 80 - 250 км радиуста сүрүлүп чыгарылган.

1942-жылдын башында советтик армия Керчь-Феодосия (26.XI.1941-ж. – 02.I.1942-ж.), Барвенково-Лозово (18-31.I.1942-ж.) ж. б. операцияларын өткөргөнү менен, душман стратегиялык маанидеги Түндүк Кавказды (18-31.I.1942-ж.) ээлеп, андан ары Сталинградга (VII.1942-ж.) кирип барды. Жылдын аягына карай Кызыл Армия (XI.1942-ж.) бардык фронттордо коргонууга өттүгө мажбур болду.

Сталиндин компетенттүү эместиги, аскер башчыларына ишенбестиги жана аскер-согуш ишин эффективдүү башкара албагандыгы бир катар жеңилүүлөргө алып келген. Ал күнөөнү кайра башкаларга жабып, № 227 буйрукка (28.VII.1942-ж.) кол коюу менен, командирлерди паникерлор жана коркоктор деп атаган.

Согуштун алгачкы жылдарында Г.К.Жуковдун[92] ролу чоң көңүлдү бурат. Июль айында - ал Ставканын өкүлү,

Түштүк-Батыш фронтунун башчысы болсо, кийин Ельнадагы душманга каршы соккуну (VIII-IX.1941-ж.) уюштуруп,

---

[92] Жуков, Георгий Константинович (1896-1974-жж.) – Советтер Союзунун Маршалы (1943-ж.), Советтер Союзунун төрт жолку Баатыры (1939, 1944,

Ленинградды коргоону (IX-X.1941-ж.) башкарган. Эң орчундуу мезгилде - октябрдын ортосунан, Москванын алдындагы салгылашууда Батыш фронтун жетектеген.

*18.3. Согуштун жүрүшүндөгү түп тамырынан бери өзгөрүү;*

Улуу Ата Мекендик согуштун экинчи этабындагы "түп тамырынан бери өзгөрүү" ("коренной перелом") – бул стратегиялык инициативанын СССР тарапка оошу, коргонуудан - чабуулга өтүү менен, күчтөрдүн алмашуусу. Жогорудагыдан улам, кээ бир тарыхчылар "согуштун жүрүшүнүн түп тамырынан бери өзгөрүүсү" түшүнүгүнө - Москва алдындагы (30.IX.1941-ж. – 07.I.1942-ж.), Сталинграддагы (19.XI.1942-ж. – 02.II.1943-ж.) жана Курск салгылашууларын (05.VII. – 23.VIII.1943-ж.), кошушса, башкалары – жогорудагыларга дагы Днепрдин аркы жээгине өтүү (IX-XI.1943-ж.) жана Кавказды бошотуу (I-II.1943-ж.,) үчүн согуштарды кошумчалашат.

Душмандын басып кирүү согуш аракеттеринин токтотулушуна (XI.1942-ж.) төмөнкү факторлор таасир эткен:

- 1942-жылдын ортосунда эл чарба комплекси толук бойдон согуштук нукка бурулган;
- Советтик аскер башчылар согуштун баштапкы мезгилиндеги жеңилүүлөрдөн сабак алышып, аскер адистерине ишенич туулган;
- Согуш өнөрүн (стратегия, тактика ж. б.) үйрөнүп чыккан адистерден жаңы расмий офицерлик корпус түзүлгөн;

---

1945, 1956-жж.), КПССтин мүчөсү (1919-ж.). СССРдин Коргоо министри (1955-1957-жж.).

- Согуштун чындыгында Ата Мекендик болгондугуна ишенген солдаттардын жана элдин маанайы өзгөргөн.

Согуштун орчундуу окуяларынын бири – бул Сталинград шаарын коргоо үчүн салгылашуу (1942-жылдын аягы – 1943-жылдын башы).

1-этап – коргонуу фазасы (17.VII. - 18.XI.1942-ж.). Шаарды 62, 63, 64 ж. б. армиялар коргогон. № 227 Буйрукка (28.VII.1942-ж.) ылайык, “Бир кадам да артка чегинбөө !!!” (“Ни шагу назад !!!”) көрсөтмөсү берилген.

2-этап – душмандын куралдуу күчтөрүн толук курчап, аны капитуляцияга (19.XI.1942-ж. – 02.II.1943-ж.) мажбурлоо.

Г.К.Жуков иштеп чыккан “Уран” планы боюнча Волга-Дон тилкесинде Түштүк-батыш (командачы - Н.Ф.Ватутин[93]), Сталинград (командачы - А.И.Еременко[94]), Дон (командачы – К.К.Рокоссовский[95]) фронтторунун күчтөрү менен немецтерди курчоого алуу керек болгон. 19-ноябрда советтик аскерлер “казанда” калган душмандын 330 миң аскерине каршы чабуулду баштап, “Шакек” (“Кольцо”) операциясынын натыйжасында Ф.Паулюстун[96] армиясы (02.II.1943-ж.)

[93] Ватутин, Николай Федорович (1901-1944-жж.) – советтик аскер башчы, КПССтин мүчөсү (1921-ж.), Армия генералы (1943-ж.), Советтер Союзунун Баатыры (1965-ж., өлгөндөн кийин). Согушта жарадар болуп курман болгон.

[94] Еременко, Андрей Иванович (1892-1970-жж.) - советтик аскер башчы, КПССтин мүчөсү (1918-ж.), Советтер Союзунун Баатыры (1944-ж.), Советтер Союзунун Маршалы (1955-ж.), СССР Жогорку Советинин депутаты (1946-ж.).

[95] Рокоссовский, Константин Константинович (1896-1968-жж.) - советтик аскер башчы, КПССтин мүчөсү (1919-ж.), Советтер Союзунун Маршалы (1944-ж.), Советтер Союзунун эки жолку Баатыры (1944, 1945-жж.).

[96] Паулюс, Фридрих (1890-1957-жж.) – немецтик армиянын генерал-фельдмаршалы (1943-ж.). Сталинград алдында курчоого алынып, колго түшкөндөн кийин, немец офицерлеринин антифашисттик уюмуна кирген.

капитуляцияланган [97]. Сталинграддагы жеңиш - советтик аскерлердин чоң чабуулуна жол ачып, жыйынтыгында Курск (08.II.), Белгород (09.II), Харьков шаарлары (16.II) менен бирге Воронеж, Сталинград, Ростов, Курск областтары, ошондой эле Донбасстын бир бөлүгү душмандардан бошотулган.

Душмандын “Цитадель” планына ылайык (05.VII.1943-ж.), “Борбор” жана “Түштүк” армиялары Орел-Курск-Харьков тилкесинде советтик аскерлерди курчоого алып, биротоло талкалоо болгон. Бул максатта, алар 900 миңдей аскер, 10 миңдей артиллерия, 2700 жаңы үлгүдөгү “Тигр”, “Пантера”, “Фердинанд” танктары ж. б. согуштук техникадан турган 70 дивизия киргизишкен. Советтик тарап да кем калбаган техника менен каршы туруп, 50 күнгө созулган Курск салгылашуусунда (05.VII - 23.VIII.1943-ж.), коргонуудан контрчабуулга өтүү менен, немецтик чабуул коюу стратегиясын толук бойдон жокко чыгарган. Немецтик-фашисттик аскерлердин 500 миңдейи катардан чыгып, 30 дивизиясы талкаланган.

Ал эми Днепрдин аркы өйүзүнө өтүү үчүн салгылашуу (X-XI.1943-ж.) менен согуштун түп тамырынан өзгөрүүсү аяктаган. Советтик аскерлер Днепрден өтүп, андан ары Украинанын борбору Киевди бошотууга (06.XI.1943-ж.) мүмкүнчүлүк алышкан.

СССР Совнаркомунун жана ВКП(б) Аткаруу Комитетинин директиваларына (29.VII.1941-ж.) ылайык, партиялык жана советтик уюмдар “Бардыгы фронт үчүн,

[97] Капитуляция - жеңген тараптын койгон шарттарына ылайык, командачылардын өз ара сүйлөшүүлөрү боюнча, жеңилген тараптын аскерлеринин согуш майданынын бардык жерлеринде каршылык көрсөтүүсүн токтотуп, эреже катары, бүт согуштук курал-жарак жана аскердик мүлк олжолонуп, өздүк состав туткун катары жеңген тарапка өткөрүлүп берилет.

бардыгы Жеңиш үчүн" ("Все для фронта, все для Победы") чакырыгы менен иш алып барышкан. Мындан тышкары:
- Экономиканы согуштук нукка кайра курууда негизги багыттар белгиленген;
- Өнөр-жай ишканаларын, материалдык байлыктарды жана адамдарды фронттук чектен Чыгышка карай эвакуациялоо;
- Завод-фабрикаларда граждандык секторду согушка керектүү техникаларды жана башка буюмдарды чыгарууга буруу менен бирге эле, жаңы өнөр–жай объектилерин куруу;

Согуштун баштапкы айларында экономиканын калыптанып, нукка түшүшү, объективдүү шарттарга байланыштуу, өтө оор болгон. Алар:
- Аскерге жарактуулардын күтүүсүз жана ыкчам мобилизацияланышы;
- Фронтко чектеш аймактардагы калктын, материалдык байлыктардын жана өнөр-жай ишканаларынын эвакуацияланышы;
- Баскынчылардын колуна өткөн экономикалык райондор менен чарбалык байланыштардын үзүлүшү;
- Аскерий адистерди жана согуштук техниканы жоготуу;
- Темир жолдордогу кризис.

1942-жылдын аягында согуштук техниканы чыгаруу боюнча СССР Германиядан озуп чыккан. Сан жагынан гана эмес сапатка да көңүл бурулуп, ай сайын 2100 самолет, 2000 танк чыгарыла баштаган.

Согуш башталгандан кийин эле "Катюша" минометтук установкалары (VI.1941-ж.), кийинчерээк, модернизацияланган Т-34 танкалары чыга баштаса, 1943-жылдан Кызыл Армия жаңы үлгүдөгү аскердик техника (ИЛ-10, Як-7 самолеттору, Т-34 танкалары) менен камсыздалат.

Куралдуу күчтөрдү бекемдөөгө илим белгилүү деңгээлде салым кошуп[98], жаңы нефть жана газ кендери ачылган. 1943-жылдын аягында тылдагы эмгекчилердин үзүрлүү эмгеги менен Германиянын үстүнөн экономикалык жеңишке жетишкен. Саясий үгүт жаатында да өзгөрүүлөр болуп, мурунку таптык чакырыктар - (“Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары – бириккиле !”; /“Пролетарии всех стран – соединяйтесь !/”) - улуттук чакырыктар (“Немец баскынчыларына – өлүм”; /“Смерть немецким оккупантам”/) менен алмашат. Түзөтүү лагерлеринен 200 миң адам (алардын ичинен 20 миңи командир, учкуч, танкист, артиллерист ж. б. аскер адистери) бошотулуп (1941-ж.), Кызыл Армияга жөнөтүлгөн.

*18.4. Согуш жылдарындагы советтик тыл жана партизандык кыймыл;*

Баскынчыларга каршы күрөшүүгө партизандык жана көмүскө топтор (подполье) зор салым кошушкан. 18 жаштагы Москвалык комсомолка, тыңчы Зоя Космодемьянская[99] – эрдиктин символу катары тарыхта калды. Ал репрессиялангандын кызы экенине карабастан, мектепте окуп жаткан кезинде партизандык топко кошулуп, душмандын тылында болгон жана гитлерчилер тарабынан дарга асылган.

---

[98] Биздин Кыргызстандын аймагында жайгашкан Төө-Моюн кени (Араван району) 1890-жж. аягында изилдене баштап, 1920-жж. аягында ишке киргизилип, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында коргонуу өнөр жай комплексин толугу менен баалуу руда менен камсыз кылып турган. Караъыз: С.А.Погодин, Э.П.Либман. Как добыли советский радий. – М.: Атомиздат, 1977.

[99] Зоя Анатольевна Космодемьянская («Таня») – (13.1Х.1923. – 29.Х1.1941.) – советтик партизан кыз, Советтер Союзунун баатыры.

Москвада П.К.Пономаренко[100] башында турган партизандык кыймылдын Борбордук штабы (30.V.1942-ж.) түзүлүп, С.А.Ковпак[101], А.Н.Сабуров[102], А.Ф.Федоров[103], Н.З.Коляда[104], С.В.Гришин[105] ж. б. жетектеген бирикмелер баскынчыларга каршы турушкан. Согуш жылдарында партизандар душмандын 1,5 млн солдат жана офицерлерин, 20 миң поездин, 12 миң көпүрөнү,65 миң автомашинаны, 2,3 миң танканы,1,1 миң самолетту,17 миң км. байланыш линиясын иштен чыгарган. Партизандык кыймыл жана подполье

---

[100] Пономаренко, Пантелеймон Кондратьевич (1902-1984-жж.) - советтик партиялык, мамлекеттик жана аскер-согуш ишмери, генерал-лейтенант (1943-ж.). Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында – партизандык кыймылдын уюштуруучусу жана жетекчиси.

[101] Ковпак, Сидор Артемьевич (1887-1967-жж.) - советтик партиялык, мамлекеттик жана аскер-согуш ишмери, КПССтин мүчөсү (1919-ж.), генерал-майор (1943-ж.), Советтер Союзунун эки жолку Баатыры (1942, 1944-жж.). Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында – Сумск партизандык бирикменин командири.

[102] Сабуров, Александр Николаевич (1908-1974-жж.) - советтик партиялык, мамлекеттик жана аскер-согуш ишмери, КПССтин мүчөсү (1932-ж.), генерал-майор (1943-ж.), Советтер Союзунун Баатыры (1942-ж.). Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында – Оъ жээк Украинадагы (Орел,Сумск областтары) партизандык бирикменин командири.

[103] Федоров, Алексей Федорович (1901-*) - советтик партиялык, мамлекеттик жана аскер-согуш ишмери, КПССтин мщчёсщ (1927-ж.), генерал-майор (1943-ж.), Советтер Союзунун эки жолку Баатыры (1942, 1944-жж.). Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында – партизандык кыймылды уюштуруучу жана жетекчилердин бири.

[104] Коляда, Никифор Захарович («Батя», 1891-1954-жж.) - мамлекеттик жана аскер-согуш ишмери, КПССтин мүчөсү (1920-ж.). Граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында партизандык кыймылды уюштуруучу жана жетекчилердин бири. Ленин орденинин (1942-ж.) ээси. Куру доомат менен репрессияланып, 1954-ж. акталган.

[105] Гришин, Сергей Владимирович (1917-1994-жж.) – КПССтин мүчөсү (1943-ж.), Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Смоленск областында жана Белоруссияда партизандык полкторду, бирикмелерди уюштуруп, аны жетектеген. Советтер Союзунун Баатыры (1943-ж.).

жеңиштин белгилүү негизги факторлорунун бири болуп саналган.

Антигитлердик коалиция алкагындагы иш аракеттер.

СССР, Англия жана АКШнын ортосунда макулдашуулардын натыйжасында биргелешкен антигитлердик коалиция түзүүгө алгачкы кадам катары, совет-англис келимишине (12.VII.1941-ж.) кол коюлат. Анда эки тарап тең Германия менен сепараттык келишим[106] түзбөөгө милдеттендирилип, Иранга жана Афганистанга аскерлери киргизилген. Кийинки этапта, Вашингтондо АКШнын демилгеси менен Бириккен Улуттар Декларациясына (01.I.1942-ж.) кол коюлуп, жана ага 20 дан ашуун мамлекет кошулуу менен антигитлердик коалиция расмий бекемделген. Анын жыйынтыктоочу этабы – СССРдин тышкы иштер наркому В.Молотовдун Лондон жана Вашингтонго барып, келишимдерге кол коюшу менен бүтөт. Лондондо (совет-англ) - Гитлердик Германия жана анын Европадагы союздаштарына каршы согушта союздаш (26.V.1942-ж.) болуу, жана согуштан кийинки өз ара жардамдашуу принциптери каралса; Вашингтондо (советтик-америкалык) – согуш мезгилинде өз ара жардамдашуу (11.VI.1942-ж.) жөнүндө келишимге кол коюлган. Согуштун экинчи этабынан кийин антигитлердик коалицияга 40 тан ашуун мамлекеттер кирген.

СССР, Англия жана АКШнын ортосунда курал-жарак, стратегиялык сырье жана азык-түлүктөрдү Совет өлкөсүнө алып келүү боюнча сүйлөшүүлөргө Москвада кол коюлуп (01.X.1941-ж.), ташып келүүлөр согуштун аягына чейин уланган. Анын негизги бөлүгү үч жол менен (1 - Жакынкы

---

[106] “Сепаратизм” – лат. “бөлөмүн”, “ажыратам”. Ёзүнчө болууга, бөлүнүүгө аракеттенүү.

Чыгыш жана Иран; 2 - Мурманск жана Архангельск; 3 - Владивосток аркылуу) келип түшкөн.

АКШда Ленд-лиз[107] жөнүндө мыйзам кабыл алынып, жардамдын жалпы суммасы 11 млрд. доллар же материалдык ресурстун 4,5 % түзгөн.

Союздаштардын ортосунда согуштун алгачкы күндөрүнөн тартып эле экинчи фронтту ачуу маселеси коюлуп келгенине карабастан, ал создуктурулуп олтуруп, 1944-жылдын 06-июнунда Нормандияга англо-америкалык аскерлердин келип түшүшү менен (операция ”Оверлорд”, командачы - Д.Эйзенхауэр[108]) ачылган.

Англо-америкалыктар Түндүк Африканы толук бойдон (1943-ж.) бошотуп, Италия антигитлердик коалиция (IX.1943-ж.) тарапка өткөн. Жооп катары немец аскерлери Италиянын чоң бөлүгүн басып алып, согуш талаасында Италия фронту пайда болгон.

Белгилей турган этап - 1943-жылдын күз айы. СССР, Улуу Британия жана АКШнын тышкы иштер министрлеринин деңгээлинде экинчи ирет Москва кеңешмеси (19-30.X.1943-ж.) өтүп, анда экинчи фронтту ачуу жана Германия, Италия, Австриянын кийинки тагдыры жөнүндө талкуулар жүрүп, согуштан кийин авторитеттүү эл аралык уюм түзүү боюнча чечим кабыл алынган.

Эң негизги окуя болуп “Чоң үчтүктүн” (И.Сталин, У.Черчилль, Ф.Рузвельт) катышуусу менен Тегеранда

---

[107] Lend-Lease – англ. - “ленд” – карызга берүү; “лиз” – арендага берүү. Карызга жана убактылуу арендага согуш үчүн керектүү материалдарды жана курал-жарактарды союздаштарына берүү милдети.

[108] Эйзенхауэр, Дуайт Дейвид (1890-1969-жж.) – армиянын генералы (1944-ж.), Союздаштардын Батыш Европадагы экспедициялык куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы (1943-1945-жж.). АКШнын 34-президенти (1953-1961-жж.).

өткөрүлгөн конференция (28.XI.-01.XII.1943-ж.) эсептелет. Анда төмөнкү маселелер талкууланып, чечилди:

- Экинчи фронттун ачылышы 1944-жылдын май айына белгиленди;
- Германия капитуляциялангандан кийин, анын союздашы Японияга согуш жарыялоого СССРдин даяр болоору;
- Согуштан кийинки өз ара мамилелер боюнча Декларация кабыл алынган.

Андан кийинки Крым (Ялта) конференциясында (04-11.II.1945-ж.) төмөнкү маселелер көтөрүлгөн:

- Германия менен Польшанын чек араларынын согуштан кийинки абалы жөнүндө;
- Германиянын бирдиктүү мамлекет катары сакталышы, б. а. Германия жана Берлинди оккупациялык зоналарга (америкалык, англиялык, француялык жана советтик) бөлүү маселеси;
- СССРдин Японияга каршы согуш ачуу мөөнөттөрү (Европада согуш бүткөндөн кийин эки-үч айдан кийин) жөнүндө;
- Германдык нацизмди демилитаризациялоо жана денацификациялоо, жана анда демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча;
- Союздаштар Эл аралык Бириккен Улуттар Уюмун[109] түзүү боюнча сүйлөшүп, анын учредителдик ассамблеясы Сан-Францискодо (25-26. VI.1945-ж.) болуп өткөн.

Потсдамда (Берлинге жакын шаар) экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинин акыркы жана жогорку деңгээлдеги жолугушуусу (17.VII. - 02.VIII.1945-ж.) болуп, ага И.Сталин,

[109] Бириккен Улуттар Уюмунун Штаб-квартирасы Нью-Йоркто жайгашып, негизги органдары: БУУнун Генералдык Ассамблеясы, Коопсуздук Кеңеши, Экономикалык жана социалдык Кеңеш, *Опека асыроо* боюнча Кеңеш, Эл аралык Сот жана Секретариат.

Г.Трумэн (Рузвельт 1945-жылы апрелде дүйнөдөн кайткан эле), У.Черчилль (28-июлдан аны парламенттик шайлоолордо жеңген лейбористтердин лидери К.Эттли алмаштырган). Конференцияда төмөнкү маселелер боюнча чечимдер кабыл алынган.

1. Германияны куралсыздандыруу, аскер өнөр-жайларын жок кылуу, нацисттик уюмдарга тыюу салуу жана коомдук түзүлүштү демократиялаштыруу маселелери. Германия экономикалык бирдиктүү өлкө катары эсептелген;
2. Германиянын согуштук жана соода флотторун репарация маселелерине ылайык бөлүштүрүү;
3. Германияда оккупациянын 4 зонасы түзүлүп, Чыгыш Германия советтик зонага киргизилген;
4. Германияны башкаруу боюнча курамына Союздук державалардын өкүлдөрү кирген Көзөмөлдөөчү кеңеш түзүлгөн;
5. Аймактык маселелер боюнча - СССР Чыгыш Пруссияга (Кенигсберг шаары менен) ээ болуу менен, Польшанын батыш чек арасы Одер дарыясы жана Батыш Нейса аркылуу белгиленип, Совет-Финн (III.1940-ж.) жана Совет-Польша (IX.1939-ж.) чек аралары таанылган;
6. Улуу державалардын (СССР, АКШ, Улуу Британия, Франция жана Кытай) Тышкы иштер Министрликтеринин өкүлдөрүнөн турган такай иш алып баруучу Кеңеши түзүлгөн;
7. Нацисттик партия мыйзамсыз деп таанылган;
8. Согуштук кылмышкерлерди жоопкерчиликке тартуу боюнча эл аралык трибунал түзүү чечими кабыл алынган;

Ошентип,Ялта (Крым) жана Потсдам конференциялары - конструктивдүү чечим кабыл алууда бир гана алака түзүү жана сүйлөшүүлөр жолу чечкиндүү ролду ойноорун

далилдеген, экинчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыгын чыгарган конференциялар болуп саналган.

*18.5. Согуштун акыркы мезгили. СССРдин аймагын бошотуу.*

1944-жылдын башында Кызыл Армиянын согуштук–техникалык абалы кыйла оңолуп калганы менен, Германия мурункудай эле коркунучтуу душман боюнча калган эле. Советтик аскерлер немецтер басып алган фронттордун флангаларында бир топ ийгиликтүү тактика-техникалык операцияларды (Ленинград, Новгород, Украина /”Сталиндин он соккусу” - “Десять Сталинских ударов”/) ишке ашырган.

900 күнгө созулган Ленинград блокадасы (08.IX.1941- - I.1944-жж.) алынып, душман Нарва-Псков тилкесине четтеген.

Эки этаптан турган (январь-февраль, жана март-май. 1944-ж.) ири чабуулдук операциялар Украинада болуп өткөн.

Совет-герман фронтунун түштүк жактарындагы бошотуу операцияларынын жүрүшүндө Кызыл Армия Николаев, Одесса, Днестрди баскынчылардан бошотуу менен, Карпат тоолоруна чейин (IV.1944-ж.) жетип, Румыниянын чек арасына чыккан.

“Город русской славы” деп аталган Севастополь (09.V.1944-ж.) бошотулган.

Англо-америкалык аскерлер Нормандияга (06.VI.1944-ж.) келип, көпкө күттүргөн экинчи фронт акырында чындык болуу менен, Германия эки оттун ортосунда калган.

Выборг-Петрозаводск операциясынын (10.VI - 09.VIII.1944-ж.) жүрүшүндө, Финляндия СССР менен жарашууга кол коюп, согуштан чыккан.

Ставка тарабынан (30.V.1944-ж.) бекитилген “Багратион” операциясынын (23.VI.1944-ж.) натыйжасында Украина жана Белоруссиянын аймактары (Витебск, Могилев,

Минск ж. б.) бошотулуп, андан соң Прибалтиканы бошотуу башталган.

Европадагы ири операциялардын (Висла-Одер, Чыгыш Пруссия, Белград, Яссы-Кишинев) жүрүшүндө Кызыл Армия Польша, Румыния, Югославия, Болгария, Австрия, Венгрия, Норвегияны бошоткон.

Висла-Одер операциясынын натыйжасында советтик армия – 1-чи Украиналык (И.С.Конев), 1-чи Белоруссиялык (Г.К.Жуков), 2-чи Белоруссиялык (К.К.Рокоссовский) - Висладагы германиялык күчтүү коргонууну бузуп өтүп, Одерге чыккан жана Берлинге 60 км калган.

1945-жылдын 16-апрелинде Берлинге чабуул башталып, 20-апрелде Жуковдун фронту - түндүктөн, Коневдин фронту - түштүктөн камап, 24-апрелде душмандын 300 миң группировкасы Берлинде курчоодо калды. 1-Украиналык фронту Эльбанын Торгау районунда америкалык аскерлер менен (25.IV.1945-ж.) жолугуп, батыш тарап да бөгөлдү. Советтик жоокерлер Берлиндин борборуна - рейхсканцелярияга жана рейхстагга кирип барууга (30.IV.1945-ж.) жетишти. Гитлер өзүн-өзү өлтүрдү.

Генерал В.И.Чуйков немец гарнизонунун капитуляциясын (02.V.1945-ж.) кабыл алды, ал эми Берлинде СССР, Англия, АКШ, Франциянын өкүлдөрүнүн көз алдында фельдмаршал В.Кейтель[110] “кынтыксыз капитуляция” (“безоговорочная капитуляция”) актысына (08.V.1945-ж.) кол коюп, СССР тараптан аны Г.К.Жуков кабыл алды. Немец аскерлери куралдарын коюп, туткунга түшүшкөн.

[110] Кейтель, Вильгельм (1882-1946-ж.) – генерал-фельдмаршал (1940-ж.), Германия куралдуу күчтөр Башкы командалыгынын штабынын начальниги (1938-1945-жж.), Нюрнберг процессинин бүтүмү менен өлтүрүлгөн (1946-ж.).

Ошентип, 9-май - Жеңиш күнү деп жарыяланганы менен, 9-11-майда Прага операциясы болуп, 1-Украина фронту Праганы бошоткон.

Москвада Кызыл Аянтта Жеңиш парады (24.VI.1945-ж.) болуп өткөн.

Европадагы согуш аракеттеринин токтошу экинчи дүйнөлүк согуштун бүтүшү эмес эле. Крым (Ялта) конференциясындагы сүйлөшүүлөргө (05.IV.1945-ж.) ылайык, СССР Японияга согуш жарыялады (08.VIII.1945-ж.). Американын аба күчтөрү Япониянын Хиросима жана Нагасаки шаарларына атомдук бомба таштап (06 жана 09.VIII.1945-ж.), талкалады (өлгөндөрдүн жаш-курагы да, саны да тактала элек, болжол менен - 300 миң адам).

Советтик аскерлер Маньчжуриядагы Квантун армиясына каттуу сокку урду. Операцияга үч фронт катышты: Забайкальелик (командачы Р.Я.Малиновский), 1-Ыраакы Чыгыштык (командачы К.А.Мерецков) жана 2-Ыраакы Чыгыштык (командачы М.А.Пуркаев). Жалпы командачылык маршал А.М.Василевскийге жүктөлүп, фронтто 1,5 млн. адам, 27 миң артиллериялык курал жана миномет, 5,2 миң танк жана 3,7 миң самолет болгон.

Япония өкмөтү капитуляция жөнүндө чечим (14.VIII.1945-ж.) кабыл алганына карабастан, Квантун армиясы каршылыгын уланткан. Ири колго түшүүлөр (19.VIII.1945-ж.) башталып, советтик аскерлер Мукден, Харбин, Порт-Артур жана Дальнийди (22.VIII.1945-ж.), Пхеньянды (24.VIII.1945-ж.) алган. Советтик десанттар Түштүк Сахалинге жана Курил аралдарына түшүрүлгөн. Америкалык “Миссури” кемесинин бортунда япондук делегация “кынтыксыз” (“безоговорочная”) капитуляция актысына (02.IX.1945-ж.) кол койгон. Миллитаристтик

Японияныn мизин майтарууда СССРдин салымы зор: үч жуманын ичинде (09.VIII. - 02.IX.1945-ж.), Квантун группировкасын талкалаган.

Ыраакки Чыгыштагы согуш аракеттеринин натыйжасында СССР мурда Японияга алдырып жиберген жерлерин (Сахалиндин түндүк бөлүгүн, Куриль аралдарын, Порт-Артурга чейинки аймактарды) кайтарып алган. Аталган капитуляция менен экинчи дүйнөлүк согуш аяктаган.

Согуштун жүрүшүндө эле Экинчи дүйнөлүк согушту баштаган фашисттик Германия жетекчилигин жазалоо керектиги жөнүндө маселе көтөрүлгөн. Нюрнбергде III Рейхтин жетекчилигине сот (XII.1945-ж. - X.1946-ж.) болуп өтөт. Аны жеңген өлкөлөрдүн түзгөн Эл аралык согуштук трибуналы ишке ашырган. Сот жоопкерчилигине нацисттик Германиянын аскердик жана мамлекеттик ишмерлери тартылган. Алар тынчтыкка каршы, адамзатка каршы оор согуш кылмышкерлери катары күнөөлөнүшкөн.

Нюрнберг процесси - тарыхта алгачкылардан болуп сот жоопкерчилигине жөн гана инсандарды эмес, кылмышкерлердин уюмун тарткан. Фашизмдин маңызы, мамлекетти, ошондой эле элдерди жок кылуу планы боюнча маселелер көтөрүлгөн.

1946-жылдын 30-сентябрынан 1-октябрга чейин соттун өкүмү угузулуп, гитлердик кылмышкерлер – Г.Геринг, И.Риббентроп, В.Кейтель, Кальтенбруннер, А.Розенберг, Франк, Фрик, Штрейхер, Заукель, Йодль, Зейсс-Инкварт жана М.Борман (сырттан) - дарга асууга буюрулса, Гесс, Функ жана Редер өмүр бою камакка, Ширах жана Шпеер - 20, Нейрат - 15, Дёниц - 10 жылга камакка алынган. Соттун чечими 16-сентябрда ишке ашырылган. Герринг дарга асылаардын

астында өзүн-өзү өлтүрсө, Крупптун иши өтө оор дартына байланыштуу токтотулган.

Нюрнберг процесси - мамлекеттик ишмерлерди агрессордук согушту даярдоо, баштоо жана жүргүзүү боюнча өтө оор кылмышкер катары таануу менен, жүйөөлүү жазалаган дүйнөлүк тарыхтагы биринчи сот болгон.

*18.6. Улуу Ата мекендик согушта СССРдин жеңишинин бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниси.*

Фашизмди талкалоодо совет эли, тоталитардык режимде жашаганына карабастан, Ата Мекенин коргоого чечкиндүү салымын кошкон. Көптөгөн жоокерлер И.Ивановдун, Н.Гастеллонун, А.Матросовдун эрдиктерин кайталашкан. Ал эми Г.К.Жуков, А.М.Василевский, К.К.Рокоссовский, И.С.Конев, В.И.Чуйков ж. б. көптөгөн аскер башчылары стратегиялык, тактика-техникалык таланттарын көрсөтүшкөн. Чындыгында, СССР элдеринин биримдүүлүгү мындай оор кыйынчылыкта татыктуу сындан өттү. Ошентип, чоң жоготууларга учураса да, бул согуш апаатында СССР жеңишке жетти. Улуу Ата Мекендик согушта Жеңишке жетишүүнүн тарыхый мааниси зор.

- Согуш мезгилинде күчтүү согуш өнөр-жайы түзүлүп, индустриялык база негизделди; Ага бир эле мисал келтире кетейли: согуш жылдарында советтик авиаконструктор, академик, эки ирет Социалисттик Эмгектин Баатыры А.С.Яковлевдин (1906-1989-жж.) аскердик-согуш өнөр-жайына кошкон салымы өтө зор болгон.
- Согуштун жыйынтыгында СССР Батышта жана Чыгышта стратегиялык аймактарга ээ болду;

- Ар кандай Эл аралык уюмдарга жана союздарга кирүү менен, СССРдин Эл аралык аброю жогорулап, саясий таасирин тийгизүү чөйрөсү кеңейди;
- Европа жана Азияда "Социалисттик мамлекеттер блогун" түзүү үчүн негиз пайда болду;
- Дүйнөнүн демократиялык жаңылануусу жана колониялардын бошонуу мүмкүнчүлүгү ачылды;
- СССРдин ролунун жана авторитетинин жогорулашы менен Сталиндик режим биротоло бекемделди.

Ошентип, Жеништин бүткүл дүйнөлүк-тарыхый мааниси зор.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Улуу Ата Мекендик согуштун себептерин аныктагыла.
2. Германиянын жана СССРдин согуштагы пландары жана максаттарын айтып бергиле жана мүнөздөмө бергиле.
3. Согуштун мезгилдерге бөлүштүрүлүшүн баяндагыла.
4. Согуштун башталышы жана Москва алдындагы салгылашуу жөнүндө эмнени билесиз?
5. Согуштун жүрүшүндөгү түп тамырынан бери өзгөрүү качан болуп өттү?
6. Согуш жылдарындагы советтик тыл жана партизандык кыймыл жөнүндө баяндаңыз.
7. Согуштун акыркы мезгили жана СССРдин аймагын бошотуу кандай жүргөн?
8. "Кынтыксыз капитуляция" ("безоговорочная капитуляция") актысы кантип ишке ашырылган?
9. Нюренберг процесси деген эмне?
10. Улуу Ата Мекендик согушта СССРдин жеңишинин бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниси.

# 19.0. СССРдин согуштан кийин калыбына келтирилүүсү жана өнүгүүсү.

*19.1. Согуштан кийинки экономика: негизги маселелер жана өнүгүү тенденциялары.*

*19.2. Мамлекеттик аппараттын кайрадан түзүлүүсү жана командалык административдик системанын калыбына келиши.*

*19.3. 1940-жылдардын аягы - 1950-жылдардын башындагы Сталиндик репрессиялар.*

*19.4. СССРдин эл аралык абалы жана тышкы саясаты.*

*19.1. Согуштан кийинки экономика: негизги маселелер жана өнүгүү тенденциялары.*

Улуу Ата Мекендик согуш аяктаары менен совет элинин алдында чоң маселелер турган. Алар:

- Экономиканы калыбына келтирүү;
- Элдин турмушунун материалдык деңгээлин жогорулатуу;
- Тынчтык жол менен өнүгүүнү камсыз кылуу ж. б.

Коомдун өнүгүшүнүн эки жолу бар эле:

1. Согушка чейинки өнүгүү моделин жумшартуу, өзгөчө кырдаалдардан жана репрессиялардан баш тартуу, демократизациялоо процесстерин өнүктүрүү.
2. Согушка чейинки өнүгүү моделин калыбына келтирүү менен тоталитардык режимди сактап калуу.

Биринчи жол – элдин аң-сезими жогорулап, бийликтин сталиндик режимине каршы чыгаруулар жана ГУЛАГтардагы[111] качуулар күчөгөн;

---

[111] Главное управление лагерей (ГУЛАГ) – Түзөтүү легерлери боюнча башкы башкармалык.

Экинчиси – согушка чейинки системаны калыбына келтирүү жолго коюлуп, согуштагы жеңүү чындыкка айланган да, көпчүлүктүн оюнда ушул режим өлкөнү сактап калды, жеңишке алып келүүгө чоң түрткү берди деген ой-пикир болгон.

Экономиканы кайра куруу татаал шарттарда жүргөн:
Согуш - чоң адам ресурстарын жоготууларга алып келди: 27 млн.дон ашуун адам согушта Мекен үчүн курман болгон. Фашисттик туткунда, ачарчылыктан жана оорудан кайтыш болушкандар да миллиондоп саналып, андан кем эмеси майып болуп калган.

Өлкөнүн аймагындагы согуштук аракеттер эл чарбасына чоң зыян алып келди. Өлкө жалпы улуттук байлыгынын 30% жакынынан айрылган. Өнөр-жай ишканалары, турак-жайлар талкаланып, айыл-чарбасы 1930-жылдардын биринчи жарымындагы деңгээлине түшкөн.

Маданий жоготуулардын баасы да ченемсиз.

Демобилизация жөнүндө мыйзам кабыл алынып, фашисттер алып кеткен совет жарандары репатриацияланган[112].

Мамлекетте наркоматтардын өзгөртүлүп түзүлүүсү (реорганизация) жүргөн.

Эл чарбасынын тынчтык жол менен өнүгүүсү - эң маанилүү милдет болуп саналгандыктан:

- Тармактар ортосундагы жаңы пропорциялар белгиленген;
- Согуш өндүрүшүнүн басымдуу бөлүгү тынчтык продукциясын чыгарууга багытталган;
- Согуш чыгымдарын кыскартуу милдети коюлган.

[112] Репатриация – лат. “мекениме кайтамын”.

Эл чарбасын толук түрдө калыбына келтирүү мезгили 1946-жылдан башталып, төртүнчү беш жылдык планды (1946-1951-жж.) кабыл алуу чоң дискуссиялар менен өткөн.

СССР Жогорку Советинин биринчи сессиясынын экинчи чакырылышында (III.1946-ж.) кабыл алынган беш жылдык план төмөнкү милдеттерди койгон:

- Өнөр-жайдын жана айыл-чарбанын өнүгүү деңгээлин калыбына келтирүү;
- Карточкалык системаны алып салуу;
- Айлык акыны жогорулатуу;
- Турак-жай жана маданий-тиричилик курулушун массалык түрдө кеңейтүү;
- Оор өнөр жай комплексин (машина куруу, металлургия, отун-энергетикалык. атомдук энергетика, радиоэлектрондук ж. б.) өнүктүрүүгө басым жасоо.

Бир эле мезгилде (XII.1945-ж.), Л.П.Бериянын жетекчилиги астында куралдардын жаңы түрлөрүн түзүү программасы жашыруун түрдө ишке киргизилип, согуштук өнөр-жай комплекси модернизацияланса, экинчи жагынан - экономика демилитаризацияланган (1947-ж.).

Кыскасы, төртүнчү беш жылдыкта, өлкөдө өнөр жай ишканалары өсүү менен, 1950-жылы согушка чейинки көрсөткүчтөрдөн озгон (планда 48% көрсөтүлсө, ал 73% болгон). Ага:

- Директивалык экономиканын жогорку мобилизациялык мүмкүнчүлүктөрү;
- Германиядан алынган репарациялар (4,3 млрд. доллар);
- Камактагылардын жана туткундагылардын акысыз эмгеги;
- Жеңил өнөр жайына жана социалдык чөйрөгө бөлүнгөн каражаттардын индустриялык тармакты өнүктүрүүгө бурулушу;

- 1947-жылдагы конфискациялык акча реформасы;
- Мамлекеттин казынасынан облигацияларды алууга мажбурлоо ж. б. жардам берген.

Айыл-чарбасынын абалы өтө оор болгон. 1946-жылдагы кургакчылык, андан кийинки жылдагы ачарчылык, айыл-кыштактардагы өндүргүч күчтөрдү жакырланткан. Андыктан, ВКП(б) БКнын Пленуму (II.1947-ж.) «Согуштан кийинки мезгилдеги айыл чарбаны өнүктүрүү иш чаралары жөнүндөгү» маселени атайын талкуулап, тийиштүү чечимдерди кабыл алган. Алар:

- Айыл-чарбасын машина-тракторлор, жер семирткичтер менен камсыздап, жер иштетүү маданиятын жогорулатуу;
- Азык-түлүк багытындагы дан жана жем эгиндеринин түрлөрүн көбөйтүүгө басым жасоо;
- Айыл-кыштактарды электрлештирип, тоолуу райондордо суу чарбасын өнүктүрүү;
- Экономиканын агро тармагында жетекчиликти жакшыртуу ж. б.

Мамлекеттин жана колхоздун менчигине (Указ, 04.VI.1947-ж.) кол салгандыгы үчүн 5 жылдан 25 жылга чейин эркинен ажыратуу (лагерь же түрмө) каралган.

Өкмөт өздүк дыйкан чарбага чек койгон курсун дале болсо уланта берген жана айылдан шаарга ресурстардын көчүүсүн көзөмөлдөгөн (планын ашыгы менен аткаргандан кийин гана шаарда соода жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алганы менен, паспорту жоктугунан айылдан кете алган эмес).

1950-51-жылдары айыл-чарбасын өркүндөтүү иш-чаралары жана саясаты боюнча дискуссиялар болуп өткөн. Агрардык саясатка жоопкерчиликтүү А.А.Андреев – башка айыл-чарба адиси - Н.С.Хрущев менен алмашкан. Ал буга чейин ВКП(б)нын Москва обкомунун секретары жана

партиянын Борбордук Комитетинин секретары, Украина компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары (1938-1949-жж.), УССРдин министрлер советинин төрагасы (1944-1947-жж.) кызматтарын аркалап келген.

Н.С.Хрущев колхоздорду ирилештирүү планы жөнүндө өз макаласын «Правда» газетасына жарыялаган. Анда негизинен айылда саясий жана экономикалык көзөмөлдү күчөтүү каралган эле. Бул реформанын демилгечиси айылдарды радикалдык өзгөртүүгө умтулуп, дыйкандардын жашоосун биротоло өзгөрткүсү келген. “Агро-айыл” («Агрогород») долбоору боюнча, айылдыктар шаардагыдай комфортто жана коммуналдык шарттары бар үйлөрдө жашап, дыйкандарга мүнөздүү болгон мурунку психологиясынан арылып, коллективге кошулган кадимки эмгекчиге айланмак. Ошентип, бул долбоор дароо бир нече проблеманы чечмек:

- Дыйкандардын аң-сезими трансформацияланмак;
- Айыл жана шаар эмгегинин айырмасы жоюлуп, дыйкан жана жумушчунун ортосунда айырма жоголмок;
- Социалисттик коомдун негиздери реализацияланмак.

“Правда” газетасына жарыяланган бул долбоордон кийин, автор эртеси, дискуссиянын башталышы жөнүндө тактоо иретинде чыгып сүйлөгөнү менен, Н.С.Хрущев Сталин өлгөнгө чейин айыл-чарбаны башкаруудан четтеген.

1940-жылдардын аягында өлкөнүн батыш жана түндүк-батыш аймактарында (Белоруссия, Украина, Молдавия, Прибалтика) мажбурлоо жана репрессиялар менен коштолгон массалык коллективизация ишке ашат. Хутордук чарбалардын көпчүлүгү жоюлуп, анын калкы Сибирь, Казакстан жана Орто Азияга ыктыярсыз айдалат.

Беш жылдыктын аягында айыл-чарбаны калыбына келтирүү негизинен бүткөнү менен, көп маселелер

чечилбестен кала берген. Алардын катарында: дан эгиндерин эгүү жана анын түшүмдүүлүгү, кирешесиз колхоздордун көптүгү, жеңил өнөр-жай жана азык-түлүк ишканаларына сырьенун жетишсиздиги ж. б.

И.В.Сталиндин «СССРде социализмдин экономикалык маселелери» (1952-ж.) аттуу эмгегинде экономиканын абалынын негизги принциптери белгиленген:

- Оор өнөр-жайынын өнүгүшү;
- Кооперативдик-колхоздук менчикти мамлекеттик менчикке айландыруу жолу;
- Товар жүргүзүү чөйрөсүн кыскартуу ж. б.

Сталиндин ою боюнча, бул принциптерге таянуу менен, СССРде эл чарбасынын өнүгүүсү жогорку деңгээлге жетмек.

Коомдун социалдык структурасында чоң өзгөрүүлөр болуп өттү. Согуш жылдарында станокторду аялдар иштетип келген болсо, тынчтык мезгилинде да көпчүлүгү көнүмүш ишин улантышкан. Жумушчу күчүнүн, өзгөчө, адистердин жетишсиздиги байкалган. Айыл шартында жашоонун катаалдыгынан, шаарларга миграция күчөп, жалпысынан, 8 млн. айылдык калк жер которууга аргасыз болгон. 1946-1953-жылдары жумушчу табынын катары өсүү менен эле бирге, 4 млн. адам жогорку жана орто билимге ээ болгон.

Маданий-тиричиликтик жана турак-жай курулушунун масштабы өскөнү менен, курулуш ишинин өсүүсү, шаар калкынын өсүү темпинен артта калгандыктан, 1950-жылдардын башында турак-жайдын жетишсиздик маселеси келип чыккан.

Согуштан кийинки калыбына келтирүү мезгилиндеги жетишкендиктер:

- Карточкалык система алынып салынган;
- 100 млн. кв. метр турак-жай аянты пайдаланууга берилген;

- Жалпы билим берүүчү мектептердин саны өскөн;
- Жогорку окуу жайлардын шарттары жакшырып, анда билим алган студенттердин саны согушка чейинкиден ашкан;
- Илим жана техниканын фундаменталдуу маселелерин изилдеп чыгууда жаңы ийгиликтер болгон.

Ошентип, экономикалык чөйрөдө – оор өнөр жайынын өнүгүүсү жана аны борборлоштуруу тенденциясы байкалган. Мунун негизинде - коммунизмди куруунун генералдык планын иштеп чыгууга киришүү башталган. Ал 1946-1965-жылдарды өз ичине камтыган. Бул *процесс, албетте, айыл-чарба жана жеңил өнөр-жай тармактарын өгөйлөөнүн эсебинен жүргүзүлмөк.

*19.2. Мамлекеттик аппараттын кайрадан түзүлүүсү жана командалык административдик системанын калыбына келиши.*

Мамлекеттик коргонуу комитети (ГКО) жоюлуп (04.IX.1945-ж.), анын көпчүлүк функциялары Эл Комиссарлар Кеңешинин колуна топтолуп (1946-ж. март айынан – СССР Министрлер Совети), МККнын бир катар бөлүмдөрү (жумушчу күчүн эсепке алуу жана жайгаштыруу, өнөр-жай карточкалар бюросу ж. б.) ишин токтотот же башка органдарга берет.

СССР Совнаркому СССР Министрлер Совети болуп (III.1946-ж.) аталат. Союздук жана Автономдук республикалардын СНКсы - Союздук жана Автономдук Министрлер Совети, ал эми Наркоматтар - Министрликтер болуп өзгөргөн.

Согуш мезгилинде партиялык орган турмуштун бардык тармактарына сүңгүп кирген эле.

СССР Жогорку Советинин экинчи чакырылышында Союздар Совети жана Улуттар Советинин алдында мыйзамдар боюнча иштеген туруктуу Комиссия (II.1947-ж.) түзүлгөн.

1947-жылы Союздук жана Автономдук республикалардын Жогорку Советтерине шайлоолор башталып, андан соң (1947-1948-жж.), жергиликтүү Советтерге шайлоолор менен уланган.

Конституция боюнча мөөнөтүнүн бүткөндүгүнө байланыштуу, СССР Жогорку Советине кезектеги шайлоолор 1950-жылдын март айында өткөрүлгөн.

СССР Министрлер Советинин Мамлекеттик пландоо комиссиясы - СССР Министрлер Советинин Мамлекеттик пландоо комитети (1947-ж.) болуп өзгөртүлгөн. Негизги милдети болуп эл чарбасын пландоо, эсепке алуу, көзөмөлдөө эсептелген.

Эл чарбасын жаңы техникалар менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик комитет түзүлгөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун бүтүүсү коомдук-саясий өнүгүүгө да оң таасирин тийгизген.

Согуш мезгилинде И.В.Сталиндин аброюнун көтөрүлүшү бардык административдик-бюрократиялык жана идеологиялык аппарат тарабынан колдоого алынган.

И.В.Сталин ВКП(б) БКнын Саясий бюросуна «ВКП(б)нын жаңы Программасынын долбоору жөнүндө» маселени (15.VII.1947-ж.) сунуштаган. Иш жүзүндө, ал СССРдин жаңы Конституциясынын долбоору (1946-1947-жж.) болчу, жана аны иштеп чыгуу А.А.Жданов жетектеген комиссияга тапшырылган. Конституциянын долбоорунда коомдун турмушунда демократиялык өнүгүүлөр да каралган эле. Бирок ага жол берилген эмес. Бардык милдеттер командалык-бюрократиялык системанын шарттарында

чечилген. Мыйзам актыларын формалдуу түрдө СССР Жогорку Совети бекиткени менен, маселе партиянын жогорку инстанцияларында чечилген. Коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн башкаруу Партиянын БКсынын Секретариатына топтоштурулган.

1946-1953-жылдары сталинизмдин саясий система катары гүлдөп өнүгүшү байкалган. Узакка созулган (13 жыл) тыныгуудан кийин съезд өтүп, профсоюздук, комсомолдук ж. б. коомдук уюмдар ишмердигин жанданткан. ВКП(б)нын XIX съездинде (05-14.X.1952-ж.) партия – Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясы (КПСС) болуп аталган.

*19.3. 1940-жылдардын аягы - 1950-жылдардын башындагы Сталиндик репрессиялар.*

Согуш аяктагандан кийин, Лениндин принциптеринен биротоло алыстоо менен, Сталин өзүнүн жеке бийлигин бекемдөөгө аракет жасады. Ал Жогорку көсөмдүн культун чексиз орнотту. КПСС БКнын Генералдык секретары болуу (1922-жылдан) менен бирге, СССР Совнаркомунун (Министрлер Советинин) төрагалыгын (1941-ж.) да колуна алды. Советтер Союзунун Маршалы (1943-ж.), Советтер Союзунун Баатыры (1945-ж.), көп өтпөй, дүнүйөлүк деңгээлдеги эң жогорку наам - Генералиссимус (1945-ж.) болду. Көкөлөгөн Сталиндин Лениндин осуяттарынан тайышын төмөндөгүлөрдөн көрсө болот (Н.Вертанын пикири боюнча):

- Символдор деңгээлинде: РККА – Куралдуу күчтөрдүн кеңеши (Совет Вооруженных Сил), ВКП(б) – КПСС болуп өзгөрдү;
- Теориялык деңгээлде: Лениндин «коммунизм жана партиясыздык» концепциясы катуу сынга алынган;

- Идеологиялык бийлик деңгээлинде: 13 жыл бою (1939-1952-жж.) партиянын съезди, 5 жыл катары менен (1947-1952-жж.) ВКП(б) БКнын Пленумдары өткөрүлбөгөн.

Жогорку жетекчиликтеги ич ара күрөшкө мисал катары «Ленинграддык ишти» (1949-ж.) атап кетсек болот. Ага Г.М.Маленков жана А.А.Ждановдун атаандашуусу себеп болгон (Жданов өлгөндөн кийин Маленков анын тарапкерлеринен да арылууну уюштурат). Бул иш боюнча Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасы Н.А.Вознесенский, ВКП(б) БКнын секретары А.А.Кузнецов, Министрлер Советинин төрагасы М.И.Родионов, ошондой эле, ленинграддык жетекчилер - П.С.Попков, П.Г.Лазутин, Я.Ф.Капустиндер ар кандай күнөөлөр боюнча айыпталып, атууга өкүм чыгарылган. 1949-1950-жылдары «Ленинград иши» боюнча Ленинград шаарынын жана областынын 3,5 миң партиялык жана мамлекеттик ишмерлери куугунтукка алынып, репрессияланган.

XIX съездде (X.1952-ж.) партия жаңы ишмерлер менен толукталган. Алар: М.А.Суслов, Л.И.Брежнев, М.З.Сабуров, М.Г.Первухин ж.б.

«Известия» газетасында *«Указ о высылке» (26.VI.1946-ж.) жарыяланган. Анда чечен, ингуш, крым-татар элдеринин коллективдүү чыккынчылыгына байланыштуу Чечен-Ингуш Автономдук Республикасы жоюлуп, жана Крым Автономдук Республикасынын статусу Крым областына айландырылган.

Чуулгандуу «Дело врачей» (1952-ж.) иши боюнча бир катар жогорку партиялык кызматкерлерди дарылап, тейлеп келген көрүнүктүү адистердин тобу шпионаж жана терроризм боюнча айыпталган.

Коммунисттик партия белгилеген чийинден же алкактан чыгып, өзүнчө “бузуку” пикирлерди жараткандарды

ооздуктоо үчүн Ички иштер (МВД) жана Мамлекеттик коопсуздук министрликтерине (МГБ) 1946-жылдан өзгөчө репрессивдик функциялар берилген. Ошентип, бул эки күч органы, партиянын ишеничтүү таянычы болуу менен, анын саясий гана эмес, ар тараптуу күчтүү органга айланышына өбөлгө түзгөн.

Ички иштер министри Л.П.Берия, бул мекемени жетектөөнү С.Н.Кругловго (1946-ж.) өткөрүп, өзү Саясий бюронун мүчөсү жана Министрлер Советинин төрагасынын орун басары кызматын аркалаган. Анын ишеничтүү адамы В.С.Абакумов Мамлекеттик коопсуздук министрлигин (МГБ) башкарган. Кийин (Х1.1951-ж.), И.В.Сталин бул кызматка өз адамы С.Д.Игнатьевди дайындаган.

ГУЛАГ аркылуу төмөнкү иштер жүргүзүлгөн:

- Акысыз жумушчу күчү менен камсыз кылуу;
- «Зек улуту» аймагы – ал жердегилердин өзүнүн тили, мыйзамы (кодекс) жана культу болгон;
- Кылмышкерлер менен бирге эле көптөгөн бейкүнөө адамдар болгон.

Ошентип, согуштан кийин бардык чөйрөлөрдү (коомдук, социалдык, экономикалык, маданий ж. б.) командалык-административдик система жана репрессиялык саясат кучагына камтыйт.

*19.4. СССРдин эл аралык абалы жана тышкы саясаты.*

1945-жыл XX кылымдын тарыхында жаңы беттерди ачты. Бул мезгилде Батыш-Чыгыш алкактары боюнча негизги ролду АКШ жана СССР ойногон.

1945-жылга карата СССР 52 мамлекет менен дипломатиялык мамиле түзүп, Германиянын мурунку союздаштары менен да тынчтык мамилеге келет.

Антигитлердик коалициядагы союздаштар менен мамиленин салкындай баштаганы байкалат. СССР өзүнүн тышкы саясий курсун дүйнөнү карама-каршы эки лагерге (демократиялык же анти-империалисттик жана империалисттик) бөлүү көз карашы менен караган. Ушуга байланыштуу, тышкы саясатта төмөнкү багыттарды белгилеп кетсек болот:

1. Мурунку союздаштар менен мамиле;

- Европада таасир этүү чөйрөлөрү үчүн күрөш;
- Германиянын согуштан кийинки маселеси;
- "Кансыз согуш" саясаты;
- СССРдин жаңы согушка жол бербөө демилгелери ж. б.

2. Социалисттик лагердеги өлкөлөр менен мамиле: экономикалык жана саясий жардам, конфликттерди чечүү ж. б.

3. СССРдин Бириккен Улуттар Уюмундагы ишмердүүлүгү.

Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин СССР менен мурун антигитлердик коалицияга кирип турган анын союздаштарынын ортосунда мамиле салкындай баштаганын айтып өттүк. Ал тарыхка "Кансыз согуш"[113] деген ат менен кирген.

Эл аралык маселелерди күч колдонуу (силовые приемы) менен чечүү көнүмүш болуп калган. «Кансыз согуштун» баштапкы мезгилинде СССРдин тышкы иштер министри В.М.Молотов (1939-1949-жж.), кийин - А.Я.Вышинский (1949-1953-жж.) болгон.

---

[113] «Кансыз согуш» - 1940-жылдардын экинчи жарымынан - 1990-жылдардын башына чейинки күрөшкөн тараптардын бири-бирине жүргүзгөн саясий акцияларынын мүнөзүнө жараша тышкы саясий курсунун аталышы.

Саясат таануучу тарыхчылар Фултондо У.Черчиллдин “коммунисттик коркунуч” жөнүндө сүйлөгөн сөзүн (III.1946-ж.) «кансыз согуштун» башталышы деп эсептешет.

АКШнын президенти Г.Трумэн Европаны Советтик экспанциядан коргоо иш-чараларынын өзү иштеп чыккан программасын (II.1947-ж.) Конгресске жөнөткөн. Тарыхка ал “Трумэндин доктринасы” деген аталышта кирип, анда:
- Экинчи дүйнөлүк согушта жабыр тарткан Европа өлкөлөрүнө экономикалык жардам;
- Чыгыш Европа өлкөлөрүндөгү ички оппозицияны колдоо;
- АКШнын жетекчилиги астында согуштук-саясий союздарды түзүү;
- АКШнын аскер базаларын советтик чек араларга жакын жайгаштыруу;
- Зарыл болгон учурда куралдуу күчтөрдү СССРге каршы колдонуу ж. б.

АКШда 1947-жылы сунушталып, 1948-жылдан ишке ашырыла баштаган “Маршаллдын планынан”[114] кийин, эки тараптын (империализм – антиимпериализм) конфронтациясы[115] ачык байкалат. Анда, экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында жабыр тарткан Европа өлкөлөрүнө АКШ башында турган империалисттик мамлекеттердин экономикалык, ж. б. жардам көрсөтүүсү каралган эле. Бул маселени кароого катышуу үчүн СССР жана элдик демократиялык өлкөлөр чакырылат. Совет өкмөтү Маршаллдын планын антисоветтик саясаттын куралы катары баалап, конференцияга катышуудан баш тарткан. СССРдин

---

[114] АКШ нын мамлекеттик секретары Дж.К.Маршалл иштеп чыккандыктан (1947-ж.), ошонун атына коюлган.

[115] Конфронтация – фр. “confrontation”, же каршылаш болуу, карама-каршылык деген мааниде.

чакырыгы менен Чыгыш Европа өлкөлөрү да жыйынга катышкан эмес.

«Кансыз согуш» саясатын ишке ашыруу, саясий жана согуштук-саясий блокторду түзүү менен башталган. 1949-жылы Түндүк Атлантика Союзу, же НАТО[116] түзүлсө, көп өтпөй Түштүк-Чыгыш Азияда согуштук-саясий блоктун дагы бири - АНЗЮС[117] түзүлүп, ага АКШ, Австралия жана Жаңы Зеландия кирет. Бул эки блокту түзүү менен АКШ дүйнөнүн ар кайсы регионунда өзүнүн геосаясий позициясын бекемдеген.

Эки блоктогу мамлекеттердин карама-каршы пикирлеринин натыйжасында, Германия маселеси курч кырдаалдарда каралып, жыйынтыгында, саясий өнүгүү багыттары ар башка болгон эки герман мамлекеттери (ФРГ жана ГДР) түзүлгөн (X.1949-ж.).

1940-1950-жылдардагы «корей согушунан» кийин мурунку союздаштардын конфротациясы жыйынтыкталган. Корея Элдик Демократиялык Республикасынын жетекчилиги эки Корей мамлекетин бириктирүүгө (1950-ж.) аракеттенген. Узакка созулган дипломатиялык сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында (1953-ж.) согуш токтогон, бирок, бир кездеги бирдиктүү Корея, саясий өнүгүү жолдору башка-башка болгон

---

[116] NATO – North Atlantik Treaty Orqanization. Бул согуштук-саясий блокту түзүүгө АКШ демилгечи болуп, келишимге (04.IV.1949-ж.) Улуу Британия, Франция, Бельгия, Нидерландия, Люксембург, Канада, Италия, Португалия, Норвегия, Дания, Исландиянын жетекчи өкүлдөрү  Вашингтондо кол коюшкан. Кийинки жылдары бул уюмга дагы башка мамлекеттер киргени менен, айрымдары андан чыгышкан. Штаб-квартирасы Брюсселде.

[117] ANZUS – Australia, New Zealand, United States. Бул согуштук-саясий блокту түзүү келишимине (IX.1951-ж.) кол коюлуп, 1952-жылдын апрелинен күчүнө кирген. Ал Түштүк-Чыгыш Азияда улуттук-боштондук кыймылдарын басууга багытталган.

мамлекеттерге – КНДР жана Түштүк Корея – бөлүнүп калган. Азыркы кезде алар кайрадан биригүү жолдорун издешүүдө.

Борбордук жана Чыгыш Европадагы жети өлкө (Албания, Болгария, Венгрия, Румыния, Польша, Югославия, Чехословакия) Элдик-демократиялык республика статусун алып, алардагы абалды дээрлик толугу менен СССР көзөмөлдөгөн.

Чыгыш Европа өлкөлөрүндөгү Коммунисттик партиялардын жетекчи өкүлдөрү «Коммунистик информациялык бюро» (1947-ж.) түзүшкөн.

Элдик-демократиялык мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосунда Өз ара экономикалык жардам Кеңеши (СЭВ) түзүлүп (I.1949-ж.), ал, СССРдин таасир этүү чөйрөлөрүнө кирген өлкөлөргө экономикалык колдоо көрсөтүп, туруктуу үнүгүүнү камсыз кылышы керек болгон.

НАТО жана АНЗЮС блокторунун түзүлүүсүнө жооп катары, Европада тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо, достукту чыңдоо, өз ара жардамдашууну уюштуруу максатында Варшава Келишиминин Уюму (ОВД) түзүлгөн (14.V.1955-ж.).

СССР менен Чыгыш Европа мамлекеттеринин ортосунда достук жана өз ара жардамдашуу боюнча да өз-өзүнчө келишимдерге кол коюлган. Мына ушул өз ара алака түзүү этабында эле карама-каршылыктар жана конфликттер болбой койгон эмес. Ал негизинен, бул мамлекеттерде социализмди курууда жолду издөө жана тандап алуудан келип чыккан.

Кээ бир өлкөлөрдүн партия жетекчилери, алсак, В.Гомулка (Польша),Г.Готвальд (Чехословакия), социализмди курууда советтик жол – жападан-жалгыз жол эмес деп чыгышкан. СССРдин партия жетекчилигинин советтик

моделди таңуулоосу, совет-югославия конфликтине алып келип, дипломатиялык мамиле (VIII.1949-ж.) үзүлгөн.

СССРдин тышкы ишмердигинин негизги аренасы болуп Бириккен Улуттар Уюму (БУУ/ООН) эсептелген. Бул эл аралык уюм 1945-жылы түзүлүп, алгач 51 мамлекетти бириктирип турган болсо, азыркы кезде алардын саны 200 гө чукулдап калды. БУУнун негизги максаты: тынчтыкты сактоо менен коопсуздукту бекемдөө жана мамлекеттер ортосунда кызматташууну өнүктүрүү.

Тынчтыкты жактоочулардын Бүткүл дүнүйөлүк Конгрессинин Туруктуу Комитети “Стокгольм Чакырыгын” жарыялаганда (1950-ж.), аны СССРдин 115 млндон ашуун жараны колдоп, кол коюшкан. Чакырыкта төмөнкү талаптар коюлган:

- Атомдук куралдарга тыюу салуу;
- Куралсыздандырууну ишке ашырууда эл аралык көзөмөлдү күчөтүү;
- Тынчтыкты жактоочулардын күчүн бириктирүү ж. б.

Ошентип, 1940-жылдардын экинчи жарымында 50-жылдардын башындагы СССРдин тышкы саясаты, ар кандай тоскоолдуктарга карабастан, тынчтыкты камсыз кылуу максатын көздөгөн. «Кансыз согуш» саясатынан келип чыккан “Чыгыш” менен “Батыш” конфронтациясы, белгилүү деңгээлде дүйнөдө чыңалууну өстүргөн. Андан сырткары, СССРдин таасир этүү чөйрөсүндөгү элдик-демократиялык өлкөлөргө жардамы, биринчи жагынан, анын эл аралык таасирин кеңейткени менен, экинчи жагынан, - «социалисттик блоктогу» мамлекеттерде жана өлкөнүн ичинде саясий чыңалуунун өсүшү менен коштолгон.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. СССРдин согуштан кийин калыбына келтирилүүсү жана өнүгүүсүнө баа бериңиз
2. Согуштан кийинки экономика: негизги маселелер жана өнүгүү тенденцияларына токтолуңуз.
3. Мамлекеттик аппараттын кайрадан түзүлүүсү жана командалык административдик системанын калыбына келишин баяндаңыз.
4. 1940-жылдардын аягы – 1950-жылдардын башындагы Сталиндик репрессиялар.
5. Массалык репрессиялар
6. СССРдин согуштан кийинки эл аралык абалы жана тышкы саясаты жөнүндө эмнени айтып бере аласыз?

## 20.0. СССР 1953 - 1964-жылдарда. Н.С.Хрущевдун “жел аргы” мезгили.

*20.1. Бийлик үчүн күрөш жана башкаруу структурасындагы реорганизация.*

*20.2. Партиянын XX сьезди. Коомдук-саясий турмушту демократизациялоо аракеттери.*

*20.3. Экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү кайра түзүүлөр, жаңылануулар.*

*20.4. Тышкы саясий курсту либерализациялоо.*

### *20.1. Бийлик үчүн күрөш жана башкаруу структурасындагы реорганизация.*

1953-жылдын 05-мартында И.В.Сталин дүйнөдөн кайтты. Бийлик үчүн ат салышкан талапкерлердин күчү - алардын ээлеген кызматы гана эмес, кайтыш болгон диктаторго жакындыгы, партиялык-мамлекеттик жана согуштук элита менен жеке мамилелери аркылуу сыналган жана бааланган. 200 млндон ашуун калктын тагдырын бир нече адамдар гана чечкен, анын атынан өлкөнү башкарган. КПСС БКнын секретариатына Н.С.Хрущев, М.А.Суслов, П.Н.Поспелов ж.б. шайланып, бийликке «коллективдүү башкаруу» деп аталган диктатордун жакын адамдары келген.

КПСС БКнын Пленумунун отурумунда (06.III.1953-ж.) жана СССР Жогорку Советинин президиумунда өкмөттүн төмөнкү мүчөлөрү бекитилген: Г.М.Маленков – СССР Министрлер Советинин төрагасы; Л.П.Берия – СССР Министрлер Советинин Председателинин 1-орун басары, ички иштер жана мамлекеттик коопсуздук министри; В.М.Молотов – СССР Министрлер Советинин Председателинин 1-орун басары, тышкы иштер министри; К.Е.Ворошилов – СССР

Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы; Н.А.Булганин - СССР Министрлер Советинин Президиумунун 1-орун басары; А.К.Микоян – соода министри; М.В.Сабуров – СССР Мампланынын төрагасы; М.Г.Первухин – Электр станциялары жана электр өнөр жай министри ж. б.

Кыскасы, Сталиндин түздөн-түз карамагында 30 жыл жүргөн «жаш муундардын» ортосунда бийлик үчүн күрөш башталып, анда үч фигура - Маленков, Берия, Хрущев, негизги талапкерлер гана эмес, атаандаштар болушкан. Бир жагынан, Сталиндин өлүмүнө, ал башкарып турган мезгилде жабыр тарткандар терең кайгырган эмес. 1950-жылдардын башында СССРде 5,5 млн. камакка алынгандар, ИИМдин 140 өзгөчө абак-лагерлери бар эле. Демек, коомдук, экономикалык, партиялык жана мамлекеттик структураларда терең өзгөрүүлөр керек эле. Экинчи жагынан, Сталин, ал кездеги элдин көпчүлүгүнүн ишениминде коммунизмге жетүүнүн кепили, жалпы элдин сакчысы болгон эле. Сталинсиз калуу - алар үчүн чоң жоготуу болгон. Москвада аны акыркы сапарга узатууда Колонналуу залга көсөм менен коштошууга, тек гана кызыкканынан эмес, чын дили менен миңдеген адамдар келген.

Сталиндин каза болуусу менен тоталитардык система жоюлган эмес; аны кечеңдетип кармап турган факторлор бар эле:

- СССРдин Улуу Ата Мекендик жана Экинчи дүйнөлүк согушта эбегейсиз зор жеңиши;
- Мекен менен сыймыктануу сезими, эртеңки күнгө ишенүү менен кароо;
- Согушта талкаланган чарбаны калыбына келтирүүдөгү ийгиликтер;

- Ондогон жылга созулган тазалоонун натыйжасындагы коркунуч жана бир ойлуулук, ошондой эле, өлкөдө уюшулган оппозиция болгон эмес;
- Өлкөнүн экстенсивдүү дыйканчылык мүнөзүндө өнүгүүсү;
- Социализмдин советтик моделинин башка өлкөлөрдө жайылтылып, аны ишке ашыруудагы ийгиликтер жөнүндө мифтер ж. б.

Сталинден кийин коомдо десталинизация процесси стихиялуу түрдө башталган. 1953-1956-жылдары бул багытта жүргүзүлгөн иштер төмөнкүлөр десек болот:
- «Ленинград ишин» кайра кароо башталган;
- ГУЛАГдар жоюлган;
- Л.П.Берия «эл душманы» катары айыпталып (1953-ж.), камакка алынган жана атылган;
- СССР Министрлер Советинин курамындагы Мамлекеттик коопсуздук министрлиги Мамлекеттик коопсуздук комитети (КГБ) болуп (IV.1954-ж.) өзгөргөн;
- ОГПУ жана НКВД коллегияларынын чечимдерин кайра кароо (IX.1953-ж.) башталып, Н.С.Поспеловдун төрагалыгы менен атайын комиссия түзүлгөн. Ал репрессиянын күнөөсүз курмандыктарынын иштерин кайрадан териштирип чыгып, 1956-жылдын башында 16 миңдей адам реабилитацияланган. Алардын ичинде А.С.Бубнов, С.В.Косиор, М.Н.Тухачевский, А.В.Косарев, П.П.Постышев ж. б. бар эле;
- Бурмалоо, же «фальсификация»[118] үчүн мурунку коопсуздук органдарынын башчыларынын иши сотко өткөн;
- Басма сөз беттеринде И.В.Сталиндин керт башына сыйынууну сынга алуу башталган ж. б.

Ошентип, коомдук турмушту демократизациялоо курсу башталган. Себеби, Берия да, Маленков да, Хрущев да

[118] Falsifico - лат. “подделывать” – бурмалоо.

Сталиндин жакын курчоосунда болуп, жүйөөсүз репрессияларга тиешеси бар эле. Демек, реформа жүргүзүү менен мыйзамдуулукту орнотуп, жаңы саясий жолду тандап алуу керек болгон.

«Десталинизация», алгач, саясий башкарууну реорганизациялоо менен башталган. Партиянын Уставына ылайык, БКнын эки органы - Президиум жана Президиум Бюросунун ордуна, КПСС БКнын Президиуму түзүлгөн.

1953-1954-жылдары Берия, Маленков, Хрущевдун ортосунда бийлик үчүн кызуу күрөш жүргөн. Ленин жана Сталинден кийин, салттуу негизги пост - өкмөт башчылыгы - Маленковдун колунда болуп, анда бийликтин күчтүү рычагдары бар эле. Маленков, КПСС БКнын Президиумунун отурумдарында төрагалык кылып, иш жүзүндө партиянын биринчи адамы болгон. Бирок, Малеков да, Хрущев да коллективдүү башкарышканы менен, Бериядан коркушкан жана аны жек көрүшкөн.

«Бериянын иши» азыркыга чейин сырдуу болуп келет. Анын өздүк позициясы да талаш-тартыштуу. Тарых илиминде Бериянын орду жана ролу боюнча бир нече карама-каршы көз караштар бар.

- Өзүнүн диктатурасын орнотуу максатында, ал кутум даярдаган деген пикир;
- Сталиндин постунда аны эч ким колдобошун билип, өз диктатурасын орнотууга умтулган эмес. Өлкөдө аны экинчи орун канаттандыраарына Маленковду да, Хрущевду да ишендирген. Мындан, анын эки лидердин кимиси тарабына оошунан көп нерсе көз каранды болгон. Эки тараптын ортосунда калып, ишенбөөчүлүк туудурган. Биринчи орунга умтулбоо «шылтоосу» анын тагдырын чечкен;

- Берия – реформатор, же ал масштабдуу кайра курууларды жүргүзүүгө аракет жасаган делген версия;

Акыркы версия чындыкка жакыныраак болгон. Берия Сталин өлгөндөн кийин радикалдуу сунуштар менен чыккан. Себеби, ал башкаларга салыштырмалуу, системанын «элге эмне жагып, эмне жакпаганын», б. а. коомдун «оорулуу чекиттерин» жакшы билген. Бирок, анын ишмердүүлүгүндө - негизги мотив болуп, - держава жана эл үчүн күйүп-жануу байкалган эмес. Реформатордук ишмердүүлүгүнүн негизги мотиви – бийликке умтулуу эле. Берия:

- Маленков менен биргеликте «Сталиндин керт башына сыйынууга» каршы чыккан. Жыйынтыгында, газета жана журнал беттеринен Сталиндин аты жоголо баштаган;
- Репрессиялык системаны жумшартууга барган. Анын демилгеси менен амнистия[119] жөнүндө Указ чыгып (27.III.1953-ж.), кылмышкер катары камалгандардын ичинен 1 млн. 184 миң адам бошогон;
- Ички иштер органдарында реформа жүргүзүлүп, (06. III.1953-ж.) ГУЛАГды юстиция министрлигине берүү маселеси коюлган;
- Бир катар экономикалык жаңылануулларды өткөргүсү келген. Өзүнүн сөзүндө ал колхоздук өндүрүштү сынга алган жана «элдик демократиялык өлкөгө» колхозду киргизүүдөн баш тартууну сунуштаган. Анын демилгеси менен бир катар экономикалык жактан *эффекти жок зор объекттерди куруу (Түркмөн каналы, Волга-Балтика жана Волга-Урал суу жолдору, Салехард-Игарка темир жолу ж. б.) токтотулган;
- Сталиндик улуттук саясатты реалдуу баалап, партиялык жана мамлекеттик аппаратта «Лениндик саясатка» кайтууну сунуштаган. Украина жана Белоруссия КП БКнын биринчи

[119] Amnestia – гр. – унуткаруу, кечирим берүү, күнөөсүн жеңилдетүү.

секретарлары А.Г.Мельников, Н.С.Патоличевдин ордуна – өз кезегинде А.И.Кириченко жана М.В.Зимяниндер келишкен. Башка союздук республикаларда да ушундай эле алмашып, жаңылануулар жүргүзүлгөн;

– Партиялык органдар ыйгарып алган мамлекеттик органдардын милдеттерин кайтарып берүүнү сунуштаган;

- Тышкы саясатта күчтүү новациялар сунушталып, Югославия менен мамиленин оңолушуна, ГДР менен ФРГнын биригишине жана нейтралдуу демократиялык мамлекетти түзүүгө чакырган.

Хрущев болсо, Берияга каршы жогорку башкарууну бириктирип, армияны өзүнүн тарабына өткөрүүгө жетишкен.

Активдүү позицияда турган Маленков да бул кутумдан четте калган эмес.

СССР Министрлер Советинин Президиумунун отурумунда (26.VI.1953-ж.), Берия, өзү үчүн күтүүсүз жерден, бир нече кылмыш менен күнөөлөнүп, ошол эле жерде Г.К.Жуков[120], К.С.Москаленко[121] баш болгон генерал жана офицерлер тарабынан камакка алынган. Узакка созулбаган тергөөдөн кийин Берия соттолуп, атылган (XII.1953-ж.). Ага «Коммунистик партиянын жана совет элинин душманы» деген жалаа жабылган.

Берияны алып таштоо менен Хрущев сыяктуу атаандашын (конкурент) астында Маленковдун позициясы төмөндөгөн. МВД жана МГБ органдары партиянын көзөмөлүнө өткөн. Сталинден айырмаланып, Маленков өз бийлигинде ал органдарды таяныч катары пайдалана албаган.

---

[120] Жуков, Георгий Константинович (1896-1974-жж.) – Ошол кезде коргоо министринин орун басары.

[121] Москаленко, Кирилл Семенович (1902-1985) – Ошол кезде Москва аскердик округунун башкы командачысы.

Н.С.Хрущев КПСС БК биринчи секретары (X.1953-ж.) болуп, ыйгарым укуктарын кеңейткен. Маленков бирдиктүү бийликти колго алууга аракет жасаса болмок, аны да аскерлер колдогон. Бирок, Маленков андай кылбады. Ал анын өздүк гана сапаттарында эмес эле: анын бардык аракеттери партияда калган мүчөлөрүнүн чечкиндүү каршылыгын жаратмак.

Андан соң жаңы триумвират (Маленков, Хрущев, Булганин) пайда болду. Кырдаал тышкы туруктуулукка карабастан, чечкиндүү жана кечиктирилгис аракеттерди талап кылды. Андан сырткары, социалдык чыңалууну ГУЛАГдар жана колхоздордогу айылдар пайда кылды. Бийликке келген соң Маленков жаңы курсту (VIII.1953-ж.) сунуштады:

- Жеңил өнөр жайы боюнча - элге керектелүүчү товарларды өндүрүү;
- Азык-түлүк маселесин чечүү үчүн айыл-чарбаны кризистен чыгаруу: айыл-чарба продукциясынын баасын жогорулатуу менен бирге эле, салыктарды төмөндөтүү; колхоз, базарларды өнүктүрүү, айылды техника менен камсыздоо, дың жерлерди өздөштүрүү ж. б.

Маленков жөнүндө дыйкандар – «Дал ушул – биздин кызыкчылыгыбызда !», («Вот этот, за нас!») дешип, анын жалпы эл турмушун оңдоого багытталган саясатына жогору баа беришкен.

Маленков өзүнүн (1953-ж.) докладында БКнын аппаратын бюрократизм, моралдык бузукулук жана паракордук боюнча сынга алган. Өлкөнүн ичине караганда, чет өлкөлөрдө анын аброю жогору болгон. Маленковдун «разрядка» (VIII.1953-ж.) деген сөзү бүт дүйнөгө тарап, аппаратта таң калаарлык ой пикирди жараткан. Ошого карабастан, анын бекем эмес абалы, андан ары бузулган. КПСС БКнын Пленумунда (I.1955-ж.) Хрущев Маленковду

катуу сынга алып, анын Берия менен жакын мамилеси жана «ленинграддык ишке» катыштыгы бар экендиги да айтылган.

Көп узабай, СССР Министрлер Советинин сессиясында (II.1955-ж.), ал расмий түрдө отставкага кетүүнү суранганда, анын суроосу канааттандырылган. Анын ордуна Министрлер Советинин төрагалыгына Н.А.Булганин келип, Маленков болсо электростанциялар министри, СССР Министирлер Советинин төрагасынын орун басары болуп калган, Ошентип, анын саясий карьерасы аяктаган.

Маленковго стратегиялык стержень жетишпеди, эң негизгиси – ишеничтүү саясий таянычынын жоктугу. Бирок, анын идеялары өз мезгилинен он жылга озуп кеткен эле. Анын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында 1950-жылдардын ортосунда айыл-чарбасы стабилдүү өнүгүүгө жетишип, эл аралык мамилелер да жөнгө салынган болчу.

*20.2. Партиянын XX сьезди. Коомдук-саясий турмушту демократизациялоо аракеттери.*

Коомдук турмушта чоң мааниге ээ болгон КПССтин XX съездинде (II.1956-ж.) БКнын отчету, алтынчы беш жылдык пландын директивалары каралуу менен, коомдук-саясий турмуштун демократизациясы башталган. В.М.Молотов, К.Е.Ворошилов, Л.М.Каганович жана Г.М.Маленковдун каршы позицияларынан улам, ал жерде Сталин жөнүндө маселе ачык каралбастан, «Жеке адамдын керт башына сыйынуу жана анын кесепеттери» аттуу доклад съезддин жабык отурумунда окулган. Анда П.Н.Поспелов жетекчилик кылган комиссиянын топтогон маалыматтары болгон, б. а. 1930-1940-жылдары күнөөсү жок белгилүү инсандарды репрессиялап, аларды кыйноо, массалык атуулар жана депортациялар жөнүндө сөз жүргөн. Андан сырткары, айыл-чарбадагы оор абал, согуштун алгачкы күндөрүндөгү

Кызыл Армиянын жеңилүүлөрү жөнүндө сөз болгон. Хрущевдун бул кадамынын мааниси зор болгон. Тоталитардык система, анын коркунучу бир топ жоюлган. ХХ съезд - дүнүйөлүк социализмдин практикасын, эл аралык коммунисттик кыймылдын өнүгүүсүн кайра түшүнүп карообо алып келген.

Партияда саясий топтор түзүлгөн:

1. Сталиндин «каталарын» моюнга алуу менен КПССтин саясий курсун жактагандар;
2. «Көсөмдү» сынга алгандарга каршы болуп, Кытай Компартиясынын курсун жактагандар;
3. Сталинизмди кубулуш катары караган еврокоммунисттер, б. а. аны түшүнүүдө озуп кеткендер.

Мамлекеттик башкарууну децентрализациялоо жана өнүктүрүүнүн негизги багыттары:

- Жергиликтүү Советтердин материалдык-финансылык базасын чыңдоо (I.1957-ж.) боюнча иш-чаралар;
- Профсоюздарды кайрадан түзүү: 47 профсоюз тармагынын ордуна 23 ирилешкен кесиптик уюмдар түзүлүп, алардын укуктары бекемдеген;
- Комсомол жаштардын активдүүлүгү өсүп, ишмердүүлүгү жанданган. 350 миңдей улан-кыздар дың жерлерди өздөштүрүүгө жана чоң курулуш иштерине тартылган;
- Башка коомдук уюмдардын өнүгүүсүнө (көчө жана квартал комитеттери, коомдук тартипти сактоо боюнча милицияга көмөктөш бригадалар, мектептеги ата-энелер комитеттери ж.б.) чоң көңүл бурулган.
- Аппараттагы кызматкерлердин артыкчылыктарына бөгөт коюшу, Хрущевдун өзүнө каршы чектөө болгон;

- 1950-жылдардын экинчи жарымында коомдук-саясий чөйрөдө мыйзамдуулукту калыбына келтирүү саясаты уланып, сот системасындагы реформа ишке ашкан;
- Ушул эле жылдары депортацияланган[122] элдин (чечен, калмык, ингуш, карачай, балкар ж.б.) негизсиз күнөөлөрү алынып, алар мекендерине кайтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Элдердин автономиясы кайрадан түзүлгөн.

Депортация жана репрессия курмандыктарынын масштабы өтө чоң болгондуктан, лидердин кийинки кадамынын багыты төмөнкүлөрдөн көз каранды болгон:
- Хрущевдун реформатор катары аракетинен;
- Башкаруудагы күчтөрдүн жайгашышынан;
- Бардык аракеттерге коомдун реакциясынан ж. б.

Хрущевдун десталинизация саясаты, саясий жана экономикалык чөйрөлөрдөгү көптөгөн кайра куруулары, партиялык-мамлекеттик аппараттын белгилүү бир бөлүгүндө нааразычылыкты туудурду. Анын *популярдуулугунун өсүшү башкарууда антихрущевдук оппозициянын (Г.М.Маленков, В.М.Молотов, Л.М.Каганович, М.Г.Первухин, А.Н.Сабуров, Д.Т.Шепилов, К.Е.Ворошилов, Н.А.Булганин) түзүлүшүнө алып келди.

КПСС БКнын Президиумунун (VI.1957-ж.) отурумунда Молотов жана Маленков күтүүсүздөн Хрущевду биринчи секретарлык кызматынан алуу маселесин коюшат. Президиумдун 11 мүчөсүнөн 7 си (Н.А.Булганин, К.Е.Ворошилов,Л.М.Каганович, Г.М.Маленков, В.М.Молотов, М.Г.Первухин, М.З.Сабуров) анын «коллективдүү башкаруу» принциптерин бузгандыгы жана өзүнүн керт башына сыйынууну орноткондугу үчүн күнөөлөшүп, отставкасын талап кылышат. Бирок, Хрущев баш тартып, маселени БКнын

[122] Deportatio – лат. - изгнание, ссылка – кууп жиберүү, айдап салуу.

Пленумунда кароону сунуштайт. Июнь Пленуму (22-29.VI.1957-ж.), жаңы мүчөлөрдүн колдоосу менен, оппозиционерлердин аракетин фракциялык катары караганда, бардыгы, (Молотовдон башкасы), өз каталарын моюнга алышкан. Маленков, Каганович, Молотов жана Шепилов БКнын курамынан жана Президиумунан да чыгарылган. Булганин - Министрлер Советинин Президиумунун төрагалык кызматынан алынып, БКнын Президиумунун курамынан чыгарылат. Алар, негизинен, партияда да, эркиндикте да калышканы менен, Москвадан алыс айдалат: Молотов - Монголияга элчи болуп кетсе, Маленков - Усть-Каменогорский, кийин Экибастуз электростанцияларынын директорлук кызматын аркалайт.

БКнын Президиумуна Хрущевду толук колдогон Л.И.Брежнев, Е.А.Фурцева, Ф.Е.Козлов киргизилген.

К.Е.Ворошилов, СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагалыгынан бошоп, анын ордуна Л.И.Брежнев келген. СССРдин Коргоо министри Г.К.Жуковдун ордуна, Хрущевдун тууганы Р.Я.Малиновский дайындалган.

Ошентип, бир эле мезгилде эки кызматты аркалап, өз колуна жогорку партиялык жана мамлекеттик бийликти топтоштурушу менен, Хрущевдун керт башына сыйынуу да калыптанат:
- КПСС БКнын биринчи секретары (1953-1964-жж.);
- Министрлер советинин төрагасы (1958-1964-жж.).

Сталинден айырмаланып, Хрущев авторитарист болбогон жана саясатта репрессиялык ыкманы колдонбогон. Ал өз ишмердүүлүгүндө совет элине тынчтык жана бейпилдик берүүнү максат кылган. Тилекке каршы, ал да аны мактап-жактоолорго туруштук бере албады. 1960-жылдары анын

адресине мактоолор күчөдү. Ал өз кульминациясына 70 жылдык маарекесинде жетти (IV.1964-ж.).

КПССтин кезексиз XXI съезди (I-II.1959-ж.), ишке ашпай калган алтынчы беш жылдыктын ордуна жетинчи (1959-1965-жж.) беш жылдык планды кабыл алып, СССРде социализм толук жеңди жана өлкө коммунизмди куруунун «кеңири жайылган» мезгилине өттү деген саясий тыянак чыгарды.

XXII съездде (X.1961-ж.) партиянын жаңы, үчүнчү программасы - 1980-жылга карата коммунизмди куруу программасы кабыл алынган. СССРдеги пролетариат диктатурасынын мамлекети - жалпы элдик мамлекетке айланды делген. Съезд КПССтин жаңы Уставын кабыл алып, анда баштапкы партиялык уюмдардын укугу кеңейтилген.

### *20.3. Экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү кайра түзүүлөр, жаңылануулар.*

1950-жылдардын экинчи жарымында өлкөнүн экономикасында өзгөрүүлөр башталат. Айыл-чарбада бул жаңылануулар төмөнкү себептер менен түшүндүрүлөт:

- 1920-жылдардан баштап, кыштак - шаардын сырьелук базасы катары өнүккөн;
- Азык-түлүк алмашуу эквиваленттүү болбогон;
- Айыл-чарбадагы чыгаша, кирешеден көп болгон;
- Салыктардын көптүгү;
- МТСтердин кызматынын кымбаттыгы;
- Айыл-чарба ишканалары катуу көзөмөлдөнгөн;
- Эмгек акынын төмөндүгү ж. б.

Жаңы милдеттерди чечүүдө агрардык жаңы саясатты иштеп чыгуу демилгеленип, ал КПСС БКнын Пленумунда (IX.1953-ж.) бекитилген. Борбордук орунду төмөнкүлөр ээлеген:

- Айыл-чарба өндүрүшүнө капиталдык салымды көбөйтүү - 1955-жылы 7% болсо, 1956-жылы 18% чейин жеткирилген;
- Айыл-чарба продукциясына мамлекеттик баа жогорулатылган;
- Салык салуунун жаңы системасы киргизилип, дыйкандардын өздүк салыгы төмөндөтүлгөн.
- Айыл чарбасы жаңы техникалык каражаттар менен камсыздала баштап, колхоздордун өз алдынчалуулугу кеңейтилген.
- Түштүк Урал, Сибирь, Казакстанда дың жерлерди өздөштүрүү башталган ж. б.

Реформалардын башталышы оң жыйынтыктарды алып келди - үч жылда айыл-чарба 25% өстү.

Колхозчулардын өкүлдөрү менен жолугушууда (V.1957-ж.) Хрущев, “Американы кууп жетип, озуп өтүү” /«Догнать и перегнать Америку»/ чакырыгын айтып чыккан. 1957-1959-жылдары өлкөдө административдик реформалардын жана кампаниялардын сериалдары (“жүгөрү”, “эт”, “сүт” рекорддору) болуп өттү:
- МТСтер жоюлуп (1957-ж.), колхоздордун менчигине берилген;
- Колхоздорду ирилештирүү жүргүзүлгөн;
- Айыл-чарбаны башкаруу (III.1962-ж.) өзгөртүлүп кайра түзүлгөн;
- Райондордо колхоз-совхоздук башкаруу (КСУ) киргизилген ж. б.

1950-1960-жылдардагы реформалар айыл-чарбадагы абалды жакшыртпастан, тескерисинче, кризисти андан ары күчөткөн. 1963-жылы СССРдин тарыхында биринчи жолу дан чет өлкөдөн сатылып алынган.

Айыл-чарбадагы кризистин себептери:

- Агрардык тармакты каржылоо каражатынын жетишсиздиги. 97 млрд. рубль айыл-чарбаны өнүктүрүүгө бөлүнсө, анын 30,7 млрд. рубли дың жерлерди өздөштүрүүгө кеткен;

- Айылга аяр мамиле саясатынан четтегендиктен, колхозчулардын айылды өнүктүрүү кызыкчылыгы жоголгон. Колхоздорду ирилештирүү, МТСтердин жоюлушу, жүгөрүчүлүккө артыкчылык берүү (1955-62-жылдары жүгөрү талаалары 2 эсеге, б. а. 18 ден 37 млн. гектарга жеткирилген), өзүнүн терс таасирин тийгизген.

- Советтик кыштактарда кризис тереңдеп, колхоздук түзүлүштө өзгөрүүлөр башталуусу менен, жарандар паспорт алып, шаарга карай агылгандыктан, айыл калкынын саны азайган;

- Башкарууда, экономика тармагын өнүктүрүү багытында айкын концепция болгон эмес;

- 1950-жылдардын экинчи жарымында илимий-техникалык прогресстин ролу чоң маселеге айланды. КПСС БКнын Пленуму (IX.1953-ж.), өндүрүшкө илим жана техниканын жаңы жетишкендиктерин сүңгүп киргизүү зарылдыгына көп көңүл бурган. Космосту өздөштүрүү, эл чарбасын химиялаштыруу ж. б. илимий техникалык прогресс багыттары ири мамлекеттик программаларда бекемделди. Өнөр-жай жана курулуш башкаруусун кайра куруу жөнүнүдө мыйзам (1957-ж.) кабыл алынып, башкаруунун негизги уюмдук формасы катары – Эл чарба Советтери түзүлдү. Өлкөнүн өнөр жайы сапаттуу жаңы тепкичке көтөрүлгөнү менен, реформалардын натыйжасы көпкө созулбады.

Социалдык чөйрөдө элдин ал-ахыбалын жогорулатуу боюнча бир катар иш-чаралар өткөрүлгөн:

- Өспүрүмдөргө 6 сааттык жумуш күнү белгиленген;

- Мамлекеттик пенсия жөнүндө мыйзам (VII.1956-ж.) кабыл алынып, пенсия 2 эсеге жогорулатылган.
- Турак-жай, социалдык, маданият комплекстеринин курулушунун масштабы өскөн;
- 1958-1964-жылдары билим берүү тармагында реформа жүргүзүлүп, орто билимдүүлөр жогорку окуу жайларында билимин уланта алышкан. Жумушчу кол жетишпегендиктен, сегиз жылдык мектепти бүткөндөр, кесиптик техникалык окуу жайларына (ПТУ) же техникумдарга тапшырып, кесипке ээ боло алышкан;
- 1950-жылдардын аягында социалдык *структурада өзгөрүү болгондугу Бүткүл союздук калк каттоодо чагылдырылган. Калктын саны 1939-жылы 190,7 млн. болсо, 1959-жылы - 208,8 млн. болгон. Жумушчулардын саны өсүп, айыл калкынын үлүшү кыскарган.
- 1962-жылы Новочеркасскта социалдык чыңалуунун натыйжасында демонстрация болуп, ал бийлик тарабынан басылган.

Советтер Союзунун партиялык көсөмдөрү космосту багындырууну алдыңкы орунга коюп, 1950-жылдардын экинчи жарымынан, алгач, ал жакка жаныбарларды учуруу менен сыноо жүргүзүлгөн. Космос мейкиндигин биринчи багындыргандардын катарында (12.04.1961-ж.) Ю.А.Гагарин (1934-1968-жж.), андан соң - Г.С.Титов (1935-2000-жж.) болушкан (06-07.08.1961-ж.).

Кийинки жылдары космос мейкиндигине экиден же жуп космонавттар - П.Р.Попович (1930-2009-жж.), А.Г.Николаев (1929-2004-жж.) учурулуп (VIII, 1962-ж.), кийинки жылы – аял-эркек командасы - В.Ф.Быковский (1934-2019-жж.), В.В.Терешкова (1937-ж. т.) чексиз ааламга саякат жасашкан (VI, 1963-ж.).

1962-жыл - «Хрущев желаргысынын» (“оттепель”) аяктаган мезгили деп эсептелинет.

Ошентип, Хрущев, социалдык-экономикалык чөйрөдө айкын программасыз эле, узакка созулган, масштабдуу иштерди баштаганы байкалат. Өлкөнүн башында турган жогорку даражадагы адамдардын билими төмөн эле. Ал өзү да туура (грамотно) жазганды билген эмес, жана Сталинден айырмаланып, өзүнүн билиминин үстүнөн иштеген эмес.

*20.4. Тышкы саясий курсту либерализациялоо.*

КПССтин XX съезди (II.1956-ж.) жаңы тышкы саясий концепция сунуштап, ар кандай мамлекеттик түзүлүштөгү өлкөлөр менен тынчтык мамиледе болуу жана «пролетардык интернационализм» принцибине таянуу менен, социализмди куруунун көп *варианттуу жолдорунун бирин ыктыятардуу тандап алуу мүмкүнчүлүгү тастыкталган. СССРдин Тышкы иштер министрлигинин башчылыгына А.А.Громыко келген (1957-ж.).

Тышкы саясаттагы негизги багыттар:

- «Социалисттик лагердеги» өлкөлөр менен мамиле;
- Батыш өлкөлөрү менен мамилелер;
- «Үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүнө жардам көрсөтүү;
- СССР - тынчтык үчүн жана куралсыздандыруу үчүн күрөштө;

Социалисттик багыттагы өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык мамилелер СЭВ (Совет экономической взаимопомощи) тарабынан жөнгө салынган. ФРГнын НАТОго кириши (1955-ж.) менен, ага жооп катары, СССР, Польша, Румыния, Албания, Венгрия, Чехословакия, ГДР республикаларынын мүчөлүгү менен Европада согуштук-саясий уюм - Варшава Келишиминин Уюму (ОВД) түзүлгөн. Анын милдеттери:

- ОВД мамлекеттеринин коопсуздугун камсыздоо менен Европада тынчтыкты сактоо боюнча кызматташуу;
- Эл аралык маселелер боюнча кеңешүү жана конфликттерди тынчтык жолу менен чечүү;
- Өзүнчө башкаруудагы бириккен куралдуу күчтөрдү түзүү;
- Тышкы саясий маселелерди Саясий Консультативдик Комитет караган.

Ошентсе да, мамлекеттердин ортосунда конфликттик абалдар болуп турган. Советтик аскерлер ГДРдеги эмгекчилердин көтөрүлүшүн басууга (1953-ж.) катышкан. Кризистен кийин СССР ГДРден калган репарацияларды алуудан баш тарткан. Польша менен Венгрияда да саясий кризис ОВДнын күчү менен (X.1956-ж.) басылган.

1950-жылдардын аягында Кытай менен мамиле татаалдашкан. КЭРдин башкаруучулары советтик аскердик базаны өз аймагында жайгаштыруудан баш тартышканда, жооп катары, СССР, өлкөлөр ортосунда өзөктүк физика тармагындагы кызматташтыкты үзгөн.

АКШ башында турган батыш державалар СССРди саясий система катары курчоого алуу, «социалиалисттик лагерде» таасирин кармоо жана колониялык элдердин улуттук-боштондук кыймылдарын тизгиндөө максатында согуштук-саясий блокторду (мис., НАТО – 1945-ж.; СЕАТО - 1954-ж.; СЕНТО[123] – 1955-ж.) түзүүнү уланткан. Австрия, ФРГ, Япония менен дипломатиялык мамилелер (1954-1956-жж.) калыбына келген.

---

[123] CENTO – Central Treaty Orqanization – АКШ жана Улуу Британиянын демилгеси менен Жакынкы жана Орто Чыгыштагы, Турция, Ирак, Иран, Пакистан өлкөлөрүнүн катышуусунда түзүлгөн согуштук-саясий блок. Иран жана Пакистан чыгып кеткен соң, бул уюм 1979-жылы ишин токтоткон.

1959-жылдын сентябрь айында Н.С.Хрущев АКШнын президенти Д.Д.Эйзенхауэр менен жолугушуп, Чыгыш жана Батыш өлкөлөрү, Германия жөнүндө маселелер талкууланган. Алардын ичинде:

- ФРГнын чек арасы жөнүндө;
- СССР ФРГнын НАТОго кирүүсүнө каршы чыккан;
- ФРГ менен ГДРдин ортосунда мамиле курчуп, эки мамлекеттин ортосунда «Берлин дубалы» (13.VIII.1961-ж.) тургузулган.

«Кансыз согуш» өз кульминациясына жетип, «Кариб кризиси» башталат. АКШ Кубага толук экономикалык блокада (II.1962-ж.) орноткондо, СССР өкмөтү «Эркиндик аралына» советтик ракеталарды жайгаштыруу боюнча чечим кабыл алат. 1962-жылдын күзүндө каршы туруулар өзүнүн туу чокусуна жетип, бир нече күн бою дүнүйө жүзү АКШ жана СССРдин ортосундагы ядролук согуш чегинде турду. Кубадан советтик ракеталар, Турциядан америкалык ракеталар чыгарылуусу менен, АКШнын Кубага согуштук интервенциясына жол берилбей, чиеленишкен конфликт чечилген. АКШнын президенти Дж.Кеннеди жана Министрлер Советинин төрагасы Хрущевдун мындай оор абалды сүйлөшүүлөрү үчүн телефон байланышы орнотулган.

СССР, капиталисттик мамлекеттердин башында турган АКШ менен мамилесинде бир катар демилгелердин ээси болду:

- Атомдук, водороддук, ядролук сыноолорго мораторий коюлду;
- Куралдуу күчтөрдү кыскартуу иштери жүргүзүлгөн (1955-жылы - 5,8 млн. адамдан, 1960-жылы - 2,5 млн. адамга чейин кыскарган);
- Суу астында, суу үстүндө, абада колдонулуучу куралдарды кыскартуу жана жок кылуу;

Өнүгүп келе жаткан үчүнчү дүйнө мамлекеттерине (Индия, Индонезия, Бирма, Афганистан, Египет ж. б.) жардам иретинде өнөр-жай жана айыл-чарба объекттери курулуп берилген.

- Көз карандысыздык үчүн күрөштө Вьетнамга согуштук жана дипломатиялык жардам көрсөтүлгөн;
- Египетте Суец каналы жана Асуан плотинасы курулган (1956-ж.);
- Улуттук-боштондук үчүн согушта Алжирге колдоо (1954-1962-жж.) көрсөтүлгөн;
- Кубага ар тараптуу жардам берилип, Ф.Кастронун билдирүүсү боюнча Куба “Эркиндик аралы” (1959-ж.) деп жарыяланган;
- Африка континентинде «Африка жылы» (1960-ж.) белгиленип, андагы 17 өлкө көз карандысыздыгын жарыялаган.

СССРдин тынчтык саясаты, анын куралдуу күчтөрүнүн кыскарышында жана ядролук куралдарды сыноону токтотуудан (1958-ж.) көрүнгөн.

АКШ, СССР жана Улуу Британия ортосунда ядролук сыноолорду 5 жылга тыюу салуу боюнча келишимге кол коюлуп (1958-ж.), кийинчерээк ага 100 дөн ашуун мамлекет кошулган.

Тышкы саясий курстун либерализациясы мамлекеттердин ортосундагы мамилелердин жаңы формаларынын пайда болуусу менен тыгыз байланыштуу. СССРдин башкаруучулары башка мамлекеттин башкаруучулары менен түз байланышка чыгуусу өнүккөн. Өз ишмердүүлүгүндө Хрущев тышкы саясатында курал-жаракты кыскартуу жана ядролук куралдын сыноосун токтотууну негизги милдет кылып алган эле.

Москвада СССР,АКШ жана Англия ортосунда ядролук куралдардын сыноосуна тыюу салуу жөнүндө келишимге (1963-ж.) кол коюлуп, анда ядролук куралды атмосферада, космос мейкиндигинде жана суу астында сыноону биротоло токтотуу каралган.

Ошентип,1950-жылдардын ортосунан 1960-жылдардын башына чейин тышкы саясатта либерализация курсу байкалган. Башка өлкөлөр менен саясий жана экономикалык байланыштын кеңейиши, мамлекет башчыларынын өздүк контакттарынын өнүгүүсү эл аралык абалдын, кыска убакытка болсо да, жумшарышына алып келди. Бирок, СССРдин империялык дооматтары (претензия) Батышта да,Чыгышта да бир кыйла чыңалуу абалын туудурган.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. СССР 1953- 1964- жылдардагы социалдык-экономикалык абалга токтолуңуз.
2. Н. С. Хрущев жана анын “жел аргы” мезгилине баа бергиле.
3. Бийлик үчүн күрөш жана башкаруу структурасындагы реорганизация кандай болгон?.
4. Партиянын XX съездин баяндагыла.
5. Коомдук- саясий турмушту демократизациялоо аракеттери кандай жүрдү?
6. Экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү кайра түзүүлөр, жаңылануууларга баа бергиле.
7. Тышкы саясий курсту либерализациялоо кандай жүрдү?

## 21.0. СССРдин «сенектик» жылдардагы (1965–1985-жж.) өнүгүүсү.

*21.1. Саясий курстун өзгөрүүсү жана конституциялык курулуш;*

*21.2. Экономикалык жана социалдык өнүгүүдөгү карама-каршылыктар;*

*21.3. Эл аралык абал;*

*21.4. Укук коргоочулук кыймылдар;*

*21.5. «Кайра куруу» астындагы бийлик жана коом. Экономикалык кризистин себептери.*

*21.1. Саясий курстун өзгөрүүсү жана конституциялык курулуш;*

1960-жылдардын ортосунан 1980-жылдардын ортосуна чейинки мезгилди коммунистик перспективаны колдогон советтик адабияттарда «өнүккөн социализм» доору деп атап келишкен болсо, «Кайра куруу» жана кризис жылдарында бул мезгил «сенектик»[124] жылдары  деп аталды.

Учурдагы изилдөөлөрдө ошол жылдары коомдун ар кандай чөйрөсүндөгү татаал жана көп пландуу процесстерге ар түрдүү баа беришкен.

Ал мезгилди 2 этапка бөлүп келишет: 1964-1968-жж. жана 1968-1985-жж.

Мында эки тенденциянын – демократиялык жана консервативдик күчтөрдүн күрөшү орун алган. Консервативдик[125]  тенденциянын жеңиши менен коомдогу

---

[124] “Застой” – топтание на месте, чуть ли не движение вспять – бир орунда баса берүү, же, ошол эле мааниде – алдыга жылбастан артка кетенчиктөө.

[125] Консерватизм – фр. жана лат. - орус тилинде - “сохранять” – сактап туруу.

жашоонун бардык чөйрөлөрүндө негативдүү кубулуштар байкалат. Алар:
- Калктын оппозициялык маанайы жогорулаган;
- Эл аралык аренада СССРдин аброю төмөндөгөн.

Саясий курстун алмашышы жана конституциялык курулуш.

КПСС БКнын Октябрь Пленумунда (14.X.1964-ж.) Хрущев бардык мамлекеттик жана партиялык кызматтардан четтетилет. Ага төмөнкү күнөөлөр коюлган:
- Экономика кыйроо абалына келген;
- Партиялык жана советтик органдардын ролу төмөндөгөн;
- Совет коомунун бардык чөйрөлөрүн жалгыз өзү башкарууга умтулган ж. б.

Н.С.Хрущевдун четтетилиши менен коомдук-саясий турмуштун либерализация курсу токтоп, бийликке жаңы башкаруу келди.

КПСС БКнын биринчи катчылык кызматы жана СССР Министрлер Советинин төрагалык орундары бөлүнгөн.

КПСС БКнын биринчи катчылыгына (1968-ж. тартып КПСС БКнын Генералдык секретары) Л.И.Брежнев келип, ал кооптуу, консервативдүү, коомдогу стабилдүүлүккө умтулган башкаруучу болгон. СССР Министрлер Советинин төрагалык кызматына А.Н.Косыгин келген.

Бийликти колго алган Брежневдин «командасынын» бирдиктүү позитивдүү программасы болбогондуктан, ишмердүүлүк үч багыттын күрөшү менен жүргөн.

А.Н.Косыгин жана Ю.В.Андропов экономикалык жана коомдук-саясий турмуштагы реформатордук курсту улантуу жана ошол системаны бекемдөө керектигин айтып чыгышса, Л.И.Брежневдин типтүү «аппаратчик»катары белгилүү саясий платформасы болбогон. Ал эми М.А.Суслов, А.Н.Шелепин –

мурунку консервативдик өнүгүү жолун жактап, десталинизация саясатына жана реформаларга каршы чыгышкан.

Н.С.Хрущев кеткендин кийин акырын түрдө Сталинди «реабилитация» мезгили башталган. Анын образы көркөм адабияттарда, кинофильмдерде, мемуарларда, басма сөз беттеринде кезиге баштайт. Репрессия курмандыктарын реабилитациялоо да акырындык менен күн тартибинен алынган.

Консервативдик курсту жактоочулардын ишмердиги төмөнкү багыттарда көрүнгөн:

- Тышкы саясатта – «Прага жазы» жана Чехословакияга социалисттик лагердин аскерлеринин (VIII. 1968-ж.) киргизилиши;
- Саясий жана маданий турмушта – цензуранын күчөшү жана саясатка туура келбеген башка ой-пикирлер менен күрөш;
- Экономикада – эл-чарбалык механизм реформалары артка кетенчиктеген;
- Идеология жана коомдук илимдерде - консервативдик догматикалык тенденция күчөгөн. 1970-жылдары СССР өтө өнүккөн өлкөлөрдөн ашып кетүүсү зарыл болсо, 1980-жылдары – коммунизмдин материалдык-техникалык базасын куруу каралган болчу.
- Л.И.Брежнев тарабынан сунушталган (1967-ж.) «Өнүккөн социализм» концепциясы киргизилип, анын негизги жоболору:
- Коммунизмди куруу перспективасы жөнүндө теориялык жоболор өз күчүндө калган;
- Коомдогу кризистик көрүнүштөрдү бул процесстин өнүгүүсүндө сөзсүз түрдө карама-каршылыкка алып келе турган кубулуш катары кароо экендиги;

- СССРдин курамындагы республикалардын бирдей деңгээлде, теңдеш өнүгүүсүнө (саясий, социалдык-экономикалык жана маданий) жетишип, улуттар аралык маселелердин чечилишин белгилөө;
- Коомдо - «Совет эли - бирдиктүү жаңы тарыхый жалпылык» катары түзүлгөндүгү тууралуу жобо бекемделген;
- Идеологиялык жактан – коммунисттиктен башкача ой-пикирлерге каршы күрөш жүргүзүлгөн.
«Өнүккөн социализм» концепциясынын активдүү жүргүзүүчүлөрү - Л.И.Брежнев, Ю.В.Андропов жана К.У.Черненко болгон.

СССР Жогорку Советинин жетинчи сессиясынын онунчу чакырылышында Жаңы Конституция (07.Х.1977-ж.) кабыл алынды.

Киришүү бөлүмүндө – Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан тартып өлкөнүн тарыхынын негизги этаптарына кыскача мүнөздөмө берилген. «Өнүккөн социализм» түшүнүгүнө аныктама берилген жана элдердин жаңы тарыхый жалпылыгы – «совет элинин» түзүлгөндүгү айтылган.

Конституция 9 бөлүмдөн туруп, 21 бап жана 174 беренени камтыган.
I бөлүмдө СССРдин саясий-экономикалык системасынын мүнөзү жана мазмуну аныкталып, социалдык жана маданий мамилелер, тышкы саясаты жана мекенди коргоо принциптери көрсөтүлгөн;
2-,3-беренелерде – мамлекеттик бийлик - Эл депутаттар Совети шайлаган өкүлдөр тарабынан ишке ашышы айтылган. КПССтин жана коомдук уюмдардын ролу (комсомол, профсоюз) аныкталган;

6-беренеде - Совет коомунун башкаруучусу жана багыттоочу күчү катары КПССтин ролу мыйзамдаштырылган;
II жана III бөлүмдөрдө – граждандардын укуктары жана милдеттери, мамлекет менен өз ара карым-катнашы көрсөтүлгөн. СССР - бул 15 Советтик Социалисттик Республикалардын эркин союзунан турган улуттук-мамлекеттик түзүлүш экендиги белгиленген.
IV бөлүм – советтик системанын мүнөзүнө арналып, шайлоо системасы, эл депутаттарынын статусу, алардын ишмердүүлүк чөйрөсү жөнүндө болгон.
V жана VI бөлүмдөр – СССРдеги мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органдарынын түзүмү жана функциясы, союздук республикалардын жана жергиликтүү бийлик органдарынын статусуна арналган.

Мамлекеттик бийликтин Жогорку органы катары СССР Жогорку Совети жарыяланып, ал эки тең укуктуу палатадан - Союздар Совети жана Улуттар Советинен турган.

СССР Жогорку Советинин Президиуму болсо сессиялар аралыгында дайыма иштеген. Союздар Советинин жана Улуттар Советинин жумушчу органы болуп депутаттардын ичинен шайланган туруктуу комиссия эсептелген.

Эң жогорку аткаруу бийлиги болуп – Министрлер Совети – СССРдин Өкмөтү эсептелген.

Конституциянын акыркы бөлүмүндө – сот, арбитраж, адвокатура, прокурордук көзөмөл, мамлекеттик атрибуттар (герб, желек, гимн) каралган.

СССРдин Конституциясы (негизги мыйзам) кабыл алынаары менен (07.X.1977-ж.) ишке киргизилди.

Жаңы Конституция боюнча мамлекеттин структурасы өзгөрүүсүз калган, башкача айтканда:

СССР Жогорку Совети - Закон чыгаруучу орган;

СССР Министрлер Совети – Аткаруучу орган боюнча калган.

Коомдук саясий турмуштун өнүгүшүндө 2 тенденция (демократиялык жана антидемократиялык) байкалган. Бир тараптан, 1970-жылдары жана 1980-жылдардын башында коомдук уюмдардын саны кескин өскөн (профсоюз, комсомол, элдик көзөмөл, техникалык чеберчилик, аялдар ж. б.). Экинчи тараптан, бардыгы партиялык уюмдардын көзөмөлү астында болуп, 1980-жылдардын башында акырындык менен "партия – бул мамлекет" системасы түзүлгөн. Анын негизги аспекттери:

- Бийликти бөлүштүрүү принцибин четке кагуу;
- Парламентаризмдин жоктугу;
- Саясий монополия, б. а. партиялык структура мамлекеттик аткаруу бийлигин да өз колуна алып, иш жүзүндө, Советтерди да, сот бийлигин да баш ийдирип алды.

Мамлекеттик кызматка келип, андан ары көтөрүлүш үчүн партияга мүчө болуу шарт болгон. Ал, партиялык номенклатурага[126] өтүүгө чейин улана берип, тизмеге киргизилгендер партиялык ишмердүүлүк менен гана эмес, Советтер чече турган маселелерде да, жалпы өлкөнү башкарган бүткүл союздук, республикалык, областтык, райондук деңгээлдеги жогорку катмар – үстөмдүк кылуучу катмар болуп саналган. Алар моралдык жактан да, материалдык жактан да өзгөчө артыкчылыктарга (өздүк дача, жеңил автомашина, квартира, чет өлкөлөргө сапарлар, азык-түлүк жана өнөр-жай товарлары, жогорку деңгээлдеги

[126] Nomenclatura – лат. – тизмек, жогорку даражалуу адамдардын тизмеги. Партиялык номенклатура – социалисттик коомго мүнөздүү, башкаларга караганда артыкчылык укуктарга ээ болгон партия мүчөлөрүнүн катмарынын өзгөчө тизмеги.

медициналык кызмат ж. б.) ээ болуп, көзөмөлдүн жоктугунан, айрым региондордо партиялык жана мамлекеттик жетекчилердин кылмыштуулугуна (массалык артыкчылык даража берүүлөр, юбилейлер ж. б.) өбөлгө түзгөн.

Ошентип, «өнүккөн социализм» доорунда, партиялык номенклатуранын корпоративдик ишмердиги мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктардан да жогору турган. Жогорку даражадагы кызматкелердин кылмышкерлиги (уурулук жана паракорчулук) кескин өсүп, уюшулган кылмыштуулук («мафия») калыптанган. Алардын катарында чуулгандуулары: СССР тышкы соода министри – В.Н.Сушков, Өзбекстан КП БКнын биринчи катчылары – Ш.Рашидов жана И.Усманходжаев, Молдавия ССР Министрлер Советинин төрагасынын орун басары – В.К.Вышку ж. б.

Партиянын съезддери (XXIV - 1970, XXV - 1975, XXVI - 1980) өзгөчө салтанаттуу, парад белгиси менен өткөн. Социалисттик саясаттан теория биротоло алыстай баштайт. Проблемалалар өскөн жана тереңдеген, бирок аны чечүү аракеттери көрүлбөгөн. Болгону, пафостуу үндөр менен жетишкендиктер жөнүндө курулай, калп сөздөр айтыла берген.

1970-80-жылдары саясий элита биротоло турукташып, аны өз ичинен толуктоо аяктап, өзгөчө укуктуу кастага айланат. Турмуштун бардык чөйрөлөрүндө реформаларды жана жаңылануулурды жүргүзгөнгө «турукташып» (“стабилдешип”) калган жетекчиликтин мойну жар бербей калган.

«Картайган» жетекчилик тарабынан саясий консерватизм андан ары тереңдеди. 1980-жылы башкаруунун өзөгү болгон Саясий бюро мүчөлөрүнүн орточо жаш курагы 71 жашты түздү. Л.И.Брежнев (1906-1982-жж.) - КПСС БКнын

Генералдык Секретары; А.Н.Косыгин (1904-1980-жж.) – СССР Министрлер Советинин төрагасы, андан кийин 1980-1985-жылдары - Н.А.Тихонов (1905-1997-жж.); БКнын идеология боюнча секретары М.А.Суслов (1902-1982-жж.) ж. б. атасак болот. Мында Брежневдин өздүк бийлигинин бекемделиши негизги тенденция болду. 1960-жылдардын аягына чейин Хрущевди бийликтен кетиргенге салымын кошкон саясий элита менен биргеликте эсептелсе, андан соң кээ бир лидерлер (В.Е.Семичастный, А.Н.Шелепин, Г.И.Воронов, П.Е.Шелест, Н.В.Подгорный ж.б.) пенсияга чыгарылган же экинчи орундагы кызматтарга тургузулган.

1980-жылдардын башында Брежнев менен бийликке келгендердин ичинен, саясий аренада, болгону Ю.В.Андропов (1914-1984-жж.) жана Д.Ф.Устинов (1908-1984-жж.) калган. Чыккандардын орду Брежневдин «Днепропетровскто» бирге иштеген («днепропетровская мафия») жакындары менен толукталган. Алардын арасында А.П.Кириленко (1906-1990-жж.), К.У.Черненко (1911-1985-жж.), Н.А.Щелоков (1910-1984-жж.; Ички иштер министри), Д.А.Кунаев (1912-1993-жж.; Казахстан КП БКнын биринчи секретары) жана башкалар бар эле.

Сталинден жана Хрущевдон айырмаланып, Брежнев бийликти аярлык менен колдонгон. Титулдарды жана сыйлыктарды коллекциялоо анын «талуу» чекити болуп, алгач «жаш генсек» аны бийлигин бекемдөө үчүн колдонсо, бара-бара анысы максатка айланган. СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагалык (VI.1977-ж.) кызматын да колуна алып, Советтер Союзунун Баатыры (1966, 1976, 1978, 1981-жж.), Социалисттик эмгектин Баатыры (1961-ж.), “Жеңиш” ордени, 8 жолу Ленин ордени, 2 жолу Октябрь Революциясынын ордендери менен сыйланган. Адабият

тармагында («Малая земля», «Возрождение», «Целина» трилогиялары үчүн) Ленин сыйлыгынын ээси (1979-ж.) болгон. Жеңиштин 30 жылдыгына армиянын генералы (1975-ж.), бир жылдан кийин Советтер Союзунун Маршалы (1976-ж.) болот. Жалпысынан ал 117 советтик жана чет өлкөлүк сыйлыктардын ээси болгон. Акырындык менен, Брежневдин керт башына сыйынуу башталат, бирок, ал «инсансыз» сыйынуу эле. Калың элдин катмарында «Генсек» оорулуу жана ачык-так жана даана сүйлөй албаганы менен күлкүгө айланат. БКнын мүчөлөрү да сыйлабай калды, себеби, ачык эле жасакерчилик (подхалим) кылышкан.

Ошону менен бирге эле, коомдо моралдык абал бузулат. Совет коомунда эки мораль, жашоонун эки стандарты – официалдуу жана реалдуу - өкүм сүргөн. Бийликтин аброю (престиж) түшүп, араккечтик күчөп, айтканы менен кылганы туура келбей калган.

Ошентип, 1960-жылдардын ортосунан – 1980-жылдардын башына чейин либералдык саясаттан консервативдик саясатка өтүү байкалып, ал командалык-административдик системанын бекемделиши менен жүргүзүлөт.

*21.2. Экономикалык жана социалдык өнүгүүдөгү карама-каршылыктар.*

1950-жылдардын аягы - 1960-жылдардын башындагы эл чарбасындагы экономикалык реформалар жана кайра түзүүлөр позитивдүү өнүгүүнү камсыз кыла албады:
- Эл чарбасы экстенсивдүү мүнөздө өнүктү;
- Экономикалык өнүгүүнүн темпи төмөндөдү;
- Улуттук кирешенин өсүүсү басаңдады;
- Эмгек өндүрүмдүүлүгү төмөнкү деңгээлде болду;
- Бүтпөгөн курулуштар көбөйдү;

- Керектөөсүз, сатылбаган товарлар көбөйгөн.

Ошентип, эл чарбасында административдештирүү (тармактык принциптен – аймактык башкаруу принцибине өтүү, жаңы уюмдук структуралардын түзүлүшү) менен өсүү болбогондугун Хрущевдук реформалар тастыктады.

Экономикалык реформалоо жолунда 2 көз караш пайда болгон:

- Экономикалык жана социалдык өнүгүү багытында, биринчи кезекте, айыл-чарба өнүгүшүнө басым жасап, андан соң оор өнөр-жайына көңүл буруу керек экендигин Л.Брежнев белгилеп кетсе;
- А.Косыгин, алгач жеңил өнөр-жайын өнүктүрүп алуу зарылдыгын айткан.

Ири мамлекеттик комитеттер (Госкомцен, Госснаб, Госком по науке и технике) түзүлдү. КПСС БКнын март жана сентябрь (1965-ж.) Пленумдарынын чечимдери реформаны баштоо башаты болуп, Март Пленуму айыл-чарбасын башкаруу механизмине көңүл бурду:

- Пландоонун жаңы тартиби киргизилди;
- Сатып алуу баалары жогорулады;
- Капиталдык салымдар көбөйтүлдү;
- Улуттук киреше айыл-чарбасынын пайдасына кайрадан бөлүштүрүлдү;
- Айылдарда социалдык маселелерди чечүүгө багытталган иш-чаралар көбөйтүлдү;
- Салыктар кыскарды;
- Жеке чарба жүргүзүүдө чектөөлөр алынып салынды;

Айыл-чарбасын реформалоо 1977-1978-жылдары да улантылып, ал колхоз-совхоздорду гана эмес, тамак-аш ишканаларын, илим-изилдөө лабораторияларын да кучагына алды. 1982-жылы «Азык-түлүк программасы»

(«Продовольственная программа») кабыл алынып, анда агро-өнөр жай комплекстерин (АПК) түзүү каралды.

Колхоз-совхоздорду өндүрүштүк тармактар аркылуу тейлей турган уюшумдуу кооперациялар, райондордо болсо агро-өнөр-жай бирикмелери (РАПО) түзүлгөн.

СССРде Мамлекеттик деңгээлде агроөнөр-жай (1985-ж.) тармагы түзүлүп, айыл-чарбасын өркүндөтүүгө бардык күч жумшалса да, ал экономиканын эң төмөн тармагы бойдон кала берген. 15 жыл ичинде өлкөдө 8 жолу түшүмсүз жылдар (1969, 1972, 1974, 1975, 1979, 1980, 1981, 1984-жж.) катталды. Бир гана жаратылыш-климаттык шарттар кесепетин тийгизбестен, мында эмгекти уюштуруу да начар болгон.

КПСС БКнын сентябрь Пленуму (1965-ж.) – өнөр жайды башкарууда (акыркы 20-жылдан бери) радикалдуу чечимдерди кабыл алды. Экономикалык рычагды күчөтүп, чарбалык звено катары ишканалардын өз алдынчалыгын кеңейтүү каралган. Ага Е.Г.Либерман жетектеген экономисттердин тобу иштеп чыккан чарбалык реформа негиз болуп, анын негизги жоболору төмөнкүлөр:

- Жогорудан келип түшүүчү милдетүү көрсөткүчтөрдүн саны кыскартылган;
- Кирешенин бөлүгү ишканага калтырылып, ал социалдык-маданий өнүгүүгө, өндүрүштүн өзүн-өзү каржылай ала турган материалдык стимулдаштыруу фондун түзүүгө керектелген;
- Чарбалык эсеп (хозрасчет) жайылтылып, өндүрүш фонддорун пайдалангандыгы үчүн бекем төлөмдөр киргизилген;
- Өнөр-жай ишканаларын курууну кредиттердин жардамы менен каржылоо каралган;
- Ишканалардын макулдугусуз планга өзгөртүү киргизилген эмес;

Аталган реформа ички карама-каршылыктарга карабастан, өзүнүн оң жыйынтыгын берген. Алсак, сегизинчи беш жылдык план (1966-1970-жж.) аткарылган. 1972-1973-жылдары приоритеттүү тармактарда экономикалык жылыштар байкалган. Ал объективдүү жана субъективдүү, ички жана тышкы себептердин комплекси менен түшүндүрүлөт. Анын бири, совет-кытай мамилелеринин натыйжасында, Ыраакы Чыгышты өнүктүрүү башталды (БАМды куруу). 1970-жылдардын башында дүйнөлүк рынокто нефть жана энергия алып жүрүүчүлөргө (энергоносители) баанын жогорулашына байланыштуу, советтик жетекчилик, сырьену жана энергетикалык ресурстарды экспорттоо жолун тандап алат.

Жалпысынан, 1960-1980-жылдары өлкөдөгү экономикалык өнүгүүнү 3 мезгилге бөлүшөт (Л.В.Жукова).

- 1965-1970-жылдардын ортосу – Либермандын экономикалык курсун ишке ашырып, элге керектүү товарларды чыгаруучу ишканаларды курууну көбөйтүү. Жыйынтыгында 1900 ири ишкана ишке киргизилген.
- 1970 - 1983-жылдар – жаңылануу аракеттери.

1972-1973-жылдары жеңил өнөр-жайдан оор өнөр жайларга артыкчылык берүү байкалган. Негизги каражаттар Сибирди өздөштүрүүгө, энергетиканы өнүктүрүүгө, коргоого, согуштук техникаларды чыгаруучу ишканаларды курууга багытталган. Импорттук жабдыктар менен камсыздоо башталып, жумуштун жаңы ыкмалары (бригадалык подряд) киргизилет.

- 1983-1984-жж. - Ю.Андроповдун экономикалык жаңылануу киргизүү аракеттери. Турмушка ири масштабдуу экономикалык эксперименттерди киргизүү, б. а., борборлоштурулган пландоону жана жайгаштырууну алып салуу; ишканаларга эркиндик берүү; эмгекчилердин ролун

жогорулатуу ж. б. Эмгек коллективи жөнүндө мыйзам (1983-ж.) кабыл алынган.

1970-1980-жылдары дүйнөдө ИТРдин (НТР) жаңы этабы башталган. Микроэлектрондук техниканы пайдалануусу боюнча өлкөнүн өнүгүү деңгээлине баа берилген. Бул илимий-техникалык тармак, ошондой эле, лазердик, оптикалык жана башка алдыңкы технологиялар боюнча СССР индустриялуу өлкөлөрдөн ондогон жылдарга артта калган эле. Анын себеби, алдыңкы фундаменталдык жана прикладдык иштелмелердин жоктугу эмес, административдик-командалык системанын, аларды түздөн-түз өндүрүшкө киргизүүгө жөндөмсүздүгү жана кызыкпаганы болгон. Анткени, ага бир кыйла узак убакыт (5-10 жыл) керек эле.

Экономикалык өнүгүүнүн жыйынтыктары:

1970-жылдардын экинчи жарымы – 1980-жылдардын башындагы реформалардын ийгиликсиз болушунун себептери:
- Пландоонун формалдуулугу;
- Жабдуулардын эскилиги;
- Жаңы ишканаларды курууга акча каралганы менен, эскилерин модернизациялоого каражат каралбаганы;
- Аскердик чыгымдын өсүшү (23% түзгөн);
- Көмүскө (“Теневая”) экономиканын өсүшү ж. б.

Он биринчи беш жылдык план (1981-1985-жж.) бир да көрсөткүч боюнча аткарылган эмес. 1970-1980-жж. социалдык чөйрөгө капиталдык салым кыскарган.

Иштегендердин эмгегинин реалдуу жыйынтыгы эске алынбастан, эмгек акы жогорулаган. Шаарга караганда айылдарда турмуш-тиричилик жана медициналык тейлөө, билим берүү ж. б. кызматтар бир кыйла артта калгандыктан, айыл калкынын жашоо шарттары төмөндөй берген.

Ошол эле мезгилде (1965-жылдан - 1980-жылдардын башына чейин), совет элинин материалдык жашоо деңгээли боюнча жетишкендиктер болгон:

- Колхозчулар ай сайын акчалай эмгек акы ала башташкан;
- Пенсия жана стипендия өскөн;
- Акысыз социалдык кызмат системасы (саламаттыкты сактоо, билим берүү, спорт, чыгармачылык ж. б.) өнүккөн;
- Пенсионерлерге, Улуу Ата Мекендик Согуштун майыптарына (инвалид) жеңилдиктер берилген;
- Мамлекеттик жана колхоздук-кооперативдик турак-жай куруу улантылган;

Социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнү туура нукка бура албаган бийлик карама-каршылыкты туудурду:

- Эмгектеги көптөгөн саамалыктар, социалисттик мелдештин ар түрдүү формалары стимулдун жоктугунан, кыска убакытка созулган кампанияларга же кезектеги юбилейге арналган көргөзмөлүүлүккө айланган;
- Эмгек акынын теңделиши, коомдук өндүрүштө көмүскө («теневая”) экономикага, уурулукка («левые», «несуны» ж. б.) алып келген;
- Азык-түлүк жана элге керектүү товарлардын ассортиментинин жетишсиздиги (дефицит[127]), дүкөндөрдөгү кезектер, спекуляцияга кеңири жол ачып, элдин наарazычылыгын күчөттү;
- Сактык кассалардагы элдин акчасы да товарлар жана кызматтар менен камсыз болгон эмес эле;
- Транспорттук, медициналык, ж. б. тейлөө кызматтарынын сапаты да элдин купулуна толбогон.

[127] Deficit – лат. – жетишпейт, жетишсиз болуу. Ата мекендик товардын жетишсиздиги жана төмөн сапаты, импорттук товарга чуркаткан.

1980-жылдардын башындагы бардык социалдык проблемалар саясий башкаруунун начарлыгынан жана тышкы саясаттагы кыйынчылыктарга байланыштуу тереңдеген.

Ошентип, 1960-жылдардын ортосунда өлкөдө бир катар экономикалык жаңылануулар жүргүзүлүп, ИТПнин[128] жетишкендиктерин эл чарбасында колдонуу жолго коюлган. Бирок, ошол эле мезгилде, башкаруунун борборлошкон структурасы жана көзөмөл сакталган. Социалдык турмуш жана чарбанын өнүгүшү партиялык-мамлекеттик органдардын саясий монополизминин айынан артта калган.

*21.3. Эл аралык абал.*

СССРдин 1960-жылдардын ортосунан - 1980-жылдардын башына чейин жүргүзгөн тышкы саясатында идеологизация башкы орунда турган, б. а. эки системанын идеологиялык күрөшү күч алган.

Тышкы саясаттагы негизги милдеттер:

- Социализм багытындагы мамлекеттер менен саясий, аскердик, экономикалык мамиледе болуп, социалисттик системанын кулашына жол бербөө;
- Чыгыш менен Батыштагы мамилелерди калыпташтыруу;
- «Үчүнчү дүйнө» мамлекеттери (Афганистан ж. б.) менен кызматташтык, достук мамилелерин күчөтүү;

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин биринчи жолу Москвага расмий иш сапар менен Франциянын президенти Шарль де Голль (1966-ж.) келген болсо, ал өлкөнүн жаңы президенти Ж.Помпиду менен кийинки келишимдерге (1971-ж.) кол коюлган. ФРГнын федералдык канцлери болуп Вилли Брандт шайлангандан (1969-ж.) кийин, Москвада СССР менен эки өлкөнүн ортосундагы мамилелерде күч колдонбоо

[128] НТП - Научно-технический прогресс, Илимий-техникалык прогресс.

жөнүндө сүйлөөшүлөр (1970-ж.) жүргөн. Көп узабай, ФРГ ГДРди таанып, саясий өнүгүү системасы эки башка болгон Германия мамлекеттери БУУ га (ООН) мүчө болуп (21.XII.1972-ж.) кабыл алынат.

АКШнын 37-президенти Р.Никсондун Москвага расмий иш сапарынан (У.1972-ж.) кийин, дүйнө жүзү 1975-жылга чейин саясий чыңалуусуз атмосферада жашаган.

Бактериологиялык жана токсикалык куралдарды иштеп чыгарууга бөгөт коюу жана аларды жок кылууга багытталган Конвенция (III.1975-ж.) ишке кирет.

Космосту атаандашуусуз өздөштүрүү боюнча СССР жана АКШ ымалага келишип, биргеликте «Аполлон» жана «Союз» кораблдерин учурушат (1975-ж.).

Хельсинкиде 33 мамлекеттин жетекчилери, АКШ жана Канаданын катышуусунда Европадагы коопсуздук жана кызматташуу боюнча Кеңешме (СБСЕ, 1975-ж.) өткөрүлүп, катышуучулар Кеңешменин Корутунду актысына кол коюшкан. Анын негизинде Принциптердин Декларациясы түзүлөт:

- Эркин теңдештик;
- Күч колдонуудан жана күч менен коркутуудан баш тартуу;
- Чек аралардын бүтүндүгү жана аны бузбоо;
- Мамлекеттин аймактык бүтүндүгү;
- Талаштарды тынчтык жол менен чечүү;
- Ички иштерге кийлигишпөө;
- Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин сыйлоо;
- Элдердин тең укуктуулугу жана өз тагдырын өзү чечүү мүмкүнчүлүгү;
- Мамлекеттердин ортосундагы өз ара кызматташуу;
- Жалпы принциптердин жана укук нормаларынын милдеттерин так аткаруу ж. б.

Бул жолугушуунун эл аралык мааниси зор. Социалисттик өлкөлөр менен СССРдин кызматташуусу оңой болгон эмес. Чыгыш Европа өлкөлөрүндө саясий жана экономикалык турмуштун социалисттик түзүлүшүнө каршы турган кризистик абал түзүлгөн. Чехословакия социализмден баш тартып (А.Дубчек), жаңылануу процессин («Прага жазы», 1968-ж.) баштаган. Советтик Армия жана ГДР, Польша, Венгрия, Болгариянын куралдуу күчтөрү ЧССРдин чек арасын бузуп (21.VIII.1968-ж.) киришкен. Бул, албетте, суверендүү өлкөгө карай агрессивдүү акция болгон.

– Венгрияда контрреволюциялык көтөрүлүш (1956-ж.) басылган.

– Афганистанга советтик аскерлер (1979-ж.) жайгаштырылган.

– Польшада аскердик абал (1981-ж.) киргизилген.

– «Разрядка» саясаты (1983-ж.) алмашкан.

Польшада жумушчулардын массалык толкундоолору болуп (1970-ж.), көз карандысыз «Солидарность» профсоюз уюму түзүлгөн. Жыйынтыгында, коммунисттик режим кулап, лидери Л.Валенса демократиялуу жол менен шайланган Польшанын биринчи президенти болгон.

Бул мезгилде СССР жана КЭР (Кытай Элдик Республикасы) ортосундагы пикир келишпестиктер курчуйт. Ал субъективдүү себептерге байланыштуу болгон. 1969-жылы СССР чек арада, Уссури дарыясынын жээгиндеги Даманск аралында согуштук конфликтке барат. Жыйынтыгында, совет-кытай чек арасына СССРдин куралдуу күчтөрүнүн бөлүктөрү кирет. Бул окуя Ыраакы Чыгыш регионунда абалды курчуткан.

Вьетнамдагы АКШнын кандуу согушу өз кульминациясына 1960-жылдардын аягы – 1970-жылдардын башында жетип, СССР Вьетнамга материалдык, согуштук-

техникалык жардам көрсөттү. Аны менен америкалык авиация бомбаланган.

Эгер, 1960-1970-жылдары эл аралык чыңалуу бир аз төмөндөсө, 1970-1980-жылдары – жарыша куралдануу күч алган. АКШ жана СССРдин ортосундагы «ядролук куралдарды тизгиндөө» саясаты эл аралык абалга таасирин тийгизбей койгон эмес.

Советтик башкаруу ГДР жана ЧССРдин аймагында "Орто аралык ядролук ракеталарын" жайгаштырууну (1976-ж.) баштайт. Регионалдык конфликттерге (Ангола, Мозамбик, Эфиопия, Никарагуа) кийлигишүүдө да СССР менен АКШнын ортосунда карама-каршылыктар күчөйт.

Советтик аскерлердин Афганистанга киргизилиши (XII.1979-ж.) менен, эл аралык абал биротоло чыңалат.

КГБнын атайын бөлүктөрү Афганистандын президенти Х.Аминдин (1929-1979-жж.) сарайын басып алат. Ал СССРге лоялдуу[129] болгону менен, Кытайга симпатия бергендиги үчүн күмөн санашкан. Амин өлтүрүлүп, Советтер Союзунун колдоосу менен Б.Кармаль (1929-1996-жж.) президент болот да, советтик аскерлердин кирүүсүн колдогон «чакыруу» жолдойт. Оң жоопту Л.И.Брежнев башында турган Саясий бюронун бир нече мүчөлөрү гана чечет. БУУнун Генералдык Ассамблеясынын сессиясы СССРдин «үчүнчү дүйнө» мамлекеттеринин суверенитетин бузгандыгын айтып чыкса, дүйнөлүк коомчулук да бул кадамдын туура эмес болгондугун белгилешкен.

Расмий маалыматтарга караганда, бул согушта 15 миң советтик аскер курман болсо, 35 миңи – жараат алып, 300 дөн ашууну дайынсыз жоголгон же туткунга түшкөн. Афганистан

[129] Loyal – англ., фр. – ишеничтүү. Өзү алган милдеттенмелерди орундоочу, бийликке ак ниети менен карап, ага баш ийүүчү.

эли 1 млн. адамын жоготкон. СССРдин афган согушуна катышуусу, анын эл аралык аренада авторитетин түшүргөн. Батыш өлкөлөрү жана АКШ менен байланыштар кыскарган.

Ошентип, 1965-1985-жылдары тышкы саясатта Советтер Союзу оор жолду басып өткөн. Батыш менен конфронтация (1960-жж. II жарымында) жана эл аралык чыңалуунун күчөшү (1970-жж.), андан ары эл аралык абалдын курчушу (1970-жж. аягы – 1980-жж. башы) менен, адамзат жаңы дүйнөлүк согуштун кыргагына келип такалган.
Мунун эң негизги себеби - Чыгыш менен Батыштын бири-бирине ишенбөөчүлүгү гана эмес, жарыша куралдануу гана эмес, ошондой эле, тышкы саясаттагы идеологиялык күрөш болгон.

*21.4. Укук коргоочулук кыймылдар.*

Совет коомунун кризистик абалы анын рухий чөйрөсүнүн өнүгүшүндө да байкалган. 1960-жж. аягы - 1970-жж. башында диссиденттик[130] кыймыл өскөн. Иш таштоолор өтө аз болгону менен, жумушчулардын нааразычылыгы каршылыктын пассивдүү формасында күчөгөн. Алсак, жумушту калтыруу (прогул), азык-түлүк товарларын өндүрүү сапатынын төмөндүгү, алкоголизм, кадрлардын алмашуусу ж. б.

Москванын Пушкин аянтындагы демонстрация (05.XII.1965-ж.) менен диссиденттик кыймыл ачык байкала баштаган. Брежневдик команда башкаруунун алгачкы жылдарында эле башка ой-жүгүртүүлөргө (инакомыслие) каршы репрессия баштаган. А.Синявский жана Ю.Даниелдин камакка алынышы жана ал жазуучуларды соттоо, адам

---

[130] Dissidens, dissidentis – лат. - *несогласный, инакомыслящий человек, не согласный с господствующей идеологией. Каршылыктын радикалдык формасы.

укугунун бузулушуна каршы туруу (протест) кыймылын активдештирген.

Партиялык басылмаларда антисталиндик линияны А.Бовин, Г.Шахназаров, Г.Арбатов, Ф.Бурлацкий, В.Ядов, О.Лацис ж. б. алып барган. Социалисттик ориентацияга каршы башкача ой жүгүрткөндөрдүн (А.Снегов, П.Якир, П.Литвинов, Рой жана Жорес Медведевдер, А.Солженицын, В.Шаламов, С.Газарян, В.Олицская, Е.Гинзбург, М.Байтальский ж. б.) чыгармалары өз алдынча ("Самиздат") басылып, элге таратылган. Диссиденттердин көпчүлүгү Сталин репрессияларынын курмандыктары болгон.

Алгачкылардан болуп "СССРде адам укуктарын коргоо боюнча демилгелүү топ" ("Инициативная группа защиты прав человека в СССР", 1969-ж.) деген аталыштагы уюм түзүлүп, ага Т.Великанова, Н.Горбаневская, С.Ковалев, А.Лавут, А.Левитин-Краснов, Ю.Мальцев, А.Якобсон, *Г.Амутин, Л.Плющ кирген. Анын лидерлери П.Якир жана В.Красин камалгандан (1973-ж.) кийин, уюм ишмердүүлүгүн токтоткон.

Белгилүү окумуштуулар А.Сахаров, В.Чалидзе, А.Твердохлебов, Н.Шафаревич башында турган «СССРде адам укуктары боюнча Комитет» («Комитет по правами человека в СССР») аттуу укук коргоо уюму (1970-ж.) түзүлгөн. Анын лидери, белгилүү советтик физик, академик А.Д.Сахаров (1921-1989-жж.), адам укуктарын коргоо кыймылынын башында болгондугу үчүн Нобель сыйлыгына көрсөтүлгөн (1975-ж.). Ал эми совет бийлиги болсо, аны "жабык шаар" эсептелген Горькийге сүргүнгө (1980-ж.) айдаган.

Диссиденттердин дагы бир жаңы "Москва-Хельсинки тобу" (1976-ж., «Московская-Хельсинкская группа») аттуу уюмун Л.Алексеева, М.Бернштам, Е.Боннэр, А.Гинзбург, П.Григоренко, А.Корчак, М.Ланда, Ю.Орлов, А.Марченко,

В.Рубин, А.Щаранский сыяктуу чыгармачыл ишмерлер түптөшкөн. Өлкөдөгү саясий системага каршы «СССРдеги динчилдердин укуктарын коргоо боюнча Христиан Комитети» («Христанский комитет защиты прав веруюзщих в СССР»), "Эмиграцияга укук" («Право на эмиграцию»), "Шайлоолор-79" («Выборы-79») сыяктуу топтор түзүлгөн. Чет өлкөлүк массалык маалымат каражаттары да («Голос Америки», «Немецкая волна», «Радио свободы», «БиБиСи» ж. б. радиотүйүндөрү), мындай оппозициялык кыймылдарды колдоп, алардын ишмердигин такай чагылдырып турушкан.

1980-жылдардын башында бийлик «Диссиденттерге» каршы катаал репрессия[131] жүргүзгөнү менен, алардын иши келечек үчүн, ташка тамга баскандай кала берген.

Кийинчээрек, М.С.Горбачев жана А.Н.Яковлев сыяктуу реформаторлор башында турган жаңы бийлик ээлери коомду «кайра курууну», аны демократизациялоону жана либералдаштырууну баштайт.

Коомдук оппозициянын көрүнүктүү ишмерлерине амнистия[132] берилип, сүргүндөн А.Сахаров кайткан. Формалдуу эмес уюмдар жаңы көп партиялуу саясий системанын түзүлүү процессине активдүү түрдө катышышкан. Искусство чеберлери - И.Бродский, М.Л.Ростропович, А.Тарковский, Э.Неизвестный ж. б. өздөрүнүн мамлекеттин кепилдиги алдында жашоо пикирлери менен чыгышкан.

Ошентип, өлкөнүн саясий жана маданий турмушунда укук коргоочу кыймылдар - өзгөчө кубулуш жана каршылыктын радикалдуу формасы болуп эсептелет. Мындан кийинки кадам – жаңы көп партиялуу система болгон.

---

[131] Repressio - лат. – подавление, карательная мера, наказание. (Психклиникага жайгаштыруу – репрессиянын жаңы түрү).
[132] Amnestia – гр. - забвение, прощение. Ырайым берүү

*21.5. «Кайра куруу» астындагы бийлик жана коом. Экономикалык кризистин себептери.*

1980-жылдардын башында өлкөнү башкаруунун командалык-административдик системасы кризиске батты. Анын себептери:

- СССРдеги өнөр-жай потенциалдарынын ортосундагы карама-каршылык жана анын экстенсивдүү мүнөздө өнүгүшү;
- Төрөлүүнүн төмөндөшүнөн жана билим деңгээлинин жогорулашынан өндүрүштө жаңы жумушчу күчү кыскарган;
- Түндүк жана Сибирь региондорунда жаратылыш ресурстарын өздөштүрүп, сырьелук базаны бекемдөө чыгымдары өтө көп болгон;
- Өнөр-жай объектилерине берилген аймактардын өсүшү, айдоо жерлерин кыскарткан;
- 1980-жылдардын башында дүйнөлүк рынокто нефть жана энергия алып жүрүүчү заттарга баа төмөндөп, акчанын келиши кыскарган.

КПСС БКнын Генералдык секретары (1964-1982-жж.) Л.И.Брежнев (1906-1982-жж.) 76 жашында дүйнөдөн кайтып (10.XI.1982-ж.), жогорку бийликке Ю.В.Андропов (2.9.1914 - 9.2.1984-жж.) келген (12.XI.1982-ж.). Ал, жоопкерчилик жана тартипти бекемдөө жолу менен кризистен чыгуу аракеттерин жасайт. 15 ай ичинде (XI.1982 – II.1984-жж.), 18 союздук министрлер, 37 обком, крайком жана союздук республикалардын БКсынын биринчи секретарлары алмашылган. Л.И.Брежневден өзүнүн жеке сапаттары менен айырмаланып, маданий деңгээли жогору, кесипкөй, жөнөкөй адам болчу. Ю.В.Андропов да системанын жана ошол социалдык чөйрөнүн продуктусу болуу менен, башкарууда катуу, авторитардык стилди жана командалык-күчтүк ыкманы колдонгонго жакын болгон. Анын бул сапаттары өзүнүн

саясий ишмердигинде ачык байкалып, башка ой жүгүртүүлөр менен келише албаган.

Ю.Андроповдун дүйнөдөн кайтышы (09.II.1984-ж.) жана Генералдык секретарь болуп жарамсыз («не дееспособный») К.У.Черненконун (11.09.1911 - 10.03.1985-жж.) шайланышы (II.1984-ж.) коомдо карама-каршылыкты жана апатияны[133] жаратты. Өлкө радикалдуу чечимдер гана алып чыгып кете ала турган кризисте калды.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. СССРдин “сенектик” жылдардагы (1965-1985-жж.)
2. Л. И. Бережнев жана анын башкаруусу.
3. Ю.В. Андропов жана анын башкаруусу.
4. К. У. Черненконун бийликке келүүсү.
5. Саясий курстун өзгөрүүсү жана конституциялык курулуш жөнүндө эмнелерди айта аласыз?
6. Экономикалык жана социалдык өнүгүүдөгү карама-каршылыктарга сиздин пикириңиз.
7. СССРдин “сенектик” жылдардагы (1965-1985-жж.) эл аралык абал кандай болгон?
8. Укук коргоочулук кыймылдар жөнүндө айтып бериңиз.
9. “Кайра куруу” астындагы бийлик жана коомго баа бериңиз.
10. Экономикалык кризистин себептерине токтолуңуз.

---

[133] Apatheia – греч. – бесстрастие, безразличие. Сабыры суздук, көңүл чөгүүчүлүк, көңүл коштук.

## 22.0. СССР кайра куруу (1985-1991-жж.) мезгилинде.

*22.1. «Кайра куруу» түшүнүгү.*

*22.2. Мамлекеттин коомдук-саясий турмушунун өзгөрүшү.*

*22.3. Көп партиялуу системанын калыптанышы.*

*21.4. Экономикалык реформанын башталышы.*

*22.5. Өкмөттүн тышкы саясий ишмердүүлүгү.*

*22.6. «Кайра куруунун» кризиси жана Советтер Союзунун кулашы.*

### *22.1. «Кайра куруу» түшүнүгү.*

Кайра куруунун шарапаты менен Россиядагы 1917-жылдын Октябрынан кийин орногон мамлекеттик жана экономикалык структура жогортон төмөнгө чейин белгилүү идеологиялык, саясий, экономикалык, социалдык өзгөрүүлөргө дуушар болду. Саясатчылар жана окумуштуу тарыхчылардын бул процесске көз караштары ар кандай:

- Октябрь революциясына жана социализмге карата контрреволюциялык төңкөрүш жана саткынчылык;
- Россиянын дүйнөлүк цивилизация нугунда өнүгүүсү;
- «Баш аламан» мезгилдин пайда болушу жана Улуу Өлкөнүн кыйрашы;
- 1917-жылы токтоп калган табигый-тарыхый жолду кайра кайтаруу мүмкүнчүлүгү;

«Кайра куруунун» негизги мазмуну - бул социалдык революция, себеби, борбордо негизинен жеке менчик маселелери, бийликтин тиби жана өндүрүштүк мамилелердин мүнөзү турган.Саясий түзүлүштүн түпкү тамырын өзгөртпөстөн туруп административдик-командалык системаны сактап,ага демократиянын жана рынок

экономикасынын элементтерин берүү», деп аныктама берип келишет (А.Ю.Днепровой).

«Кайра куруунун» өбөлгөлөрү:

1. Объективдүү:

а) Экономикалык кризис, б. а. Батыштан артта калуу, социалдык чөйрөнүн кыйроосу;
б) Саясий кризис (бийлик мафиясынын күчөшү);
в) Рухий чөйрөдөгү кризис.

2. Субъективдүү:

а) 1970-жылдардын экинчи жарымында - 1980-жылдардын башында саясий бийликке жаш адистер (М.С.Горбачев /1931-ж. т./, Е.К.Лигачев /1920-ж. т./, Э.А.Шеварднадзе /1928-2014-жж./, Н.И.Рыжков /1929-ж. т./, А.Н.Яковлев /1923-2005-жж./) келип, алар өзүлөрүнүн бийлигин бекемдөөгө гана умтулбастан, мамлекеттин жана коомдун жаңыланышын каалашкан.

б) КПСС БКнын апрель (1985-ж.) Пленуму СССРдин батыш өлкөлөрүнө салыштырмалуу социалдык жана экономикалык өнүгүүсү боюнча бир кыйла артта калганын моюнга алып, өлкөнүн экономикасы реформага муктаж экендигин белгилөө менен, тарыхка “кайра куруу” Пленуму деген ат менен кирди.

Тарыхта «кайра курууну» кээ бир окумуштуулар төрт мезгилге бөлүшөт:

1. 1985-жылдын март айынан – 1987-жылдын январь айына чейин – “көбүрөөк социализм» урааны астында өткөн;
2. 1987 – 1988-жылдар - «көбүрөөк демократия» урааны астында өткөн;
3. 1989 – VIII.1991-жылга чейин – «кайра куруу» лагериндеги бөлүнүп-жарылуу;

4. 1991-жылдын 19-21-августундагы “мамлекеттик төңкөрүш” жана бийликтен М.С.Горбачевдун кетиши (25.VIII.1991-ж.). Ал эми 1993-жылдын октябрь айындагы Москва шаарындагы демонстрация Россия тарыхын өзгөрттү.

Ал эми кээ бир окумуштуулар төртүнчү этапты 1990-1991-жылдардын чегинде карап, анын кризисине токтолушат. Бул мезгилдин негизги окуялары: М.С.Горбачевдун саясий-экономикалык чөйрөдө олку-солкулугу, ГКЧП жана Советтер Союзунун таркатылышы кирет.

*22.2. Мамлекеттин коомдук-саясий турмушунун өзгөрүшү.*

КПСС БКнын Генералдык Секретары болуп М.С.Горбачев (02.III.1931-ж.т.) шайланып (III.1985 - 24.VIII.1991-жж.), кийин СССРдин биринчи Президенти (14.III.1990 - 27.XII.1991-жж.) да болгон.

Мамлекетти башкаруу тармагында радикалдуу реформалардын - социалдык-саясий, экономикалык жаңылануулардын башталышы, КПСС БКнын Апрель Пленумунун (1985-ж.) чечимдеринде чагылдырылып, «Кайра куруу» саясатынын башталгандыгы белгиленген. Пленумда совет коомунун абалына жалпы анализ берилип, эң негизгиси - экономикалык милдет катары, чарбалык өнүгүүдө тездетүү стратегиясы (стратегия ускорения) сунушталган жана токтоп калган саясий режимди демократизациялоонун негизи катары - ачык айтуу (гласность) саясаты жарыяланган. Калыптана баштаган жаңы саясат, негизинен, төмөнкүлөрдү камтыган:

- Цензура жоюлуп, жаңы басма сөз каражаттарына уруксат берилген;
- «Кайра курууну» колдогон көптөгөн коомдук уюмдар пайда болгон;

- Граждандардын массалык митингдеринде өкмөттүн жаңы курсу кеңири талкууланган;
- Коомдук өнүгүүнүн айкын жолун тандоо эркиндиги, массалык маалымат каражаттарында дискуссиялардын жайылтылышында байкалган.

КПССтин XXVII съезди (II.1986-ж.) өлкөнүн башкаруучулары тандаган экономикалык жаңылануу курсун тездетүү, саясий структуранын ишинин формасын жана ыкмасын жаңылоо тууралыгын бекемдеген.

«Ельцин феномени» алгач Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 70 жылдык юбилейинин астында пайда болду. КПССтин Москва шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп туруп, ал, жаңылануу процесстеринин чечкинсиздигин сындап чыккан. Ельциндин отставкасы жана бул окуя боюнча ушак-айыңдын таркап кетиши, ачык айтуу саясатынын күчөшүнө алып келди.

1985-1986-жылдары өндүрүштүк тартиптин бузулушу жана коррупциянын кулач жайышына каршы күрөш башталып, мамлекеттик ишмерлер жазаланышкан.

А.Н.Яковлевдин жетекчилиги астындагы комиссия 1930-1950-жылдары репрессиялангандардын иштерин кайрадан териштирип чыгып, көпчүлүгү реабилитацияланган.

Демократиялык жаңылануу шарттарында чиркөө менен мамлекеттин өз ара мамилелеринде өзгөрүүлөр болуп өттү. Алсак, Орус православ чиркөөсүнүн Патриархы Пимен жана Горбачев жолугушкан. Русту чокундуруунун (крещение) 1000 жылдыгына байланыштуу (1988-ж.) юбилейлик салтанат өткөн. Чиркөөлөргө тиешелүү болгон имараттар кайтарылып берилип, жаңы диний жамааттар (община) катталган, Диний окуу жайлар ачылып, адабият да тоскоолдуксуз чыгарылып, жаңы храмдарды курууга уруксат берилген. Диний ишмерлер

коомдук турмушка катышкан, б. а., депутат болуп да шайлана алышкан. «О свободе совести» мыйзамы мамлекет менен дин мамилесин либерализациялоо курсун бекиткен.

Коомдук-саясий турмуштун демократизацияланышы, партиянын катчыларын шайлоодо альтернативалык шайлоо киргизүүнү шарттады. Ал үч топтон турган:

- Брежневдин жан-жөкөрлөрү;
- Жаңыланган партократтар;
- Реформаторлор, европалык социал-демократтар менен көз караштары жакындар.

1980-жылдардын аягындагы жаңылануулар мамлекеттик бийлик структураларын да кучагына алды. Бүткүл союздук XIX партиялык конференцияда (VI.1988-ж.), өлкөнүн өнүгүүсү боюнча маселеде кайра курууга каршылардын жана аны жактоочулардын ортосунда курч күрөш жүргөн. Конференция, саясий реформа аркылуу өлкөдө укуктук мамлекет түзүү курсун бекитти. Анын мааниси - партиялык орган жана Советтердин милдеттеринин бөлүштүрүлүшүндө болуп, Коммунисттик партия бийликти Советтерге өткөрүп берди. СССР Эл депуттарынын съезди жаңы бийлик органы катары бекитилип, анын делегаттарынан Жогорку Совет шайланган. Ал туруктуу иштөөчү парламентке айланып, Союздук Республикаларда да ушундай эле бийлик бутактары пайда болду.

1988-жылдын аягында СССР Жогорку Совети шайлоо системасын өзгөртүү боюнча мыйзам кабыл алган. Мындан ары шайлоону альтернативдүү негизде өткөрүү сунушталып, жогорку бийлик органдарына шайлоо жаңы принциптер менен өткөрүлмөй болду. Комиссиянын курамына Б.Н.Ельцин, С.А.Попов /1949-ж. т./, А.Д.Сахаров /1921-1989-жж./, А.А.Собчак /1937-ж. т./, Ю.Д.Черниченко /1929-ж.т./

киришкен. Эл депутаттарынын I съезди (IV.1989-ж.) СССР Жогорку Советин түзүп, төрага (спикер) болуп М.С.Горбачев шайланды.

Прессада президенттик институтту киргизүү сунуштары талкууланганда, М.С.Горбачев, алгач, бул идеяга негативдүү карап, кийинчерээк, демилгени оппозиционерлерден өз колуна алган. Ал төмөнкү негизги эки маселенин чечилиши менен байланышкан:

- Президентти шайлоо ыкмасы;
- Бул постко кандидатура.

Салттуу түрдө, президент, шайлоого укуктуу жарандардын жалпы катышуусу менен шайланат. Мындай тартипти Конституцияга киргизүү сунушталган.

Ошентип, саясий системадагы реформанын бир бөлүгү - демократиялык мамлекет түзүүгө багытталып, ал өлкөдө президенттик башкаруунун киргизилиши болгон. Эл депутаттарынын III съезди (14.III.1990-ж.) СССРдин биринчи президенти катары М.С.Горбачевду шайлаган.

Жалпысынан, реформалардын ишке ашпашынын түпкүрүндө орчундуу себептер бар эле. Алардын эң негизгиси – реформаторлордун аракеттеринин ыраattуу эместиги жана терең ойлонулбагандыгында болду.

*22.3. Көп партиялуулук системанын калыптанышы.*

Көп партиялуулукка өтүү - «формалдуу эмес» уюмдардын ишмердиги жана ачык айтуу (гласность) саясатына өтүүгө байланыштуу болгон. «Формалдуу эмес», демек:

- Ал «формалдуу» партия, комсомол, профсоюз сыяктуу коомдук уюмдарга каршы турган;
- Өлкөдө, иш жүзүндө,аларды каттоо үчүн мыйзам нормалары жоктугунан, мыйзамдуу статус алууга мүмкүн болбогон.

Алгач, жаңы кыймылдар, курамы боюнча интеллигенция өкүлдөрүнөн турган.

Партиялык номенклатурада саясий биримдиктин жоктугу да бүтүндөй системанын бузулушуна шарттарды түзгөн. Алардын кээ бирлери:

- Догматикалык позицияда болушкан;
- Бизнес чөйрөсүндө «запасные аэродромы» даярдашкан;
- Улуттук кыймылдарга кошулуп кетишкен.

Ошентип, төмөнкү багыттар пайда болгон:

1. Ультраоңчул багыт - «Демократиялык союз» партиясы коомдук өнүгүүнүн моделин дароо жана сөзсүз өзгөртүү зарылдыгын билдиришкен;

2. Либералдык багыт - «Советтер Союзунун демократиялык партиясы», кийин «Консервативдик партия», «Россиянын демократиялык партиясы» ж. б. Россияда укуктук мамлекет түзүү идеясын билдиришкен;

3. Социал-демократиялык багыт – социал-демократиялык, социалисттик партиялар - социалдык реформалар аркылуу коомду модернизациялоону сунушташкан;

4. Борбордук саясий күч катары, бардык жаңы партияларга каршы – жалгыз КПСС калган.

1990-1991-жылдары КПССте үч платформа болгон:

1 - Демократиялык, 2 - Марксисттик, 3 - Большевиктик.

Эл депутаттарынын III съездинде (14.III.1990-ж.) СССРдин Конституциясынан КПССтин башкаруучулук ролу жөнүндөгү 6-статья жокко чыгарылганда, ал жаңы партиялардын жана кыймылдардын пайда болушуна түрткү берген. «Коомдук бирикмелер жөнүндө» мыйзам кабыл алынып, жаңы партияларды каттоо жүргүзүлөт. КПССтин катарынан массалык чыгуулар башталып, иш жүзүндө,

жаштардын жана балдардын структурасы катары комсомолдук жана пионердик уюмдар да өз ишмердүүлүгүн токтоткон. Ал эми ГКЧПнын төңкөрүш аракети (19-21.VIII.1991-ж.) басылгандан кийин, КПСС бүткүл союздук уюм катары расмий жоюлуп, М.С.Горбачев Генералдык Секретарь кызматынан баш тартты.

Ошентип, кайра куруу жылдарында көп партиялуулук системанын калыптанышы татаал жана бүтпөс мүнөзгө ээ болгон. Бирок, бул процесс административдик-командалык системанын бузулушунда оң мааниси бар жана аны менен мамлекетте жаңы коомдук-саясий мамилелер түзүлгөн.

*22.4. Экономикалык реформанын башталышы.*

КПСС БКнын Апрель Пленумунда (IV.1985-ж.) «Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүн тездетүү» милдети каралган. Негизинен, улуттук кирешенин темпин жогорулатуу жана социалдык саясатты активдештирүү маселелери коюлган. Эң негизги маселелердин бири - өнөр-жай өндүрүшүн реконструкциялоо, аны жаңы илимий жана техникалык негизге (роботтоштуруу, күчтүү өндүрүш мамилелерин түзүү) өткөрүү болгон.

Чернобыль АЭСиндеги авария (IV.1986-ж.), эл чарбасындагы баш аламандыктын, төмөнкү экономикалык абалдын көрсөткүчү болду.

СССРди өнүктүрүүнүн 2 альтернативасы болгон:

1. Кытайга негизделген тажрыйба - саясий эркиндиги жок, бирок экономикалык реформалар ишке ашкан;
2. Бир эле убакта демократиялык жана экономикалык реформаны ишке ашыруу.

М.С.Горбачев жана анын жан-жөкөрлөрү экинчи вариантты тандашты.

КПСС БКнын Январь Пленуму (1987-ж.) коомдук турмушту демократташтыруусуз баштады.

КПСС БКнын июнь Пленумунда (1987-ж.) М.С.Горбачев Экономикалык реформалардын программасын сунуштаган.

Мамлекеттик ишканалар (1987-ж.), ишкерчилик жана кооперациялар жөнүндө (1990-ж.) мыйзамдар кабыл алынганы менен, чарбаны башкаруунун эски системасы сакталгандыктан, ал жыйынтыгын бербеди.

СССР Эл депутаттарынын I съезди (IV.1989-ж.), Л.И.Абалкин /1930-2011-жж./, Т.И.Заславская /1927-2013-жж./, П.Г.Бунич /1929-2001-жж./ иштеп чыккан программа боюнча экономикалык өнүгүүнүн жаңы моделине өтүү керектигин белгилеген.

Экономикалык реформада төмөнкүлөр каралган:

- Эл чарбасын башкарууда мамлекеттин кийлигишүүсүн кыскартуу;
- Чарбалык эсеп, өзүн-өзү каржылоого негизделген жеке ишканалардын ишмердигин кеңейтүү;
- Айылдарда чарба жүргүзүү түрлөрүн өзгөртүп, бара-бара, акырындык менен жекече секторду көбөйтүү;
- Тышкы соодада монополиядан баш тартуу;
- Дүйнөлүк рынок менен интеграциялашуу ж. б.

КПССтин акыркы XXVIII съезди (VI.1990-ж.) рынок экономикасын, конкуренцияны жана ишкерчиликти максаттуу өнүктүрүү программасын сунуштады. Ага ылайык,

СССР Жогорку Совети тиешелүү иш чараларды, токтомдорду чыгарды. Агрардык сектордо фермердик (1990-жылга - 50 миң) жана жеке дыйкан чарбалар пайда болду.

Экономисттер С.С.Шаталин (1934-1997-жж.) жана Г.А.Явлинский /1952-ж. т./ «500 күн Программасы» аттуу

долбоор (VII.1990-ж.) сунушташкан. Анда экономиканы децентрализациялоо, ишканаларды ижарага берүү жана менчиктештирүү жана 500 күндө экономикалык кризистен чыгуу каралган.

Алгач айыл-чарба өндүрүшүндө (1988-ж.), андан соң өнөр-жайда (1990-ж.) төмөндөө байкалган. Калктын реалдуу кирешеси кыскарган. Көптөгөн социалдык маселелер (турак жай, азык түлүк, тейлөө, экология ж. б.) чечилбеген. Бюджеттеги дефицит жана инфляция күчөгөн. Ал жумушчулардын биринчи массалык көтөрүлүшүнө алып келген.

Ошентип, «кайра куруу» мезгилиндеги экономикалык реформалар позитивдүү жыйынтыктарга алып келген эмес.

*22.5. Өкмөттүн тышкы саясий ишмердүүлүгү.*

«Кайра куруу» мезгилинде СССРдин тышкы саясатында позитивдүү өзгөрүүлөр болгон. Аскердик чыгымдарды кыскартуу жана Афганистандан Советтик аскерлерди чыгарып кетүү каралган.

БУУнун Генералдык Ассамблеясынын сессиясындагы сөзүндө (XII.1988-ж.) М.С.Горбачев тышкы саясаттын жаңы концепциясын негиздеп, жаңы саясий ой жүгүртүү төмөнкүлөрдөн турушу керектигин белгилеген:

- Дүйнөнүн эки коомдук-саясий системага бөлүнүшү жөнүндө тыянактан баш тартуу;
- Эл аралык маселелерди чечүүдө күч колдонбоо;
- Пролетардык интернационализм принциптеринен баш тартуу;
- Учурдагы дүйнөгө жалпы адамзат баалуулуктары позициясы менен кайрадан ой жүгүртүп, ошого жараша, тынчтык саясатын жүргүзүү.

Ошентип, акырындык менен «дщйнөлүк революция» идеясынан алыстоо башталган.

СССРдин тышкы иштер министри кызматына Э.А.Шеварнадзе (1985-ж.) келип, анын реформаторлор тобу тышкы саясатта төмөнкү негизги багыттарды сунуштаашты:

- Куралсыздандыруу аркылуу “Чыгыш – Батыш” мамилелерин жөнгө салуу;
- Регионалдык конфликттерге алдын-ала бөгөёт коюп, аларды болтурбоо;
- Эл аралык тыгыз экономикалык жана саясий байланыштарга жетишүү.

Женевадагы Совет-Америка сүйлөшүүлөрүнөн (*1985-ж.) соң, М.С.Горбачев АКШнын президенттери Р.Рейган, кийин Д.Буш менен бир нече жолу (1986-1987-жж.) жолугушуп, анда ядролук ракеталарды эки тарап тең жок кылуу чечимдерине келишкен.

Москвада «*Договор о сокращении стратегических наступательных вооружений» (СНВ-1) аттуу келишимге (VI.1991-ж.) кол коюлду.

Европа экономикалык биримдиги (ЕЭС) менен СССРдин мамлекеттик деңгээлде байланыштары активдешип, Эл аралык валюта фондуна кабыл алынган.

Түндүк Европа мамлекеттери (Швеция, Норвегия, Финляндия) менен ар тараптан алака түзүүгө чоң маани берилген.

Маанилүү өзгөрүүлөр тоталитардык деп эсептелген СССР менен, демократиялык эркиндикти калыптандыруу жана адам укуктарын коргоо үчүн такай күрөш (ар түрдүү кыймылдар, конфликттер) жүргүзүп турган Чыгыш Европа мамлекеттеринин ортосунда болду. Бул жолу СССР Чыгыш Европадагы антикоммунисттик кыймылды күч менен басууга аракет кылбады. Эгерде, андай болгондо, алар кайтмак эмес жана жаңы дүйнөлүк согушка алып келмек.Тышкы саясаттагы дал ушул аспект, М.С.Горбачовдун ысмы менен байланышкан

жана ага дүйнөлүк «Нобель» сыйлыгын (1990-ж.) берүүгө негиз болгон.

Чыгыш Европадагы социалисттик системанын кыйрашы Варшава Келишиминин Уюму (ОВД) жана Экономикалык өз ара жардамдашуу Совети (СЭВ) сыяктуу структуралардын ишмердүүлүгүнүн токтошуна алып келди.

1989-1990-жылдардын аягында Европадагы негизги проблемалардын бири - Германия маселеси болгон. 1989-жылы ГДРде күчтүү бириккен кыймыл пайда болушун эч ким алдын ала билген эмес. «Берлин дубалы» алынып салынып (Х1.1989-ж.), ГДРде жаңы өкмөт түзүлгөн. ФРГ менен экономикалык союз түзүлүп, Советтер Союзунун макулдугу менен эки Германия биригип (03.Х.1990-ж.), Европадагы экономикалык потенциалы күчтүү, калкынын саны арбын мамлекетке айланган.

Советтер Союзунун тышкы саясий доктринасы - бүтүндөй Тынч океан-Азия регионундагы мамлекеттерге күңүл буруусу менен мүнөздөлөт. Өзгөчө, Япония менен алакалар түзүлө баштайт. Түштүк Корея менен экономикалык контакттар түзүлүп, бир катар келишимдерге кол коюлган. М.С.Горбачев мамлекеттик сапар менен Кытайга (1989-ж.) барып, көптөгөн талаш-тартыш маселелер чечилген жана өкмөттөр аралык байланыш калыбына келген.

Советтик аскерлер Афганистандан чыгарылганы (15.II.1989-ж.) менен, өлкөдө граждандык согуш кулач жайып, кырдаал оор бойдон калган. Бул маселе боюнча СССР АКШ жана башка мамлекеттер менен кеңешип турган.

Афганистанга советтик жана америкалык куралдарды киргизүүгө тыюу салуу жөнүндө келишимге (IХ.1991-ж.) кол коюлган.

СССРдин Израиль менен маданий жана экономикалык байланыштары жолго коюлуп, башка араб өлкөлөрү менен да достук мамилелери бекемдеген.

Ошентип, кайра куруу мезгилиндеги СССРдин тышкы саясаты «жаңыча саясий ой жүгүртүү» концепциясынын негизинде жүргүзүлгөн. «Кандуу согуш» аяктап, эл аралык мамилелерди радикалдуу кайра курууда СССР лидер катары чыккан.

*22.6. «Кайра куруунун» кризиси жана Советтер Союзунун кулашы.*

1990-жылдын жазында «кайра куруунун» акыркы этабы башталган. Бул мезгилди анын кризиси деп мүнөздөөгө болот.

Консерваторлор – «социализм ишинин саткыны», - деп Горбачовдун өзүн күнөөлөшсө, ал эми демократтар – аны чечкиндүү эместиги үчүн айыпташкан. Ошентип, М.С.Горбачевдун олку-солкулугу, чечкинсиздиги, өзүнүн аброюнун төмөндөшүнө алып келди.

Сепаратизмдин эң коркунучтуу симптому - СССРдин курамындагы республикаларда улуттар аралык чыңалуулардын өсүшү болгон.

1989-жылдагы Бүткүл Союздук калк каттоо маалыматтары боюнча, СССР 15 союздук республикадан (Армения, Азербайжан, Белоруссия, Грузия, Казахстан, Кыргызстан, Латвия, Литва, Молдавия, Россия, Тажикистан, Түркменистан, Өзбекстан, Украина, Эстония) туруп, анын аймагында 270 миллион адам, ошондой эле, 100 дөн ашуун улут жана элдин өкүлдөрү жашаган. Өлкө башчыларынын пикири боюнча СССРде улут маселеси чечилип, союздук республикалар саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү деңгээли бирдей деп эсептешкен. Ошентсе да, улуттар аралык мамилелер курчуп, ачык айтуу шарттарында

бул карама-каршылыктар ири конфликттерге өсүп чыккан. Казакстандын Алма-Ата шаарында “орусташтырууга” каршы массалык митингдер, демонстрациялар, кагылышуулар (XII.1986-ж.) болуп, ал куралдуу күч менен басылган. Шылтоосу - Казакстан КП биринчи секретары болуп орус улутунан Г.В.Колбиндин (1927-1998-жж.) дайындалышы болгон.

Прибалтика республикаларында, Украина жана Белоруссияда коомдук нааразычылыктар ачык формада өтө баштап, алар, коллективдештирүү мезгилинде “кулактарды” депортациялоо жөнүндө докуметтердин жарык көрүшүн талап кылышкан.

Тоолуу Карабак (Нагорный Карабах) үчүн Армения менен Азербайжан ортосунда куралдуу кагылышуулар (1988-ж.) башталган. Бул аймакта армян улутундагылардын саны көп болгону менен, жери Азербайжан ССРинин курамына кирген.

Ферганада өзбектер менен месхет-түрктөрүнүн ортосунда согуштук конфликт (У-У1.1989-ж.) болгон.

Улуттар аралык кагылышуулардын дагы бир очогу Казакстандын Жаңы Өзөн шаарында (Новый Узень) болуп (VI.1989-ж.) өтсө, көп узабай Кыргызстандын түштүгүндө орун алып, ал тарыхка Ош коогалаңы (VI.1990-ж.) деген аталышта кирди.

Бул конфликттердин жыйынтыгында миңдеген качкындар пайда болгон.

Грузиянын борбору Тбилисиде бир нече күн бою массалык демонстрациялар (IV.1989-ж.) болуп, алардын негизги талабы:

- Демократиялык реформаларды жүргүзүү жана Грузиянын эгемендүүлүгү;

- Абхаз АССРинин статусун кайра карап чыгып, абхаз эли Грузия ССРинин курамынан бөлүнүп чыгууну талап кылган;

Бул шарттарда Борбор өзүнүн толук жөндөмсүздүгүн көрсөткөн. Биринчиден, улуттар аралык конфликттерди жолго коё албаган, экинчиден, экономикалык кыйынчылык күч алган, үчүнчүдөн, Чернобыль АЭСиндеги авариядан (IV.1986-ж.) улам экологиялык абал начарлаган.

Алгач республикалардагы радикалдуу күчтөр «кайра куруу» үчүн күрөш ураанын туу тутуп, автономияны, маданиятты улуттук калыбына келтирүү, репрессияга дуушар болгон элдин тарыхый адилеттүүлүгүн орнотуу, маданият, тил, демократия жана эркиндикти талап кылышса, бара-бара, ал суверенитет жана көз карандысыздык үчүн күрөшкө өсүп чыккан.

1988-1990-жылдары Союздук Республикаларда улуттук кыймылдар күчөп, партиялар түзүлүп, СССРдин курамынан чыгууну талап кылышкан. Алсак, Литвада «Саюдис», Украинада «Рух», Латвия жана Эстонияда «Народный фронт» ж. б.

Жогорку Советтерге шайлоолор аларды бийликке алып келди. Эстония, Литва, Латвия, Азербайжанда Мамлекеттик суверенитет жөнүндө Декларация кабыл алынды. Андан соң, бул союздук республикалардын президенттерин шайлоо жарыяланды.

РСФСР Эл депутаттарынын I съезди (12.VI.1990-ж.) Россиянын суверенитеттүүлүгү жөнүндө Декларация кабыл алган. Анда, республикалык мыйзам, жалпы союздук мыйзамдан жогору тураары белгиленген.

Россия Федерациясынын биринчи президенти болуп Б.Н.Ельцин, вице-президенти болуп А.В.Руцкой (1947-ж. т.) шайланган.

«Ельциндин феномени» өлкөдөгү кризис мезгилинде эле башталган. Адатта, административдик-командалык системанын саясий турмушунда, отставкага кеткен жетекчи саясатка кайтып келген эмес. Б.Н.Ельцин өз ыктыяры менен партиялык жетекчиликтен (1987-ж.) кеткен. 1989-жылы жазында ал саясий турмушка кайтып келүүнү чечип, Союздун эң чоң шайлоо округу болгон Москвадан СССР эл депутаты катары шайланды. Башында анын расмий колдоосу болгон эмес, бирок ал жөнөкөй, миллиондорго жеткиликтүү идеялардын негизинде шайлоо астындагы кампанияны түзүүгө жетишкен. Алсак:

- Ачык айтууну кеңейтүү;
- Социалдык адилеттүүлүк принциптерин бекемдөө;
- Партиялык номенклатуранын артыкча укуктары менен күрөшүү ж. б.

Анын популярдуулугу өскөн. Эл депутаттыгына ал Свердловскто коюп, жеңген. Анткени, ал Свердловск обкомунун биринчи секретары болуп иштеп келген болчу. РСФСР эл депутаттарынын I съездинде анын кандидатурасы Жогорку Советтин төрагалыгына коюлган жана шайлоолор драмалык түрдө өнүккүн. Андан соң, РСФСРдин биринчи Президенти (12.VI.1991-ж.) болуп шайланган.

Союздук Республикалар суверенитеттүүлүк жөнүндө декларацияларды кабыл алышып,СССР эл депутаттарынын IV съездинин күн тартибине СССРдин андан аркы тагдыры, б. а. СССРдин сакталышы же сакталбашы,же анын демократиялык федеративдик мамлекет катары өнүгүшү жөнүндү маселе коюлат. Съезд “Союздук келишимдин жалпы концепциясы жана аны түзүүнүн шарттары” («Об общей концепции союзного договора и порядке его заключения») аттуу мыйзам кабыл алат. Анда төмөнкү принциптер белгиленген:

- Бардык граждандардын жана элдердин тең укуктуулугу;
- Өзүн-өзү аныктоо (самоопределение) укугу жана демократиялык өнүгүү;
- Аймактык бүтүндүк ж. б.

Союздук түзүлүштүн жаңы моделине альтернатива пайда болгон. СССР президентинин Москва алдындагы Ново-Огарево резиденциясында М.С.Горбачев 9 союздук республиканын жетекчилери менен сүйлөшүүлөрдү (IV-V.1991-ж.) жүргүзгөн. Анда:

- Бийлик жана башкаруу органдарынын түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- Жаңы Конституцияны кабыл алуу;
- Шайлоо системасын өзгөртүү ж. б.

Бул долбоор Армения, Грузия, Молдавия жана Прибалтика республикаларынан тышкары 9 республика тарабынан колдоого алынып, келишимге кол коюу 1991-жылдын 20-августуна белгиленген болчу.

Союздук жетекчиликтин консервативдик бөлүгү мамлекеттик төңкөрүш (19-21.VIII.1991-ж.) жасоого аракеттенишип, вице-президент Г.И.Янаевдин (1937-ж. т.) төрагалыгы менен «Өзгөчө абал (кырдаал) боюнча мамлекеттик комитети» (ГКЧП) түзүлгөн. М.С.Горбачевду «ооруп калды» деген шылтоо менен Форостогу түштүк резиденцияга жөнөтүп, ал жерде үй камагына алышып, президенттик функциясын аткаруудан четтеткен.Төңкөрүш (путч) басылгандан кийин СССРдин кулоо процесси кайра кайтпас мүнөзгө ээ болот.

Жаңыланган союзга кирүүгө 11 республика макул болуп, декларацияга (21.XII.1991-ж.) кол коюшкан.

Беловежье кичи токойчосундагы (08.XII.1991-ж.) жолугушууда Б.Ельцин, Л.М.Кравчук (1934-ж. т.) жана

С.С.Шушкевич (1934-ж. т.), андан соң, союздук республикалардын жетекчилеринин катышуусу менен (Эстония, Латвия жана Грузиядан тышкары), Алма-Атадагы жолугушууда (21.XII.1991-ж.), 1922-жылы түзүлгөн союздук келишимдин күчү мыйзам ченемдүү токтотулган. СССР кулап, президент М.С.Горбачев отставкага кеткен (25.VIII.1991-ж.) болчу.

СССРдин таркатылышы жөнүндө чечим жарыяланганда, аны Балтика өлкөлөрү жана Грузия зор кубаныч менен кабыл алышат.
Мурунку Союздун аймагында Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ же СНГ) түзүлгөн (21.XII.1991-ж.).

Ошентип, М.С.Горбачев мурунку саясий системанын негизин жана Коммунисттик партиянын жетекчилик ролун, кызматын коргоону, сактап калууну канчалык каалаcа да, аны сактай албаган. Тоталитардык мамлекеттин алкагындагы либералдык реформалар анын кыйроосуна алып келди. Кайра куруу антикоммунисттик революцияга өсүп жетилип, Союздун (СССР) ыдыроосуна алып келген.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. СССР кайра куруу (1985- 1991-жж.) мезгилиндеги абалга токтолуңуз.
2. “Кайра куруу” түшүнүгүнө аныктама бериңиз.
3. Мамлекеттин коомдук- саясий турмушунун өзгөрүшүнө баа бериңиз.
4. Көп партиялуу системанын калыптанышына сиздин көз карашыңыз кандай?
5. Экономикалык реформанын башталышын баяндаңыз.
6. Өкмөттүн тышкы саясий ишмердүүлүгүнө токтолуңуз.
7. “Кайра куруунун” кризиси жана Советтер Союзунун кулашы боюнча жеке пикириңизди билдириңиз.

## 23.0. Россия XX к. 90-жж. жана XXI к. башында

*23.1.0. Россия Федерациясы – мамлекеттин жаңы формасы.*

*23.1.1. Ички саясат: Экономикалык реформалар багытын улантуу.*

*23.1.2. Россия мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы: Бийлик кризиси.*

*23.1.3. Россия Федерациясынын Конституциясы (1993-ж.)*

*23.1.4. Улуттар аралык мамилелер.*

*23.1.5. Россия жаңы – XX1 миң жылдыктын алдында.*

1991-жылдын аягынан тартып, эл аралык саясий аренада жаңы мамлекет - Россия Федерациясы (РФ) пайда болду. Анын курамына Федерациянын 89 субъектиси, 21 автономдук республика кирген. Россия жетекчилигинин алдына коомду демократиялаштыруу жана укуктук өлкө түзүү милдети коюлган. Биринчи кезекте - өлкөнү экономикалык жана саясий кризистен алып чыгуу, жаңы эл чарба органдарын түзүү, мамлекеттүүлүктү калыптандыруу керек эле.

*23.1.1. Ички саясат: экономикалык реформалар багытын улантуу.*

1990-жылдардын башында Россиянын саясий системасы эки баскычтуу өкүлчүлүк бийлигинин - РФнын Эл депутаттарынын съезди жана эки палаталуу Жогорку Кеңештен турган.Аткаруу бийлигинин башчысы болуп жалпы элдик шайлоо менен шайланган Президент Б.Н. Ельцин болгон. Ал Куралдуу Күчтөрдүн Башкы командачысы эсептелген. Жогорку сот инстанциясы болуп РФнын Конституциялык Соту эсептелген. Жогорку бийлик

структураларында башчылык ролдорду СССРдин Жогорку Кеңешинин мурунку депутаттары ойногон. Алардын катарларынан Президенттин кеңешчилери В.Ф.Шумейко (1945-ж. т.) жана Ю.Ф.Яров (1942-ж. т.) болушкан. Конституциялык Соттун Төрагасы В.Д.Зорькин (1943-ж. т.), жер-жерлердеги көптөгөн администрация башчылары кирген.

Мамлекеттин аппаратынын ишмердиги мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин курч конфронтациялык шарттарында жүргөн. Эл депутаттарынын V съезди (XI.1991-ж.) президентке экономикалык реформаларды жүргүзүү үчүн кеңири полномочиелерди берген. 1991-жылдын аягында өкмөттү окумуштуу-экономист Е.Т.Гайдар (1956-2009-жж.) жетектеп, эл чарбасын радикалдуу реформалоо программасын иштеп чыккан. Сунушталган программада **чочутуу "шок терапия" чаралары болуп, экономиканы чарба жүргүзүүнүн рыноктук методуна которуу каралган.

Экономиканы реформалоо Программасында негизги орун - бааларды либералдаштыруу, аларды мамлекеттин көзөмөлүнөн чыгаруу болгон. Эркин (рыноктук) баага жана тарифке өтүү (I.1992-ж.) башталган. Мамлекет бааны өндүрүштүк-техникалык кээ бир товарларга жана азык-түлүк продукцияларына ирээттештирүү максатында калтырган. Баанын либерализацияланышы инфляциянын кескин өсүшүнө алып келген. Бир жылдын ичинде өлкөдө баа 26 эсе өскөн. Калктын жашоо шарты 1994-жылы, 90-жылдардын башы менен салыштырганда 50 % төмөндөгөн. Мамлекеттик банкта сакталган граждандардын акчалай топтоолору өзүнүн баалуулугун жоготкон. Рынокко өтүүдөгү негизги роль – мүлктү менчиктештирүү (приватташтыруу, же мамлекеттен ажыратуу) процесси болду. Анын жыйынтыгы боюнча жеке сектор экономикада басымдуулук кылышы керек болучу.

Приватташтырылган мамлекеттик менчик биринчи кезекте сооданын, коомдук тамактануу жана турмуш-тиричилик тармактарын кучагына алган. Приватизация саясатынын натыйжасында жеке менчике 110 миң өнөр жай ишканалары өткөн. Ваучердик приватизация 1992-1994-жылдары катуу жүрүп, мамлекеттик сектор экономикада алдыңкы ролун жоготкон.

Бирок менчиктин формасынын өзгөрүшү экономиканын эффекттүүлүгүн жогорулата алган жок. 1993-1994-жылдары өнөр жай өндүрүшү 21 %, ал эми машина куруу 31 %, эл керектөөчү товарларды өндүрүү 30 % төмөндөгөн. Россия рыногундагы товарлардын жарымы импорттук продукциялар болгон.

Приватташтыруу саясатынын бирден бир кесепети, энергетикалык инфраструктуранын кулашы болду.
1990-жылдардын экинчи жарымында Россиянын ири жана орто ишканаларынын көпчүлүгү жеке менчик, коммерциялык жана акционердик коомго айланган.

Көптөгөн коммерциялык банктар, фондулук биржалар жана соода үйлөрү пайда болуп, активдүү аракеттенишкен. Ушунун баары мамлекеттин жаңы өндүрүштүн жана финансы структураларынын үстүнөн мурункудай административдик жол менен башкаруусунан биротоло жоготконун айгинелеген. Бирок эми мамлекеттин колунда завод жана фабрикалардын басымдуу көпчүлүгүнүн пакеттери болуп, алар россиялык экономикада алдыңкы ролду ойношкон.

Экономикалык реформалар программасы айыл чарбада олуттуу кайра түзүүлөрдү киргизүүнү камтыган. 1990-жылдары чарба жүргүзүүнүн жаңы формасынын интенсивдүү өнүктүрүү убактысы болгон. Экономиканын агросекторунда чечүүчү ролду ачык жана жабык акционердик коомдор, айыл-

чарба кооперативдери ойногон. 1999-жылы алардын үлүшү айыл-чарба ишканаларында 65,8% түзгөн.

Экономикалык кризис агрардык секторго оор залакасын тийгизген. Минералдык жер семирткичтер, автомашиналар жана айыл-чарба техникалары жетишпей турган. 1996-ж. айыл-чарба машина куруу ишканалары 14 миң трактор чыгарган болсо, 1998-жылы 9000 гана трактор чыгарган. Кийинки жылдары аларды өндүрүү кыскарууда болгон. Айыл-чарба техникаларынын жетишсиздигин, айрыкча фермердик чарбалар сезип, түшүм алуунун көлөмү түшүп кеткен. 1990-жылдардын орто ченинде айыл-чарба өндүрүшү 1991-1992-жж. салыштырганда 70 % төмөндөгөн. Ири мүйүздүү малдын саны 20 млн. кыскарган. "Ваучер" деп аталган баалуу кагаз (*менчиктештирилган чек) анын ээсинин мамлекеттик менчиктин бир бөлүгүнө ээ экендигин билдирген. 1990-жылдардын аягында өзүн-өзү актай албаган чарбалардын саны мамлекеттик сектордо, официалдуу маалыматтар боюнча 49,2 %, жеке менчикте 57,9% түзгөн.

Жаңы мүлктүк мамилелердин түзүлүшү калктын социалдык дифференцияланышын тереңдеткен. Жакырчылыкта жашагандардын саны өскөн (ар түрдүү эсептөөлөр менен алардын коомдогу салмагы 35-65 % түзгөн).

*23.1.2. Россия мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы. Бийлик кризиси.*

СССРдин таралуусунан кийин мурунку бийликтин структуралары жана башкаруусу жоюла баштаган. Кээ бир мурунку союздук мекемелер жана ведомостволор россиялык башкаруу структураларынын карамагына өткөрүлгөн. Өлкөнүн президентинин резиденциясы болуп эми Москва Кремли эсептелген.

Россия мамлекети расмий аталышын өзгөртүп (21.IV.1992-ж.), эми Россия Федерациясы, же Россия болуп калды.

СССР жашоосун токтоткондон кийин президент менен Жогорку Кеңештин жана Эл депутаттарынын Съездинин ортосундагы мамилелердин мүнөзү өзгөргөн жок. Алардын полномочиелери так белгиленбегендиги бийликтин эки бутагы - мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин ортосунда катуу тирешүүнү жараткан. Мамилелер айрыкча Россия мамлекетинин конституциялык долбоорун иштөөдө чыккан. Депутаттык корпустун көптөгөн мүчөлөрү мурунку саясий өнүгүү жолуна түшүүнү жана СССРди калыбына келтирүүнү жактаган. Б.Н.Ельцин элге кайрылып (XII.1992-ж.), парламент "реакциялык күчкө" айлангандыгын жарыялаган.

Парламентарийлердин оппозициялык көз караштагылары калктын басымдуу бөлүгүнүн колдоосуна ээ болуп турган. Көптөгөн россиялыктар экономиканын рыноктук жол менен өнүгүүсүнө нааразы болушкан. 1992-жылдын декабрында мыйзам чыгаруу бийлигинин кысымы менен Е.Т.Гайдардын өкмөтү отставкага кеткен. Жаңы премъер-министр болуп В.С.Черномырдин (1938-2010-жж.) дайындалган, ал көп жылдар бою чарбалык иштерде жетекчилик кызматта болгон. Бирок бул дагы коомдогу чыңалууну жана президент Б.Н.Ельцин менен парламенттин тирешүүсүн чечкен эмес.

Эл депутаттарынын Съездинин демилгеси менен президентке ишеним берүү, президентти мөөнөтүнөн мурда жана Эл депутаттарын шайлоо жөнүндө референдум өткөрүлгөн. 69 млн. киши шайлоого катышып, алардын жарымынан көбү президентти жана ал жүргүзгөн социалдык-

экономикалык саясатты колдошкон (58,7% жана 53%). Референдумдун жыйынтыгы, президенттик күчтөрдүн жеңиши, саясий кризисти тереңдеткен.

1993-жылы күзүндө бийликтин бутактары ортосундагы карама-каршылыктар күчөгөн. Бул мезгилде президент жана анын кеңешчилери тарабынан РФнын Конституциясынын долбоору даярдалган. Бирок, парламентарийлер, президенттин бийлигин чектөөгө аракеттенишип, аны кабыл алууну артка жылдырган. Б.Н.Ельцин бийликтин өкүлчүлүк органы - РФнын Жогорку Кеңешин жана Эл депутаттарынын Съездин таркатуу (21.IX.1993-ж.) жөнүндө жарыялаган. Жаңы парламентке шайлоолор 12-декабрга дайындалган. Депутаттардын бир бөлүгү президенттин аракетин мыйзамсыз деп эсептешип жана аны бийликтен четтетүүнү көздөшкөн. Жаңы президент катары буга чейин РФнын вице-президенти болуп келген А.В.Руцкойду (1947-ж. т.) ант алдырышкан.

Президенттин антиконституциялык актысына жооп иретинде Москвада демонстрация уюштурулун, кээ бир жерлерде баррикадаларды курушкан (X.1993-ж.). Мэрияны жана Останкино телеборборун штурмалоо ийгиликсиз аракет болгон. Борбордо өзгөчө кырдаал абалы жарыяланып, шаарга аскерлер киргизилгеи. Окуялардын жүрүшүндө бир нече жүздөгөн адамдар өлүп жана жарадар болушкан.

Президенттин жеке бийлиги орногондон кийин ушул күнгө чейин жашап келген Советтер системасы таптакыр жоюлган. Алардын милдеттери жергиликтүү администрацияларга жана Думага берилген.

### *23.1.3. Россия Федерациясынын Конституциясы (1993-ж.)*

Жалпы элдик шайлоо менен Россия Федерациясынын Конституциясы кабыл алынды (12.XII.1993-ж.). Россия демократиялык, федеративдик укуктуу республикалык башкаруу формадагы мамлекет деп жарыяланган. Мамлекеттин башчысы жалпы элдик шайлоо менен шайланган президент болот. РФнын курамына 21 республика жана 6 аймак, 1 автоном областы жана 10 автоном округу, 2 федералдык мааниdeги шаар (Москва жана Санкт-Петербург) жана 49 обулус кирген. Жогорку мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын принциптери белгиленген. Федералдык Чогулуш мыйзам чыгаруучу эки палаталуу структура дайыма аракеттенген РФнын органы катары бекитилген. Бийликтин үч бутагынын мыйзам чыгаруу, аткаруу жана соттук органдардын өз алдынчалыгы баса белгиленген.

Россиянын жогорку бийлик органдарынын компетенциясына кирген негизги жалпы мамлекеттик суроолор: федералдык мамлекеттик менчикти башкарууну, финансылык системаны, федералдык бюджетти, мыйзамдар кабыл алуу жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө Федералдык мамлекеттик кызмат дагы федералдык бийликке баш ийген.

Саясий көп партиялуулук, эркин эмгек укугу жана жеке менчик укугу мыйзам катары бекитилген. Конституцияда коомдогу саясий туруктуулукка жетүү үчүн шарттар түзүлгөн.

*23.1.4. Улуттар аралык мамилелер.*

СССР кулагандан кийин федералдык бийлик Россия Федерациясынын көп улуттуу субъектилери менен мамилелери жөнөкөй болгон эмес.

Улуттар аралык конфликттердин бирден бир очогу Түндүк Кавказ эле. Россиялык армиянын жардамы менен гана ингуш жана осетин куралдуу кагылышы токтотулуп калган. Бирдиктүү Чечен-Ингушетия мамлекети эки өз алдынча республикаларга бөлүнүп кеткен (1992-ж.).

Россиянын автоном республикалары аралык Федеративдик келишимге кол коюлган (31.III.1992-ж.). Келишим федералдык жана республикалык бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын (полномочиелерин) бөлүүнү караган. Ал боюнча федералдык бийликтин диктаттан баш тартуусу каралган Документ өлкөнүн мамлекеттик биримдигинин негизи болуп, кийинки РФнын улуттук-мамлекеттик түзүлүшүн өз ара мамилелерин өнүктүрүүгө көмөкчү болмок. Татарстан Келишимге 1994-жылы кошулуп, карама-каршы келбеген өзгөчө шарттарды коюп, Федерациянын толук субъектиси болуп калаарын айткан. Чечен Республикасынын (Чечня) жетекчилиги менен өзгөчө мамилелер түзүлүп, алар Федеративдик келишимге кол койгон эмес, Россиянын курамынан чыгууга чоң аракеттерди жасаган. 1993-жылы кабыл алынган Конституция, Россия мамлекетинин биримдигин чыңдоого жасалган чоң кадам болду. Ошону менен катар эле Федерациянын кээ бир субъектилери менен мамилелер курч бойдон калган. Чечнянын аймагына Россиянын куралдуу күчтөрү (XII.1994-ж.) киргизилгеи. Бул Чечен согушунун чыгышына алып келип, ал 1996-жылдын аягында аяктаган. Россиянын жана Чечнянын жетекчилигинин ортосунда тынчтык жөнүндө

Келишимге кол коюлуп (XI.1996-ж.), федералдык куралдуу күчтөрдү Чечнядан чыгарып кетүү жана республикада президенттик шайлоо өткөрүү каралган. Келишим жана согуштук аракеттердин токтошу чечен жетекчилигинин сепараттык умтулуусун токтоткон эмес.

*23.1.5. Россия жаңы – XX1 миң жылдыктын алдында.*

1990-жылдардын аягында россиялык коомдо экономикалык жана социалдык структурасында радикалдуу өзгөрүүлөр болуп өттү.

Россиялык окумуштуу-экономисттердин ою боюнча өлкөдө рыноктук чарбалар түзүлүп, орто өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөн эч кандай айырмаланган эмес.

Түзүлгөн социалдык-экономикалык система жетишээрлик эффективдүү болгон эмес. Калкты социалдык жактан коргоо планы иштелип чыккан эмес. Тышкы карыздын көлөмү төмөндөбөстөн, жыл сайын ага төлөнүүчү акы, федералдык бюджеттин жарымын түзгөн.

Социалдык-экономикалык чөйрөдө терең жана карама-каршы процесстер өндүрүштүн депрессивдүү абалы жана жетекчиликтин компетентүүлүгүнүн жетишпестиги финансылык кризиске алып келди (VIII.1998-ж.). Банктык системанын жоготуулары 2000-жылдын орто ченинде 100-150 млрд. рублди түздү, мамлекеттик бюджет 50 млрд. рубль албай калды. 1999-жылдын экинчи жарымда гана кризистин негагивдүү көрүнүштөрү жоюлган. Акырындык менен өндүрүш көтөрүлө баштаган.

Финансылык-экономикалык кризис россиялык калктын кеңири массасы үчүн оор болду. Өлкөнүн көптөгөн райондорунда айлык акы жана пенсия өз убагында берилбей калган. 1999-жылы 8,9 млн. жумушсуз калып, жумушсуздук күчөгөн, алар Россиянын эмгекке жарамдуу калкынын 12,4 %

түзгөн. Кризис өлкөнүн демографиялык абалына терс таасирин тийгизген – 1999-жылдын ортосунда анын калкы 145,9 млн. түзүп, акыркы он жылдыкта 2 млн. адамга чейин кыскарган.

Саясий турмушта барган сайын бийликтин кризиси байкалган. Президент Б.Н.Ельциндин аброю түшүп, мамлекеттин турмушунда анын ролу төмөндөгөн. Кадрлык алмашуулар өкмөттө, министрликте жана ведомстволордо тез-тез болуп турган. 1998-жылы апрелден 2000-жылдын мартына чейин РФнын өкмөт башчысы кызматына 5 адам келген: С.В.Кириенко (1962-ж.т.), В.С.Черномырдин, Е.М.Примаков (1929-2015-жж.), С.В.Степашин (1952-ж. т.), В.В.Путин. Өкмөттүн лидерлерин алмаштыруу өлкөдөгү абалды өзгөрткөн эмес. Экономикада жана саясатта реформалар менен өнүктүрүүнүн стратегиясы жүргүзүлгөн эмес. Мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин бутактарынын ортосунда өз ара так мамилелеринин тартиби жок болгон. Федерациянын субъектилеринде республикаларда жана областтарда федералдык мыйзамдарга каршы келген мыйзамдар кабыл алынып жаткан. 1999-жылдын орто ченинде Чечняда кайрадан абал курчуган. Аслан Масхадов башында турган президент, сепаратисттик кыймылды күчөткөн. Чечняга дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнөн террористтер агылып келе баштаган. Кыска убакыттын аралыгында республика Россия Федерациясынын субъектисинен, эл аралык терроризмдин тирегине айланган. Ушунун баары федералдык аскерлердин антитеррористтик операциясын баштоонун, тагыраагы – Экинчи чечен согушунун себеби (VIII.1999-ж.) болду.

РФнын биринчи Президенти Б.Н.Ельцин ден соолугуна байланыштуу мөөнөтүнүн мурда отставкага кеткен

(31.XII.1999-ж.). Убактылуу президенттин милдетин аткаруучу болуп В.В.Путин дайындалган, ага чейин өкмөт башчысы катары иштеп келген В.В.Путин Россия Федерациясынын Президенти болуп шайланган (26.III.2000-ж.).

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Россия XX к. 90-жж. жана XXI к. Башындагы социалдык-экономикалык абалын баяндаңыз.
2. Россия Федерациясы – мамлекеттин жаңы формасы катары берген пикириңизди билдириңиз.
3. Ички саясат: экономикалык реформалар багытын улантуу боюнча ой жүгүртүңүз.
4. Россия мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы: бийлик кризисин баяндаңыз.
5. Россия Федерациясынын Конституциясы (1993-ж.). жөнүндө айтып бериңиз.
6. Улуттар аралык мамилелерге токтолуңуз.
7. Россия жаңы- XXI миң жылдыктын алдында.

## 23.2.0. Россиянын өнүгүүсүнүн азыркы учуру.

*23.2.1. Жалпы маалыматтар.*
*23.2.2. Административдик реформалар.*
*23.2.3. Жогорку бийлик органдарын кайра шайлоо.*
*23.2.4. Социалдык-экономикалык өнүгүү: Экономиканы реформалоо багытынын уланышы.*
*23.2.5. Өкмөттүн антикризистик программасы.*
*23.2.6. Россия Федерациясынын тышкы саясаты. Россия эл аралык аренада.*
*23.2.7. Россия жана постсоветтик мамлекеттер.*
*23.2.8. Маданият (орус адабиятындагы социалисттик реализм; драматургия жана поэзия; музыка; кино искусствосу).*

### *23.2.1. Жалпы маалыматтар.*

XXI кылымдын башында Россия Федерациясынын аймагынын чек арасы биротоло аныкталган. Жалпы россиялык калк каттоо (2003) көрсөткөндөй аянты боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлеген. Калкынын саны 145,2 млн. адамды түзүп, 1989-жылдагы калк каттоого салыштырганда 1,8 млн. кишиге аз болгон. Россиялыктардын 106,5 млн. шаарларда жана 38,7 млн. кыштактарда турушкан. Россия дүйнөдөгү көп улуттуу өлкөлөрдүн катарында болуп, анын аймагында 160 ашык улуттардын өкүлдөрү жашап, калктын 80% ашыгын орустар түзөт.

Россиянын мамлекеттик символдору бекитилген: үч түстөгү (ак-көк-кызыл) туусу жана эки баштуу бүркүт түрүндөгү герби кабыл алынган. Кызыл желек өлкөнүн Куралдуу Күчтөрүндө калтырылган. СССРдин мурунку

гимнинин сөзүн акын С.В.Михалков, музыкасын композитор А.В.Александров жазган.

*23.2.2. Административдик реформалар.*

XXI кылымдын биринчи он жылдыгынын аягында өлкөнү башкаруунун эффективдүүлүгүн жакшыртуу максатында бир нече административдик реформалар жүргүзүлгөн. 2004-жылы күзүндө губернаторлорду жалпы элдик шайлоодон федералдык парламетте Россиянын президентинин сунушу менен бекитүүгө өтүү киргизилгеи. 2005-жылы Россия Федерациясынын Коомдук палатасы мамлекеттик структуралар жана коомдук уюмдар ортосунда кызматташтыкты кеңейтүү максатында түзүлгөн. Палата Мамлекеттик Думадагы талкууланып жаткан мыйзам актыларына экспертиза кылуу укугуна ээ болгон.

Жергиликтүү башкарууну жакшыртуу жана Федерациянын кээ бир субъектилеринин экономикалык позицияларын чыңдоо үчүн чоң иштер жүргүзүлгөн. Атап айтсак, Коми-Пермь автоном округу жана Пермь областы бириктирилип, Пермь крайы түзүлгөн. 2008-жылдын мартында Чита областы жана Бурят- Агин автоном округун бириктирүү боюнча референдум өткөрүлгөн. Жыйынтыгында (90% референдумдун катышуучулары биригүүнү колдошкон) жаңы субъектиси Забайкалье крайы түзүлгөн. 2009-жылы сегизинчи федералдык Түндүк-Кавказ округу түзүлгөн. Анын курамына Адыгей жана Дагестан, Карачай-Черкес, Ингуш жана Чечен Республикалары, ошондой эле, Ставрополь крайы кирген.

Мамлекеттик Думага шайлоо боюнча принципиалдуу өзгөрүүлөр мыйзамга киргизилген. Ушуга байланыштуу бир мандаттуу округдардагы шайлоолор жоюлуп, депутаттарды

партиялык тизме менен шайлоо киргизилген. Думага өтүү үчүн шайлоо алдында бирикмелерди жана блокторду түзүүгө тыюу салынган, партиялардын өтүү босогосу 5 тен 7% чейин көтөрүлгөн. Ушундай өзгөрүүлөр менен Мамлекеттик Думанын V чакырылышына шайлоолор өткөрүлгөн (XII.2007-ж.).

*23.2.3. Жогорку бийлик органдарын кайра шайлоо.*

Думага шайланган депутаттардын партиялык курамы төмөндөгүчө болгон: “Бирдиктүү Россия” - 315, КПРФ – 57, ЛДПР – 40, “Акыйкат Россия” – 23 (бардыгы 450 киши). Мамлекеттик Думанын Төрагасы болуп, “Бирдиктүү Россиянын” өкүлү Б.В.Грызлов шайланган.

V чакырылыштагы депутаттык корпустун курамын анализдегенде саясат таануучулар кээ бир шайлоо жөнүндөгү мыйзамда негативдүү өзгөрүүлөрдү белгилешкен. Жогорку бийлик органдарында бир партиянын “саясий доминациясы" болуп калган, анда чейрекке жакын россиялык калктын кызыкчылыгы, талабы эч ким тарабынан корголбой калган. "Бирдиктүү Россия” партиясы өкмөттү жана Президентти толук колдоого алып, Думада эффективдүү оппозицияны түзүү мүмкүнчүлүгү болбой калды.

РФнын Президенти В.В. Путиндин мөөнөтү аяктаганына байланыштуу, мамлекеттин жаңы башчысын шайлоо жүргөн (02.III.2008-ж.). Шайлоо кампаниясына бир нече партиялардын өкүлдөрү катышкан, атап айтсак: В.В. Жириновский (ЛДПР), Г.Л. Зюганов (КПРФ), А.Богданов (ДПР жетекчиси), Д.А.Медведев (Бирдиктүү Россия). Өлкөнүн жаңы президенти болуп Д.А.Медведев шайланган, ал буга чейин өкмөттүн башчысы кызматын аткарып келген. Жаңы президенттин Программасы буга чейин жүргүзүлүп келген реформалык багытты уланткан.

Өкмөттүн жаңы башчысы болуп В.В.Путин дайындалган (08.V.2008-ж.). Жаңы өкмөттүн курамында олуттуу деле өзгөрүүлөр болгон жок.

*23.2.4. Социалдык-экономикалык өнүгүү: Экономиканы реформалоо багытынын уланышы.*

2004-жылдан тартып региондорду өнүктүрүү үчүн социалдык-экономикалык программаларды иштеп чыгуу улантылган. Россиялык мыйзам чыгаруучулук дагы ушул багытта жүргүзүлүп жаткан өзгөрүүлөрдү бекемдөөгө өз ишмердигин жүргүзгөн. Салык системасын жакшыртуу боюнча иштер ишке ашкан. Кыймылсыз мүлккө салык киргизилген, жаратылыш ресурстарын колдонуу үчүн акыны мыйзамдаштыруу, кирешеге салык кыскартылган. Майда ишкерлердин укугун коргоого көңүл бурулган. Жаңы антимонополдук мыйзамдар бекитилген.

Экономикада приоритеттүү ролду нефти-газ комплекси ойнойт. Дүйнөлүк рынокто нефтиге болгон баанын өсүүсү, анын өнүгүүсүнө, өндүрүп алууну жакшыртууга, нефти продуктылардын сапатын көтөрүүгө өзгөчө көңүл бурууну талап кылды. Красноярск крайындагы ири Ванкор нефти өндүрүүчү аймак ишке берилген. Бирок, эксперттердин маалыматы боюнча 2006-2008-жылдары өлкөдө нефти өндүрүү акырындык менен төмөндөгөн. Жаңы нефти чыккан аймактарды өздөштүрүү азайган.

Агрардык сектордо рыноктук реформаларды киргизүүдө кемчиликтер жана кыйынчылыктар кездешти. Советтик мезгилден бери айыл-чарба продукциясын өндүрүүдөгү сакталып калган технологиялык артта калуучулук өз кедергисин тийгизди. Мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларда продукцияларды өткөрүү рыногу жөнгө салынбаган. Дыйкан (фермер) чарбалары жана

айылдык керектөөчү коорперативдери колдоого муктаж болчу. Ушул кыйынчылыктарды жоюу үчүн айыл чарбаны 2008-2012-жылдары Өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы иштелип чыккан. Мындан тышкары, өзүнчө агрочөйрө тармагын өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү боюнча чаралар каралган.

*23.2.5. Өкмөттүн антикризистик программасы.*

2007-жылдын орто ченинен тартып россиялык экономикага дүйнөлүк рыноктогу стабилдүү эместик жана дүйнөлүк экономиканын жайлашы таасирин тийгизе баштаган.

2008-2009-жылдары АКШ, өнүккөн Европа жана бир катар Азия өлкөлөрүн дүйнөлүк экономикалык кризис каптаган. Глобалдык кризис Россиянын экономикалык өсүүсүн өзгөрттү. Бул өлкөнүн жетекчилигинен каржы системасын бекемдөө жана калкты иш менен камсыздоо тармагындагы чыңалууну алып таштоо боюнча чукул чараларды көрүүнү талап кылды. Ушул максатта мамлекет россиялык банктарга кыйла кредиттерди берген. Федерациянын субъектилери толук эмес жумушчу жумалыкты киргизүү суроолоруна жана жумуш күнүн кыскартууну өз алдынча чечүү укугун алышкан.Бирок кээ бир антикризистик чаралар абалды өзгөртө алган эмес.Ири өнөр жай, машина куруу жана автомобиль, тоо-кен, коргоо, өндүрүш ишканаларында жумушчуларды кыскартуулар жүргөн.Өлкөдө жумушсуздардын саны 7 млн. кишиге жеткен. 2009-жылдын апрелинде федералдык антикризистик бюджет кабыл алынып, өкмөттүн антикризистик саясатынын өзөгү болуп калган. Антикризистик чаралар үчүн бюджеттен 2412 млрд. рубль бөлүнгөн. Негизги каражаттар банк системасынын жана эл чарбасынын кээ бир тармактарын

колдоо үчүн берилген. Федералдык бюджеттин 27% жакыны калкты социалдык жактан колдоого жумшалган.

Антикризистик программаларга ылайык турак-жай жана жол курулушу, эффективдүү иштеген өнөр жайларга, анын ичинде коргоо ишканаларына чыгашалар көбөйтүлгөн. Өндүрүштүн кыскарышынын натыйжасында жумушунан бошоп калгандарга жардам көрсөтүлгөн. Моношаарлар деп аталган элдүү пункттарды реконструктуризациялоо планы иштелип чыккан.

Рыноктук экономиканын өсүүсү калктын социалдык теңсиздигин тереңдеткен. 2008-жылы россиялык статистикалык органдардын маалыматы боюнча, өлкөнүн калкынын 20% жакырчылыкта жашаган. Ошол эле мезгилде жүздөн ашык миллиардерлер болгон, алар ири өнөр жай концерндерине ээлик кылышкан. Экономикалык кризис айрыкча аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана пенсионерлерге оор тийген. Мамлекет бир нече жолу алардын материалдык абалын көтөрүү чараларын көргөн. Бул максатта антикризистик бюджеттин бир бөлүгү ушул багытка бурулган. Антикризисттик программа өлкөдө социалдык кырдаалды стабилдештирүүгө мүмкүндүк берди.

### *23.2.6. Россия Федерациясынын тышкы саясаты. Россия эл аралык аренада.*

Россиянын эл аралык аренадагы аракети улуттук кызыкчылыктарды башка мамлекеттер менен жакшы коңшулук мамилелерди сактоо менен айкалыштырууга багытталган. Россиянын тышкы саясатында негизги принциптерди жана багыттарды сактоо менен дүйнөдөгү өзгөрүүлөрдүн таасирин сезип келет. Глобализация процесси Россиядан кубаттуу держава статусун бекемдөөнү, дүйнөлүк проблемаларды чечүүгө активдүү катышууну талап кылды.

Россия эл аралык уюмдар менен, атап айтсак, БУУ

менен кызматташуусун уланткан. 2007-жылы Президент В.В.Путин Мюнхенде өткөн коопсуздук маселелери боюнча конференциянын ишине катышкан. В.В.Путин конференцияда Улуттар аралык конфликттерди жөнгө салууда аскердик күчтөрдү колдонуу жөнүндөгү негизги маселени БУУнун Уставы гана чечет деп билдирген.

Россиянын жана Европалык союздун экономикалык өнөктөштүгү кеңейтилген. 2010-жылы ЕСтин үлүшүнө Россиянын 33,5% нефтиси жана 42% газ көлөмү туура келген.

Эл аралык мамилелер системасында алдыңкы орунга дүйнөдө терроризмдин жайылтылышына каршы туруунун муктаждыгы, мыйзамсыз миграция, наркобизнес чыкты. Ушул чөйрөдө ар түрдүү мамлекеттердин биргелешип аракеттенүү чараларын бириктирүүнү талап кылды. Европалык мамлекеттер биргелешип Сомалинин жээктеринде деңиз каракчыларына каршы күрөштү жүргүзүштү. Шанхай кызматташтык уюмуна кирген өлкөлөр биргелешип антитеррористтик ишмердик жүргүзүү жөнүндө келишимге жетишкен (XI.2009-ж.). Россияны Европанын өнүккөн өлкөлөрү жана АКШ менен достук мамилелер байланыштырып турган. АКШ менен стратегиялык ядролук куралдарды чектөө жөнүндө келишимдерге келүү боюнча сүйлөшүүлөр жүргөн.

Тынч океан регионундагы мамлекеттер менен кызматташтык улантылган. Жаңы соода контракттарына Индия менен кол коюлган. Япония менен маданий жана илимий-техникалык байланыштар кеңейтилген. Кытай Россиянын туруктуу өнөктөшү бойдон кала берген Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) түзүлүп (2001-ж.), ага Россия, Кытай, Казахстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан кирген.

*23.2.7. Россия жана постсоветтик мамлекеттер.*

Россия Федерациясынын постсоветтик мамлекеттер менен мамилеси бир кылка болгон жок. Көптөгөн проблемалар Борбордук Азия жана Кавказ мамлекеттери менен чыкты. Грузиядагы 2004-жылдагы революциядан кийин жаңы президент М.Саакашвили саясатын батыш багытына бурган. 2008-жылы жайында Грузия эл аралык укукту бузуп, Түштүк Осетияны оккупациялап, анын укуктук абалы СССР кулагандан бери так аныктала элек болучу. Россия Түштүк Осетияга аскердик жардам көрсөтүп, анын көз каранды эместигин сактап калуусунда жардам берген. Түштүк Осетия конфликтиси жоюлгандан кийин, Россия аны таанып жана аны менен достук келишимин түзгөн.

Украина менен экономикалык чөйрөдө эки тараптуу кызматташтык улантылган. Бийликке жаңы президент В.Ющенко келгенден кийин тараптардын мамилелеринде кыйынчылыктар пайда болгон. Узакка созулган сүйлөшүүлөрдөн кийин нефть-газ проблемасы чечилип, россиялык нефть Украина аркылуу транзит менен Европага жеткирилип турган.

Айрыкча интенсивдүү контакт Россия менен Белоруссиянын ортосунда болду. Өлкөлөр тышкы саясатты макулдашып алып жүргүзүшкөн. Алардын ортосунда товар жүгүртүү көлөмү көбөйгөн. Бажы чектерин тышкы чек арага жылдыруу жөнүндө келишимге жетишкен.

Россия Федерациясынын Казахстан менен мамилеси кеңейтилген. 2010-жылы үч жүзгө жакын ири биргелешкен казак-орус ишканалары түзүлүп, иштеп жатты. Макулдашууга ылайык Казахстандын нефтиси россиялык аймак аркылуу транспорттолуп турган. 2010-жылы Бажы союзу өзүнүн ишмердигин баштаган.

Ички жана тышкы саясаттагы түпкү өзгөрүүлөр, ири масштабдуу программанын негизинде башталып, азыр аягына чыга элек.

*23.2.8. Маданият (орус адабиятындагы социалисттик реализм; драматургия жана поэзия; музыка; кино искусствосу).*

XX кылымдын башында М.Горький, А.А.Блок (1880-1921-жж.), А.И.Куприн (1870-1938-жж.), И.А.Бунин (1870-1953-жж.), В.В.Маяковский (1893-1930-жж.) ж. б. чыгармалары жаралды. Социалисттик реализмдин принциптерин нуска туткан орус совет адабияты - дүйнөлүк адабияттын өнүгүшүнүн жаңы этабы болду. Орус совет адабияты коммунисттик идеялар менен сугарылып, советтик адамдын мүнөзүнүн жетилишинде чоң идеялык-тарбиялык роль ойногон. Бул адабияттын өнүгүшүндөгү башкы багыт – эл турмушу менен байланышты чыңдап, социалисттик турмуштун ар кыл жактарын туура жана жогорку көркөмдүктө чагылдыруу эсептелген.Орус совет адабиятынын негиздөөчүлөрү – М.Горький, Д.Бедный (1883-1945-жж.), А.Серафимович (1863-1949-жж.), В.Маяковский ж. б. акын-жазуучулар болгон. Алардын катарын А.Блоктун (1880-1921-жж.), В.Брюсовдун (1873-1924-жж.), С.Есениндин (1895-1925-жж.), А.Ахматованын (1889-1966-жж.), М.Пришвиндин (1873-1954-жж.), В.Вересаевдин (1867-1945-жж.) акындык жана жазуучулук ысымдары толуктап турат. Социалисттик реализм адабиятынын түзүлүшүндө М.Горькийдин чыгармалары, В.Маяковскийдин «Владимир Ильич Ленин» (1924-ж.) поэмасы, Д.Фурмановдун (1891-1926-жж.) «Чапаев» (1923-ж.), А.Серафимовичтин «Темир сел» (1924) жана А. Фадеевдин (1901-1956-жж.) «Талкалоо» (1927-ж.) романдары чоң роль ойногон. Революциянын романтикасы, тап күрөшүнүн катаал

мезгили, Жаңы экономикалык саясат (НЭП) учурундагы өлкө турмушу жана адамдын ички дүйнөсү XX жылдардагы чыгармаларда ар тарабынан чагылдырылган (В.Маяковский, С.Есенин, Б.Пастернак (1890-1960-жж.), Э.Багрицкий (1895-1934-жж.), А.Жаров (1904-1984-жж.), И.Уткиндердин (1903-1944-жж.) лирикасы; В.В.Иванов (1895-1963-жж.), Л.М.Леонов (1899-1994-жж.), Ю.Н.Лебединский (1898-1959-жж.), Б.Лавренев (1891-1959-жж.), А.Неверов (1886-1923-жж.), Ю.Олеша (1899-1960-жж.), И.Бабель (1894-1941-жж.), Ф.Гладков (1883-1958-жж.) ж. б. жазуучулардын роман, повесттери; А.Безыменский (1898-1973-жж.), В.Билль-Белоцерковский (1884-1970-жж.), К.Тренев (1876-1945-жж.), М.Булгаков (1891-1940-жж.) ж. б. пьесалары). 30-жылдардагы көрүнүктүү чыгармаларга М.Шолоховдун (1905-1984-жж.) «Көтөрүлгөн дың» (1-китеп, 1932-ж.) романы кирет. Мында дыйкандардын эскиче жашоо ыңгайынын кыйрашынын драмалык учуру көрсөтүлөт. Бул жылдары совет адабияты революциялык күрөш учурундагы совет адамынын жетилүү процессин өлкөнүн турмушу менен тыгыз байланышта чагылдырган. Орус адабияты Н.А.Островскийдин (1904-1936-жж.) «Болот кантип курчуду» (1935-ж.), «Рожденные бурей» (1936-ж.) романдары, А.С.Макаренко (1888-1939-жж.), А.Г.Малышкин (1892-1938-жж.), Ю.С.Крымов (1908-1941-жж.) ж. б. жазуучулардын мыкты көркөм сөз туундулары менен байыды. 30-жылдары орус совет прозасында дүйнөгө таанымал чыгармалар: М.Горькийдин «Клим Самгиндин өмүрү» (1925–1936-жж.), М.А.Шолоховдун (1905-1984-жж.) «Тынч Дон» (1928–1940-жж.), А.Н.Толстойдун (1882-1945-жж.) «Кыйын кезең» (1920–1941-жж.) эпопеялары жаралган. Аларда Октябрь революциясынын тарыхый жана идеялык-саясий өбөлгөлөрү, орус элинин революциядагы жана

жарандык согуштагы тарыхый жолу баяндалат. 1930-жылдардагы поэзия романтикалык маанайдын басымдуулугу (Б.П.Корнилов (1907-1938-жж.), В.М.Саянов (1903-1959-жж.) ж. б.), элдик ырлардын өнүктүрүлүшү менен (мисалы, М.В.Исаковский /1900-1973-жж./) мүнөздөлөт, ал эми прозада лирикалык тенденция (М.М.Пришвин, К.Г.Паустовский, И.С.Соколов-Микитов /1892-1975-жж./ ж. б.), драматургияда баатырдык романтика (Л.И.Славин /1896-1984-жж./, В.В.Вишневский /1900-1951-жж./, Н.Ф.Погодин /1900-1962-жж./) алга чыккан. А.Толстой («Петр I», 1929–1945-жж.), А.П.Чапыгин (1870-1937-жж.), О.Д.Форш (1873-1961-жж.), Ю.Н.Тынянов (1894-1943-жж.), С.П.Злобин (1903-1965-жж.), В.Я.Шишков (1873-1945-жж.) ж. б. тарыхый темадагы романдары жарык көргөн. 1920–1930-жылдары совет балдар адабияты заман талабына шайкеш өнүккөн (К.И.Чуковский (1882-1969-жж.), С.Я.Маршак(1887-1964-жж.), С.В.Михалков, А.Л.Барто (1906-1981-жж.), А.П.Гайдар (1904-1941-жж.), В.А.Каверин (1902-1989-жж.) ж. б.).

Улуу Ата Мекендик согуштун биринчи күндөрүнөн эле советтик жазуучулар орус тарыхынын даңазалуу барактары менен орус элинин революциячыл барактарына кайрылышып, калкты, эл- жерди коргоого үндөгөн чыгармалар жазышкан (И.Г.Эренбург (1891-1967-жж.), А.Н.Толстой ж. б. калемгерлердин публицистикасы, В.И.Лебедев-Кумач (1898-1949-жж.), аскер кабарчысы К.М.Симонов (1915-1979-жж.), А.А.Сурков (1899-1983-жж.), М.И.Алигер (1915-1992-жж.), М.А.Дудин (1916-1993-жж.), Н.С.Тихонов (1896-1979-жж.), А.А.Прокофьев (1900-1971-жж.) ж. б. акындардын ырлары менен поэмалары, А.А.Бек (1902-1972-жж.), В.С.Гроссман (1905-1964-жж.), Б.Л.Горбатов (1908-1954-жж.) ж. б. жазуучулардын прозалык чыгармалары). А.Т.Твардовскийдин

(1910-1971-жж.) «Василий Теркин» (1942–1945-жж.) поэмасында элдин согушка карата мамилеси, ар кыл ой-пикирлери кеңири планда көрсөтүлөт. Ал эми блокадада калган Ленинграддын радиокомитетинин кызматкери О.Ф.Берггольц (1910-1975-жж.) да мекендештерин эл-жерин коргоого үндөп турган.

1940-жылдардын аягы – 1950-жылдардын башындагы адабият согушту жана совет элинин фашизмди жеңишин көркөм аңдап билүүнү улантты: А.А.Фадеев (1901-1956-жж. /«Жаш Гвардия», 1945-ж.; жаңы редакциясы – 1951-ж.), Б.Н.Полевой (1908-1981-жж.), Э.Г.Казакевич (1913-1962-жж.), В.Ф.Панова (1905-1973-жж.). Согушта кыйраган эл чарбасын калыбына келтирүү, элдин каарман эмгеги П.А.Павленко (1899-1951-жж.), В.Н.Ажаев (1915-1968-жж.), В.А.Кочетов (1912-1973-жж.), Н.М.Грибачев (1910-1992-жж.) ж. б. жазуучулардын чыгармаларынын өзөк темасын түздү. Бул мезгилде А.А.Фадеев СССР жазуучулар союзун жетектеп,жаш калемгерлерге идеялык шык берип турган. Л.М.Леоновдун «Орус токою» (1953-ж.), К.А.Фединдин (1892-1977-жж.) «Алгачкы кубанычтар» (1945-ж.), «Бөтөнчө жай» (1947–1948-жж.), Ф.В.Гладковдун (1883-1958-жж.) «Бала чак жөнүндө повесть» (1949-ж.) жана Г.М.Марков (1911-1991-жж.), С.В.Сартаков (1908-2005-жж.), В.М.Кожевников (1909-1984-жж.), В.П.Некрасов (1911-1987-жж.) сыяктуу жазуучулардын чыгармалары согуштан кийинки адабиятта көрүнүктүү орунда турат. Айыл-кыштактын орчундуу маселелери, адамдардын көп кырдуу мамилелери, гуманизмдин милдети жөнүндөгү проблемалар В.В.Овечкин (1904-1968-жж.), В.Ф.Тендряков (1923-1984-жж.), П.Ф.Нилин (1908-1981-жж.), Ю.П.Герман (1910-1967-жж.), Д.А.Гранин (1919-2017-жж.), Г.Е.Николаева (1911-1963-жж.) ж. б. прозачылардын чыгармаларында

чагылдырылган. ВКП(б) БКнын, (14.VIII. 1946-ж.) чечимдери менен «Звезда», «Ленинград» журналдары идеологиялык кысымга алынып, М.М.Зощенко (1894-1958-жж.), А.А.Ахматова ж. б. чыгармалары жарыялануучуга тыюу салынып, аталган басылмалардын башчылары кызматтан алынган.

1950–1960-жылдардын поэзиясынын ийгиликтери С.С.Наровчатов (1919-1981-жж.), А.П.Межиров (1923-2009-жж.), К.Я.Ваншенкин (1925-2012-жж.), Е.М.Винокуров (1925-1993-жж.),Д.С.Самойлов (1920-1990-жж.), Б.А.Слуцкий (1919-1986-жж.), В.С.Шефнер (1914-2002-жж.), С.С.Орлов (1921-1977-жж.), Я.В.Смеляков (1912-1972-жж.), Н.И.Рыленков (1909-1969-жж.), Л.Н.Мартынов (1905-1980-жж.), В.А.Луговской(1901-1957-жж.)ж.б.акындардын ысымдары менен байланыштуу.Драматургияда В.С.Розов (1913-2004-жж.), А.П.Штейн (1906-1993-жж.) ж.б.чыгармаларын жаратты. Е.А.Евтушенко (1932-2017-жж.), А.А.Вознесенский (1933-2010-жж.), Б.А.Ахмадулина (1937-2010-жж.), Р.И.Рождественский (1932-1994-жж.), В.Д.Цыбин (1932-2001-жж.), В.П.Аксенов (1932-2009-жж.), Ю.П.Казаков (1927-1982-жж.) ж.б. акын-жазуучулар кошулду.

1960-жылдардын адабиятында «согуш прозасы» чоң орун ээледи (Г.Я.Бакланов /1923-2009-жж./, Ю.В.Бондарев /1924-ж.т./, Б.Л.Васильев /1924-2013-жж./,В.П.Астафьев /1924-2001-жж./, В.О.Богомолов /1924-2003-жж./, А.Б.Чаковский /1913-1994-жж./, Д.А.Гранин ж. б.). Адабиятка К.М.Симоновдун «Өмүр жана өлүм» (1959–1971-жж.) үчилтиги чоң окуя катары кирди. Е.Я.Дорош (1908-1972-жж.), Ф.А.Абрамов (1920-1983-жж.), В.Г.Распутин (1937-2015-жж.), В.И.Белов (1932-2012-жж.), В.М.Шукшин (1929-1974-жж.), П.Л.Проскурин (1928-2001-жж.) ж. б. калемгерлердик

прозалары айыл-кыштак турмушун, андагы адамдардын өз ара мамилесин, мүнөздөрүн таамай сүрөттөгөнү, көркөм анализдеп бергени менен баалуу.

Драматургия жана поэзия жанры М.С.Шагинян (1888-1982-жж.), Н.Ф.Погодин, М.Ф.Шатров (1932-2010-жж.), Е.А.Евтушенко, А.А.Вознесенский, А.А.Ахматова ж. б. көркөм сөз чеберлеринин чыгармалары менен толукталды. И.Г.Эренбург, К.Г.Паустовский (1892-1968-жж.), К.И.Чуковский, С.Я.Маршак, М.В.Исаковский, В.А.Каверин, В.П.Катаев (1897-1986-жж.), В.Б.Шкловский (1893-1984-жж.) ж. б. көркөм мемуардык чыгармаларына адабий процессте өзгөчө орун таандык. 1970-жылдардагы орус совет адабияты дүйнөлүк проблемаларды улам тереӊ чагылтуу жана көркөм каражаттарды өздөштүрүү багытында өнүгүүдө (И.М.Дворецкий /1919-1987-жж./, Г.К.Бокарев /1934-2012-жж./, А.И.Гельман /1933-ж.т./, А.В.Вампилов /1937-1972-жж./ – драматургия; А.Г.Битов /1937-2018-жж./, Ю.В.Трифонов /1925-1981-жж./, О.М.Куваев /1934-1975-жж./ ж. б. - проза; Н.М.Рубцов /1936-1971-жж./, С.Ю.Куняев /1932-ж. т./, А.С.Кушнер /1936-ж. т./, О.Г.Чуконцев /1938-ж.т./ ж. б. - поэзия).

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында Россия адабиятында «постмодернизм» аталган «идеологиялык вакуум доору» башталды. Биринчи планга СССР менен Россиянын ортосундагы байланышты жок кылууну, адабияттын өзөгүндө эл тагдырынын феномендүүлүгүн, өзүнүн орустук улуттугун аӊдоону коюуну максат кылган жазуучулар чыгышты (А.И.Солженицын /1918-2008-жж./; ал 1970-ж. Нобель сыйлыгына көрсөтүлүп, 1974-ж. диссидент катары граждандыгы алынган эле, В.Г.Галактионова /1948-ж. т./, В.И.Дегтев /1959-2005-жж./, Б.Т.Евсеев /1951-ж. т./,

Ю.А.Козлов /1926-1999-жж./, В.В.Личутин /1940-ж. т./, Ю.М.Поляков /1954-ж. т./, З.Прилепин /1975-ж. т./ ж. б.). В.Личутиндин улуттук тарых концепцияларын камтыган «Жик салуу» үчилтик романында (2008-ж.) «жоготулган бейиш - табылган бейиш» идеялары орун алат. Поэзияда Ф.Ф..Кузнецов (1931-2016-жж.), Н.И.Тряпкин (1918-1999-жж.), Г.Я.Горбовский (1931-2019-жж.), О.Г.Чухонцев (1938-ж. т.), А.П.Казанцев (1906-2002-жж.), Е.Б.Рейн (1935-ж. т.), И.Шкляревский (1938-ж. т.) ж. б. акындар ар түрдүү тематикалык жана стилистикалык багыттагы чыгармаларды жаратышты. Заманбап орус адабиятында алдыңкы орунга проза менен публицистика чыкты (С.В.Кекова /1951-ж. т./, М.В.Семенова /1958-ж. т./, В.О.Емелин /1959-ж. т./, Н.А.Зиновьев /1945-2018-жж./, Е.Н.Семичев /1952-ж. т./, Г.В.Иванов /1894-1958-жж./, В.Г.Бояринов /1948-ж. т./, В.А.Берязев /1959-ж. т./, С.А.Сырнева /1957-ж. т./, С.Ю.Соколкин /1963-ж.т./, В.Нежданов /1951-2001-жж.). В.Галактионованын «Чоң крест» (2001-ж.), «Убайымдан уктагандар» (2010-ж.) повесттери менен «Буян аралында» (2003-ж.), «5/4 жым-жырттыктын алдынкы күнү» (2004-ж.), З.Прилепиндин «Патология» (2004-ж.), «Санька» (2006-ж.) романдары, «Күчөө» аңгемелер (2007-ж.) цикли жарык көрдү. Орус адабиятынын нускалуу салттары кыргыз адабиятына зор таасир тийгизди. Кыргыз адабият таануусунда орустун А.С.Пушкин, Л.Н.Толстой, А.М.Горький, В.В.Маяковский, М.А.Шолохов өңдүү көркөм сөз сүрөткерлеринин нускалуу салттарын кыргыз акын-жазуучуларынын өздөштүрүүсүн ар тараптан изилдеген эмгектер жаралды.

XX кылымдын башында кол өнөрчүлүктө «модерн» стили тарайт. XIX кылымдын II жарымында сүрөт искусствосунда демократиялык реализм күчөп,айрыкча көчмө

сүрөтчүлөр реализми сүрөт искусствосунда негизги ролду ойногон. И.Е.Репин (1844-1930-жж.), И.Н.Крамской (1837-1887-жж.), Н.А.Ярощенко (1846-1898-жж.), С.В.Иванов (1864-1910-жж.) сыяктуу сүрөтчүлөр эмгекчилерди даңазалаган чыгармаларды жараткан.

ССCР архитекторлор союзу уюшулган (1932-ж.). Улуу Ата Мекендик согуш жылдары фашисттер кыйраткан шаарлар, айыл-кыштактар, архитектура эстеликтери кийин калыбына келтирилип, жаңы шаарлар курулган. 1960-1970-жылдары курулган Москвадагы шаардык балдар жана өспүрүмдөр чыгармачылык сарайы (архит. И.А.Покровский ж. б.), В.И.Ленин атындагы стадиондун комплекси (архит. А.В.Власов), Мамлекеттик Кремль сарайы (1959-1961-жж.; архит. М.В.Посохин, А.А.Мндоянц ж. б., инж. Г.Н.Львов, А.Н.Кондратьев ж. б.) ж. б. курулуштар советтик архитектуранын мыкты үлгүсү деп эсептелген.

1920-жылдарда чакырык плакаты менен гезит, журнал графикасы өнүгүп, сүрөт искусствосунда социалисттик реализм пайда болгон. Бул жылдары сюжеттүү тематикалык картиналар, скульптурада портрет жанры басымдуулук кылган. Д.С.Моордун (1883-1946-жж.) плакаттары, И.И.Бродский (1883-1939-жж.), А.М.Герасимов (1881-1963-жж.), М.Б.Грековдун (1882-1934-жж.) сүрөттөрү, Н.А.Андреев (1873-1932-жж.), С.Т.Коненков (1874-1971-жж.), Б.Д.Королев (1884-1963-жж.), М.Г.Манизер (1891-1966-жж.), С.Д.Меркуров (1881-1952-жж.),В.И.Мухинанын (1889-1953-жж.)скульптуралары советтик сүрөт искусствосунун казынасын байыткан. Б.В.Иогансондун (1893-1973-жж.), С.В.Герасимовдун (1885-1964-жж.), В.А.Фаворскийдин (1886-1964-жж.), А.И.Кравченконун (1889-1940-жж.), И.Д.Шадрдын (1887-1941-жж.), С.Д.Лебедеванын (1892-1967-жж.),

Н.В.Томскийдин (1900-1984-жж.), Л.Е.Кербелдин (1917-2003-жж.), Е.В.Вучетичтин (1908-1974-жж.) картина, графика, скульптура чыгармалары адамдардын жаркын образын таамай жараткан.

Советтик композиторлор: А.В.Александров (1883-1946-жж.), М.И.Блантер (1903-1990-жж.), А.А.Давиденко (1899-1934-жж.), И.О.Дунаевский (1900-1955-жж.), В.Г.Захаров (1901-1956-жж.), Э.С.Колмановский (1923-1994-жж.), Б.А.Мокроусов (1909-1968-жж.), В.И.Мурадели (1908-1970-жж.), А.Г.Новиков (1896-1984-жж.), А.И.Островский (1914-1967-жж.), А.Н.Пахмутова (1929-ж.т.), А.П.Петров (1930-2006-жж.), В.П.Соловьев-Седой (1907-1979-жж.), С.С.Туликов (1914-2004-жж.), М.Г.Фрадкин (1914-1990-жж.), Я.А.Френкель (1920-1989-жж.), Т.Н.Хренников (1913-2007-жж.), А.Я.Эшпай (1925-2015-жж.) ж. б. жемиштүү эмгектенишкен. Камералык, вокалдык жана аспаптык музыканы өнүктүрүүдө А.Н.Александров (1888-1982-жж.), Н.Я.Мясковский (1881-1950-жж.), С.С.Прокофьев (1891-1953-жж.), Г.В.Свиридов (1915-1998-жж.), Ю.А.Шапорин (1887-1966-жж.), В.Я.Шебалин (1902-1963-жж.), Д.Д.Шостакович (1906-1975-жж.) ж. б. салымы зор.

Симфониялык музыкага XX к. аягында Э.В.Денисов (1929-1996-жж.),С.А.Губайдулина (1931-ж. т.),Р.К.Щедрин (1932-ж. т.), А.Г.Шнитке (1934-1998-жж.) ж. б. чыгармалары менен Россиянын музыкалык маданиятына чоң салым кошкон.

Көрүнүктүү дирижер, виолончелист М.Л.Ростропович (1927-2007-жж.) жана анын жубайы - опера ырчысы Г.П.Вишневская (1926-2012-жж.), граждандыктан ажыратылганына (III, 1978-ж.) карабастан, чыгармачылыгын уланта беришкен.

1970-жылдардан эстрадада белгилүү ырчылар

А.Б.Пугачева (1949-ж.т.), М.М.Магомаев (1942-2008-жж.), С.М.Ротару (1947-ж. т.), Э.С.Пъеха (1937-ж. т.), И.Д.Кобзон (1937-2018-жж.), В.Я.Леонтьев (1949-ж. т.), Л.В.Лещенко (1942-ж. т.), В.В.Толкунова (1946-2010-жж.) ж. б. ийгиликтүү иштешти. Кийин Ф.Б.Киркоров (1967-ж. т.), Л.С.Вайкуле (1954-ж. т.), Д.Н.Билан (1981-ж. т.) ж. б. өз орду бар. «Машина времени», «Аквариум», «Кино», «Алиса», «Агата Кристи», «ДДТ» ж.б. топторунун Россиянын заманбап маданиятынын өнүгүшүнө салымы чоң.

XX кылымдын башында МХАТтын негиздөөчүлөрү жана жетекчилери К.С.Станиславский (1863-1938-жж.) менен В.И.Немирович-Данченко (1858-1943-жж.) орус сахна искусствосуна реализм принциптерин киргизген.

Октябрь революциясынан кийин совет драматургиясы өнүгүү жолуна түшүп, В.В.Маяковскийдин «Мистерия Буфф» пъесасы коюлган (1918-ж.). Жарандык согуш жылдарында К.А.Треневдин (1876-1945-жж.) «Любовь Яровая», В.В.Ивановдун “Партизандар”, «Бронепоезд 14-69», В.Н.Билль-Белоцерковскийдин (1884-1970-жж.) «Шторм» ж.б. спектаклдери коюлган. 1930-жылдары социалисттик реализм методунун бекемделишине М.Горькийдин («Егор Булычев жана башкалар», «Душмандар» ж. б.) чыгармалары зор роль ойногон. Социализм үчүн совет элинин күрөшү советтик драматургияда кеңири чагылдырылган. Бул жылдары сахнада В.И.Лениндин образын түзүү (Н.Ф.Погодин «Мылтыкчан адам» ж. б.), классикалык чыгармаларды (Уильям Шекспир /1564-1616-жж./ «Отелло», А.П.Чехов /1860-1904-жж./ «Үч эже-сиңди») коюу чоң ийгиликтерди жараткан. Улуу Ата мекендик согуш мезгилинде театрдын эл менен терең байланышы айрыкча күч алып, фашисттик басып алуучуларга каршы совет элинин баатырдык күрөшүн баяндаган пьесалар

коюлат: А.Е.Корнейчуктун (1905-1972-жж.) «Фронт», К.М.Симоновдун «Орус адамы» ж. б. 1940-жылдардын аягы – 1950-жылдарда Россия театры совет элинин турмушу менен байланышкан маанилүү темалардын үстүндө иштеп, 1950-1970-жылдары чыгармачылык зор ийгиликтерге жетишти (В.Вишневский, «Оптимисттик трагедия»; У.Шекспир, «Гамлет»; Н.Ф.Погодин, «Кремль куранттары»; А.П.Штейн, «Океан»; Г.К.Бокарев «Болот эритүүчүлөр» ж. б.). 1950-жылдардын аягы – 1960-жылдары театрды өнүктүрүүгө Г.А.Товстоногов (1915-1989-жж.), Б.И.Равенских (1914-1980-жж.), В.Н.Плучек (1909-2002-жж.), О.Н.Ефремов (1927-1927-2000-жж.), А.В.Эфрос (1925-1987-жж.) сыяктуу режиссерлор, Ю.К.Борисова (1925-ж. т.), И.М.Смоктуновский (1925-1994-жж.), М.А.Ульянов (1927-2007-жж.), К.Ю.Лавров (1925-2007-жж.) өңдүү актерлор олуттуу салым кошушту. Россиянын көптөгөн театр труппалары Кыргызстанда болуп, көрүүчүлөргө оюндарын көрсөтүшкөн. Россия Федерациясынын театр ишмерлеринин союзу (1883-ж.) иштейт.

Кино искусствосу.

Россияда биринчи хроникалык фильм 1896-жылы тартылган. 1908-жылы менчик кино ишканалар көркөм кино тасмаларды чыгара баштаган. Орус искусствосунун реалисттик салтын режиссерлор Я.А.Протазанов (1881-1945-жж.), В.Р.Гардин (1877-1965-жж.), О.И.Преображенская (1881-1971-жж.) ж. б. өнүктүргөн. Октябрь революциясынан кийин кинематография советтик маданияттын маанилүү тармактарынын бири болуп калды. 1920-жылдары С.М.Эйзенштейндин (1898-1948-жж.) «Броненосец Потемкин», В.И.Пудовкиндин (1893-1953-жж.) «Эне» көркөм фильмдери коюлуп, оператордук искусствосундагы советтик

мектепке Э.К.Тиссэ (1897-1961-жж.), А.Д.Головня (1900-1982-жж.) ж. б. негиз салышты. 1934-жылы Г.Н. жана С.Д.Васильевдердин (1899-1946; 1900-1959-жж.) белгилүү «Чапаев» фильми (1934-ж.) экранга чыкты. Октябрь революциясы жана жарандык согушка арналган фильмдер («Ленин Октябрда»), «Ленин 1918-жылы», режиссер М.И.Ромм (1901-1971-жж.); «Мылтыкчан киши», режиссер С.И.Юткевич (1904-1985-жж.); «Биз Кронштадтанбыз», режиссер Е.Л.Дзиган /1898-1981-жж./) тартылган. Кинокомедия («Шайыр балдар», режиссер Г.В.Александров /1903-1983-жж./; «Трактористтер», режиссер И.А.Пырьев /1901-1968-жж./ ж. б.); тарыхый жана таржымал фильм жанрлары да («Александр Невский», режиссер С.М.Эйзенштейн);«Петр I», режиссер В.М.Петров /1896-1966-жж/ ж. б.) жаралды. Согуштан кийин алдынкы совет адамдары, коммунизм үчүн күрөш, орус маданиятынын көрүнүктүү ишмерлери жөнүндө («Жаш гвардия», режиссер С.А.Герасимов /1906-1985-жж./; «Айылдык мугалим», режиссер М.С.Донской /1901-1981-жж./; «Мусоргский», режиссер Г.Л.Рошаль /1899-1983-жж./ ж. б.) фильмдер тартууланган. 1950-жылдарда кең форматтуу фильмдер тартыла баштады. «Чоң үй-бүлө» (1954-ж., режиссер И.Е.Хейфиц /1905-1995-жж./), «Коммунист» (1959-ж., режиссер Ю.Я.Ройзман), «Адам тагдыры», (режиссер С.Ф.Бондарчук /1920-1994-жж./), «Бошотуу» (1970-71-жж., режиссер Ю.Н.Озеров /1921-2001-жж./) сыяктуу түрдүү жанрдагы фильмдер тартылды.1970–80-жылдары «XX кылымдын каракчылары» (1980-ж.,режиссер Б.В.Дуров /1937-2007-жж./), «Москва көз жашка ишенбейт» (1980-ж., режиссер В.В.Меньшов /1939-ж. т./),«Уландар» (1983-ж., режиссер Д.К.Асанова /1942-1985-жж./)1990-жылдары «Сен менде

жалгызсың» (1993-ж., режиссер Д.Х.Астрахан /1957-ж. т./), «Ширли-мырли» (1995-ж., режиссер В.Меньшов), «Улуттук мергенчиликтин өзгөчөлүгү» (1995-ж., режиссер А.В.Рогожкин /1949-ж. т./), «Ууру» (1997-ж., режиссер П.Г.Чухрай /1946-ж. т./), «Брат» (1997-ж., режиссер А.О.Балабанов /1959-2013-жж./) ж. б. фильмдер тартыла баштаган. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында телевизиондук фильмдер жана сериалдар массалык түрдө чыгарыла баштады. Балдар үчүн «Лунтик жана анын достору» (2006-ж.), «Смешарики» (2008-ж.), «Маша жана Аюу» (2009-ж.) ж. б. мультфильмдер тартылды. «Күндөн алсыроо» (1994-ж., Канндагы ЭКФтин Чоң сыйлыгы, 1994-ж.; «Оскар» сыйлыгы, 1995-ж.), «Сибирь чач тарачы» (1998-ж., РФтин Мамлекеттик сыйлыгы, 1999-ж.; экөөнүн тең режиссеру Н.С.Михалков /1945-ж. т.), «Күкүк» (2002-ж., режиссер А.В.Рогожкин /1949-ж. т.), «Арал» (2006-ж., режиссер П.Лунгин /1949-ж. т.), ж. б. фильмдер чыкты. Москва кинофестивалы (1935-жылдан, Москвада), «Кинотавр» (1989-жылдан, Сочиде), «Киношок» (1992-жылдан, Анапада), «Адамга арноо кат» ЭКФи (1989-жылдан,Санкт-Петербургда), «Айнек» ЭКФи (2007-жылдан, Ивановодо) ж. б. кинофестивалдар өткөрүлүп турат. Кыргыз кино искусствосунун калыптанышына Москва, Ленинград (азыркы Санкт-Петербург) режиссерлору менен операторлору чоң салым кошту. Кыргыздын «Салтанат», «Биринчи мугалим», «Мен - Тянь-Шань», «Эрте келген турналар» фильмдери орус кино ишмерлеринин көмөгү менен тартылган.

## Текшерүүчү суроолор:

1. Россиянын өнүгүүсүнүн азыркы учуру боюнча жалпы маалыматтарга ээ болуп, баа бериңиздер.
2. Административдик реформаларга токтолуңуздар.
3. Жогорку бийлик органдарын кайра шайлоо кандай жүргүзүлө баштады.
4. Социалдык- экономикалык өнүгүү: экономиканы реформалоо багытынын уланышы боюнча баяндап бериңиз жана талдоо жүргүзүңүз.
5. Өкмөттүн антикризистик программасы жөнүндө эмнелерди билесиз.
6. Россия Федерациясынын тышкы саясатына баа бериңиз жана жеке пикириңизди билдириңиз.
7. Россия Федерациясын эл аралык аренада кандай элестетесиз.
8. Россия жана постсоветтик мамлекеттер ортосундагы алакалар боюнча оюңузду билдириңиз.
9. Маданияттын (орус адабиятындагы социалисттик реализм; драматургия жана поэзия; музыка; кино искусствосу) жана техниканын өнүгүүсү жөнүндө алган маалыматтарды салыштырып, талдаңыз жана жеке пикириңизди билдириңиз.

## ТИРКЕМЕЛЕР

## КОШУМЧА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


**Алексеев Ю.Г.** Государь Всея Руси. – Новосибирск: Наука, 1991.

**Альшиц Д.Н.** Начало самодержавия в России: Государство Ивана Грозного. – Л.: Наука, 1988.

**Анисимов Е.В.** Россия в середине XVIII века. Борьба за престол Петра. – М., 1986

**Анисимов Е.В.** Государственные преобразования и самодержавие Петра Великого в первой четверти XVIII века. – СПб., 1997.

**Анисимов Е.В.** Россия без Петра. – Л., 1994.

**Амальрик А.С., Монгайт А.Л.** В поисках исчезнувших цивилизаций. – М., 1966.

**Белявский М.Г.** Методика проведения семинарских занятий на исторических факультетах университетов. – М., 1979.

**Брикнер А.** История Екатерины II. Тт. I - II. – М., 1991.

**Буганов В.И.** Очерки истории классовой борьбы в России XI – XVIII вв.: Книга для учителя. – М.: Просвещение, 1986.

**Великие** государственные деятели России. Сб. статей. /Под ред. А.Ф.Киселева/. – М., 1996.

**Горсей Джером.** Записки о России: XVI – начало XVII в. - М., 1990.

**Греков Б.Д.** Киевская Русь. - М., Учпедгиз, 1949, (1953).

**Грибовский А.М.** Записки о Екатерине Великой. – М., 1989.

**Демидова Н.Ф.,** Морозова А.Е.,Преображенский А.А. Первые Романовы на Российском престоле. – М., 1996.

**Дербов Л.А.** Введение в изучение истории. – М.,1981.

**Ерофеев Н.А.** Что такое история? – М., 1976.

**Записки** императрицы Екатерины второй. – М., 1989.
**Зезина М.Р.,** Кошман Л.В., Шульгин В.С. История русской культуры: Учебное пособие для студентов ВУЗов, обучающихся по специальности «История». – М.: Высшая школа, 1990.
**История России.** Учебное пособие для ВУЗов. – М., 2002.
**Кавказ** и Восточная Европа в древности. /Отв. ред. Р.М.Мунчаев, В.И.Марковин. – М: Наука, 1973.
**Каменский А.Б.** Под сенью Екатерины. – М., 1992.
**Каменцева Е.И.** Хронология. – М., 1967.
**Каргалов В.В.** Полководцы. XVII в. – М.: Патриот, 1990.
**Касвинов Н.К.** Двадцать три ступени вниз. – М., 1978.
**Киселев С.В.** Древняя история Южной Сибири. – М., 1961.
**Ключевский В.О.** Сочинения. В 9-ти томах. – М.: Мысль, 1987 – 1990.
**Козлов Ю.Ф.** Страницы правления государством Российским. – Йошкар-Ола, 1990.
**Косвен М.О.** Очерки истории первобытной культуры. – М., 1957.
**Крестьянские** войны в России XVII – XVIII вв. Проблемы, поиски, решения. – М., 1974.
**Ленин В.И.** Развитие капитализма в России. Процесс образования внутреннего рынка для крупной промышленности. – Полн. собр. соч., т. 3. сс. 1 – 609.
**Ленин В.И.** О государстве. – Полн. собр. соч., т. 39, сс. 64 - 84.
**Лимонов Ю.А.** Владимиро-Суздальская Русь: очерки социально-политической истории. – Л.: Наука, 1987.
**Любимов Л.** Искусство Древней Руси. Книга для чтения. – М.: Просвещение, 1981.
**Мавродин В.В.** Образование Древнерусского государства и формирование древнерусской народности. – М., 1971.

**Маркова А.Н.,** Скворцова Е.М., Андреева И.А. История России. Учебное пособие для ВУЗов. – М., 2001.

**Маркс К.** Заметки о реформе 1861 г. и пореформенном развитии России. / Маркс К., Энгельс Ф. соч., т. 19. сс. 422 – 441.

**Муравьев А.В.,** Сахаров А.М. Очерки истории русской культуры IX – XVII вв. Книга для учителя. – 2-е изд., дораб. – М., 1984.

**Нерознак В.П.** Названия древнерусских городов. – М.: Наука, 1983.

**Никитин Н.И.** Освоение Сибири в XVII веке. – М.: Просвещение, 1990.

**Омельченко О.А.** «Законная монархия» Екатерины II. – М., 1993.

**“Орус правдасы”** боюнча окуу-методикалык колдонмо. – Фрунзе, 1988.

**Павленко Н.И.** Петр Великий. – М., 1990.

**Павленко Н.И.** Птенцы гнезда Петрова. – М., 1994.

**Павленко Н.И.** Страсти на троне. – М., 1995.

**Погодин, С.А., Либман, Э.П.** Как добыли советский радий. – М.: Атомиздат, 1977.

**По следам** древних культур: От Волги до Тихого океана. /Сост. Г.Б.Федоров. – М.: Госкультпросветиздат, 1954.

**Проншпейн А.П.,** Мининков Н.А. Кондратий Афанасьевич Булавин. Книга для учащихся. – М.: Просвещение, 1988.

**Российская** и мировая история в таблицах. /Автор-сост. Ф.М.Лурье. – СПб., 1992.

**Российские** консерваторы. – М., 1997.

**Российские** реформаторы XIX – начала XX вв. – М., 1996.

**Российские** самодержавцы. 1801 – 1917 гг. – М., 1993.

**Россия,** которую мы не знали: 1939-1993. Хрестоматия. Под ред. М.Е.Главацкого. – Челябинск, 1995.

**Руденко С.И.** Культура населения Горного Алтая в скифское время. – М. – Л., 1953.

**Русское** православие: вехи истории. /Под ред. А.И.Клибанова. – М.: Политиздат, 1989.

**Рыбаков Б.А.** Киевская Русь и русские княжества XII – XIII вв. – М.: Наука, 1982.

**Рыбаков Б.А.** Язычество Древней Руси. – М.: Наука, 1987.

**Рябцевич В.Н.** О чем рассказывают монеты. – Минск, 1977.

**Сахаров А.Н.** Дипломатия Древней Руси: IX – первая половина X в. – М.: Мысль, 1980.

**Смадияров С.А.** Романовдор сулалеси (1613 – 1917-жж.). Орус башкаруучуларынын тарыхынан. Тарыхый маалыматнаама. – Ош, 2005.

**Станиславский А.Л.** Гражданская война в России XVII в.: Казачество на переломе истории. – М.: Мысль, 1990.

**Токарев С.А.** Ранние формы религии. – М.: Политиздат, 1990.

**Федоров-Давыдов Г.А.** Монеты рассказывают. – М., 1963.

**Цимбаев Н.** Сергей Соловьев. – М.: Мол. гвардия, 1990.

**Шильдер Н.К.** Император Павел I. – М., 1996.

**Энгельс Ф.** Бородино. /Маркс К., Энгельс Ф. Соч., т. 14, сс. 256 – 261.

**Энгельс Ф.** Происхождение семьи, частной собственности и государства. /Маркс К., Энгельс Ф. – Соч., т. 21. сс. 23 – 178.

**Энциклопедия** истории России. 862 – 1917. /Ао Коминфо. Россия. – М., 1998.

# ХРОНОЛОГИЯЛЫК ТАБЛИЦА

| Мезгили (кылымы, жылы, айы же күнү) | Тарыхый окуя |
|---|---|
| Б. з. ч. VIII-III | Кара деңиз жээгиндеги талааларда скифтердин үстөмдүгү |
| Б. з. ч. VI | Кара деңизде грек колонияларынын пайда болушу |
| Б. з. ч. V | Кара деңиздин түндүк аймактарында антикалык мезгилдин аякташы |
| VI к. | “Русь” жана “рустар” жөнүндө алгачкы маалыматтар |
| 860 | Рустардын Византияга жортуулу |
| IX к. | Байыркы орус мамлекетинин түзүлүшү |
| IX-X кк. | Славян жазмасы пайда болгон |
| 862 | Рюрикти Новгородго княздык кылууга чакыруу жөнүндө Летописте биринчи жолу маалымат кездешет |
| 882 | Байыркы Орус мамлекетинин түзүлүшү; Князь Олег өзүнүн бийлиги астында Новгород жана Киевди бириктирген. |
| 882-912 | Князь Олегдин Киевде бийлик кылышы |
| 907 | Рустардын Византияга жортуулу |
| 911 | Олегдин гректер менен келишими |
| 912-945 | Игордун княздык мезгили |
| 941 | Игордун Византияга жортуулу |
| 944 | Игордун гректер менен келишими |
| 965-972 | Святослав Игоревичтин Киевде княздык мезгили |

| | |
|---|---|
| 945 | Древляндардын жериндеги көтөрүлүш. |
| 945-972 | Святослав Игоревичтин княздык мезгили |
| 964-966 | Князь Святославдын Кама боюндагы болгар, хазар, яс жана касогдорго жортуулу |
| 967-971 | Святославдын Византия менен согушу. |
| 971. 21.VI. | Доростол шаарынын жака-белиндеги салгылашуу |
| 972 | Князь Святославдын гректер менен келишими |
| 980-1015 | Владимир I Святославичтин Киевде княздык мезгили |
| 988 | Рустун христиандыкты мамлекеттик дин катары кабыл алышы |
| 1019-1054 | Ярослав Владимировичтин (Мудрый) княздык мезгили |
| 1024 | Смерддердин Суздалдагы көтөрүлүшү |
| 1037 | Киевде Ыйык София храмынын курулушу |
| 1045-1050 | Новгороддо Ыйык София храмынын курулушу |
| 1054-1073 | Ярославичтер “Триумвиратынын” (Изяслав, Святослав, Всеволод) бийлик жылдары |
| 1068 | Киевдеги жалпы шаардыктар көтөрүлүшү |
| 1071 | Ростов жериндеги смерддердин көтөрүлүшү |
| XI к. башы | “Орус Правдасынын” алгачкы беренелерин түзө баштоо |
| XI к. | Митрополит Илариондун «Слово о Законе и Благодати» чыгармасы |

| | |
|---|---|
| 1097 | Орус княздарынын Любечтеги курултайы |
| 1113-1117 | “Өткөн мезгилдер жонүндө повесттин” жазылышы |
| 1113-1125 | Владимир II Мономахтын Киевде княздык мезгили |
| 1116 | Сильвестрдин редакциясы астында «Повесть временных леттин" жазылышы |
| 1136-1137 | Всеволоддун княздык бийлигине каршы Новгороддогу көтөрүлүш |
| 1125-1157 | Юрий Владимировичтин (Долгорукий) княздык мезгили |
| 1155-1157 | Юрий Владимировичтин (Долгорукий) Киевде княздык жылдары |
| 1147 | Москва жөнүндө Летописте биринчи жолу айтылган |
| XII к. ортосу | Даниил Заточниктин “Моление” аттуу чакырык чыгармасы |
| 1157-1174 | Андрей Юрьевичтин (Боголюбский) Владимирдеги княздык мезгили |
| 1169 | Владимир князы Андрей Юрьевичтин (Боголюбский) Киевге ийгиликтүү жортуулу |
| 1176-1212 | Всеволод Юрьевичтин (Большое Гнездо) Владимирдеги княздык мезгили |
| 1185 | «Игордун кошууну жөнүндө сөз» |
| 1198 | «Тевтон» орденинин түзүлүшү |
| 1202 | «Кылыччандар» орденинин түзүлүшү |
| 1219-1221 | Монгол-татарлардын Орто Азияны басып алышы |
| 1221-1264 | Даниил Романовичтин княздык мезгили |

| | |
|---|---|
| 1223.<br>31.V. | Орус жана половецтердин монголдорго каршы Калка дарыясынын жээгиндеги салгылашуусу |
| 1227-1255 | Батый хандын башкаруусу |
| 1236 | Монгол-татарлардын Волгадагы Булгарияны талкалашы |
| 1237 | Тевтон жана Кылыччандар ордени биригип, Ливон орденинин түзүлүшү |
| 1237 | Батышты көздөй (Европа) жүргүндү баштоо жөнүндө Каракорумда өткөрүлгөн монгол феодалдарынын курултайы |
| 1237-1241 | Монгол-татарлардын Русь княздыктарын басып алышы |
| 1237 | Батый хандын Рязань княздыгын басып алышы |
| 1240.<br>15.VII. | Новгород князы Александр Ярославичтин Нева дарыясында шведдерди талкалашы |
| 1240 | Батый хандын Киевди багындырышы; Русь жерлеринде монгол-татар эзүүсүнүн орношу |
| 1242.<br>05.IV. | Князь Александр Ярославич Невскийдии Кресттүүлөрдү Чуд көлүндө жеңиши; «Муздагы салгылашуу» |
| 1243 | Батый хандын Алтын Ордо мамлекетин негиздеши |
| 1262 | Ростов, Владимир, Суздаль жана Ярославлде монгол-татарларга каршы көтөрүлүштөр |
| 1276-1303 | Даниил Александровичтин княздык мезгили, Москва княздыгынын түзүлүшү |

| | |
|---|---|
| 1312 | Алтын Ордонун ислам динин кабыл алышы |
| 1313-1342 | Өзбек хандын Алтын Ордону башкаруусу |
| 1325-1340 | Иван Даниловичтин (Калита) Москвадагы княздык мезгили |
| 1327 | Хандын баскагы Чолханга каршы Твердеги көтөрүлүш |
| 1340-1353 | Семен Ивановичтин (Гордый) Москвадагы княздык мезгили |
| 1353-1359 | Иван Ивановичтин (Красный) Москвадагы княздык мезгили |
| 1359-1389 | Дмитрий Ивановичтин (Донской) Москвадагы княздык мезгили |
| 1366-1367 | Москва Кремлинин курула башташы |
| 1378 | Орус аскерлеринин Вожа дарыясынын боюнда монгол-татарларды жеңиши |
| 1380. 08.IX. | Куликово талаасындагы салгылашуу |
| 1382 | Алтын Ордо ханы Токтомуштун Москвага жортуулу; Москваны коргоо |
| 1384 | Орус княздыктарынын Алтын Ордого кайрадан салык төлөй башташы |
| 1385 | Литва менен Польшанын биримдик униясы (союз) |
| 1389-1425 | Василий Дмитриевичтин Москвадагы княздык мезгили |
| 1393 | Нижний Новгороддун Москвага кошулушу |
| 1395 | Тимурдун Алтын Ордону талап-тоноосу |
| 1408 | Жалпы Орус жылнаамэлер жыйнагы – Троицк летописинин түзүлө башташы |

| | |
|---|---|
| 1410.<br>15.VII. | Грюнвальддагы салгылашуу |
| 1425-1453 | Рустагы феодалдык согуштар |
| 1425-1462 | Василий II Васильевичтин (Темный) Москвадагы княздык мезгили |
| 1438 | Казан хандыгы түзүлгөн |
| 1448 | Рязань епископу Иондун митрополиттикке шайланышы; Орус чиркөөсүнүн автокефалдыгы, б. а. Константинополь патриархына көз каранды болбой калышы |
| 1456 | Василий II Васильевичтин (Темный) Новгородго жүргүнү |
| 1462-1505 | Иван III Васильевичтин Москвадагы княздык мезгили |
| 1466-1472 | Тверь көпөсү Афанасий Никитиндин Индияга саякаты («Хожение за три моря») |
| 1471 | Москва аскерлеринин (Иван III) Новгороддуктарды Шелонь дарыясындагы жеңиши |
| 1474 | Москвага Ростовдун кошулушу |
| 1475-1479 | Москвадагы Успен соборунун курулушу |
| 1478 | Москвага Улуу Новгороддун бириктирилиши |
| 1480 | Алтын Ордо ханы Акматтын Москвага «Улуу жүргүнү». Орус элинин монгол-татар эзүүсүнөн кутулушу |
| 1485 | Москвага Тверь княздыгынын бириктирилиши |
| XV | Өз алдынча өлкөнү, мамлекетти туюнткан «Россия» деген түшүнүктүн пайда болушу |

| | |
|---|---|
| 1497 | Иван III Васильевичтин мезгилинде Судебниктин кабыл алынышы; «Юрьев күнүнүн» мыйзамдуу түрдө киргизилиши |
| 1502 | Менгли-Гирей хандын Алтын Ордону талкалашы |
| 1503 | Чернигов-Северск жерлерин Москвага кошуп алуу |
| 1505-1533 | Василий III Ивановичтин Улуу княздык мезгили |
| 1510 | Псков княздыгын Москвага кошуп алуу |
| 1514 | Москвага Смоленскийдин кошулушу |
| 1521 | Рязань княздыгын Москвага кошуп алуу |
| 1533-1584 | Иван IV Васильевич Грозныйдын княздык, 1547-жылдан - падышалык мезгили |
| 1539-1541 | Губа реформасы жүргүзүлгөн жылдар |
| 1547-1721 | Орус тарыхындагы падышачылык мезгил |
| 1547 | Москвадагы көтөрүлүш жана өрт |
| 1549 | Биринчи Земский собор чакырылган |
| 1550 | Иван IVнүн Судебниги |
| 1551 | Жүз главалуу (Стоглавый) собор |
| 1551-1556 | Земстволор реформасы |
| 1552 | Казан хандыгынын Россияга кошулушу |
| 1553 | Россия менен Англиянын ортосунда Ак деңиз аркылуу соода байланышынын башталышы |
| 1555-1561 | Москвадагы Покров соборунун (Василий Блаженный храмы) курулушу |
| 1556 | Астрахань хандыгынын Россияга кошулушу |
| 1558-1583 | Ливон согушу |

| | |
|---|---|
| 1564 | Биринчи орусча «Апостол» китебин Москвада И. Федоров жана П.Мстиславец басмадан чыгарган |
| 1565-1572 | Иван IV нүн Опричнина саясаты |
| 1566 | Земский собор |
| 1569 | Польша менен Литванын биригиши; Люблин униясы |
| 1581 | Ермактын Сибирди багындыруу жүргүнүнүн башталышы |
| 1581 | Юрий күнүндө дыйкандардын башка кожоюнга өтүү же кожоюн алмаштыруу укугунун жоюлушу |
| 1582. 15.I. | Россия менен Речь Посполитаянын ортосундагы Ливон согушун (1558-1583-жж.) токтотуу демилгесиндеги Ям-Запольск тынчтык келишими |
| 1584-1598 | Федор Ивановичтин падышачылык мезгили |
| 1585-1595 | Москвадагы «Белый город» архитектуралык ансамблинин курулушу |
| 1591 | Канзада Дмитрий Ивановичтин Угличте өлтүрүлүшү |
| 1595. 18. V. | Россия менен Швециянын ортосундагы согушту (1590-1593-жж.) жыйынтыктаган Тявзино тынчтык келишими |
| 1598-1605 | Борис Годуновдун падышалык мезгили |
| 1603 | Ачарчылыкка каршы К.Хлопко жетектеген көтөрүлүш |
| 1605-1606 | Жалган Дмитрий Інин башкарган мезгили |
| 17.V. | Жалган Дмитрий I нин бийлигине каршы |

| | |
|---|---|
| 1606 | Москвадагы көтөрүлүш |
| 1606-1610 | Василий Шуйскийдин падышалык мезгили |
| 1606-1607 | И.Н.Болотниковдун жетекчилиги астындагы дыйкандар согушу |
| 1610 | Москвадагы «Жети бояр» бийлиги |
| 1610. 17.VIII. | Поляк *шляхтичтердин Москваны ээлеп алышы |
| 1611 | Биринчи элдик кошуундун (ополчение) түзүлүшү |
| 1612 | Минин жана Пожарскийдин жетекчилиги алдында экинчи элдик кошуундун (ополчение) түзүлүшү |
| 1612. 27.X. | Минин жана Пожарскийдин элдик кошуунунун (ополчение) Москваны поляк баскынчыларынан бошотушу |
| 1613 | Михаил Романовду падыша кылып шайлоо; Романовдор сулалесинин башталышы |
| 1613-1645 | Михаил Федорович Романовдун падышачылык мезгили |
| 1613-1917 | Орус мамлекетинде «Романовдор сулалесинин» бийлик жылдары |
| 1617. 27.II. | Швеция менен Столбово тынчтык келишимин түзүү |
| 1618 | Польша менен Деулин тынчтык келишимин түзүү |
| 1632-1634 | Смоленскти кайта алуу үчүн Россиянын Польша менен согушу |
| 1634.VI. | Орус-польша согушун тындырган Поляновск тынчтык келишими |
| 1643-1646 | Охот деңизинин жээктерин изилдөө боюнча В.Поярковдун экспедициясы |

| | |
|---|---|
| | боюнча В.Поярковдун экспедициясы |
| 1645-1676 | Алексей Михайлович Романовдун падышачылык мезгили |
| 1646 | Москвадагы «Туз козголоңу» |
| 1648 | Семен Дежневдун Азия менен Американы бөлүп турган тилкени изилдөө экспедициясы |
| 1648 | Москва, Воронеж, Курск ж. б. шаарлардагы көтөрүлүштөр |
| 1648 | Богдан Хмельницкийдин жетекчилиги астындагы польшалык башкаруучуларга каршы элдик көтөрүлүштүн башталышы |
| 1649 | Россияда крепостнойлук укуктун мыйзамдуу орношу |
| 1649-1651 | Е.Хабаровдун Амурду изилдөө экспедициясы |
| 1650 | Псков жана Новгороддогу көтөрүлүштөр |
| 1653 | Украинаны Россияга кошуп алуу жөнүндө Земстволук собордун чечими |
| 1654 | Күмүш тыйындардын ордуна жез тыйындардын киргизилиши |
| 1654 | Переяслав Радасы; Украинанын Россия менен биригиши |
| 1654-1667 | Орус-Польша согушу |
| 1655 | Патриарх Никондун чиркөө реформасы |
| 1656-1658 | Орус-швед согушу |
| 1662 | Москвадагы көтөрүлүш; «Жез козголоңу» |
| 1667.I. | Орус-Польша согушун жыйынтыктаган Андрусово тынчтык макулдашуусу |
| 1667-1671 | С.Т.Разиндин жетекчилиги астындагы |

| | |
|---|---|
| | дыйкандар согушу |
| 1676-1682 | Федор Алексеевич Романовдун падышалыгы |
| 1682 | Москвадагы стрелецтердин көтөрүлүшү |
| 1682-1689 | Софьянын Москвада падыша болуп турушу |
| 1682/1689/-1725 | Петр Інин бийлик мезгили |
| 1685 | Москвада Славян-грек-латын академиясынын ачылышы |
| 1686.V. | Россия-Польша «Түбөлүк тынчтык» келишими |
| 1687, 1689 | Князь В.В.Голицындын Крым жүргүндөрү |
| 1689 | Россия-Кытай Нерчинск келишими |
| 1695-1696 | Петр 1нин Азов жүргүндөрү |
| 1697 | Москвадагы стрелецтер көтөрүлүшү |
| 1697*- | Батыш Европа өлкөлөрүнө «Улуу элчилик» |
| 1700 | Петр 1 жаңы календарь киргизген |
| 1700-1721 | Россия менен Швециянын ортосундагы «Түндүк согушу” |
| 1702 | «Ведомости» - биринчи орус басма гезити |
| 1703 | Санкт-Петербург шаарынын негизделиши |
| 1707-1708 | Кондратий Булавиндин жетекчилиги астындагы Дон аймагындагы көтөрүлүш |
| 1709.<br>27.VI. | Полтава алдында шведдердин жеңилиши |
| 1711 | Боярлар думасынын ордуна Сенаттын киргизилиши |

| | |
|---|---|
| 1711 | Орус-түрк согушунун алкагындагы Прут жүргүнү |
| 1711.VII. | Орус-түрк согушун жыйынтыктаган Прут тынчтык келишими |
| 1711-1765 | М.В.Ломоносов – орус окумуштуусу |
| 1714. 27.VII. | Гангут тумшугунда орус флотунун жеңиши |
| 1714 | Бухгольцтун Индияга экспедициясы |
| 1714 | Россия ИАнын (Санкт-Петербург) китепканасы эшигин ачкан |
| 1716-1717 | Бекович-Черкасскийдин Хивага экспедициясы |
| 1718 | Коллегиялардын түзүлүп, киргизилиши |
| 1719 | Провинциялардын түзүлүшү |
| 1719 | Петр 1 негиздеген Кунсткамера жалпы көрүүчүлөр үчүн эшигин ачкан |
| 1721 | Синоддун уюшулушу |
| 1721.IX. | Россия менен Швециянын ортосунда түзүлгөн Ништадт тынчтык келишими |
| 1721 | Петр I император титулун алышы |
| 1721-1917 | Россия тарыхындагы императордук бийлик мезгили |
| 1722 | «Табель о рангах» |
| 1722-1727 | Орус-Персия согушу |
| 1725 | Россия Илимдер академиясынын ачылышы |
| 1725-1727 | Екатерина 1нин бийлиги |
| 1725-1730 | В.Берингдин биринчи экспедициясы |
| 1727-1730 | Петр II Алексеевичтин бийлик мезгили |
| 1730-1800 | А.В.Суворов |
| 1730-1740 | Анна Иоанновнанын бийлик мезгили; |

| | |
|---|---|
| | Бирончулук. |
| 1733-1743 | В.Берингдин экинчи экспедициясы |
| 1735-1739 | Орус-түрк согушу |
| 1739.IX. | Орус-түрк согушун жыйынтыктаган Белград тынчтык келишими |
| 1741-1743 | Орус-швеция согушу |
| 1741-1761 | Елизавета Петровнанын бийлик мезгили |
| 1741-1742 | Азиянын түндүк-чыгыш тилкесинин С.И.Челюскин тарабынан ачылып, изилдениши |
| 1743. VIII. | Орус-швеция согушун жыйынтыктаган Або тынчтык келишими |
| 1744-1817 | Ф.Ф.Ушаков |
| 1744-1818 | Агартуучу Н.И.Новиков |
| 1749-1802 | А.Н.Радищев |
| 1750 | Ярославлда биринчи орус театрынын ачылышы (Ф.Г.Волков) |
| 1755 | Москва университетинин негизделиши |
| 1756-1763* | Пруссия менен «Жети жылдык согуш» |
| 1759 | В.В.Крестинин негиздеген Россиядагы алгачкы тарыхчылар коому |
| 1759.01. VIII. | Орус армиясынын Кунерсдорфто Фридрих II ни жеңиши |
| 1761-1762 | Петр III бийлик мезгили |
| 1762-1796 | Екатерина IIнин бийлик мезгили |
| XVIII-XIX | Россияда абсолютизмдин гүлдөгөн мезгили |
| 1762 | Дворяндардын эркиндиги жөнүндө («О вольности дворянской») Манифест |
| 1764 | Чиркөө жерлерин жалпылаштыруу |

| | |
|---|---|
| | (секуляризация) |
| 1767-1768 | «Уложение жөнүндө Комиссиянын» ишмердиги |
| 1768-1774 | Орус-түрк согушу |
| 1769 | Орус аскерлеринин Берлинди алышы. |
| 1770. 24-26.VI. | Чесма тумшугундагы деңиз салгылашуусу |
| 1770.21. VII. | Кагулдагы салгылашуу |
| 1772. VIII. | Польшаны бөлүштүрүү маселеси боюнча Россия, Пруссия, Австриянын ортосунда жашыруун түзүлгөн Петербург конвенциясы |
| 1772 | Польшаны биринчи бөлүштүрүү |
| 1773-1775 | Е.И. Пугачевдун жетекчилиги астындагы дыйкандар согушу |
| 1774.VII. | Орус-түрк согушун жыйынтыктаган Күчүк-Кайнаржы тынчтык келишими |
| 1775 | Губерниялар реформасы |
| 1775 | Запорожье тилкесинин (Запорожская Сечь) жоюлушу |
| 1783 | Крым хандыгынын Россияга бириктирилиши |
| 1785 | Дворяндарга жана шаарларга укук-милдеттерди тастыктоо кагазы (Жалованная грамота) |
| 1787-1791 | Орус-түрк согушу |
| 1788-1790 | Орус-швед согушу |
| 1790.III. | Орус-швеция согушун жыйынтыктаган Верель тынчтык келишими |

| | |
|---|---|
| 1790 | А.Н.Радищевдин «Путешествие из Петербурга в Москву» аттуу китебинин жарык көрүшү |
| 1790. 11.XII. | Измаил чебин алуу |
| 1791 | Крымдын Россияга кошулушун тастыктаган Яссы тынчтык келишими |
| 1793.I. | Польшаны экинчи жолу бөлүштүрүү боюнча Россия менен Пруссиянын ортосунда түзүлгөн Петербург конвенциясы |
| 1793 | Польшаны экинчи жолу бөлүштүрүү |
| 1794 | Польшадагы Т.Костюшконун жетекчилиги астындагы көтөрүлүш |
| 1795.X. | Польшаны кайрадан бөлүштүрүү маселеси боюнча Россия, Пруссия, Австриянын ортосунда жашыруун түзүлгөн Петербург конвенциясы |
| 1795 | Польшаны үчүнчү ирет бөлүштүрүү |
| 1795 | Санкт-Петербургдагы М.Е.Салтыков-Щедрин атындагы жалпы журттук китепкана эшигин ачкан |
| 1796-1801 | Павел I Петровичтин бийлик мезгили |
| 1799 | А.В.Суворовдун Италия жүргүнү |
| 1799-1837 | А.С.Пушкин |
| 1801 | Грузияны кошуп алуу |
| 1801-1825 | Александр I Павловичтин бийлик мезгили |
| 1804-1813 | Орус-Персия (Иран) согушу; Түндүк Азербайжан жана Дагестанды кошуп алуу |
| 1805-1807 | Англия, Австрия, Пруссия менен |

| | |
|---|---|
| | биргеликте Наполеонго каршы согуш |
| 1806-1812 | Орус-түрк согушу; Бессарабияны кошуп алуу |
| 1807 | Россия, Франция жана Пруссия ортосунда түзүлгөн Тильзит тынчтык келишими |
| 1808-1809 | Орус-швед согушу |
| 1809.IX. | Орус-швед согушун аяктаган Фридрихсгам тынчтык келишими |
| 1809-1852 | Н.В.Гоголь |
| 1811-1848 | В.Г.Белинский |
| 1812 | Ата Мекендик согуш |
| 1812.<br>26.VIII. | Бородинодогу салгылашуу |
| 1812.IX-X. | Наполеондун армиясынын Москвада болушу |
| 1812.V. | Орус-түрк согушун (1806-1812-жж.) аягына чыгарган Бухарест тынчтык келишими |
| 1812-1870 | Коомдук ишмер А.И.Герцен |
| 1813.<br>X-XI. | Орус-перс (Иран) согушун (1804-1813-жж.) аягына чыгарган Гүлистан тынчтык келишими |
| 1813-1814 | Орус армиясынын чет өлкөлүк жүрүшү |
| 1814-1815 | Вена конгресси |
| 1814-1841 | М.Ю.Лермонтов |
| 1815-1833 | Ыйык союздун түзүлүшү жана ишмердик жылдары |
| 1816 | «Аман алып калуу» («Союз спасения») коомунун түзүлүшү |
| 1819-1821 | Ф.Ф.Беллинсгаузен жана М.П.Лазаревдин |

| | |
|---|---|
| | Антарктиданы изилдөө экспедициясы |
| 1819 | Петербург университетинин ачылышы |
| 1821 | «Түштүк коомунун» түзүлүшү |
| 1825. 14.XII. | Декабристтердин Петербургдагы көтөрүлүшү |
| 1825-1855 | Николай I бийлик кылган мезгили |
| 1825-1861 | Россиядагы боштондук кыймылдын 1-этабы |
| 1826-1828 | Орус-Персия (Иран) согушу |
| 1827. 08.X. | Наваріндеги деңиз салгылашуусу |
| 1828-1889 | Агартуучу Н.Г.Чернышевский |
| 1828-1910 | Л.Н.Толстой |
| 1828-1829 | Орус-Түрк согушу |
| 1829.IX. | Орус-түрк согушун аяктаган Адрианополь тынчтык келишими |
| 1830-1831 | Польшадагы көтөрүлүш |
| 1833.VII. | Орус-Түрк Ункяр-Искелесий келишими |
| 1834-1859 | Шамилдин имаматы |
| 1836-1866 | «Современник» журналы чыгарылып турган |
| 1836-1861 | Н.А.Добролюбов |
| 1837 | Россияда жүргүнчүлөрдү ташуучу алгачкы темир жолдун ачылышы |
| 1845-1849 | М.В.Буташевич-Петрашевскийдин ийриминин ишмердиги |
| 1850-1860 | Россиядагы 1-революциялык кырдаал |
| 1852 | Эрмитаждын коллекцияларындагы |

| | |
|---|---|
| | тарыхый эстеликтердин жалпы көрүүчүлөр үчүн ачылышы |
| 1853-1856 | Крым согушу |
| 1853.18. XI. | Крым согушу мезгилиндеги Синоптогу деңиз салгылашуусу |
| 1853 | А.И.Герцен Лондондо «Эркин орус типографиясын» («Вольная руская типография») негиздеген |
| 1854.IX.- 1855.VIII. | Крым согушу алкагында Севастополду коргоо |
| 1855-1881 | Александр II бийлик кылган мезгили |
| 1855 | Кыргыздардын Бугу уруусунун Орусиянын букаралыгын кабыл алышы |
| 1856.III. | Париж тынчтык конгресси |
| 1856-1918 | Орус социал-демократиясынын пионери Г.В.Плеханов |
| 1857 | А.И.Герцен жана Н.П.Огарев негиздеген «Колокол» журналы |
| 1859 | Илимий борбор катары Петербург Археологиялык комиссиясынын негизделиши |
| 1861-1895 | Боштондук кыймылдарынын тарыхындагы революциял-демократиялык мезгил |
| 1861. 19.II. | Россияда крепостнойлук укуктун жоюлушу |
| 1861-1863 | «Земля и воля» жашыруун революциялык уюмдун ишмердиги |
| 1862 | Россиянын Улуттук китепканасынын ачылышы |
| 1863 | Польша, Литва, Белоруссиядагы |

| | |
|---|---|
| | көтөрүлүштөр |
| 1864 | Сот реформасы |
| 1864 | Земство реформасы |
| 1864 | Мектеп реформасы |
| 1864 | 1-Интернационал же «Жумушчулардын Эл аралык жолдоштугу» уюмунун түзүлүшү |
| 1864-1885 | Россиянын Орто Азияны басып алышы |
| 1866 | Д.Каракозов Петербургда Александр IIге ийгиликсиз кол салган |
| 1867 | Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөн |
| 1867.III. | Алясканы (Орус Америкасы) АКШга сатуу жөнүндө келишим |
| 1868 | Кокон жана Хива хандыктары Россияга саясий көз карандылыгын таанышкан |
| 1869 | «Коммунисттик партиянын манифести» орус тилинде Женевада чыгарылган |
| 1870 | «Шаарлар жөнүндө жобо» киргизилген |
| 1870. 10(22).IV. | Владимир Ильич Ленин (Ульянов) туулган |
| 1870 | I Интернационалдын орус секциясы негизделген |
| 1872 | К.Маркстын «Капиталы» (1-том) орус тилинде жарык көргөн |
| 1874 | Аскер реформасы |
| 1875 | «Жумушчулардын Түштүк Россия союзу» («Южнороссийский союз рабочих») уюмунун ишмердиги |
| 1876. 06.XII. | Петербургдун Казань соборунун алдындагы демонстрация |
| 1876-1879 | Народниктердин «Жер жана Эркиндик» |

| | |
|---|---|
| | («Земля и воля») жашыруун уюмунун ишмердиги |
| 1877-1878 | Румыния, Болгария, Сербия, Черногория, Босния жана Герцеговинанын көз каранды эместиги үчүн Орус-түрк согушу |
| 1877. 28.XI. | Плевнанын кулашы |
| 1878-1882 | Германия, Австро-Венгрия, Италиянын катышуусу менен түзүлгөн согуштук-саясий «Үчилтик союзу» («Тройственный союз») |
| 1878.III. | Сан-Стефан тынчтык келишими |
| 1878. VI-VII. | Берлин конгресси |
| 1878-1880 | Петербургдагы «Орус жумушчуларынын Түндүк союзу» («Северный союз русских рабочих») уюмунун ишмердиги |
| 1879.XI. | Революционер-народник А.Соловьевдун Александр IIге ийгиликсиз кол салуусу |
| 1879.VI. | Народниктердин Воронеждеги жана Липецктеги курултайлары (съезд); «Земля и воля» уюмунун экиге бөлүнүшү: «Народная воля» жана «Черный передел» |
| 1879-1881 | Россиядагы экинчи революциялык кырдаал |
| 1880.II. | «Эл эрки» коомунун мүчөсү С.Халтурин Александр IIге ийгиликсиз кол салган |
| 1881. 01.III. | Александр IIнин народоволецтер тарабынан өлтүрүлүшү |
| 1881-1894 | Александр III бийлик кылган мезгили |

| | |
|---|---|
| 1883 | Г.В.Плеханов Женевада «Эмгекти боштондукка чыгаруу» (*Освобождение труда») марксисттик орус тобун негиздеген |
| 1883-1886 | Д.Н.Благоевдин марксисттик тобунун ишмердиги |
| 1884 | Караколдо орус-тузем мектебинин ачылышы |
| 1885 | Морозов мануфактурасындагы (Орехово-Зуево) жумушчулар стачкасы |
| 1885-1888 | П.В.Точисскийдин Петербургдагы марксисттик тобунун ишмердиги |
| 1887. 01.III. | Александр III кол салуу; А.И.Ульяновду камакка алуу. |
| 1887.XII. | В.И.Ленинди камап, Казан губерниясынын Кокушкино айылына сүргүнгө айдоо |
| 1888-1889 | Казан шаарында Н.Г.Федосеевдин марксисттик ийриминин ишмердиги |
| 1889-1892 | М.И.Брусневдин Петербургдагы социал-демократиялык уюмунун ишмердиги |
| 1891 | Россияда 1-жолу 1-майды майрамдашкан |
| 1891-1905 | Улуу Сибирь темир жол магистралын куруу |
| 1894-1917 | Николай II бийлик кылган мезгил |
| 1895-1917 | Россиядагы боштондук кыймылдардын пролетардык этабы |
| 1895 | В.И.Ленин уюштурган «Жумушчу табын боштондукка чыгаруу үчүн күрөш союзу» («Союз борьбы за освобождение рабочего класса) |

| | |
|---|---|
| 1895.II. | Памирдеги орус-афган чегарасы жөнүндөгү Орус-Англия макулдашуусу |
| 1897 | В.И.Лениндин Енисей губерниясынын Шушенское айылына сүргүнгө айдалышы |
| 1897 | Бүткүл Россиялык калк каттоо |
| 1898. 01-03.III. | Минскиде РСДРПнын I съезди өткөрүлгөн |
| 1898 | Ляодун жарым аралында Порт-Артур чеби курула баштаган |
| 1900-1903 | Россиядагы өнөр жай кризиси |
| 1900.XII.-1903 | В.И.Лениндин «Искра» газетасы чыгарылып турган мезгил |
| 1901. 07.V. | «Обухов коргонуусу»; Петербургдагы Обухов заводунун жумушчуларынын забастовкасы. Падыша өкмөтүнүн аскерлери жана полицияга каршы күрөш |
| 1902 | Хлудов Саймалы-Таштагы аска сүрөттөрүн ачкан |
| 1902. 01.V. | Жумушчулардын Сормово шаарындагы демонстрациясы |
| 1902.02-26.XI. | Ростов-на-Дону шаарындагы жумушчулардын жалпы *стачкасы |
| 1903. VII-VIII. | РСДРПнын II съезди. Марксисттик партиянын түзүлүшү |
| 1904 | Согуштук-саясий «Антанта» блогу |
| 1904.27.I-1905. 23.VIII. | Орус-Япон согушу |
| 1904. VII-XII. | Порт-Артурду коргоо үчүн күрөш |

| | |
|---|---|
| 1905.<br>09.I. | «Кандуу жекшемби». Россияда биринчи буржуазиялык-демократиялык революциянын башталышы |
| 1905.II. | Мукден үчүн салгылашуу |
| 1905-1907 | Россиядагы биринчи буржуазиялык-демократиялык революция |
| 1905.<br>12-27.IV. | РСДРПнын III съезди |
| 1905.<br>14.V. | Цусима аралынын жанындагы деңиз салгылашуусу. Орус эскадрасынын кыйрашы |
| 1905.<br>14-24.VI. | Брондолгон «Потемкин» кемесиндеги көтөрүлүш |
| 1905.<br>23.VIII. | Россия-Япония ортосунда түзүлгөн Портсмут тынчтык келишими |
| 1905.<br>07.X. | Бүткүл Россиялык саясий стачканын башталышы |
| 1905.<br>13.X. | Петербургда жумушчу депутаттар Советинин түзүлүшү |
| 1905.<br>17.X. | Николай II Манифестке кол койгон |
| 1905.<br>09-19.XII. | Москвадагы куралдуу көтөрүлүш |
| 1905 | «Бүткүл Россиялык дыйкандар союзу» уюшулган |
| 1906.10-<br>25.IV. | РСДРПнын IV (Объединительный) съезди |
| 1906.27.IV-<br>08.VII. | I Мамлекеттик Думанын ишмердиги |
| 1906.IV. | РСДРПнын IV съезди (Стокгольм) |

| | |
|---|---|
| 1906. 09.XI. | Дыйкандарды общинадан чыгаруу жөнүндө өкмөттүн указы. Столыпиндик агрардык реформанын башталышы |
| 1907 | Россиянын Антанта блогуна кириши |
| 1907.20.II-03.VI. | II Мамлекеттик Думанын ишмердиги |
| 1907.30.IV- 19.V. | РСДРПнын V съезди (Лондон) |
| 1907.01.XI-1912. 09.VI. | III Мамлекеттик Думанын ишмердиги |
| 1909.IV-V. | В.И.Лениндин «Материализм жана эмпириокритицизм» аттуу китебинин жарык көрүшү |
| 1910. 16.XII. | Петербургда большевиктердин легалдуу «Звезда» газетасынын биринчи санынын чыгышы |
| 1912. 05-07.I. | РСДРПнын бүткүл россиялык Прага конференциясы |
| 04.IV.1912 | Лена дарыясында жумушчуларды атуу. Революциялык кыймылдын жаңыдан жогорулоосу |
| 1912. 22.IV. | Большевиктердин легалдуу «Правда» газетасынын биринчи саны чыккан |
| 1912.15.XI-1917.25.II. | IV Мамлекеттик Думанын ишмердиги |
| 1912.09.X-1913.30.V. | 1-Балкан согушу |
| 1913.29.VI-10.VIII. | 2-Балкан согушу |
| 1913.VIII. | 2-Балкан согушун аяктаган Бухарест тынчтык келишими |

| | |
|---|---|
| 1914.<br>V-VIII. | Бакудагы нефть өндүрүүчү жумушчулардын жалпы иш таштоосу (забастовка) |
| 1914.VII. | Петербург жумушчуларынын жалпы стачкасы |
| 1914.<br>19.VIII. | Германиянын Россияга расмий согуш жарыялашы |
| 1914-1918 | Россиянын Биринчи дүйнөлүк согушка катышышы |
| 1914.04.VIII-<br>02.IX. | Чыгыш Прусс операциясы |
| 1914.15.IX- 26.X. | Варшава-Ивангород операциясы |
| 1914.29.X-<br>12.XI. | Лодзь операциясы |
| 1914.XI. | Большевиктердин Озеркидеги (Петроградга жакын жер) биргелешкен партиялык конференциясы |
| 1914.XI. | IV Мамлекеттик Думанын большевиктер фракциясын камакка алуу |
| 1915.<br>23-26.VIII. | В.И.Лениндин катышуусу менен өткөрүлгөн интернационалисттердин Циммервальд конференциясы |
| 1916.22.V-<br>31.VII. | Генерал А.А.Брусилов башчылык кылган орус аскерлеринин түштүк-батыш фронтунда чабуулга (наступление) өтүүсү |
| 1916.<br>25.VI. | Орус өкмөтүнүн жергиликтүү элди оорук жумуштарына алуу жөнүндө жарлыгы |
| 1917.<br>17.II. | Петрограддын Путилов заводунун жумушчуларынын иш таштоосунун (забастовка) башталышы |

| | |
|---|---|
| 1917.23.II. | Большевиктер партиясынын Борбордук комитетинин чакырыгы менен Петроград жумушчу аялдарынын демонстрациясы |
| 1917.25.II. | Петрограддагы жалпы саясий забастовка жана демонстрация |
| 1917.26.II. | Аскерлердин забастовкачылар тарапка өтүүсүнүн башталышы |
| 1917.27.II. | Россиядагы Февраль буржуазиялык-демократиялык революция. Самодержавиени кулатуу. Жумушчу жана солдаттар депутаттарынын Петроград Советинин түзүлүшү. Мамлекеттик Думанын убактылуу комитетинин түзүлүшү |
| 1917.<br>02.III. | Николай II тактыдан четтетүү;<br>Убактылуу өкмөттүн түзүлүшү |
| 1917.IV. | Большевиктердин Бүткүл Россиялык апрель конференциясы |
| 1917.VI. | Бүткүл Россиялык жумушчу жана солдат депутаттар Советинин I съезди |
| 1917.<br>VII-VIII. | РСДРП(б)нын VI съезди (Петроград) |
| 1917.VII. | Россияда “Кош бийликтин” аякташы |
| 1917.25.X. | Убактылуу өкмөттү кулатуу |
| 1917.<br>26.X. | Биринчи Совет өкмөтү – Эл комиссарлар Совети жана ВЦИК түзүлгөн |
| 1917.<br>02.XI. | “Россия элдеринин укуктары жөнүндө декларация” кабыл алынган |
| 1917.X.-<br>1918.III. | Совет бийлигинин “Салтанаттуу жүрүшү” |
| 1918.I. | Советтердин Бүткүл Россиялык III |

| | |
|---|---|
| | съездинде «Эзилген элдердин жана эмгекчилердин укуктары жөнүндө Декларация» кабыл алынган |
| 1918. | “Согуштук коммунизм” саясаты киргизилген |
| 1918. 03.III. | Брест тынчтык келишимине кол коюу |
| 1918.III. | РКП(б)нын VII съезди (Петроград) |
| 1918.VII. | Советтердин V съездинде РСФСРдин 1-Конституциясы кабыл алынган |
| 1918-1920 | Советтик Россияга каршы аскердик интервенция жана граждандык согуш |
| 1919.III. | Москвада Коммунисттик Интернационалдын 1-конгресси өткөрүлгөн |
| 1919. | «Улуу демилге» же коммунисттик ишембиликтердин башталышы |
| 1919.III. | РКП(б)нын VIII съезди (Москва). Партия-нын экинчи программасын – социализмди куруу программасын кабыл алуу |
| 1919.IV. | Чыгыш фронтунда М.В.Фрунзенин жетекчилиги астындагы чабуул |
| 1919.V. | Генерал Н.Н.Юденичтин аскерлеринин Петроградга чабуулу |
| 1919.XII. | Генерал Н.Н.Юденичтин армиясынын талкаланышы |
| 1920.I. | Адмирал А.В.Колчактын армиясынан Сибирь бошотулган |
| 1920.IV-X. | Совет-Польша согушу |
| 1920.XI. | РСФСРдин аймагында граждандык |

| | |
|---|---|
| | согуштун аякташы (Сибирдин европалык бөлүгүндө) |
| 1921.III. | РКП(б)нын X съезди (Москва). Жаңы экономикалык саясатка өтүү |
| 1922. 30.XII. | СССР Советтеринин I съезди. Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун (СССР) түзүлүшү |
| 1924. 21.I. | Пролетариаттын жол башчысы В.И.Лениндин өлүмү |
| 1924.V. | РКП(б)нын XIII съезди. СССРдин 1-Конституциясынын кабыл алынышы |
| 1924-1925 | Орто Азиядагы улуттук-аймактык жиктешүү |
| 1925.XII. | ВКП(б)нын XIV съезди. Индустриялаштырууга багыт алуу саясаты |
| 1927 | «Жаңы оппозиционерлер» Л.Д.Троцкий жана Г.Е.Зиновьев партиянын катарынан чыгарылган |
| 1929 | Л.Д.Троцкийдин СССРден чыгарылышы |
| 1928-1932 | СССР Эл чарбасын өнүктүрүүнүн 1-беш жылдык планы |
| 1930. VI-VII. | ВКП(б)нын XVI съезди. Айыл-чарбасын туташ коллективдештирүүнүн башталышы |
| 1932 | ГОЭЛРО планы ишке ашкан |
| 1934.I-II. | ВКП(б)нын XVII съезди |
| 1934.XII. | С.М.Кировдун өлтүрүлүшү |
| 1936 | Кыргыз искусствосунун Москвадагы биринчи декадасы |
| 1936. 05.XII. | Советтердин VIII съезди СССРдин экинчи Конституциясын – жеңген социализмдин |

| | |
|---|---|
| | Конституциясын кабыл алган |
| 1939.V. | Япон империалисттеринин Халхин-Гол суусунун боюна куралдуу басып кирүүсү |
| 1939-1940 | Совет-финн согушу |
| 1939. 23.VIII. | Германия менен Советтер Союзунун ортосунда «кол салышпоо» жөнүндө келишим, же «Молотов-Риббентроп пакты» |
| 1940 | Прибалтикада Совет бийлиги кайрадан калыбына келген |
| 1940 | Бессарабиянын Молдавияга кошулушу |
| 1941. 22.VI. | Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы |
| 1941. 30.VI. | Мамлекеттик коргонуу комитети (ГКО) түзүлгөн |
| 1941. 18.VII. | ВКП(б) БКнын «Германия аскерлеринин тылында күрөш уюштуруу жөнүндө» чечими. Партизандык кыймыл |
| 1941.III. | АКШнын президенти Ф.Д.Рузвельттин демилгеси менен Ленд-лиз жөнүндө мыйзам кабыл алынган |
| 1941.VIII. | Волга боюндагы советтик немецтерди Казакстан, Кыргызстан, Түштүк Сибирге көчүрүү башталган |
| 1941. X-XII. | Москва үчүн салгылашуу |
| 1941.IX. 1943.I. | Ленинград шаарынын блокадада болгон мезгили |
| 1942. 09.VIII. | Блокададагы Ленинградда биринчи жолу Д.Шостаковичтин 7-симфониясы |

| | |
|---|---|
| | аткарылган |
| 1942.XI. -1943.II. | Сталинград салгылашуусу |
| 1943.<br>VII-VIII. | Курск салгылашуусу |
| 1943.<br>05.VIII. | Советтик аскерлер Орел жана Белгород шаарларын бошоткон |
| 1943.<br>06.XI. | Советтик аскерлер Киевди бошоткон |
| 1943.<br>XI-XII. | Тегеран конференциясы |
| 1944.I. | Ленинград блокадасынын алынышы |
| 1944.IV. | Кызыл Армиянын СССРдин Мамлекеттик чек арасынан нары өтүшү |
| 1944.<br>II-III. | Кавказдагы чечен-ингуш элдеринин Орто Азияга көчүрүлүшү |
| 1944.<br>V-VII. | Крымдагы татарлардын Орто Азияга көчүрүлүшү |
| 1944.VI. | Европада экинчи фронттун ачылышы |
| 1945.II. | Крым (Ялта) конференциясы |
| 1945.<br>02.V. | Совет аскерлеринин Берлинди алышы |
| 1945.09.V. | Германиянын капитуляция актысына кол коюшу |
| 09.V.1945 | Советтер Союзунун Германиянын үстүнөн Жеңиши |
| 1945.<br>24.VI. | Г.К.Жуков Кызыл Армиянын Жеңиш парадын кабыл алган |
| 1945.<br>VII-VIII. | Берлин (Потсдам) конференциясы |
| 1945. | СССРдин Японияга каршы согушту |

| | |
|---|---|
| 09.VIII. | башташы |
| 1945. VIII. | АКШ Япониянын Хиросима, Нагасаки шаарларына атом бомбасын таштаган |
| 1945. 02.IX. | Япониянык капитуляцияланышы. Улуу Ата Мекендик жана экинчи дүйнөлүк согуштун аякташы. |
| 1945 | Бириккен Улуттар уюму (БУУ/ООН) түзүлгөн |
| 1946. 14.VIII. | “Звезда” жана “Ленинград” журналдары жөнүндө ВКП(б) БКнын токтому. М.Зощенко жана А.Ахматованын чыгармаларын басмадан чыгарууга тыюу салынган |
| 1949.IX. | Совет өкмөтүнүн Югославие менен мамилесинин үзүлүшү |
| 1949 | Экономикалык өз ара жардамдашуу кеңешинин (СЭВ) түзүлүшү |
| 1952 | “Ленинград иши” |
| 1953. 05.III. | И.В.Сталиндин өлүмү |
| 1953.IX. | Н.С.Хрущев КПСС БКнын 1-катчысы болуп шайланган |
| 1954. 26.IV. | “Крым областын РСФСРдин курамынан чыгарып, Украина ССРинин курамына өткөрүп берүү жөнүндөгү” СССР Жогорку Советинин Президимунун мыйзамы. |
| 1956. | КПСС БКнын XX съездинде “Жеке адамдын керт башына сыйынуунун кесепеттери жана андан арылуу жөнүндө” доклад талкууланган |

| | |
|---|---|
| 1961 | Космонавттар Ю.А.Гагарин, андан кийин Г.С.Титов тарыхта биринчилерден болуп космоско учушкан |
| 1961.VII. | Н.С.Хрущев менен АКШнын президенти Дж.Кеннединин Венада жолугушуусу |
| 1961.VII. | КПССтин XXII съезди. Үчүнчү программа – СССРде коммунизмди куруу программасы кабыл алынган |
| 1962.01-02.VI. | Новочеркасскийдеги массалык баш аламандык |
| 1962.VIII. | Космонавттар П.Р.Попович жана А.Г.Николаев бир экипаж болуп космоско учушкан |
| 1963.VI. | Космонавттар В.Ф.Быковский жана В.В.Терешкова бир экипаж болуп космоско учушкан |
| 1963.X. | Кариб (ракеталык) кризиси. |
| X.1964 | Н.С. Хрущевдун отставкасы |
| 1964.<br>14.X. | КПСС БКнын Пленуму Л.И.Брежневди КПСС БКнын 1-катчылыгына шайлаган |
| 1978.111. | Виолончелист, дирижер М.Л.Ростропович жана анын жубайы Г.П.Вишневскаяны бардык сыйлыктарынан, наамдарынан, советтик атуулдугунан ажыратуу жөнүндө токтом |
| 1975 | Академик А.Д.Сахаровдун Горькийге айдалышы |
| 1977.X. | СССРдин үчүнчү Конституциясын кабыл алуу |
| 1979-1989 | Афганистандагы «жарыяланбаган согуш» |

| | |
|---|---|
| 1985.III. | КПСС БКнын Генералдык секретарлыгына М.С.Горбачевдун шайланышы |
| 1985 | СССРде ачык-айкындык, «кайра куруу» саясатынын киргизилиши |
| 1989.V. | Б.Н.Ельцин РСФСРдин президенти болуп шайланган |
| 1990 | М.Л.Ростроповичтин СССР атуулдугу калыптандырылган |
| 1990.VII. | «Кайра куруу» доорундагы КПССтин акыркы, XXVIII съезди |
| 1991. 17.III. | Советтик Социалисттик Республикалар Союзун (СССР) сактап калуу жөнүндө референдум |
| 1991.19-21. VIII. | Москвадагы антимамлекеттик путч (ГКЧП) |
| 1991. 08.XII. | СССР таркаган жана КМШ түзүлгөн |
| 1991. 26.XII. | СССРдин расмий түрдө өз алдынча республикаларга таркатылышы |
| 1991. XII. | М.С.Горбачев расмий түрдө СССРдин Президенттик кызматынан баш тарткан |
| 1992. 21.IV. | Россия Федерациясынын түзүлүшү |
| 1992. | Чечен-Ингушетиянын өз алдынча эки республикага бөлүнүшү |
| 1993. IV. | Эл депутаттарынын съезди |
| 1993. 12.XII. | Россия Федерациясынын Конституциясы кабыл алынган |

| | |
|---|---|
| 1995.<br>17.XII. | Мамлекеттик Думага шайлоо |
| 1994.XII.-<br>1996.XI. | Биринчи чечен согушу |
| 1999.<br>31.XII. | РФнын 1-президенти Б.Н.Ельцин ыктыярдуу отставкага кеткен |
| 2000.<br>30.III. | В.В. Путиндин Россия Федерациясынын президенти болуп шайланышы |
| 2001.<br>26.III | Россия, Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан мамлекеттеринин ортосунда Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) түзүлүшү |
| 2003 | Бүткүл Россиялык калк каттоо |
| 2007.XII. | Мамлекеттик Думанын V чакырылышына шайлоолор |
| 2008.<br>02.III. | Президенттик шайлоолор |
| 2008.<br>08.V. | В.В.Путин РФнын өкмөт башчысы болуп дайындалышы |
| 2010 | Бажы союзунун түзүлүшү |
| 2012.<br>III. | В.В. Путиндин кайрадан Президент болуп шайланышы |
| 2018.<br>III. | В.В. Путиндин дагы бир жолу Президент болуп шайланышы |

## М АЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| | **КИРИШҮҮ** | **3-11** |
| **1.0.** | **Адамзаттын алгачкы коому.** | **12-20** |
| 1.1. | Байыркы тарыхтын жалпы мүнөздөмөлөрү жана мезгилдерге бөлүштүрүүнүн варианттары. | 12-15 |
| 1.2. | Адамдын келип чыгуусунун негизги маселелери. | 15-20 |
| 1.3. | Алгачкы жамааттык коомдук түзүлүштүн таралышы. | 17-18 |
| 1.4. | Россиянын аймагындагы алгачкы уруулардын мүнөздөмөсү. | 18-19 |
| 1.5. | Алгачкы коомдогу маданият. | 19-20 |
| **2.0.** | **Байыркы славяндар (б. з. ч. I миң жылдык – б. з. IV кк.)** | **21-26** |
| 2.1. | Эң байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин пайда болуу өзгөчөлүктөрү. | 21-22 |
| 2.2. | Байыркы славяндардын түпкү теги. | 22-23 |
| 2.3. | Славяндардын байыркы мекени жана этногенези. | 24-26 |
| **3.0.** | **Чыгыш славяндар (VI-IX кк.).** | **27-34** |
| 3.1. | Жаратылыш шарттары, аймагы; | 27-30 |
| 3.2. | Экономикалык өнүгүүсү; | 30-31 |
| 3.3. | Коомдук түзүлүшү; | 31-32 |
| 3.4. | Үрп-адат, адеп-ахлактары жана ишенимдери. | 32-34 |
| **4.0.** | **Байыркы Русь мамлекети (IX – XII кк.)** | **35-44** |
| 4.1. | Байыркы орус мамлекетинин түзүлүү өбөлгөлөрү. «Норманндык теория». | 35-38 |
| 4.2. | Саясий жактан уюштурулушу. | 39-40 |
| 4.3. | Байыркы орус коомунун өнүгүүсү жана экономикалык мамилелери. | 40-43 |
| 4.4. | Руста христиан дининин кабыл алынышы. | 43-44 |

| | | |
|---|---|---|
| **5.0.** | **Байыркы Русь XI – XIII кк.: орус жерлери жана княздыктары.** | **45-54** |
| 5.1. | Бытырандылыктын себептери; | 45-46 |
| 5.2. | Жаңы мамлекеттик борборлордун негизделиши; | 46-49 |
| 5.3. | Орус тарыхында бытырандылык мезгилинин мааниси; | 49-50 |
| 5.4. | Маданият (адабият; жылнаамэлер; билим берүү; архитектура, сүрөт жана колдонмо искусство). | 50-54 |
| **6.0.** | **Байыркы Русь XIII – XV кк.: Рустун көз карандысыздык үчүн күрөшү.** | **55-67** |
| 6.1. | Монгол – татар баскынчылыгы. | 55-60 |
| 6.2. | Швед жана немец рыцарларынын (кресттүүлөрдүн) агрессиясы. | 60-63 |
| 6.3. | Рустун көз карандысыздык үчүн күрөшүнүн жыйынтыктары жана мааниси | 63-64 |
| 6.4. | Маданият (жыл баяндары; тарыхый дастандар; былиналар; архитектура; живопись; колдонмо искусство; кол өнөрчүлүк; публицистика). | 64-67 |
| **7.0.** | **Борборлоштурулган орус мамлекетинин түптөлүшү (XIII к. аягы – XVI к. I - жарымы).** | **68-79** |
| 7.1. | Бирдиктүү мамлекеттин негизделишинин себептери. | 68-69 |
| 7.2. | Бирдиктүү бийлик идеялары жана аны ишке ашыруу жолдору, саясий борборлоштуруунун этаптары. | 70-75 |
| 7.3. | Москванын жогорулоосунун себептери жана шарттары. | 75-76 |
| 7.4. | Москванын айланасында орус жерлеринин биригүүсүнүн аякташы. Россия мамлекетинин негизделиши. | 76-79 |

| | | |
|---|---|---|
| **8.0.** | **Россия мамлекети XVI кылымда. Иван Грозный жана анын ишмердиги.** | **80-93** |
| 8.1. | Социалдык-экономикалык өнүгүү; | 80-81 |
| 8.2. | Иван Грозныйдын ички саясаты жана реформалары; | 81-84 |
| 8.3. | Опричнина (1565-1572-жж.). Тарых илиминде опричнинаны баалоо; | 84-87 |
| 8.4. | Россиянын саясий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, тышкы саясаты. | 87-89 |
| 8.5. | Маданият (еретиктер кыймылы; элдик ооз эки чыгармачылык; публицистика; жыл баяндары; китеп басып чыгаруу; архитектура; живопись). | 90-93 |
| **9.0.** | **Россия XVII кылымда. Коогалаңдуу жылдар (Смутное время).** | **94-111** |
| 9.1. | «Коогалаңдуу жылдар» түшүнүгү жана андагы негизги окуялардын тарых илиминде чагылдырылышы; | 94-98 |
| 9.2. | Коогалаңдуу жылдардын мааниси жана кесепеттери. | 98-100 |
| 9.3. | Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсү; | 100-101 |
| 9.4. | Мамлекетке каршы көтөрүлүштөр; | 101-102 |
| 9.5. | Мамлекеттик–саясий түзүлүштүн эволюциясы; | 102-105 |
| 9.6. | Россиянын тышкы саясаты. Сибирди жана Ыраакы Чыгышты өздөштүрүү; | 105-107 |
| 9.7. | Чиркөө реформасы; | 107-109 |
| 9.8. | Маданият (адабият; архитектура; билим берүү;саякаттар,географиялык ачылыштар). | 109-111 |
| **10.0.** | **Орус империясы XVIII кылымда.** | **112-120** |
| **10.1.0.** | **Империянын жаралышы: Улуу Петрдун мезгили.(XVII к. аягы– XVIII к. I-жарымы);** | **112-120** |

| | | |
|---|---|---|
| 10.1.1. | Петр I нин өзгөртүүчүлүк ишмердигинин башталышы жана анын маңызы; | 112-114 |
| 10.1.2. | XVIII к. I-жарымындагы реформалар; | 114-116 |
| 10.1.3. | Петр I нин тышкы саясаты; | 116-119 |
| 10.1.4. | Петр I нин реформаларынын мааниси жана баасы, анын Россия империясынын андан ары өнүгүүсүнө тийгизген таасири. | 119-120 |
| **11.0.** | **Россия «Сарай төңкөрүштөрү” (дворцовые перевороты) мезгилинде (1725-1762-жж.).** | **121-128** |
| 11.1. | Сарай төңкөрүштөрү мезгили жана Россия империясындагы Екатерина I, Петр II, Анна Ивановна, Елизавета Петровна, Петр III нүн башкаруусу. | 121-125 |
| 11.2. | Социалдык-экономикалык өнүгүү. | 125 |
| 11.3. | Тышкы саясат. | 125-127 |
| 11.4. | Коомдук ой-пикир. | 127-128 |
| **12.0.** | **Россия империясы XVIII кылымдын 2-жарымында.** | **129-147** |
| 12.1. | Социалдык-экономикалык өнүгүүсү; | 129-130 |
| 12.2. | Екатерина II нин (1762-1796-жж.) “Алтын кылымы” жана Павел I (1796-1801-жж.); | 130-131 |
| 12.3. | Тышкы саясаты. Россиянын Улуу Европа державасына айлануусу; | 132-135 |
| 12.4. | Коомдук ой-пикир жана социалдык кыймылдар; | 135-136 |
| 12.5. | Маданият (жаңы орус адабияты; классикалык архитектура; сүрөт искусствосу;илим жана агартуу; географиялык ачылыштар; музыка; театр). | 136-147 |
| **13.0.** | **Россия XIX кылымда.** | **148-166** |
| 13.1.0. | **Россия империясы XIX кылымдын 1-жарымында.** | **148-166** |
| 13.1.1. | Экономикасы жана социалдык түзүлүшү; | 148-150 |
| 13.1.2. | Александр I: ишмердиги, реформалары; | 150-154 |

| | | |
|---|---|---|
| 13.1.3. | Декабристтер: көз караштарынын калыптануу өбөлгөлөрү, кыймылынын тактикасы. | 154-155 |
| 13.1.4. | Николай I: ишмердиги, тышкы саясаты. | 155-164 |
| 13.1.5. | Улуттук аң-сезим: западниктер жана славянофилдер. | 164-166 |
| **13.2.0.** | **Россия империясы XIX кылымдын 2-жарымында.** | **167-183** |
| 13.2.1. | Россиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсү. | 167-169 |
| 13.2.2. | Александр II нин «Реформалар доору». | 170-172 |
| 13.2.3. | Александр III жана анын Өкмөтүнүн багыты, тышкы саясаты. | 172-178 |
| 13.2.4. | XIX кылымдын 2-жарымындагы коомдук кыймылдар. | 178-180 |
| 13.2.5. | Маданият (адабият; архитектура, скульптура жана сүрөт искусствосу; театр жана музыка; географиялык ачылыштар). | 180-183 |
| **14.0.** | **Россия XX кылымдын 1-жарымында.** | **184-204** |
| 14.1. | Экономикалык жана социалдык өнүгүүсү. | 184-187 |
| 14.2. | Саясий түзүлүшү. | 187-191 |
| 14.3. | XX кылымдын башындагы Россиядагы революциялык кырдаал. | 192-198 |
| 14.4. | Тышкы саясат: Россия биринчи дүйнөлүк согушта (1914-1918-жж.). | 198-204 |
| **15.0.** | **Советтик Россия 1917-1920-жылдардын башында.** | **205-217** |
| 15.1. | Совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы (X.1917. – VII.1918-жж.). РСФСРдин Конституциясы. | 205-208 |
| 15.2. | Социалдык жана экономикалык саясат. “Согуштук коммунизм”. | 208-210 |
| 15.3. | Россиядагы граждандык согуш жана чет элдик интервенция. | 211-217 |

| | | |
|---|---|---|
| **16.0.** | **Совет мамлекети 1920-жылдардын 1-жарымында** | **218-227** |
| 16.1. | РСФСР деги ички абал (1920-1921-жж.). | 218-219 |
| 16.2. | Жаңы экономикалык саясат (ЖЭС/НЭП). | 219-222 |
| 16.3. | Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун (СССР) түзүлүшү. | 222-227 |
| **17.0.** | **СССР XX кылымдын 20 - 30-жылдарында.** | **228-247** |
| 17.1. | Совет мамлекетинин коомдук-саясий турмушу. | 228-237 |
| 17.2. | СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүүсү (1920-1930-жж.). | 237-240 |
| 17.3. | Совет мамлекетинин 1920-1930-жж. тышкы саясаты. | 240-247 |
| **18.0.** | **СССР Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941-1945-жж.).** | **248-273** |
| 18.1. | Улуу Ата Мекендик согуштун себептери; Германиянын жана СССРдин согуштагы пландары жана максаттары. Согуштун мезгилдерге бөлүштүрүлүшү; | 248-254 |
| 18.2. | Согуштун башталышы. Москва алдындагы салгылашуу; | 254-258 |
| 18.3. | Согуштун жүрүшүндөгү түп тамырынан бери өзгөрүү; | 258-262 |
| 18.4. | Согуш жылдарындагы советтик тыл жана партизандык кыймыл; | 262-268 |
| 18.5. | Согуштун акыркы мезгили. СССРдин аймагын бошотуу; | 268-272 |
| 18.6. | Улуу Ата Мекендик согушта СССРдин жеңишинин бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниси. | 272-273 |
| **19.0.** | **СССРдин согуштан кийин калыбына келтирилүүсү жана өнүгүүсү.** | **274-290** |
| 19.1. | Согуштан кийинки экономика: негизги маселелер жана өнүгүү тенденциялары. | 274-280 |

| | | |
|---|---|---|
| 19.2. | Мамлекеттик аппараттын кайрадан түзүлүүсү жана командалык административдик системанын калыбына келиши. | 280-282 |
| 19.3. | 1940-жылдардын аягы - 1950-жылдардын башындагы Сталиндик репрессиялар. | 282-284 |
| 19.4. | СССРдин эл аралык абалы жана тышкы саясаты. | 284-290 |
| **20.0.** | **СССР 1953 - 1964-жылдарда. Н.С.Хрущевдун “жел аргы” мезгили.** | **291-310** |
| 20.1. | Бийлик үчүн күрөш жана башкаруу структурасындагы реорганизация. | 291-298 |
| 20.2. | Партиянын XX съезди. Коомдук-саясий турмушту демократизациялоо аракеттери. | 298-302 |
| 20.3. | Экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү кайра түзүүлөр, жаңылануулар. | 302-306 |
| 20.4. | Тышкы саясий курсту либерализациялоо. | 306-310 |
| **21.0.** | **СССРдин «сенектик» жылдардагы (1965–1985-жж.) өнүгүүсү.** | **311-333** |
| 21.1. | Саясий курстун өзгөрүүсү жана конституциялык курулуш; | 311-319 |
| 21.2. | Экономикалык жана социалдык өнүгүүдөгү карама-каршылыктар; | 319-325 |
| 21.3. | Эл аралык абал; | 325-329 |
| 21.4. | Укук коргоочулук кыймылдар; | 329-331 |
| 21.5. | «Кайра куруу» астындагы бийлик жана коом. Экономикалык кризистин себептери. | 332-333 |
| **22.0.** | **СССР кайра куруу (1985-1991-жж.) мезгилинде.** | **334-351** |
| 22.1. | «Кайра куруу» түшүнүгү. | 334-336 |
| 22.2. | Мамлекеттин коомдук-саясий турмушунун өзгөрүшү. | 336-339 |
| 22.3. | Көп партиялуу системанын калыптанышы. | 339-341 |
| 22.4. | Экономикалык реформанын башталышы. | 341-343 |
| 22.5. | Өкмөттүн тышкы саясий ишмердүүлүгү. | 343-346 |

| | | |
|---|---|---|
| 22.6. | «Кайра куруунун» кризиси жана Советтер Союзунун кулашы. | 346-351 |
| **23.0.** | **Россия XX кылымдын 90-жылдарында жана XX1 кылымдын башында.** | **352-362** |
| **23.1.0.** | **Россия Федерациясы – мамлекеттин жаңы формасы.** | **352-362** |
| 23.1.1. | Ички саясат: Экономикалык реформалар багытын улантуу. | 352-355 |
| 23.1.2. | Россия мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы. Бийлик кризиси. | 355-357 |
| 23.1.3. | Россия Федерациясынын Конституциясы (1993-ж.). | 358 |
| 23.1.4. | Улуттар аралык мамилелер. | 359-360 |
| 23.1.5. | Россия жаңы – XX1 миң жылдыктын алдында. | 360-362 |
| **23.2.0.** | **Россиянын өнүгүүсүнүн азыркы учуру.** | **363-384** |
| 23.2.1. | Жалпы маалыматтар. | 363-364 |
| 23.2.2. | Административдик реформалар. | 364-365 |
| 23.2.3. | Жогорку бийлик органдарын кайра шайлоо. | 365-366 |
| 23.2.4. | Социалдык-экономикалык өнүгүү: Экономиканы реформалоо багытынын уланышы. | 366-367 |
| 23.2.5. | Өкмөттүн антикризистик программасы. | 367-368 |
| 23.2.6. | Россия Федерациясынын тышкы саясаты. Россия эл аралык аренада. | 368-369 |
| 23.2.7. | Россия жана постсоветтик мамлекеттер. | 370-371 |
| 23.2.8. | Маданият (орус адабиятындагы социалисттик реализм; драматургия жана поэзия; музыка; кино искусствосу). | 371-384 |
| | **Т и р к е м е л е р** | **385-430** |
| | **Кошумча адабияттардын тизмеси** | **385-388** |
| | **Хронологиялык таблица** | **389-422** |
| | **Мазмуну** | **423-430** |

*ЧЫНЫКЕЕВА ГҮЛНАЗ*
*СУЛАЙМАНОВ ЭРТАБЫЛДЫ*

# *О Р У С И Я   Т А Р Ы ХЫ:*

**(«Тарых» адистигинде окуган студенттер үчүн кыскача лекциялар курсу)**

Редактор: Басууга 18.02.2021-ж. кол коюлду:
№30 офсет кагазы.
Форматы 42x60  1/32
Көлөмү 27 б.т.
Офсет ыкма менен басылды.
Заказ №102
Нускасы 500 даана

«Avrasya Press» басмаканасы
7-апреля 1а/6. Тел: 0(312) 299 300
e-mail: avrasyapress2003@mail.ru
www.avrasyaress/com